Т. У. УСУБАЛИЕВ



# ФРУНЗЕ— СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДЫН БОРБОРУ

Т. У. УСУБАЛИЕВ

# ФРУНЗЕ—
# СОВЕТТИК
# КЫРГЫЗСТАНДЫН
# БОРБОРУ


ЛЕНИН

Т. У. УСУБАЛИЕВ

# ФРУНЗЕ— СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАНДЫН БОРБОРУ

(КЫСКАЧА ТАРЫХЫЙ ОЧЕРК)

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ · 1973

$\frac{124-140}{М451(17)-73}$ 24-73

**Усубалиев Т. У.**

**Фрунзе — Советтик Кыргызстандын борбору. (Кыскача тарыхый очерк). Ф., «Кыргызстан», 1973.**

208 бет.
23 см., 10000 экз. 1 с. 58 т.

Кыргызстан — менменсинген улуу тоолордун мекени. Анын ажайып жаратылышына, өзгөрүлгөн өрөөндөрүнө болгон саякатчылардын куштарлыгы улам артылууда. Саякатчылар кыргыз жергесине Мекенибиздин булуң-бурчтарынан да, ааламдын ар түркүн өлкөлөрүнөн да агылып келип турушат. Республиканын борбор шаары да ошондой орошон кызыгуулардын түнөгүнө айланууда. Фрунзе шаарын кыргыз элинин турмушунда өрүш алып жаткан күрдөөлдүү тарыхый өзгөрүүлөрдү өзгөчө айгинелеп көрсөткөн жарык күзгү десе да жарашат.

Т. У. Усубалиевдин бул китебинде ошол бараандуу өзгөрүүлөр жөнүндө, кечээги кенедей калаадан Орто Азиянын индустриялуу, маданий ири борборлорунун бирине айланган Пишпектин даңазалуу келбет-сыпаты жөнүндө баяндалат. Шаардын көрктүү жайлары, анын революциядан мурдагы санжыра-тарыхы, Совет бийлиги үчүн жан кыярлык менен жүргүзгөн күрөшү тууралуу, өнөр жайы менен илим-маданиятынын дүркүрөп өсүшү жөнүндөгү баяндар кызыктуу жазылган. Шаардын жана республиканын мындан аркы өнүгүшүнүн келечеги менен таанышуу да китеп окуучу ышкыбоздорду кызыктырбай койбойт.

**Усубалиев Т. У.**

Фрунзе — Столица Советского Киргизстана.

**9(С54)**

**1—2—4**

**© Издательство «Мысль» Москва 1971**
**© «Кыргызстан» басмасы 1973.**

# КИРИШ СӨЗ

Жарым кылымдан ашуун убактан бери дүйнөгө өзүнүн нурун чачып келаткан Улуу Октябрь биздин көп улуттуу мекенибиздин бардык элдерине келечекке, эркиндикке, бак-таалайга, прогресске жетүү үчүн кеңири жол ачты. Революция — мурдагы эзилген жана артта калган элдердин абалын түп-тамырынан бери өзгөрттү, бир тууган элдердин, баарыдан мурда улуу орус элинин жардамы менен мурда болбогон кыска мөөнөттүн ичинде алардын артта калгандыгын жоюп, экономикасын, маданиятын, илимин жогорулатууда эң зор ийгиликтерге жетишүү үчүн улуттук чет-жакалардын эмгекчилерине мүмкүнчүлүк берген шарттарды түздү. Элдердин артта калгандыгын жоюу — социализмдин улуу жеңиши, пролетардык интернационализмдин идеяларынын салтанаты болду.

Биз, күрөштөрдүн жана жеңиштердин лениндик жолу менен жүрүп отуруп, Советтер Союзунун бардык элдеринин — ынтымактуу жана ырыстуу үй-бүлөдө жашаган тең укуктуу бир боордоштордун — коммунизмди кол кармашып жапатырмак бирге куруп жатышканын айрыкча сыймыктануу менен белгилейбиз.

Советтик бийликтин жылдары кыргыз элинин турмушунда чынында да даңазалуу жылдар болду. Анын жарым кылым ичиндеги гана жетишкендиктери эмгекчи массанын түгөнгүс чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү бар экенин далилдеди. Азыр мурдагы артта калгандыктын жугу да калган жок. Кыргызстанга келген чет өлкөлүк меймандар ушул тоолуу өлкөдө болгон эң зор өзгөрүүлөр жөнүндө таң калып сүйлөшөт.

Биздин чынында да сыймыктанарлык, кубанарлык ийгиликтерибиз бар. Бир нече ондогон жылдардын ичинде кыргыз эли толук укуксуздуктан улуттук социалисттик мамлекетке, эркиндикке, теңдикке, башка элдер менен достошууга, туугандашууга, көчмөндүү жөнөкөй мал чарбачылыктан — азыркы замандын индустриясына жана жогору механизацияланган коллективдүү айыл чарбасына, туташ сабат-

сыздыктан — илим-билимдин, маданияттын гүлдөшүнө, феодализмден социализмге өтүүнүн жолун басып өттү.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин жана өлкөдө Совет бийлигин орнотуунун натыйжасында гана, Коммунисттик партиянын лениндик акылман улут саясатын ырааттуу турмушка ашыруунун аркасында гана, өз күчүн социализм үчүн күрөшкө арнаган биздин өлкөбүздүн бардык элдери баш кошуп айланасына бириккен орус элинин бир туугандык жардамы менен гана турмуштун бардык чөйрөсүндө кыргыз элинин жетишкен көрүнүктүү ийгиликтери мүмкүн болгон.

КПСС Борбордук Комитетинин генеральный секретары жолдош Л. И. Брежнев КПССтин XXIV съездинде мындай деп айткан: «Лениндик улут саясатын — элдердин теңдигинин жана достугунун саясатын партиянын иш жүзүнө ашырышы — социализмдин эң ири жеңиштеринин бири болуп саналат... СССРдин түзүлүшү биздин мамлекеттин тарыхында өзүнүн саясий мааниси жана социалдык-экономикалык натыйжалары боюнча көрүнүктүү орунду ээлейт.

Социализмдин жолуна түшкөн тең укуктуу элдердин бул кубаттуу союзун түзүүдө, чыңдоодо жана өнүктүрүүдө биздин өлкөнүн бардык улуттары жана элдери, баарыдан мурда улуу орус эли өз ролдорун аткарышты. Улуу орус элинин революциячыл кайраты, каармандыгы, эмгекти сүйгөндүгү, терең интернационализми аны законду түрдө социалисттик мекендин бардык элдеринин чын ыкластан урматтоосуна бөлөдү»*.

Улуу Октябрдын туусу астында, өзүнүн жолбашчысы жана көсөмү Владимир Ильич Лениндин туусу астында бараткан элдин жетишкендиктерине Советтик Кыргызстандын борбору — Фрунзе шаары ачык-айкын далил болот.

Фрунзе шаары—Чүй өрөөнүнүн дал ортосунда, чокуларын ак кар, көк муз баскан кыргыз Ала-Тоосунун этегинде орношкон. 1970-жылдагы Бүткүлсоюздук эл каттоонун маалыматтары боюнча Фрунзе шаарында 431 миң адам жашаган, башкача айтканда 1959-жылдагы эл каттоого салыштырганда шаардын калкы эки эсе дээрлик өскөн (ушул эле убактын ичинде Ташкенттин калкы 49 процентке, Алма-Атанын калкы — 60 процентке, Ашхабаддыкы — 49 процентке, Душанбеники — 65 процентке, Киевдики — 47 процентке, Минскиники — 80 процентке, Кишиневдики — 65 процентке көбөйгөн). Ал эми 1926-жылы — шаарга көрүнүктүү советтик полководец жана мамлекеттик ишмер М. В. Фрунзенин ысмы коюлган кезде — мында бар болгону 36,6 миң адам жашаган. 1959—1970-жылдардын ичинде Фрунзе шаарында жашаган бардык улуттардын калкынын да саны өскөн, ошонун ичинде кыргыздар 2,6 эсе, орустар 89 процентке көбөйгөн.

---

* *Л. И. Брежнев.* Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXIV съездине КПСС Борбордук Комитетинин Отчеттук доклады. 30-март 1971-жыл, кыргызча басылышы, Фрунзе, 86-бет.

Шаардын калкы көп улуттуу. Мында кыргыздар менен орустардан тышкары, өзбектер, украиндыктар, казактар, башка көп улуттардын жана элдердин өкүлдөрү жашайт. Мына ушунун өзү — совет элин коммунизмди куруунун жолу менен алып бараткан Коммунисттик партиянын айланасына тыгыз баш кошуп бириккен эмгекчилердин ынтымактуу интернационалдык коллективи болот.

Шаар — деңиз деңгелинен 750—900 метр бийиктикте, жер титирей турган аймакта. Ушуну эске алып, күчү 9 баллдык жер титирөө болгондо да имараттар урабай тургандай кылынып курулуп жатат. Бул жердин климаты континенталдуу келип, суткалык температура чукулунан өзгөрүлүп турат.

Чүй өрөөнүндө байыркы замандан бери эле калк жашап келген. Археологиялык маалыматтар боюнча VI—XII кылымдарда бул жердин калкы түздүктөрдүн тар тилкесин бойлоп, кыртышынан суу чыга турган зонада жашаган.

Тянь-Шандын башка райондору сыяктуу эле, Чүй өрөөнүндө да көчмөн уруулар, негизинен кыргыздар жашашкан, аларга дайыма чет жерлик баскынчылар кол салып турушкан. XVIII кылымдын аяк ченинен тартып Кыргызстан Кокон хандыгынын баскынчылык жайына айланат.

Республиканын тарыхындай эле, Фрунзе шаарынын тарыхы да өтө кызык. Ал — Кыргызстандын Россияга кошулушу менен тыгыз байланышкан. Кыргыз элинин экономикасынын, маданиятынын, социалдык мамилелеринин прогрессивдүү өнүгүшү ушул мезгилден башталат.

Кыргызстандын Россияга өз ыктыяры менен кошулушу тарыхый зарылдыктан, социалдык-экономикалык саясий терең себептерден келип чыккан. Өз мамлекети болбогон, ич-ара жаңжалдашуу күрөшүнөн бөлүнүп-жарылган кыргыз эли өзүнөн бир кыйла күчтүү коңшуларынан коргоно албай, «өз» феодалдары менен чет жерлик баскынчылардан дайыма кысымчылык көрүп, таланып-тонолуп келген.

Өзүнүн тагдырын Россия менен байланыштыруу — кыргыз элинин эбактан бери эңсеген тилеги эле. Бул — Кокон хандыгынын эзүүсү астында жабыгып жаткан кеңири эл массасынын таламдарына жооп берген. Бирок, Россияга кошулуу да эмгекчилерди колониялык эзүүдөн жана бай-манаптардын эксплуатациясынан куткарган жок. Падыша өкмөтү кыргыз элинин гана эмес, орус жана башка элдердин да эркиндигин муунткан. Ушуга карабастан, Кыргызстандын Россияга кошулушунун кыргыз элинин тарыхый тагдырында чоң мааниси болгон. Кыргыз эли — экономикалык, саясий жана маданий жактан артта калган Кокон хандыгынын ырайымсыз эзүүсүнөн куткарылган жана Чыгыштын артта калган башка мамлекеттерине кул болуудан, Орто Азия элдеринин көз каранды эместигине кол салып турган англиялык империалисттердин коркунучунан аман сакталып калган.

Кыргызстандын Россияга өз ыктыяры менен кошулушу — уруу-уруктардын өз ара чыр-чатактары менен араздашууларын жоюуга

алып келди, ал эми булардан көбүнчө эмгекчи масса гана жапа чеге турган. Бул тарыхый акт — кыргыз урууларынын бири-биринен ажырап калышын жоюуда, кыргыз элинин улуттук мүнөзүн түзүүдө алгачкы олуттуу кадам шилтөө болгон. Россия мамлекетинин составына кирүү аркасында патриархалдык-феодалдык артта калуучулуктан бир кыйла прогрессивдүү коомдук-экономикалык өнүгүүгө өтүү дал ушул учурдан башталат.

В. И. Ленин Кавказдын, Орто Азиянын жана Сибирдин Россияга кошулушунун жакшы жактары, атап айтканда, мына булар деп эсептеген: бул аймактардын элдери коомдук турмуштун ошол кездеги алдыңкы формаларына тартылды, товар-акча мамилелеринин өнүгүшүнүн таасири астында натуралдык чарба талкаланды, патриархалдык тиричилик бузулду, элдердин экономикалык жана маданий түнттүгү жана ушул сыяктуулар жоюлду.

«Ошентип, орус капитализми,— деп жазган В. И. Ленин,— Кавказды дүйнөлүк товар жүгүртүлүшүнө тартты, анын жергиликтүү бөтөнчөлүктөрүн — эзелден бери келе жаткан патриархалдык түнттүгүнүн калдыгын тегиздеп жойду да, өзүнүн фабрикалары үчүн өз рыногун түзүп турду. Реформадан кийинки доордун башталышында эл сейрек отурукташкан же дүйнөлүк чарбадан четте калган жана ал түгүл тарыхтан да четте калган тоолук элдер гана отурукташкан өлкө — нефть өнөр жай ээлеринин, вино соодагерлеринин, буудай жана тамеки фабриканттарынын өлкөсүнө айлана баштаган. Биз үчүн Орто Азияда да, Сибирде да жана башка жерлерде да ушул эле процесстин өзү болуп келгендиги жана болуп жаткандыгы жөнүндө кошумчалап айтып отуруунун кажети жок*».

Түркстандын элдерин Россия менен жакындатуунун маанисин көрүнүктүү агартуучу Абай Кунанбаев жакшы түшүнгөн. Ал өз заманында мындай деп жазган: «Орустун маданияты менен искусствосун үйрөнгүлө, турмуштун ачкычы ушунда. Эгер сен ушул ачкычка ээ болсоң, анда сенин турмушуң жеңилдейт... Жакшылыкты орустан үйрөн».

Орустардан бул жакшылыкты кыргыздар, өзбектер, казактар, түркмөндөр, тажиктер — биздин Мекенибиздин бардык элдери үйрөнүштү. Алар эркиндиктин жана бак-таалайдын ачкычын Россиянын бардык эмгекчилери менен кошо издешти, анан бул ачкычты эзүүнүн жана укуксуздуктун дүйнөсүнө каршы бирге күрөшүүдөн, Улуу Октябрь революциясынан жана анын жеңиштерин коргоодон, бирдиктүү социалисттик курулуштан табышты. Кыргызстандын Россияга кошулушу аркасында кыргыз жана орус элдеринин адегенде экономикалык жана маданий карым-катнашы үчүн, андан кийин кыргыз кедейлерин падыша өкмөтүнө каршы боштондук кыймылына, орус жумушчу табынын революциялык кыймылына тартуу үчүн объективдүү шарттар түзүлөт.

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 3-том, 619-бет.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстан артта калган өлкө эле, анда уруучулук мамилелердин калдыктары сакталган феодалдык түзүлүш өкүм сүргөн. Калкынын негизги кесиби көчмөндүү жана жарым көчмөндүү мал чарбачылык болгон. Эли саясий жактан укуксуз, таптакыр сабатсыз эле. Башка чет-жакалар сыяктуу эле, Кыргызстанда да падыша өкмөтү улуттук касташуунун отун тутандырган, ар кыл элдердин түнт жашашын колдогон, территориялык жана чарбалык обочолонуусун күчөткөн.

Совет өкмөтү улуттук бардык антагонизмдерди жок кылды жана Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатын кыйшаюусуз турмушка ашыруунун натыйжасында элдердин ортосунда бир туугандык бузулбас достукту, өз ара толук ишенгендикти орнотту. Социализмдин шарттарында улуттар гүлдөп, алардын суверенитети чыңдала берди. Совет өлкөсүндө улуттардын өсүп-өнүгүшү — улуттук араздашуунун, улуттук чектелгендиктин жана эгоизмдин жолу менен эмес, аларды жакындатуунун, өз ара бир туугандык жардамдашуунун жана элдердин досчулугунун жолу менен иш жүзүнө ашырылып отурат.

Советтик республикаларда ар түрдүү улуттардын адамдары ынтымактуу жашап жана иштеп жатышат. Алардын турмуштук таламдары жалпы жана коммунизмге баруу максаты бир. Пролетардык интернационализмдин, элдердин лениндик достугунун идеяларында тарбияланган бардык советтик адамдар коммунисттик өнүгүүнүн эң сонун жемиштерин берип жатышат. Прибалтика менен Карпат тоолорунан Тынч Океанга чейин, түндүк деңиздеринен Памирге жана Каспийдин боюндагы чөлдөргө чейин созулган биздин улуу Мекенибиздин көз жеткис мейкиндиктеринде совет элдеринин көп улуттуу зор үй-бүлөсү коммунисттик жаңы дүйнөнү куруп жатышат.

Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында, орус элинин жана биздин өлкөбүздүн башка бир тууган элдеринин жардамына таянып, кыргыз эли капиталисттик өнүгүүнүн азаптуу кыйын стадиясын аттап өтүп, феодализмден социализмге карай чоң секирик жасады, көчмөндүү турмуштан, караңгылыктан жана билимсиздиктен биротоло кол үздү, экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге жетишти.

Улуу Октябрь революциясына чейин көмүр казуучу бир нече кустардык шахтылары жана айыл чарба сырьёсун алгачкы иштетүү боюнча бир нече кичине заводдору болгон Кыргызстанда Совет бийлигинин жылдарында жүздөгөн ири ишканалар курулду. Нефть жана тоо-кен өнөр жай, өнөр жайдын машина жасоочу жана прибор чыгаруучу, жибек жана текстиль, трикотаж жана кийим-кече тигүүчү, булгаары бут кийим, эт-сүт, кант жана башка тармактары жаңыдан түзүлдү. Азыр Кыргызстан автоматтык линияларды, физикалык жана электрондук приборлорду, металл кесүүчү станокторду, автоматташтыруу куралдарын, электр кыймылдаткычтарын, айыл чарба машиналарын, ар түрдүү технологиялык жасалгаларды, медициналык

приборлорду, велосипеддерди, кир жуугуч машиналарды жана ушул сыяктууларды чыгарат. Дүйнөдө кыргыз сурьмасына тең келген сурьма жок жана дүйнөлүк рынокто ал эң жогору бааланат.

Революцияга чейинки Кыргызстанда жалпы кубаты 485 киловатт келген кичинекей бир нече электростанция болгон, Пишпектеги 18 киловаттык кичинекей бир электроустановканын өзү да ошонун ичине кирген. 1970-жылы Кыргызстанда электр кубатын иштеп чыгаруу 3538 миллион киловаттка жеткен. Бул — 1913-жылы бүткүл падышалык Россиянын чыгарган электр кубатынан алда канча көптүк кылат.

Калктын ар бир адамына эсептегенде 1969-жылы электр кубаты 1200 киловатт-сааттан ашык чыгарылган, же болбосо Турцияга караганда — 5 эсе, Бразилияга караганда — 3 эсе, Иранга караганда — 5,8 эсе, Индияга караганда — 11 эсе көп жана падышалык Россияда калктын ар бир адамына өндүрүлгөн электр кубатына караганда 95 эсе көп чыгарылган. 1970-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1913-жылга салыштырганда 187 эсе көбөйгөн. Бүт алганда 1913-жылы канча өнөр жай продукциясы чыгарылган болсо, азыр Кыргызстанда эки күндүн ичинде ошончо продукция чыгарылат. Өнөр жайдын дүң продукциясынын өсүш темптери жагынан биздин республикабыз өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн көбүнөн алда качан озуп кеткен. 1965-жылы эле Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 1950-жылга салыштырганда 4,8 эсе көбөйгөн, ал эми Англияда — 1,6 эсе, Францияда — 2,3 эсе, ФРГда — 3,2 эсе өскөн.

Айыл чарбасында айрыкча зор өзгөрүүлөр болду. Революцияга чейин ал, негизинен, көчмөндүү жөнөкөй мал чарбачылыкка негизделген. Кыргызстанда 1929-жылы болгон 180 миң дыйкан чарбасынын жарымына жакыны туташ коллективдештирүү башталганда көчмөндүү турмуш менен күн көрүшкөн. Азыр ушул өткөндөгүлөрдүн жугу да калган жок. Бардык көчмөндүү эл отурукташууга өткөн. Экстенсивдүү (өндүрүмсүз) көчмөндүү мал чарбачылык менен жөнөкөй дыйканчылыктын ордун азыркы замандагы техниканын жана илимдин эң жаңы жетишкендиктеринин негизинде иштеп жаткан көп тармактуу чарба ээледи. Колхоз курулушунун жеңип чыгышы менен социалисттик система өнөр жайы сыяктуу эле айыл чарбасында да бирден-бир системага айланды.

Айыл чарба өндүрүшүнүн кыйшаюусуз өсүшүн камсыз кылган маанилүү факторлордун бири — колхоздор менен совхоздордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо болду. Республикада ирригациялык курулуштардын кеңири тармагы түзүлгөн, ошолордун ичинде Орто-Токой суу сактагычы, Чоң Чүй каналы жана башка көп курулуштар бар. Эгерде 1928-жылы бүткүл Кыргызстанда 20 гана трактор болгон болсо, 1970-жылы 23173 трактор (күч единицасында) колхоздор менен совхоздордун талааларын айдашкан. Бүткүл айыл чарба есүмдүктөрүнүн айдоо аянттары 1913-жылга салыштырганда эки эсе өскөн. Ушул убакыттын ичинде дан өндүрүү 2,3 эсе, пахта — 6,6 эсе өскөн. Кант кызылчасын, тамекини, дары-дармек апийимин, эфир-

май жана башка өсүмдүктөрдү Октябрь революциясынан кийин гана эге баштапкан.

Кыргызстан калктын ар бир адамына пахта өндүрүү боюнча дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт: 1966-жылы калктын ар бир адамына 21,7 килограммдан пахта буласы өндүрүлгөн, ал эми Бириккен Араб Республикасында — 15,1 килограммдан, АКШда — 10,6 килограммдан, Мексикада — 12,2 килограммдан, Турцияда — 12 килограммдан була өндүрүлгөн. Так ушундай эле пахтанын түшүмү да чет өлкөлөрдөгүгө караганда бизде жогору. Мисалы, 1966-жылы ар бир гектар жерден орто эсеп менен бизде 8,4 центнерден пахтанын буласы алынган, ал эми чет өлкөлөрдөгү эң жогорку көрсөткүчү бар Бириккен Араб Республикасында — ар гектарынан 5,8 центнер, АКШда — 5,4 центнер, Грецияда — 6,6 центнер болгон жана ушул сыяктуулар. Бизде кант кызылчасынын түшүмү да жогору. 1966-жылы биздин республикабыз орто эсеп менен ар гектарынан 387 центнерден түшүм алса, ал эми Италия — 378 центнерден, Испания — 249 центнерден, Турция — 289 центнерден, Финляндия — 267 центнерден кант кызылчасын алышкан.

Мал чарбачылыгын өнүктүрүүдө маанилүү өзгөрүүлөр болду. Кой-эчкилердин саны 1915-жылдагы 2 миллион 544 миңден 1970-жылы 9 миллион 455 миңге, уй — 519 миңден 912 миңге жеткен. Селекция илим-изилдөө иштерин жолго коюунун негизинде малдын жогору продуктылуу тукумдары чыгарылды, бул — мал чарба продуктыларын өндүрүүнү дагы бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берди. 1913-жылдан 1970-жылга чейин эт өндүрүү (союу салмагында) 39 миң тоннадан 131 миң тоннага, же 3,3 эсе, сүт — 91 миң тоннадан 545 миң тоннага же 6 эсе, жүн — 4,7 миң тоннадан 27 миң тоннага же 5,7 эсе, жумуртка — 19,5 миллион даанадан 268 миллион даанага же 13,7 эсе өскөн.

Продуктылуу малдын санын уйга чегерип калктын ар бир адамына эсептөө мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн жыйынтыктоочу көрсөткүчү болуп саналат. 1969-жылы Кыргызстанда бул көрсөткүч калктын ар бир адамына 0,7 баштан туура келген. Бул — өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн көбүнүкүнөн жогору. Калктын ар бир адамына жүн өндүрүү боюнча да Кыргызстан дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт, Англиядан 9 эсе, АКШдан 20 эсе, Франциядан 23 эсе, Италиядан 30 эсе, ФРГдан 91 эсе алдыда турат. Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жыйынтыктары — социалисттик түзүлүштүн көрүнүктүү ийгиликтеринин ачык-айкын далилдеринин бири болуп саналат.

Коомдук өндүрүштүн жана улуттук доходдун өсүшү эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын кыйшаюусуз жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түздү. Улуттук доходдун төрттөн үч бөлүгү эмгекчилердин материалдык жана маданий керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн пайдаланылат. Бул жөнүндө төмөндөгү маалыматтар айтып берет: 1925—1970-жылдардын ичинде республикада жалпы аянты 23 миллион 236 миң чарчы метр келген турак үйлөр курул-

ган. 1961—1970-жылдардын ичинде гана мамлекеттин эсебинен, ошондой эле кооперативдик уюмдардын, колхоздордун жана калктын каражаттары менен жалпы аянты 10 миллион 888 миң чарчы метр келген турак үйлөр курулган, бул — өткөн 27 жылдын ичинде — 1934-жылдан 1960-жылга чейин — канча үй курулса, ошого жакын үй курулган дегендик болот.

Элге билим берүү ишин, илимди жана маданиятты өрчүтүүдө биздин республикабыз көрүнүктүү ийгиликтерге жетишти. Бир миллиондон ашык адам окуунун аркыл түрлөрүнө тартылган, булардын ичинен 772 миң адам бардык түрдөгү жалпы билим берүүчү мектептерде, 40 миңден ашыгы — техникумдарда жана башка атайын орто окуу жайларында, 48 миңи — жогорку окуу жайларында окушат. Республикада жалпы билим берүүчү 1884 мектеп, 9 жогорку окуу жайы, ошонун ичинде университет, орто билим берүүчү 36 окуу жайы жана техникум бар. Азыр Кыргызстандын калкынын ар бир үчүнчү адамы окуйт.

Адистердин көп сандаган улуттук кадрлары өсүп чыкты. Республиканын калкынын ар миң адамына жогорку жана орто билими бар 52 адис туура келет. 1970-жылы илимий мекемелерде, жогорку окуу жайларында жана башка мекемелер менен уюмдарда 5844 илимий жана илимий-педагогикалык кызматкер иштеген, алардын ичинде илимдердин 128 доктору жана 1564 кандидаты бар.

Маданий-агартуу мекемелеринин тармагы жылдан-жылга өсүүдө. 1970-жылга чейин республикада массалык 1322 китепкана, 1016 клубдук мекеме болгон. Селолук жерлерде гана 853 киноустановка иштейт. Ар бир 100 адамга массалык китепканаларда 384 китеп жана журнал туура келет.

Калктын саламаттыгын сактоо жагынан зор ийгиликтерге жетишилди. Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн күндөлүк камкордугу аркасында ооруканалардын, поликлиникалардын, диспансерлердин кеңири өөрчүгөн тармактары жана башка дарылоочу-профилактикалык жана санитариялык-эпидемияга каршы мекемелер түзүлдү. Квалификациялуу жалпыга тең медициналык жардам калкка акысыз көрсөтүлөт.

Республикабызда 10 миң адамга 20,8 врач жана 100дөн ашык оорукана койкасы туура келет, ал эми 1913-жылы 10 миң адамга 0,2 врач жана 1,2 оорукана койкасы болгон. Англия, Франция, Финляндия, Япония сыяктуу өлкөлөргө караганда Кыргызстанда калктын врачтар менен камсыз болушу жогору жана Турциянын, Ирандын, Пакистандын жана чыгыштын башка көп өлкөлөрүнүн калкынын врачтар менен камсыз болушунан алда канча эсе ашып түшөт.

Эмгекчи дыйкандардын маданиятында жана тиричилигинде бир кыйла өзгөрүүлөр болду. Мурдагы көчмөндүү конуштардын ордунда бир нече жүздөгөн колхоздук жана совхоздук татынакай кыштактар пайда болду, аларда мектептердин, маданий-агартуу, медициналык жана мектөпке чейинки мекемелердин, турмуш-тиричилик жактан тейлөө жана коомдук тамактануу ишканаларынын кеңири тармакта-

ры, техникалык байланыштын каражаттары — телефон, телеграф, радио бар. Телевидение эң эле алыскы түнт райондорго да жетти. Калк жашаган чоң-чоң селолук пункттардын бардыгы электрлештирилген, алардын көбүнүн техника менен жакшы жабдылган суу проводдору бар, газ менен жылытуу, муздаткычтар, кир жуугуч машиналар, чаң соргучтар, азыркы кездеги мебель жана ушул сыяктуулар колхозчулардын, совхоздордун жумушчуларынын жана кызматчыларынын үй тиричилигине барган сайын көп таралып жатат. Колхозчулардын үйүндө «Ильич шамы» кадимки көрүнүш болуп калды.

Кыргызстандын эл чарбасы советтик элдердин бузулбас досчулугунун негизинде жана Советтер Союзунун биримдик социалисттик чарбасынын маанилүү звенолорунун бири болгон эмгектин социалисттик бөлүштүрүлүшүнүн негизинде өөрчүп келген жана өөрчүп жатат. Биздин республикабыз Союздун башка экономикалык райондорун түстүү металлдар, автоматтык жана жарым автоматтык линиялар, металл кесүүчү станоктор, айыл чарба машиналары, технологиялык процесстерди контролдоочу жана иретке келтирүүчү физикалык приборлор менен жана өнөр жай продукциясынын толуп жаткан башка түрлөрү менен, ошондой эле айыл чарбасынын баалуу сырьёсу менен, жүн, эт, тамеки, дары-дармек апийими, эфир-май өсүмдүктөрү, пахта менен жабдыйт. Кыргызстандын өнөр жайынын жана айыл чарбасынын продукциясын өлкөнүн бардык союздук республикалары алышат.

Өз кезегинде Кыргыз ССРи бир тууган республикалардан өзүнүн эл чарбасын өнүктүрүү жана калктын керектөөсүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон продукциянын көп түрлөрүн: машиналарды, кара жана түстүү металлдарды, нефть продуктыларын, курулуш материалдарын, эл керектөөчү ар кыл товарларды алат.

Орто Азия республикаларынын ортосунда эмгектин бөлүштүрүлүшүндө Кыргызстандын орду өзгөчө даана көрсөтүлгөн. Кыргызстандын калкы Орто Азиянын бардык калкынын 15 процентке жакынын түзөт. Өндүрүштүн салыштырма салмагы, мисалы, машина куруу жана металл иштетүү үчүн чыгарылуучу автоматтык жана жарым автоматтык линиялардын салыштырма салмагы 100 процентти түзөт, автоматташтыруу каражаттары жана алардын запас бөлүктөрү үчүн чыгарылуучу физикалык приборлордуку — 39 процентти, металл кесүүчү станоктордуку — 64 процентти, велосипеддердики, кир жуугуч машиналардыкы, канттыкы — 100 процентти, эттики — 34 процентти, мал майыныкы — 40 процентке жакынды, дандыкы — 47 процентти, картошканыкы — 53 процентти, сүт жана сүт продуктыларыныкы — 29 процентти түзөт. Жүн кыркып алуу жана даярдоо боюнча Кыргызстан Россия Федерациясы менен Казакстандан кийин Союзда үчүнчү орунда турат.

Кыргызстан да Орто Азия республикаларынан ар түрдүү продуктыларды алат: Өзбекстан кара металлдардын прокатын, нефть жана химия продуктыларын, шиферди, асбоцемент трубаларын, кабель буюмдарын, пахта терүүчү машиналарды, трактордук чиркеш-

тиргичтерди, көтөргүч жабдууларын, ар түрдүү кездемелерди жана бир катар башка буюмдарды берет. Түркмөнстандан дизелдик отун, мазут, керосин, майлоочу майлар, натрий сульфаты, терезе айнектери алынат. Тажикстан курулуш гипсин, фанералык сырьёну, кездемелерди жана ушул сыяктууларды берет.

Бир тууган республикалардын ортосундагы тыгыз байланышты айрым ишканалардын мисалынан да көрүүгө болот. Мисалы, Фрунзедеги физикалык приборлор заводу өзүнүн продукциясын бардык союздук республикаларга жиберет, ал эми материалдарды жана комплектөөчү буюмдарды бул ишкана өлкөнүн 308 заводунан алат. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу завод союздагы пресс-подборщиктерди чыгара турган бирден-бир ири ишкана болуп саналат, бул пресс-подборщиктер ар түрдүү айыл чарба машиналарынын запас бөлүктөрү менен кошо өлкөнүн дээрлик бардык экономикалык райондоруна жиберилет. Ошол эле убакыттын өзүндө 58 край жана область бул заводду материалдар менен жабдыйт.

Социалисттик республикалардын тыгыз байланыштары жана биргелешип жумшаган күч-аракеттери бүткүл советтик коомдун экономикалык өнүгүшүнүн, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн жалпы керектөөлөрүнөн келип чыгат жана алар бардык советтик элдердин таламдарына жооп берет. «Ар бир советтик республика,— деп айтылган Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасында,— СССРдин бир тууган социалисттик улуттарынын улуу үй-бүлөсүндө жашаганда гана мындан ары гүлдөй жана чыңдала алат». Советтик Кыргызстандын гүлдөп өсүшү — Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын салтанатынын ачык-айкын далили болот. Социалисттик коомду куруудагы көрүнүктүү ийгиликтери үчүн Кыргызстан үч жолу — 1957-жылы жана 1963-жылы — Ленин ордендери менен жана 1972-жылы «Элдердин достугу» ордени менен сыйланган. 1966-жылы Ленин ордени менен Ош областы сыйланды.

Кыргызстанда социалисттик коомду курууга республиканын борбору Фрунзе шаары өзүнүн зор салымын кошту. Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын биринчи уюмдары ушул жерде пайда болгон. Азыркы кездеги биринчи жаңы завод ушул жерде курулган, биринчи трактор жана автомобиль ушул жерге келген, биринчи самолет ушул жерге келип конгон. Профессионалдык театр искусствосу менен кыргыздын жазуусуна, улуттук басма сөзү менен адабиятына, жогорку билим менен илимге ушул шаарда негиз салынган; республикадагы биринчи балдар бакчасы, биринчи советтик мектеп, азыркы кездеги оорукана менен китепкана ушул жерде курулган; Кыргызстандагы биринчи радио точкасы ушул жерде сүйлөй баштаган, телефондун биринчи коңгуроосу ушул жерде шыңгыраган. Фрунзе шаарынын бизге чексиз кымбат болгон дагы бир себеби бар: кыргыз жана орус элдеринин бир туугандык бузулбас досчулугуна — Октябрь революциясы жеңгенден кийин социализм жана коммунизм

үчүн күрөштө улуу күч болгон досчулукка — ушул жерде негиз салынган.

Советтик элдердин ынтымактуу үй-бүлөсүндө жашаган Кыргызстандын эмгекчилери Коммунисттик партиянын Программасын турмушка ашыруу үчүн эбегейсиз зор жогорулаш менен күрөшүп жатышат жана лениндик жол менен ишенимдүү түрдө алга барышат.

БИРИНЧИ ГЛАВА

# ӨТКӨН КҮНДӨРДҮН БАРАКТАРЫ

## 1. ПИШПЕК — КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЧЕБИ БОЛГОН

«Ысык-Көл» кинотеатрына жамаатташ жерде, Ленин проспектисинен бир аз түндүгүрөөк жакта азыр да чеп деп айтылып жүргөн кичирээк дөбө ушул күнгө чейин сакталган. Мындан жүз жыл мурдараак Кокон хандыгынын сепилдеринин бири ушул жерде болгон, анын зулумдук менен жүргүзгөн бийлиги ошол кезде бүт кыргыз аймагына тараган.

XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында кокондук баскынчылар түндүккө карай бет алышат, ал эми XIX кылымдын орто ченинде кыргыз эли алардын оор эзүүсү астында калат. Мында Ак-Суу (Беловодское), Пишпек, Токмок, Карабалта, Жумгал, Кочкор деген жана башка чептер курулуп, алар Кокон хандыгынын күч-кубатынын, алардын кыргыз элине жүргүзгөн чексиз бийлигинин тирегине айланат.

Кокон хандарынын, алардын ээнбаш төрөлөрүнүн жана жергиликтүү эксплуататорлордун ырайымсыз эзүүсү кыргыз элинин эмгекчи массасынын мойнуна түшкөн оор жүк эле. «Кокон хандыгынын кыскача тарыхында» В. Наливкин таш боордугу жана ач көздүгү жагынан алганда хандын койгон адамы Мирза Ахмат өзүнүн кожоюнуна абдан татыктуу малай болгон, деп белгилеген. Мисалы, ал кыргыздардан недоимкаларды (налогдун төлөнбөй калган бөлүгүн) жыйнаганда, алардын кичинекей балдарын кулдукка саткан.

Орто Азиянын, ошонун ичинде Кыргызстандын да элдеринин турмушун көрсөтүүгө өзүнүн сүрөттөрүнүн көбүн арнаган белгилүү орус художниги В. В. Верещагин зындандын үрөй учурган шумдуктарын эң сонун көрсөткөн, таш боор кокондук хандардын зулумдугуна каршы көтөрүлүүгө аракет кылгандар ушул зындандарга ташталган. Ушундай зынданга ташталган туткун эч качан жарыкка чыккан эмес. Кокон баскынчылары катуу зордук-зомбулук көрсөтүп, жырткычтарча эзген заманда бүт Кыргызстан ушундай зынданга толгон.

Эч кандай кыйынчылыктарга карабастан, эркиндикти сүйгөн кыргыз эли өзүнүн эзүүчүлөрүнө каршы жүргүзгөн күрөшүн эч качан токтоткон эмес. Тарыхчы А. Талызиндин айтканына караганда, Ко-



Революциянын иши үчүн күрөшкөндөрдүн эстелиги




М. В. Фрунзенин мемориалдык музейи

кон бийликтери «аскердик күчтөрү начар болгондуктан, кара кыргыз урууларын биротоло басып багынта алышкан эмес, ошондуктан көчмөндөрдү багынтып кармап туруу үчүн өздөрүнүн селолорунан алыс жакка чыгуудан коркушуп, көбүнчө өздөрүнүн солдаттары менен чептерде турушкан». Бирок, хандын эзүүсүнөн кутулуу үчүн бытыранды кыргыз урууларынын күчү жетишсиз болгон. Мына ошондуктан, элдин көргөн азап-тозокторун жеңилдете турган жолдор изделе баштайт. Ушул тарыхый татаал кырдаалда кыргыздар бир кыйла алдыңкы жана күчтүү орус мамлекетине барып баш калкаламакчы болушкан.

Прогрессивдүү орус окумуштуусу жана саякатчысы Семенов-Тянь-Шанский Түндүк Кыргызстандын көчмөн урууларын эске түшүрүп, өз убагында мындай деп жазган: «Менин оюмча, бул өлкөгө бекем жана чыңчек араларды белгилөө абдан зарыл, анын үчүн бугуларды, алардан кийин сарыбагыштарды да дароо подданствого алуу керек, бугулар сыяктуу эле, эң кыйын абалда, балка менен дөшүнүн ортосунда калган сарыбагыштар эки жыл өтпөй орус подданствосуна кабыл алгыла деп өздөрү суранышат». Падыша өкмөтүнүн өкүлдөрү бугулук кыргыздарга жиберген каттарынын биринде: Россия силерди өз карамагына алат, силерге өзүнүн күч-кубатын жана силерди коргой турганын сунуш кылат, бирок, өз тарабынан, силердин да чыр-чатак чыгарбай тынч оокат кылууңарды талап кылат, деп жазышкан. Чынында да, уруулардын ортосунда тынымсыз жүрүп жаткан күрөш элге, айрыкча кыргыз кедейлерине сансыз көп азап-тозокторду жана кырсыктарды алып келген. Кыргызстан өз ыктыяры менен Россияга кошулгандан кийин гана өз ара чыр-чатактан болгон согуштарга тыюу салынган, бул — ушул тарыхый акттын прогрессивдүү натыйжаларынын бири болуп саналат.

XIX кылымдын орто ченинде орустардын аскердик отряддары Батыш Сибирден чыгып Аягуз, Копал, Верный (Алма-Ата) жолу менен жүрүп отуруп, Жети-Суунун батыш жагына келип түшөт. Ошол кездин өзүндө Кыргызстанга бир нече илимий экспедициялар жиберилет, алар Ысык-Көлгө жана Хан-Теңгри тоо системасына барышат. 1860-жылы Чүй өрөөнүнө орус аскерлеринин биринчи отряды келет. 1860-жылы 26-августта бул отряд Кокон хандыгынын Токмоктогу чебин талкалайт, ошол эле жылы 4-сентябрда ал Пишпек чебин да алат. Бул окуялар жөнүндө ошол кездеги эң кызык документтердин биринин мазмунун карап көрөлү. Д. И. Романовскийдин «Орто Азия маселеси боюнча жазган заметкаларында» Иле боюндагы крайдын аскерлеринин командачысы полковник Циммермандын бөтөнчө Сибирь корпусунун командирине жазган донесениесинен үзүндү келтирилет. Циммерман өзүнүн донесениесинде мындай деп жазат:

«26-августта биздин отрядыбыз Чүй өрөөнүнүн өткөөлүн көздөй бет алды. Алдыда казак орус, эки жеңил жана эки тоо замбиреги бараткан. Суудан кечип өтүү эч кандай кыйынчылыкты туудурган жок, суу тизеден гана экен. Токмокко жетерибизге бир жарым километр калганда, биздин жиберген кыргыздарыбыз кайра чаап келип, сүй-

лөшүү үчүн чептен адамдар чыгышты деп кабар кылышты. Эки сарт келди, алар чепти багынтып бергиле деген биздин талабыбызга, өздөрүнүн Пишпектеги комендантынын начальниги Атабек даткадан жооп алгыча эки күн күтө тургула деп кемсинип суранышты.

Эгер бир сааттан кийин багынып бербесеңер ок атылат деп эскертилди. Гарнизондон жооп ала албаган соң,— деп жазат Циммерман — мен Кубат деген кыргызды жибердим, ал казылган аңдын дал кырында туруп чептин коменданты Ханкулду үндөп көндүрө баштады. Ал: чепти бере да албаймын, коргой да албаймын деп жооп берди. Чынында да чептен ушул убактын ичинде бар болгону бир нече мылтык огу атылган, алар эч кимди жарадар да кылган эмес.

...Гарнизондо адегенде 200 гө жакын адам болгон, алардын ичинен кыргыздар качып кетишкен жана ал турсун Ханкулдун өзүнүн буйругу боюнча кокондук солдаттардан 20 адам кетип калган, ошентип бар болгону 70 тей адам калган, алардын көбүнүн өзү менен бирге аялдары жана балдары бар эле».

Андан ары донесениеде мындай деп айтылат: «Пишпек — Кокон хандыгындагы чек аралык чептердин эң күчтүүсү, ал 1853-жылы алынган Ак-Мечит чебине караганда үч эсе чоң жана эки тосмосу бар. Ак-Мечиттин болсо бир гана тосмосу болгон». Донесениенин тыянагында «кыргыздын уруу-уруктары орустар менен тилектеш экендигин билдирип, өз адамдарын жиберип жатышат» деп айтылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн окуялардан кийин, Кастекке байкоочу пункт коюлуп, орус отряддары Иле өрөөнүнө кайтып кетишет. Ошондо кокондуктар өздөрүнүн алдырып койгон чептерин кайта алмакчы болушат. Алар 1861-жылы Пишпек жана Токмок чептерин кайрадан ээлеп алышат.

1862-жылы орустар Пишпекти, кийинчерээк Токмокту да экинчи жолу алышат. Чүй өрөөнүндөгү кыргыздарга кокондук хандардын үстөмдүк кылышы ушуну менен биротоло жоюлат. Пишпекти кокондук аскерлерден бошотууга кыргыз отряддары активдүү катышат.

1867-жылы Токмок уезди түзүлүп, анын борбору Токмок болот. Бул — орус өкмөтүнүн кыргыз жеринде уюштурган административдик-территориялык биринчи түзүлүшү эле.

## 2. ШААРДЫН НЕГИЗДЕЛИШИ

Мындан бир аз мурда көчмөндөр жашаган Кыргызстанда шаар жөнүндө түшүнүк да жок болучу. Октябрь революциясына чейин Түндүк Кыргызстандын «архитектуралык ансамблин» байыркы Тянь-Шандын кар баскан аска тоолору, анын чыңк ылдый бөксөлөрү менен өрөөндөрү түзгөн. Мына ушул эч кайталангыс сонун көрүнүштө көчмөндөрдүн түтүн каптаган жаман боз үйлөрү баш аламан ар кайсы жерде турган. Орус эли менен кыргыз эли жакындаша баштагандан кийин гана Кыргызстанда европалык типтеги конуштар пайда

боло баштайт. Алардын алгачкысы Токмок, андан кийинкиси Пишпек болгон, 1864-жылы бул жерге орустун аскердик посту коюлуп, анын жанына жергиликтүү калк көчүп келип конгон. Ошол кезде кыргыздар менен өзбектер жашаган Аламүдүн конушу бар болучу.

Токмок жөнүндө айта турган болсок, анда уезддик шаардын борбору болууга ал көп жагынан ылайыксыз эле, анткени Верный — Пишпек — Ташкент жолунан четте турган жана айланасы сормо саз жана баткак болгон. Шаардын территориясын кеңейтүү үчүн ылайыктуу жер болгон эмес. 1877-жылы 3-декабрда Жети-Суу областынын аскердик губернатору Түркстан крайынын генерал-губернаторунун атына жазган өзүнүн рапортунда бул жөнүндө билдирип, уезддин борборун Токмоктон Пишпекке көчүрүүнү сурайт.

*Токмок шаарынын турган жери,— деп жазган Жети-Суу областынын аскердик губернатору.— уезддик башкарманын резиденциясы болуу үчүн эбак эле ылайыксыз деп табылган, ошондуктан, 1869-жылы областтык администрация тарабынан уездди башкаруунун борборун башка, бир кыйла ылайыктуу жерге — шаарды жайгаштыруу мүмкүн болгондой жерге көчүрүү жөнүндө сунуштар кийрилген болучу. Болжол кылынган ушундай жерлер Пишпектен, Кочкордон жана Көт-Малдыдан табылган эле, бирок Сиз, урматтуу улуу таксыр, алардын бирөөнө да макулдугуңузду берген эмессиз. Шаарды курууга жер тандоо жөнүндөгү маселе сегиз жылдан бери чечилбей келатат. Ошондой болсо да, Кочкорго жана Көт-Малдыга ушул күнгө чейин бир дагы үй-бүлө көчүп келе элек жана бул жерлерди конуштандыруу жөнүндөгү болжолдор жакын арада иш жүзүнө ашырылабы-жокпу, ал жөнүндө азыр жакшылыктуу бирдеме айтуу мүмкүн эмес.*

*Бирок келечек шаар үчүн Пишпек бардык жагынан ылайык келер эле. Бул жер — Верныйдан, Караколдон, Нарындан жана Ташкенттен областка каттай турган төрт почта жолунун кошулган жеринде, Кашкардын, Сыр-Дарыя жана Фергана областтарынын кербен жолдору кесип өткөн жерде турат; бул жерде почта бөлүмү, телеграф станциясы бар жана бир нече конуш жайланышкан. Уезддик мекемелерди Токмоктон Пишпекке көчүрүү, шексиз, соода жана өнөр жай адамдарын ушул жакка келүүгө тартат, анан бул адамдар келечек шаардын коомчулугунун негизин түзөт... Шаар курула турган жер 1872-жылы эле белгиленген...*

*Ушул баяндалган кырдаалдардын бардыгын эске алып, мен уезддик башкарманы анын уезддик врачы жана уезддик бала төрөткүчү менен кошо уезддик судьясы, уезддик кассасы жана почта конторасы менен кошо, Токмоктон Пишпекке көчүрүүнү, башка аскер мекемелери жана аскер командаларын госпиталы менен (кароол кызматын аткаруу үчүн жергиликтүү командадан керектүү сандагы адамдарды бөлүп) Токмокто калтырууну зарыл деп эсептеймин.*

*Ошондуктан, 1878-жылы жазында аты аталган мекемелерди Токмоктон Пишпекке көчүрүүгө уруксат берүүңүздү урмат менен өтүнүп сураймын.*

Түркстандын генерал-губернатору ушул рапорттун үстүнө мындай деп жазып койгон:

*Макулмун. Шаардын ордунун долбоору азыртан эле түзүлүп, жекече имараттардын кварталдары, шаардык имараттардын, кирпичтен салына турган имараттардын орду бөлүнсүн.*

Генерал-губернатор казармалар тургузула турган жер жөнүндө өзгөчө кам көргөн. Ал, казармаларды — «кандайдыр бир дүрбөлөң

чыккан учурда аларды таяныч пунктуна айландыргандай кылып» курууну сунуш кылган.

Уездик мекемелердин бардыгын Пишпекке көчүрүү 1878-жылдын 26-апрелинде башталып, майында бүткөн. Ошол эле жылы жазындагы Токмокту суу каптоо уездин борборун көчүрүүнү тездетти. Бир канча кийинчерээк түзүлгөн Пишпек уездинин да борбору Пишпек болуп калат. Ошентип, Кыргызстандагы европалык типтеги биринчи шаардын — Пишпектин тарыхы 1878-жылдын апрель — майынан башталат.

Пишпек шаарынын курулушунун планын Түркстандын генерал-губернатору 1878-жылы 31-августта бекиткен. Пландын авторлору согуштук конушту — падышалык империянын ыраакы чет-жакасындагы сепилди курууну белгилешкен. Казармаларды, түрмөлөрдү, чиркөөлөрдү куруу үчүн, мусулмандардын жана православныйлардын көрстөндөрү үчүн аянттар, аскердик параддар өтө турган аянт жана башкалар пландаштырылган. 1878-жылы көчөлөрдү, аянттарды жана кварталдарды биринчи жолу бөлүштүрүү жүргүзүлгөн. Шаардын планы — түштүктөн түндүккө жана чыгыштан батышка карай тармакталып кеткен тик бурчтуу көчөлөрдөн турат, көчөлөр — ар биринин аянты 1—1,5 гектар келген кварталдарга бөлүнгөн. Аларга экиден же төрттөн короо-жай жайгаштырылган.

Планга бөлүүнүн алгачкы долбоору боюнча: түндүктө — Ташкент көчөсүнүн (азыркы Ленин проспектисинин), чыгышта — Аламүдүн суусунун, түштүктө — Лагерная көчөсүнүн (азыркы Энгельс көчөсүнүн) жана батышта — Казарма көчөсүнүн (азыркы Тоголок Молдо көчөсүнүн) чектериндеги территория тартылган.

Мурда бекитилген план 1881-жылы бир кыйла өзгөртүлгөн жана жакшыртылган. Бул планда шаар курuунун белгилүү идеясы бар болучу: турак-жай кварталдарынан тышкары, шаардык аянттарга, парктарга, бульварларга, аскердик госпиталга жана башка имараттарга жер бөлүнүп берилген. Шаардын дал ортосуна, азыркы Дзержинский проспектиси менен Карл Маркс көчөсүнүн кошулган жерине шаардын башкы аянты чиркөөсү менен кошо жайгаштырылган. Батыштан аскердик плац, чыгыштан — базар аянтындагы дүкөндөрдүн катары борборго жакын кирип турат. Ушул борбордун айланасына чиновниктер, офицерлер, жергиликтүү ишкана ээлери үчүн арналып турак үйлөр салынган. Шаардын чыгыш жак четинен мечитке, базарга, чөп сатуучу аянтка, шаардык темир устаканасына ылайыктуу жерлер бөлүнүп берилген. Майда кол өнөрчүлөр, соодагерлер жана шаардык кедейлер да ушул эле жерден орун алышкан. Пишпектин курулушу ошол кезде поселоктук мүнөздө болгон. Там үйлөр негизинен чийки кыштан салынып, чыгышка мүнөздүү болгон дубалдар менен тосулган.

1897-жылдагы эл каттоо боюнча Пишпекте 6.615 адам жашаган. Шаардын калкы шаар негизделгенден тартып эле көп улуттуу болгон. 1897-жылы бул шаарда 2870 орус, украин жана белорус, 1496



Пишпектеги ун базары (XX кылымдын башы)

дунган, 1215 өзбек, 666 кыргыз, 271 татар жана башка улуттардан 97 адам жашаган. Уезддин борборун Пишпекке көчүрүү шаардын тез өсүп-өнүгүшүнө сөзсүз жардам кылды.

### 3. РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ ПИШПЕКТИН ЭКОНОМИКАСЫ, МАДАНИЯТЫ ЖАНА АНЫ КӨРКТӨНДҮРҮҮ

«Жети-Суу областтык статистика Комитетинин 1898-жылдагы эскерме китепчесинде» шаар башчысы И. Терентьевдин «Пишпек шаары жөнүндөгү маалыматтар» деген макаласында шаардын орус мещандары жакын волосттордогу кыргыздардын жерлерин арендага алышып, эгин эгишет деп айтылган. Терентьевдин айтуусуна караганда, шаардык башкарма шаарга жакын жердеги Талкан волостунун кыргыздарынан 12 жылдык мөөнөт менен 1000 тешеге жакын жерди арендага алган.

Мещандар, башкача айтканда, шаарда жашаган адамдар коон, дарбыз, кара куурай, күнкарама өстүрүшкөн. Дунган мещандары көбүнчө күрүч эгишип, анын үчүн Чүй суусунун боюндагы жерлерди кыргыздардан арендага алышкан. Жылына миң пудга жакын күрүч алынган. 1898-жылы Пишпектеги эки хмель (кулмак) плантациясы: бирөө Дубинин менен Терентьевдики, экинчиси — жалпы аянты 7 те-

ше келгени — жалгыз Терентьевдин өзүнүкү болгон. Бул плантациялардан 300 пудга жакын пиволук хмель алынуучу. Андан кийин, багван Фетисовдун мурасчысы Илья Фетисов швейцардык сыр жасап, жылына 60 пудга жакын сыр алчу деп айтышат.

Падышалык империянын ички губернияларынан Пишпекке, жалпы эле Түркстан крайына орус поселенецтери (келгиндери) көчүп келе башташкан. Алардын көчүп келишине байланыштуу отурукташкан чарбаларга мүнөздүү болгон багбанчылык, промыселдер кеңее баштайт. Пишпекте, Верныйга баруучу жолдун боюнда турак үйлөр, дүкөндөр курулат. Талаалар шаарга жакын кирип турган. Келгиндер үйлөрүн бири-бирине жанаша курушпастан, чачкын курушкан. Алардын короо-жайларынын ортосундагы бош жерлер мал жайытына айландырылган.

1898-жылы шаарда Пашков менен Тезиковдун эки булгаары заводу болгон. Алардын жылдык кирешеси 7 миң сомго жеткен. Мындан тышкары, Чернышев деген дыйкандын май жасоочу бир заводу болуп, анын жылдык кирешеси 600 сомду түзгөн. Үч вино погреби жана бир трактир бар эле. Жанагы эле Терентьевдин айтуусуна караганда, отставкага чыккан унтер-офицер Муфей Абушахмедов бал челек кармаган, анын жыйналма 63 бал челеги болуп, жылына 60 пуд бал жана 2 пудга жакын мом алчу. Шаарда 752 үй болгон, ошонун ичинде чийки кыштан жана топурактан жасалып, үстү камыш менен жабылган үйлөр 739, жыгачтан жасалып, үстү тунуке менен жабылган үйлөр — 7, бышкан кыштан салынып, үстү тунуке менен жабылган үйлөр — 6 болгон.

А. А. Кирснердин 1909-жылы басылып чыккан «Жети-Суу областы» деген очеркинде Пишпек жөнүндө 10 миң калкы бар — орустар, дунгандар, татарлар жашаган шаар деп айтылат, анан ар бир улуттун өзүнүн айрым махалласы (слободасы) бар эле деп да белгиленет. Калктын негизги кесиби — эгин эгүү, бакчачылык, багванчылык, соода жүргүзүү, арабакечтик кылуу болгон. Үйлөр сейрек курулгандыктан, шаардын аймагы абдан чоң болгон: чоң аянттар менен бактар шаарды өтө чачкындуу кылып көрсөтчү. Жаан-чачын болгон кезде шаар белден баткакка баткан, жайдын ысык күндөрүндө чаң булап турган. Арыктын суусу эгинди сугаруу үчүн гана эмес, ичүү үчүн да пайдаланылган.

1910-жылдагы официалдуу булактардын биринен революцияга чейинки Пишпекке берилген төмөндөгүдөй кызык бир мүнөздөмө келтирели.

*Пишпек шаары — Пишпек уездинин (аянты — 77683 чарчы чакырым, калкы — 236.000 жан) административдик борбору Жети-Суу областынын түштүк батыш жагында турат, Аламүдүн жана Ала-Арча өзөндөрүнүн ортосунда, деңиз деңгелинен 2300 футка жакын бийиктикте орношкон, Александр кырка тоолорунун кар баскан чокуларынын бөксөлөрү шаардан 40 чакырымдай түштүктө жатат. 1862-жылы орус аскерлери ээлеген Кокон хандыгынын Пишпек чебине жакын жерге 1887-жылы негизделген бул шаар түндүккө карай эңкейиш түздүктө кеңири жайгашкан жана бүтүндөй бак-даракка, көрк берүүчү өсүмдүктөргө жык толтура. Көчөлөрү жазы жана түп-түз, бирок таш төшөлгөн*

*эмес, үйлөрүнүн бир тобу топурактан, бир тобу жыгачтан жасалган, жалпысынан шаар көркүнө келтирилген эмес. Пишпектин сонуркарлык жери — шаардык чоң бак, анда бак өстүрүү жана айыл чарба мектеби бар.*

*Пишпекте 14. 000ге жакын калк жашайт, алардын 8000ден ашыгы орустар, калгандары дунгандар, сарттар жана башкалар. Чиркөө, уезддик мекемелердин бардыгы бар, мейманканалар жок. Шаардын доходу 80. 469 сомду (1909-ж.), чыгымы 72. 575 сомду түзөт. Өнөр жайы начар өнүккөн: бир нече ондогон жумушчу иштеген 6 заводу бар (пиво кайнатуучу, булгаары заводдору, тегирмендер жана башкалар).Соода-сатык бир кыйла өөрчүгөн; анын негизин эгин азыктары жана мал чарба продуктылары түзөт. Пишпектин түштүк жагында, тоо этектерине жакын жерде купец Ивановдун мурасчыларынын сыр жасоочу кичинекей заводу бар, мында швейцар жана бакштейн сырлары жасалат.*

Пишпек жөнүндөгү жаңы маалыматтар «Сибирдин 1914—1915-жылдардагы соодалык-өнөр жайлык ар жылдыгында» келтирилет. Анда: областтык Верный шаарынын жанындагы шаарлардын эң жакыны Пишпек, деп айтылган. Бул эки шаардын ортосу 240 чакырым; Оренбург — Ташкент жолундагы эң жакын темир жол станциясы Кабул-Сайга чейин 505 чакырым, Ташкентке чейин — 620 чакырым, Иртыштагы эң жакын Семипалатинск пароход пристанына чейин — 1300 чакырым.

1913-жылдагы маалыматтарга караганда, Пишпектин бүткүл өнөр жайы эки пиво кайнатуучу жана үч булгаары жасоочу ишканадан, жемиш ширелерин чыгаруучу мастерскойдон жана 11 тегирмен менен май жасагыч ишканадан турган. Ушулардын бардыгы кустардык типте. Аларда 100 гө жакын жумушчу иштешкен. Шаардын өнөр жайынын дүң продукциясынын наркы 1913-жылы 175 миң сом болгон.

Пишпек шаарынын калкынын кесип ээси болуу ишинин негизги тармактары — соода-сатык жана киречилик. Кичине дүкөндөр шаардын туш тарабында орношкон, аларда бакалея, вино-гастрономия жана галантерея товарлары, тигилүү кийимдер, үй тиричилигинин буюмдары, керосин жана ушул өңдүүлөр сатылган. Бир гана китеп дүкөнү болуп, анда мекемеге керектүү буюмдар турган. Базарный (азыркы Совет) көчөсүндө ири купецтердин соода дүкөндөрүнүн катары тизилип турган (бул — азыркы Совет көчөсүнүн бир бөлүгүн жана Фрунзе менен Иваницын көчөлөрүнүн ортосундагы территорияны ээлеген кварталда болучу).

1906-жылдан тартып Пишпекте жыл сайын 15-майдан 15-июнга чейин ярмарка өткөрүлө турган. Анын обороту ярмарка жакшы өткөн жылдарда 900 миң сомго жеткен. Пишпекке жыл бою, бөтөнчө, ярмарка өткөн жылдары Ташкенттин, Верныйдын (Алма-Атанын), Жаркенттин, Токмоктун, Караколдун (Пржевальскинин) купецтери менен ремесленниктери, Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтарынын көп райондорунун дыйкандары келише турган.

Темир жол катташы болбогондуктан, Пишпекте киречилик кесиби көбүрөөк өнүккөн. Шаарда казынаныкынан тышкары, ат-почта станцияларын өзүнчө кармаган жеке адамдар да болгон. Шаардын дыйкандардан чыккан калкынын да көбү ушул кесип менен иштеш-

кен. Киречилик кылуу Пишпектин кесип ээлеринин доходунун маанилүү бөлүгүн түзгөн.

Бирок да, шаардын өсүшүнө жана анын экономикасынын бир аз жогорулашына карабастан, Пишпек революцияга чейинки жылдарда чындыгында ыплас жана чаң баскан кыштак бойдон кала берген. Шаардын тарыхына кирген кызык бир окуя болгон. Шаардын калкы майрам күндөрүндө көңүл ачуу үчүн бульварга аскердик духовой оркестрди чакыртмакчы болушат. Шаардык коомдук башкарманын уполномочендеринин өтүнүчүндө: «Жок дегенде күнүнө эки-үч саат болсо да» деп жазылган. Бул өтүнүчтү карап чыгып, Жети-Суу областтык шаардык иштер мекемеси мына мындай резолюция койгон: «Пишпек шаарынын уполномочендер чогулушунун токтому законго ылайык келбегендиктен, жараксыз деп табылсын».

Жалпы алганда шаардык башкарма да, ошондой эле уполномочендердин чогулушу да, толуп жаткан өтө «татаал» түрдүү проблемаларга дуушар болгон. Мисалы, Жети-Суу губернаторунун «автоматтык экипаждардын» ээлеринен налог алуу жөнүндөгү талабына эмне деп жооп берүү керек? Көрсө, Пишпектегилер гана эмес, Верныйдагылар да эч качан көрбөгөн автомобилдер жөнүндө эмес, шаардагы эки велосипед жөнүндө сөз болгон экен. Тамашалуу мындай кабар тараган: шаардын сыртында бир жерде дыйкандар айрыларын алып велосипед тээп бараткан адамды куушкан, жетип кармашканда, андан эң биринчи эле: «Бул макулугуң канча чөп жейт?» — деп сурашкан.

Белгисиз бир художник өзүнүн тарткан сүрөтүндө революцияга чейинки Пишпекти абдан ачык-айкын көрсөткөн. Сүрөттүн биринчи планынан кыйшайган фонарь мамысын көрөбүз. Ага мас киши сүйөнүп турат: ал жыргап күлүмсүрөгөнсүйт, көз карашы кайдыгер. Артында — «Ичимдик ичүүчү жай» деген жазуу илинген үй турат. Жазуунун как ортосунда — эки баштуу чоң бүркүт тартылган. Алыста чаңга аралашып араба келатат; араба айдаган адам камчысы менен иттен коргонот. Шаардын маданияты менен сырткы көрүнүшү жөнүндө, мисалы, ар кыл ведомстволорго жиберилген мына мындай бир записка далил болот: «Шаардын алты фонары (чырагы) бар, бирок алардын шишелери жок, көчөлөр кап-караңгы». 1887-жылы шаарга суу провод өткөрүү жөнүндөгү сунуш кабыл алынбай калган. Андан бери 20 жыл өттү, бул сунуш ошондон бери улам эле кабыл алынбай келе жатат.

Пишпектин жолунун жол деген аты болбосо, жолдук эч деле касиети жок эле. Тек гана телеграф мамылары жол белгилери сымак сороюп туруучу. Күздөгү кара баткак менен жаздагы ала шалбыртта ат-араба жүрбөй узакка токтоп калуучу.

— Пишпек деген ушул! — деп жүргүнчүгө камчысы менен көрсөтөт араба айдаган адам. Чаң баскан көрксүз талаадан жүргүнчү иретсиз салынган жепирейген там үйлөрдү көрө турган, ал эми бул үйлөрдүн үстүнөн жапыз чиркөөнүн коңгуроо илинген мунарасы оркоюп чыгып турар эле. Шаардын ортосундагы базарга арабалардын

дөңгөлөгүнөн казылган көчөлөр алып келүүчү. Жаан-чачын кездерде эзилген баткактуу көчөлөр, өзгөчө базардагы көчөлөр такыр киши жүрө алгыс болуп калар эле. Ока суусунун боюнан ушул жакка жаңыдан көчүп келип, Пишпекте турган бир адам өзүнүн достору менен тааныштарына мындай деп жазат: «Бул жерде айрыкча түнкүсүн куса болосуң. Көңүл ача турган, мейли жаман болсун, бир да жай жок. Ар кимиси үйүнөн чыкпай, сөз сүйлөбөй үңкүйүп отура беришет экен. Ушул да интеллигенциябы! Көчөгө чыксаң, шаардын үстү капкараңгы. Мында кабанак иттердин көптүгүн айтпа, алар көчөлөрдө шимшип жүрөт. Зеригип бүтөсүң! Китеп деген жок, газеталарды да бир айдан кийин алабыз...»

1913-жылы жергиликтүү музыкалык-драмалык коом шаардык өкмөттөрдөн элдик эки спектаклди коюу үчүн 100 сом бергиле деп сураган. Суроо канааттандырылган эмес.

Пишпекке «кокус» келип калган бир жаш врач мындай деп таң калат: «Мен мында эмне кыларымы билбеймин. Бул жердеги бекерпоздор медицинаны «бүт эле алдамчылык» деп билишет экен. Бир жагынан алардыкы да туура: край башкармасы арзыбаган болорболбос каражат бергендиктен, ага чеке жылытарлык эч нерсе ала албайсың».

Шаардын айланасы безгектүү саз балчыкка белчесинен батып турган. Бул саздан «безгектин түрдүү чиркейлери» чыгып адамдардын канын митедей соруп, алардын көбүн мезгилсиз өлүмгө кирип-тер кылган. Калк сууну арыктан алып ичишкен. Ашказан жана ичеги оорулары — Пишпектин калкын дайыма мойсоп кетип турган кырсык.

Башталгыч мектептин бир мугалими мындай деп даттанат: «Ата-энелердин чиркөө, мас болуу жана кулдарча эмгектенүү сыяктуу үч кырсыктын ортосунда адашып жүргөн тагдыры сенин талanttуу окуучуларыңды да күтүп турганын көрүп ызаң келет». Калктын көпчүлүгү кумар ойноп, өзүнүн кайгы-капасын арак ичүү менен жооткотушат.

Пишпек — Россия империясынын «караңгы», «түнт» жери, «жердин түбү» деп аталган жана башка ушул сыяктуу жаман аттарга конгон чет жакадагы шаарларынын бири. Эгерде кимдир бирөө Пишпекти сүрөттөп айткысы келсе, анда ал бул шаарда эмнелер бар экенин эмес, эмнелер жок экенин: заводдордун, суу проводдун, электрдин, театрдын эч качан, эч убакта болбогонун айтса жакшы болор эле.

Жети-Суу областынын уезддик шаары Пишпек — география окуу китептеринде жана падышалык Россиянын карталарында көрсөтүлгөн эмес. Революциядан мурдагы китептерде сүрөттөлүп жазылып жүргөндөй, чындыгында бул шаар эмей эле, айланасын ак, боз жана көк түстөгү тамдар курчаган чоң базар эле, бул жердин калкы жугундуларды ушул тамдардын терезелеринен жана эшиктеринен түз эле көчөгө чачыша турган. Төөлөр боздоп, эшектер кыйкырып, койлор маарап ызы-чуу түшүп жатар эле. Соодагерлердин ар кыл тил-

де кыйкырып сүйлөгөн үндөрү кулак тундуруп, уезддик башкарманын эшигинин алдында өтүнүч менен келген адамдар топурап жүрчү. Бул жерге ар түрдүү улуттардын адамдары жыйналганын кийген кийиминен көрөсүң. Жамаачылуу жыртык-тешик кийим кийишкен буларды кедейлик теңдештирип турат. Чопо тамдардын, чайканалардын, кербен сарайлардын үстүнөн мырза теректердин гана чаң баскан жашыл жалбырактары шуулдап турат.

Россия империясынын өкмөттүк сенаты «токмоктоо» институтун дыйкандарга гана калтырып, «улуу таксырдын буйругу боюнча» мещандарды токмоктон куткарды. Дыйкандарды уруп-сабоонун зарылдыгын эптеп негиздөө үчүн падышалык юристтер «мещандар сословиеси — билимдүүлөрдүн сословиесине кирет» деп айтып чыгышкан.

Империянын ушул «билимдүү» сословиесинин маданий деңгелинин кандай болгону жөнүндө архивдерден алынган документтер абдан туура баяндайт.

...Жекшемби күн. Пишпектин шаардык мещандар коому өздөрүнүн ар кыл иштери жөнүндө «пикир алышуу үчүн» жалпы жыйынга чогулушат. Писарь Лука Погорелов келгиче убакытты өткөрүү үчүн семечка чагышат, куудулданып сүйлөшөт, «чүкө» ойношот. Бирок, бул күнү аны күтө берип чарчашты, анткени — писарь үйүндө абдан катуу мас болуп жаткан эле. Погореловду күтүп зарыккан соң. шаардык жыйын «24 өкүмдү» кабыл алат, бул өкүмдөн «мас болгону үчүн» писардын «иштен бошотулганын» зорго окууга болот.

Эми писарь ким болот? «Айына он эки сом» алып, коомго кызмат кылууга Федор Романов макул болду. Жаңы писарь өкүмдү жазып бүткөнчө калемин кыйчылдатып, далайга чиймеледи.

Анын: «Мы ниже подписавшиеся обчество мещан города Пишпека сиго числа...» («биз, Пишпек шаарынын мещандар коомунун төмөндө кол койгондору ушул числодо...») деп жазган алгачкы саптарын эптеп окууга болор эле, бирок калган сөздөрдүн мазмунун түшүнүү эч мүмкүн эмес. Жекшемби күнкү ичкиликтен уйкусу канып ойгонгон, адатынча талабы бош староста өкүмдүн «чүргөлгөн түрүн көрүп» төбө чачы тик турду. Өкүмдүн аягына өз колу менен анын тартайтып жазгандары буга далил болот:

«Етот приговор нидиствительной в том удостоверяю» («Бул өкүм жарабайт, ошону күбөлөндүрөм»).

Мурдагы писардын аракечтигине да акыры көнүүгө туура келди. Кийинки өкүмдөр кайта дагы ошонун калтыраган колу менен жазылып, «Писарь Л. Погорелов» деп койгон колу менен ырасталып отурду.

1891-жылы Пишпекте өкүмгө (жыйындардын чечимине) «өзү» кол койгон 7 гана мещан бар эле. Калган адамдардын атынан «кат таанывбаганы үчүн алардын суроосу боюнча» деп дайыма «Эмильян Кисленков» кол коё турган. 1905-жылы өкүмдүн астына 17 адам өздөрү кол коюшкан. 14 жылдын ичинде жетишкен чоң прогресс ушул!



Пишпектеги соода дүкөндөрү (XX кылымдын башы)

Пишпек шаарынын «билимдүү» сословиеси келечек муунга калтырган кээ бир «адабий эстеликтер» ушундай.

1912-жылы Пишпекте 12 окуу жайы болгон, эркектердин гимназиясы, орустар менен жергиликтүү калктын балдары окуй турган мектеп, айыл чарба мектеби, үч медресе жана башталгыч алты мектеп ошонун ичине кирген. Ушул кичинекей окуу жайларынын бардыгы тең эң жаман абалда болгон. Мисалы, 1915-жылы гимназияда 122 окуучу, калгандарында — мындан да аз окуучу окуган. Элге билим берүү муктаждыктарына падыша өкмөтү жарыбаган каражаттарды берген. Элге билим берүүнүн ассигнованиеси Түркстан крайынын ар адамына эсептегенде 1915-жылы 11,5 тыйын болгон, ал эми бардыгы край боюнча бюджеттин 4 процентин түзгөн. Бирок, Түркстан крайынын бюджетинин 75 проценти полицияны күтүүгө сарпталган.

Пишпектеги гимназияда — революцияга чейинки Кыргызстандын жападан жалгыз орто окуу жайында — падышалык чиновниктердин, офицерлердин, кулактардын, купецтердин балдары жана азыраагы — падышага жан-алы калбай кызмат кылган малайлардын, бай-манаптардын балдары окушкан.

Шаардын калкын медициналык жактан тейлөө иши жакшы жолго коюлган эмес. Келгиндердин ооруканасынын, аскердик лазареттин жана ооруларды кабылдоочу эки пункттун (баарын бирге кошкондо), 20дан ашыгыраак койкасы болгон. Пишпекте лоток тибиндеги өздүк

төрт дарыкана жана шаар башкаруусунун так ушундай бир дарыканасы болгон. Аларда дарылар да, медикаменттер да болгон эмес. Калк дарыны көбүнчө базардагы келгин купецтерден сатып алчу.

Бирок, шаардын калкынын аң-сезимин айныткан каражаттар жагынан кемчилик болгон эмес. 1913-жылы Пишпекте 14 миң адамга православный үч чиркөө, 20 мечит жана намаз окуу үйү, ошондой эле толуп жаткан кабактар менен ичимдик ичүүчү жайлар болгон.

Падышалык Россияда социалдык камсыздандыруу ишинин кандай абалда болгону жөнүндө бир нече мисал келтирсек жетишет. 1905-жылдын ичинде Пишпектин үч гана мещаны калктан ырайым сурап кайрылган. Отставкага чыккан, көзү көрбөй калган 65 жаштагы Иван Иванович Браун менен 70 жаштагы пишпектик мещанин Емельян Кисленков жардам сурашкан. 1906-жыл 12-январдагы өкүмдө мындай деп жазылган:

«Карып калгандыктан... эч кандай каражаты, эч бир каралашар тууганы... болбогондуктан, коомдон ай сайын пособие сурагандарды угуп... токтом кылынды: отставкадагы катардагы аскер... Браунга пособие берилбесин. Емельян Кисленковго айына 2 сомдон пособие... берилсин».

Экинчи бир өкүмдө мындай деп айтылат:

«Көзү көрбөй калгандыктан, карыгандыктан жана эч кандай каражаты болбогондуктан ай сайын 3 сом өлчөмүндө пособие берүү жөнүндө сураган Никита Федорович Погореловдун арызын талкуулап, пособие берилбесин деп токтом кылынды».

Эл агартуу иши жөнүндө кандай кам көрүлгөндүгүнө мещандык коомдун 1905-жылдагы өкүмүнөн алынган төмөндөгүдөй көчүрмө ачык-айкын далил болот:

«Шаардык окуу жайын ачууга бизден жардам сурап, уезддин господин начальниги оозеки өтүнүч менен кайрылган. Эч ким эч нерсе бере албайт, анткени азыркы убакта биздин ар кимибиз өз үй-бүлөбүз үчүн тамак-аш табуу менен алек болуп жүрөбүз».

Бул документ ошол кездин «адабий үлгүсү» болгону мындай турсун, кайра чексиз жакырчылыктын жана аянычтуу жаман турмуштун да далили болот. Мектеп — бул колдон келбес артыкбаш милдет, моюнга түшкөн жаңы жүк. Пишпектин мещандык коому: бизге эч кандай мектептин кереги жок деп чечкен.

Бирок, поптор даттанышкан эмес. 1905-жылы кружка менен чогултулган каражаттардын жана башка кайыр-садагалардын толук эмес тизмесин келтирели, алар жөнүндө Пишпек сопусунун кызмат кагазында да эске алынган:

*— Кавказда православныйды калыбына келтирүүгө.*

*Палестинадагы православный зыяратчылардын турмуш-тиричилигин жакшыртууга.*

*Рухий наамдын бей-бечараларына каралашууга.*

*Православныйдын миссионер коомунун пайдасына.*

*Империянын бутпарастарынын арасында православиени таратууга.*
*Эң кембагал православный духовенствосуна жардам көрсөтүүгө.*
*Жалпы алганда империяда православный храмдарын курууга жана алардын эң кембагалдарына жардам берүүгө.*
*Верный шаарында православный соборун тургузууга.*

Ушул сыяктуулар жана ушул өңдүүлөр.

Уезддик Пишпек шаарында баш аламандык жана бүлгүнчүлүк өкүм сүргөн. Караңгылыктын бетпак сазы таланттуу адамдарды соруп алып, ойрондотуп турган. Шаардын өткөн күндөрү, анын бүткүл административдик системасы караңгы көр сыяктанып, ар кандай пайдалуу саамалыкты, ар кандай жакшы демилгени жутуп алып турган.

### 4. БАГБАН А. М. ФЕТИСОВ

Жийиркеничтүү жан бактылык нравалардын шартында таланттары таасын ачылбай калган адамдардын катарына багбан А. М. Фетисов да кирет. Бул, билими боюнча гана эмес, таланты боюнча да көрүнүктүү ботаник болгон. Ал, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн үлгүлөрүн коллекциялоо максатында экспедиция менен Орто Азияга баруу үчүн Петербург ботаника багынын сунушун дароо кабыл алган.

Верныйлык өкмөттөр областка иштөөгө өтүңүз деп Фетисовго сунуш кылышат. Өзүнүн чыгармачылык оюн турмушка ашырам деген үмүт менен Фетисов бул сунушка макул болот. 1879-жылы жазында ал Пишпекке көчүп келет да, чөлдүү өрөөндүн талаасына эбегейсиз зор бак тигип, саздак, кысыр аңыз, таштанды жерлерди эң сонун жашыл өрөөнгө айландырмакчы болот, өзүнүн сүйгөн ишине кызуу киришет. Ал ошол эле жазы бактын негизин түзүп, мөмө бактарынын сортторун өстүрө баштайт. Анан тез эле азыркы Кара жыгач токоюнун участокторунун биринде мөмө бак питомниги пайда болот.

Багбан кулак угуп, көз көрбөгөн кыйынчылыктарды жеңет. Жети-Суунун аскердик губернаторунун бак-дарак отургузууга калп кызыккандыгынын чыныгы сыры бат эле ачылып калды. 1879-жылы майда губернатор кара жыгачтын эки пуд уругун жиберет. Урук өспөй калат, көрсө өнбөй турган урук жиберген экен. Фетисов Анжыяндан өзү жаңы уруктарды жаздырып сурап алат. Суу үчүн, жер үчүн күрөшөт, өзү Петербург ботаника багынын директоруна орто азиялык өсүмдүктөрдүн коллекцияларын жиберип, алардан жыгачтардын жана көчөттөрдүн жаңы сортторун жибергиле деп сурайт. Нежиндик атактуу багбан Аксюткин менен байланышып, калемче, көчөт, урук жибериңиз деп сурайт. Марселдин багбандарына кат жазып, аларга Түркстандын тоо өсүмдүктөрүнүн уругун сунуш кылат. Франциядан Шампани жүзүмүн, мөмө бактарынын сейрек сортторун алат. Фетисовдун питомниги тез кеңейип, көчүп келгендерди көчөттөр жана уруктар менен камсыз кылат. 1881-жылы эле анын багында мурда бул жерлерде такыр өспөгөн көп өсүмдүктөр пайда болот.



Шаар башкармасынын имараты

Бирок, плантацияларды кеңейтүү үчүн каражат, жаңы жер, суу керек. Начальниктер багбандын ишине кызыгышпады. Акыры бак-дарактар отургузуу үчүн жер бөлүндү: Аламүдүн суусунун сол жак өйүзүнөн камыш баскан 8 теше жер берилди. Дагы каражат табуу керек болду, бирок Фетисов өзүнө керектүү жардамды ала алган жок.

Бак-дарак отургузуунун эң зор пайдасын начальствого кадимки аргументтер менен түшүндүрө албагандан кийин, окумуштуу бабван алар менен ишкана ээсинин тилинде сүйлөшө баштайт: «...Ар бир он жылдык даракты 10 тыйындан баалай турган болсок,— деп жазган Фетисов 1882-жылы 9-январда уезддин начальнигинин атына жиберген катында,— анда 15 теше жердеги 150 000 дарак 15.000 сом берет... Анжыяндын кара жыгачы Пишпек шаарында он жылдын ичинде телеграф мамысына жарагандай болот жана бул жыгачтын наркы мен баалаган суммадан алда канча ашып түшөт...» Фетисов өзүнүн катынын аягында 8—9 жылга чейин жыл сайын плантацияны көбөйтүүгө 400—500 сом берүүнү сурайт жана 10 жылдан кийин чыгымдардын орду толтурулуп, токой уездге доход бере турган статьяга айланат деп дагы бир жолу начальниктерди ишендирет.

Коммерциялык аргументация, кыязы, бийликтегилердин аң-сезимине жеткендей болду көрүнөт. Канткен менен, Пишпекте бак-дарак тигүү бир кыйла тез өнүгө баштайт да, 1904-жылдын башында, доку-



Келгиндердин Пишпектеги ооруканасы

менттерден көрүнүп отургандай, Кара жыгач багы 80 теше жерди ээлейт.

Кара жыгач багынан тышкары, Фетисов мөмө бактарын, жүзүмдү, декорациялык дарактарды өстүрүү жагында да иштеген. Токмок уездинин мурдагы начальниги Нарбут Пишпек жөнүндө жазган катында мындай дейт:

«...Азыркы убакта казыналык бактын питомниктеринде 200 гө жакын сорттон турган 80 миңге жакын ар түрдүү дарактар бар. Мөмө бере турган дарактар менен бадалдардын ассортиментин кошуп эсептегенде дайыма бир жерде турган 7000 даанага жакын дарак бар. Бул бак 200 тешеге жакын жерди ээлейт жана үч түрдүү бөлүмдөн: декорация, жемиш жана огород бөлүмдөрүнөн турат...»

Фетисовдун ысымына жалаң Кара жыгач багынын тарыхы гана байланышып отурган жери жок. Ал, Пишпекте мөмө бактарын өстүрүү мектебин ачуунун да демилгечиси болгон, адегенде мында 15 кыргыз жана 4 орус баласы окушкан. Фетисов мектепке өзү башчылык кылып, өзү сабак окуткан. Кара жыгач багынын жана анын жанындагы мөмө багынын болушу үчүн Фрунзе шаары ушул адамга милдеттүү. Жакын жерлердеги кыштактардын калкы гана эмес, Пишпектен жүздөгөн километр алыс жердеги кыштактардын да калкы Пишпектеги плантациянын көчөттөрүнөн жана уруктарынан пайдаланып, мөмө бактарын өстүрө башташкан.

1898-жылы фетисовчу-багбандар Дубовый паркын отургузушкан, анан Токой күнү болгондо—1902-жылы 4-апрелде—шаардын калкынын активдүү жардамы менен сквер жасалган (азыр бул Дзержинский проспектисинин бир бөлүгү).

А. М. Фетисов өзүнүн бүткүл өмүрүн Пишпектин токой жана мөмө бак чарбасын түзүүгө багыштаган. Каражат жагынан дайыма зор муктаждыкты башынан өткөргөндүктөн, план ченемдүү илимийизилдөө иштерин жүргүзүү үчүн анын мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Кырдаал күндөлүк оокат жөнүндө жана шаардын жашыл кырчоосунун эң зарыл муктаждыктарын канааттандыруу жөнүндө кам көрүүгө мажбур кылган. Ал, хмель плантациясын өстүрүүгө жана ал турсун сыр жасоого да аргасыз болгон, бул, албетте, ботаник-окумуштуу катарында анын шыктуулугуна жооп берген эмес. Кийин жагында анын плантациялары Дубинин жана Терентьев деген купецтердин колуна өткөн, анан мөмө бактарын жырткычтарча пайдалануу дарактардын куурап жок болушуна алып келген. Совет бийлигинин жылдарында гана Фрунзеде бак-дарактарды эң кеңири масштабдарда отургузуу үчүн тийиштүү чаралар көрүлгөн.

Ыраазы болгон Фрунзеликтер — республиканын борбор шаарын жашылдандыруу жагынан жемиштүү иштеген багван-демилгечи А. М. Фетисовду азыр да өздөрүнүн жакшы сөздөрү менен эске түшүрүшөт.

## 5. ПИШПЕКТЕГИ ПАДЫШАЛЫК АДМИНИСТРАЦИЯ

Кыргызстан составына кирген Түркстан крайында аскер министерствосуна баш ийген аскердик-административдик башкаруу системасы орнотулган. Крайдын башында генерал-губернатор, областтарда — аскердик губернаторлор турушкан. Падышалык армиянын старший офицерлеринен дайындалуучу аскердик чиндер уезддерди башкарышкан.

Крайдын бардык шаарларындагыдай эле, Пишпекте да бардык маселелерди уезддик начальник жеке өзү чечкен. Даттана турган жер болгон эмес. Бийликтин уезддик органдары жана Пишпектин казыналык мекемелеринин администрациясы аскердик-полициялык режимге таянышып, калктын эмгекчи катмарларынан чыккан адамдарын кичинекей эле күнөө кылганы үчүн ырайымсыз жазалашкан.

Шаардык башкарма ар түрдүү оңтойлуу шылтоолор менен жергиликтүү калктын миңдеген теше жерлерин тартып алган, алардын көбү жергиликтүү администрациянын чиндеринин колуна барып түшкөн. Мисалы, шаар башчысы Терентьевдин багы 7 теше жерди ээлеген. Бирок падышалык чиновниктердин ач көздүгүнүн чеги болгон эмес. Алар жергиликтүү калктын жерлерин үстү-үстүнө тартып ала беришкен.

Орустун ири арендаторлору кыргыз кембагалдарын да, ошондой эле орус кедейлерин да катуу эзишип, аларга зордук-зомбулук көр-



**Пишпектеги азыркы Фрунзе жана Совет көчөлөрүнүн бурчундагы соода имараттары (XX кылымдын башы)**

сөтүшүп, кыргыздын бай-манаптары менен, шаардын администрациясы менен да жалпы тил таап турушкан.

Кыргыз эли «шайлай турган» волосттук башкаруучуларды, старшиналарды жана бийлерди губернаторлор менен уезддик начальниктер бекитишип, кызматтарынан да ошолор бошотуша турган. Түркстан крайынын уезддик же губерниялык начальниктери шайлангандардын арасынан көбүнчө ким чоңураак пара берсе, ошону «жергиликтүү» бийликтин башына коюша турган. Волосттук башкаруучуга кандидатурасы көрсөтүлгөн адамдарга шайлоо чыгымы, маселен, 3 миң сомдон 10 миң сомго чейин жетип турган. Бул акчалар, албетте, падышалык чиновниктердин түпсүз чөнтөгүнө барып түшкөн. Бул жагынан алганда уезддин борбору болгон Пишпек шаарынын Түркстан крайынын башка шаарларынан эч кандай айырмасы болгон эмес. Уезддик администрация, чиновниктердин төбөлдөрү жергиликтүү кызматтарга «шайлоону» өздөрүн байытуу үчүн абдан кеңири пайдаланышкан.

Падышалык администрациянын, уезддик бийликтердин пара алышы, акчага сатылышы, чексиз зордук-зомбулук көрсөтүшү жерги-

ликтүү жана орус калкынын эл массасынын мойнуна түшкөн оор эзүү болгон. Эмгекчилердин «башкача ой ойлонушунун» ар кандай көрүнүшүн падышалык ээнбаш начальниктер күч менен ырайымсыз басып келишкен.

Казак ССРинин борбордук Мамлекеттик архивинде мына мындай бир кызык документ — мурдагы генерал-губернатор, Түркстан аскер округунун аскерлеринин командачысы генерал Е. И. Мациевскийдин небереси Н. Мациевскийдин 1916-жылы 26-майда Пишпектен жазган каты сакталып калган. Бул кат анча деле сабаттуу жазылган эмес, бирок, ошондой болсо да, падышалык администрациянын шаарды кандай башкарганы жөнүндө, падышалык бийликтердин ырайымсыздыгы жана зордук-зомбулугу жөнүндө, революцияга чейинки Пишпектин эмгекчилеринин оор турмушу жөнүндө түшүнүк берет. Төмөндө ушул каттан үзүндү келтирилет.

*УЛУУ УРМАТТУУ ТАКСЫР ЖЕТИ-СУУ ОБЛАСТЫНЫН АСКЕРДИК ГУБЕРНАТОРУНА*

*Уезддик начальниктин өзү башкарган Пишпек шаарынын полициясынын көрсөткөн зомбулугу адам чыдагыс. Городовойлор өздөрүн өтө корс, орой алып жүрүшөт, дайыма элди коркутуп-үркүтүп турушат. 21-майда — ишемби күнү — господин уезддик начальник көчөдө жайылып жүргөн торпоктордун баарын короого айдап киргизүү керек деп буйрук берген. Городовойлор аларды тынч айдап киргизбестен, токмоктоп, кууп айдай башташкан, натыйжада мага мына мындай бир окуяны көрүүгө туура келди: ушул жерде короодон чыга калган уйду городовойлор башка уйлар менен кошо айдап кууп кетишти, анан ал уй жыгылып калса, таяк менен сабап тургузушту. Азыр күндүн ысыгы 40 градуска жетет, малды кууп айдоого болбойт, бир жарым километр айдасаң болду, мал өлүп калышы мүмкүн. Эмне үчүн городовойлордун торпокторун айдашпайт? деген суроо туулат, анткени алардын да торпоктору калктын торпоктору менен аралашып жүрөт эмеспи, городовой менен тынч оокатын кылган адамдын кандай айырмасы бар. Закон бардыгы үчүн бирдей эмеспи, эч кандай айырма жок да.*

*Мен акыры чыдай албадым да, ушулардын баарын Улуу урматтуу таксыр Сизге толук жеткирүүгө мажбур болдум.*

*Кымбатчылык менен бизге күрөшүү мүмкүн эмес. Сатып алуучулар өтө зарыл азык-түлүктөрдү, атап айтканда: майды, малдын майын жана башкаларды ээн-эркин сатып алып жатышат, Мырзабаев эртең менен жолдон тосуп баарын сатып алат, анан аларды Ташкентке жөнөтүп жиберет, аршинине 25 жарым тыйын төлөп бир кыйла көп суммага чыт сатып алып, анан ушул эле чыттын аршинин 40—45 тыйындан сатат, эгер башка уезддердин бир жеринен арзан товар табылса, ал дароо ошол жакка өзүнүн сатып алуучуларын жөнөтөт.*

*Арак чакалап сатылат, мас болуп арыктарда оонап жаткандар толуп жатат... Базардан городовойду таппайсың, эгер тапсаң, чайканадан же өздөрүнүн ашканасынан — чай ичип же кымыз жутуп жаткан жеринен табасың. Шаардын өзү — антисанитария жагынан алганда — абдан жаман, ыплас, чаң, шаардык башкарма... белгилегендей ишемби күндөрү көчөлөргө суу чачылбайт. Жакында шаардын дал ортосунда эки ат өлгөн, бирөө переселенецтердин ооруканасынын жанында, экинчиси казарманын жанында жаткан жана күндүн абдан ысык болгондугуна карабастан, казарманын жанында өлгөн ат эки күн жаткан, ал эми оорукананын жанында өлгөн ат калк суу алып иче турган арыкка башы тыгылып туура 12 саат жаткан; полиция буга көз салган эмес; ушундай ысыкта арам өлүктөн оору тез жайылып кетиши мүмкүн, ошондуктан шаардан оору чыга турган болсо, анда ага таң калууга жарабайт...*

Айтылып жүргөндөй, мындай учурда түшүнүк берүү ашыкча. Эмгекчилерге боору ачыганы өтө шектүү падышалык чиновниктин өзү да зордук-зомбулук болуп жатканын көрүп тынчсызданбай жана кыжырданбай коё алган эмес.

Адам чыдагыс социалдык жана улуттук эзүү кээде эмгекчилердин нааразылыгын жана кыжырданышын, асыресе буржуазиялык-демократиялык биринчи орус революциясынын окуяларына байланыштуу алардын кыжырданышын жана нааразылыгын туудурган. «Пролетардык кыймыл,— деп жазган В. И. Ленин 1905-жылдын башындагы окуялар жөнүндө,— азыр өтө алыс чет-жакаларга кулачын жайып, улам барган сайын кеңейүүдө. Козголуу менен нааразылыктар коомдун өтө ар түрдүү жана абдан артта калган катмарларын өз кучагына алууда»*.

Россиянын борборунан алыс турганына карабастан, революциянын күркүрөгөн шаңдуу үнү Пишпекке да угулду. Падышанын 1905-жыл 17-октябрдагы жалган манифестине жооп берүү иретинде ошол эле жылдын 22-октябрында жана 8-ноябрында Пишпекте жумушчулардын, майда кызматчылардын, дыйкандардын массалык митингдери өткөн. Алардын алдында чыгып сүйлөгөн ораторлор жалпы, тең жана жашырын добуш берүү менен шайлоо өткөрүүнү, динге ишенүү-ишенбөө эркиндигин, сөз, басма сөз эркиндигин, жалпыга милдеттүү жана акысыз (мамлекеттин эсебинен) билим берүүнү талап кылышкан. 1905-жылы ноябрда Пишпектеги почта-телеграф конторасынын кызматчылары забастовка өткөрүшкөн. 1905—1907-жылдардагы революциядан кийин, Жети-Суу областында большевизмдин идеяларын таратуучу борборлордун бири Пишпек болуп калат.

Орус жумушчу табынын революциялык кыймылына кыргыз эмгекчи массасы кошулуп кетти. Алардын ичинен — өз элинин эркиндиги үчүн таланттуу күрөшчү, революциялык кыймылдын активдүү катышуучусу Таабалды Жукеев чыккан (партиялык аты Александр Пудовкин).

Падышалык ээнбаш начальниктер элдин эркиндикке умтулушун муунта алышкан жок. 1916-жылы кыргыз эли колониялык жана феодалдык эзүүгө каршы күрөшкө чыккан. Бай-манап төбөлдөрү падыша өкмөтү менен бүтүм жасашып, кыргыз элинин таламдарына чыккынчылык кылышкан.

1916-жылдагы көтөрүлүш кыргыз эли үчүн эң зор сабак болгон. Орус жумушчу табынын жардамы менен жана большевиктердин жетекчилиги астында өткөн буржуазиялык-демократиялык экинчи орус революциясынын натыйжасында падыша өкмөтү кулатылгандан кийин, кыргыздардын эмгекчи массасы эркиндик үчүн күрөштү күчөтүшүп, жеңишке жетишишкен.

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 8-том, 139-бет.

ЭКИНЧИ ГЛАВА

# СОВЕТТЕРДИН БИЙЛИГИ ҮЧҮН КҮРӨШҮҮ. ПАРТИЯЛЫК УЮМДУН ТАРЫХЫНАН

## 1. СОВЕТ БИЙЛИГИН ОРНОТУУ

1917-жыл эле.

Россия кайнап жана толкундап турган. Европада империалисттик согуш али жүрүп жатты. Буржуазиялык-демократиялык февраль революциясы падышаны тактан кулатты.

Революциянын даанышманы Ленин Петроградка келүүгө ашыкты. Большевиктер партиясы учу-кыйрына көз жеткис Россиянын жумушчу табын, эмгекчилерин буржуазиялык-помещиктик Убактылуу өкмөттү кулатууга мобилизациялады.

Алыскы улуттук чет-жакалар да революциялык кыймылга тартылды. Окуялар Кыргызстанда да жетиле баштады. Советтердин бийлиги үчүн күрөшүү бардык шаарларда жана өнөр жай борборлорунда күчөп чыкты.

Чүй суусунун өрөөнүн сугаттандыруу Башкармасынын (Чупрдун) жумушчуларынын көп улуттуу зор коллективи империалисттик биринчи согуш жылдарында Пишпек шаары менен Пишпек уездинде революциялык кыймылды өнүктүрүүдө маанилүү роль ойногон. Сугат системасын куруруда көбүнчө Борбордук Россиядан келген 200 гө жакын квалификациялуу жумушчу жана 1916-жылы тыл жумуштарына мобилизацияланган 2 миңден ашык кыргыз жана казак жумушчулары иштешкен. Алардын ичинде биринчи орус революциясына катышкандар, атап айтканда карыя большевик Алексей Илларионович Иваницын болгон.

Пишпек социал-демократтарынын жүргүзгөн агитациясынын таасири астында жумушчулардын революциялык таптык аң-сезими өскөн. 1915-жылы май айында эле Чупрдун изилдөө партиясынын бургучуларынын арасынан забастовка чыккан. Жумушчулардын арасында согушка каршы пикирлер да пайда боло баштады. Түндүк Кыргызстандагы жумушчу кыймылынын тарыхы революциялык кырдаалдын алгачкы шарттарынын бул жерде да бышып жетилгендигин далилдеп отурат. Пишпек — крайдагы революциячыл кыймылдын маанилүү борбору боло баштайт.

Түркстандагы эң ири көмүр бассейндеринин бири — Сүлүктү жана Кызыл-Кыя кендеринде болгон окуялар революциялык кыймыл-

дын өнүгүшүн жалпысынан ачык-айкын далилдейт. 1917-жылы ал жерлерде 900 дөн ашык жумушчу иштеген. Кыргыз жумушчулары менен кошо орус, өзбек, татар, тажик, казак, украин шахтерлору да иштешкен. Падыша өкмөтүнүн куугунтуктоосунан жана репрессияларынан баш калкалап, орус социал-демократтары менен революциялык маанайдагы жумушчулар ушул жакка көчүп келишип, отурукташып калышкан. Алар шахтерлордун арасында революциялык агитацияны ийгиликтүү жүргүзүшкөн, ошол кезде алар өздөрүнүн таптык таламдарын жакшы түшүнүп калышкан болучу.

1912-жылы Кызыл-Кыя кенинин шахтерлору массалык забастовка чыгарышып, кызмат акыларын жогорулатууну жана эмгек шарттарын жакшыртууну талап кылышкан. Бир нече айдан кийин, Кызыл-Кыянын жумушчулары кайтадан дагы ишташташат. Самодержавиенин реакциячыл саясатына каршы шахтерлордун бир нече жолу чыгышы алардын революциялык аң-сезиминин өскөнүн далилдейт. Ушундай чыгуулардын натыйжасында жумушчулар өздөрүнүн талаптарына администрациянын бир кыйла макул болушуна жетишкен.

1917-жылга чейин Кызыл-Кыяда революциялык жетилген топ түзүлүп калган эле. Атап айтканда Кыргызстандагы жумушчу депутаттарынын Совети биринчилерден болуп ушул жерде пайда болгон. Бул Совет — 1917-жылы 6-мартта кендин жумушчулары менен кызматчыларынын жалпы чогулушунда шайланган. Ошол эле жылы май айында бул жерде профсоюздук уюм түзүлгөн. Жумушчу депутаттарынын Кызыл-Кыя Совети жана профсоюздук уюм 1917-жылы жай айынын орто ченинде 8 сааттык жумуш күнүн киргизүүгө жана кызмат акыны көбөйтүүгө жетишкен. Бул зор жеңиш эле. Ошол эле жылы жайында бул жерде составына И. И. Едренкин, Л. Г. Солнышко, В. С. Воронин, И. Е. Михалев, А. К. Добрынин, Ю. Котломамедов кирген социал-демократиялык топ түзүлгөн.

Кыргызстандын экинчи бир өнөр жай районунда — Сүлүктүдө жумушчу депутаттарынын Совети 1917-жылы 16-мартта түзүлгөн. 1917-жылы март айынын биринчи жарымында Пишпекте жумушчу депутаттарынын Совети менен солдат депутаттарынын Совети пайда болгон. Бирок жергиликтүү буржуазия да өзүнүн бийлик органдарын түзөт. Февраль революциясынын мүнөздүү өзгөчөлүгү — кош бийлик — бул жерде да болгон. Буржуазиянын жана помещиктердин Убактылуу өкмөтүн жан-алы калбай жактаган меньшевиктер менен эсерлер Советтеги негизги позицияларды ээлеп алышты.

Пишпектеги падышалык чиновниктер бийликтен четтетилди. Полицияны көбүнчө солдаттардан турган милиция алмаштырды. Уезддик начальник полковник Рымшевич түрмөгө каматылды.

Революциялык маанайдагы массанын таасири астында март айында 1916-жылдагы көтөрүлүшкө катышкан 160тан ашык адам Пишпек түрмөсүнөн бошотулду, болбосо булар атылып же өмүр бою сүргүнгө айдалып кетмек эле. Ушул эле жерде — түрмөнүн эшигинин

алдында — кыргыз жана орус эмгекчилеринин достугунун жана биримдүүлүгүнүн митингиси болуп өткөн.

Эмгекчилер буржуазиялык бирикмелерге каршы өздөрүнүн уюмдарын түзүп жатышты. Профсоюздар менен катар кыргыздардын демократиялык «Букара» союзу түзүлүп, эмгекчи элдин бийлиги үчүн күрөшүүнү ал өзүнүн максаты кылып коёт.

Эгер Пишпекте март айында өткөн окуялар падышанын жергиликтүү бийликтерин жоюу менен белгиленген болсо, ал эми апрель жана май айларындагы революциялык жаңы көтөрүлүш Убактылуу өкмөткө, анын империалисттик согушту жеңгенге чейин улантабыз деген саясатына каршы нааразылык туулганын көрсөттү.

30-апрель күнү 7 миңге жакын солдат, жумушчу жана айыл кембагалдары катышкан митинг Петрограддагы согушка каршы апрель демонстрациясына өздөрүнүн үнүн кошушту. Жергиликтүү эсерлер менен меньшевиктер бул митингини өздөрүнүн программасы боюнча өткөрүүгө аракет кылышты. Алар: «Солдаттар, окопко!» деген чакырыкты көтөрүп чыгышты. Бирок, большевиктик маанайдагы подпрапорщик А. Сидоров, Ф. Вирченко жана фронттон кайткан башка солдаттар келишүүчүлөрдүн арам ойлорун таш каптырышты. Митингинин чечими боюнча камакка алынган аскер начальниги Писаржевскийдин ордуна Федоров деген солдат дайындалды, анан Убактылуу өкмөттүн Пишпек аткаруу комитетинен эмгекчилер абдан жек көргөн буржуазиянын өкүлдөрү куугунтукталды. Уезддин калк жашаган пункттарында отпускага келген солдаттардан кошун уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алынды. Убактылуу өкмөттүн Пишпектеги бийликтери элдин нааразылыгын басууга жетишип жатышса да, нааразылык кайта күчөгөндөн күчөп жатты.

Июнь айында Пишпектен фронтко жөнөө үчүн аскер бөлүктөрүнө баруудан баш тартышкан которуштуруу пунктундагы солдаттардын толкундоосу чыгат. Июнь айында Петроградда өткөн демонстрация менен тилектешүү жана согушка каршы мамиле ушундан көрүнгөн. Убактылуу өкмөттүн колонизатордук саясатына, бай-манаптарга каршы кыргыз эмгекчилеринин жүргүзгөн күрөшү уездде улам активдүү жайылтыла берген.

Петрограддагы июль окуяларына жооп иретинде чыккан революциялык жаңы толкун 9-июлда болуп өттү. Солдаттардын, жумушчулардын жана дыйкандардын Дубовый паркта миңдеген калк катышкан митингиси Убактылуу өкмөттүн уезддик комиссары поручик Занемойскийди жана милициянын начальнигин кызматтарынан алып, уезддик земстволук съезд чакырылсын деген токтом кабыл алды.

Революциячыл элге каршы күрөшүү үчүн буржуазиялык элементтер июль айынын орто ченинде «Коомдук коопсуздук комитетин» түзүшкөн. Контрреволюция чабуулга өтөт. Бирок, алар революциялык күчтөрдү баса алышкан жок. Эмгекчи элдин калың катмарына пролетардык таасирдин, большевиктик партиянын ураандарынын жана В. И. Лениндин идеяларынын сиңгендиги революциялык күрөштүн өсүп чыгышынын башкы булагы болгон. Кыргыздардын де-

мократиялык «Букара» союзунун катарларынын өсүшү Пишпектин эмгекчилеринин улам өсүп жаткан активдүүлүгүнүн ачык-айкын далили болгон. 1917-жылдын май айында түзүлгөн бул союз ошол эле жылы күзүндө 7 миңден ашык кыргыз кедейлерин бириктирип, чыныгы ишкердүү пролетардык уюмга айланган. 1917-жылы сентябрдын башында «Букара» союзунун съезди кабыл алган уставда: союздун максаты капиталдын зордук-зомбулугуна, манаптарга каршы күрөшүү; кыргыз эмгекчилерин саясий жактан тарбиялоо; кыргыз эмгекчилеринин турмушун демократиялык негизде уюштуруу жана революциялык чараларды иш жүзүнө ашырууга көмөк көрсөтүү; кыргыз жана орус элдеринин ортосундагы достукту, ынтымактуу коңшулуктун жана бир туугандыктын мамилелерин бекемдөө болуп саналат деп жазылган.

Эркиндик үчүн күрөшкө улуттук жаштар да активдүү катыша баштайт. Убактылуу өкмөттүн саясатына элдин наразылыгы улам күчөй берген.

Бүткүл Россиядагыдай эле, Пишпекте да революциялык күжүрмөн үндөр улам катуу угулуп турган. Өлкөдө революциялык кризис жетилип, Советтер большевиктештириле баштады. Партия өзүнүн жолбашчысы В. И. Лениндин жетекчилиги астында жумушчуларды, солдаттарды жана кедей дыйкандарды куралдуу көтөрүлүшкө даярдап жатты. Пишпекте митингилер бат-бат өтүп турду. Чиновниктер дагы эле кадеттик партияны жактап жатышты, алардын айтуусуна караганда бул партия Россияны аман сактап калууга тийиш эле. Бирок эмгекчилерди алдоо эми мүмкүн болбой калды.

Ноябрь айында телеграф Петроградда жана Ташкентте революциялык төңкөрүш чыгып, солдат шинелин кийинген жумушчулар менен дыйкандар бийликти өздөрүнүн колуна алышкандыгы жөнүндөгү кабарды алып келди.

Жети-Суунун контрреволюциясы Советтерге күрөш жарыялайт. Пишпектин «Коомдук коопсуздук комитети» чогулуштар менен митингилер өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө чечим чыгарып, эмгекчилердин коомдук уюмдарына каршы күрөштү күчөтөт. Бирок контрреволюциянын чымырканып жасаган бардык аракети эксплуататорлордун бийлигин аман сактап кала алган жок.

Армиядан Жети-Сууга кайтып келе жаткан солдаттар үзүлбөй Пишпек аркылуу өтүп жатышты. Бул жерде күн сайын өтүп жаткан митингилерде алар Петроградда жана Ташкентте бийликтин элге өткөндүгү тууралу, Советтер өкмөтүнүн биринчи декреттери тууралу — тынчтык жана жер жөнүндөгү, Россиянын бардык элдеринин тең укуктуулугу жана эркиндиги жөнүндөгү декреттер тууралу айтып беришкен.

Көбү Ташкенттеги куралдуу көтөрүлүшкө катышкан жана колунда курал-жарагы бар революциялык маанайдагы солдаттардын келишинен корккон жетисуулук контрреволюциячылдар кеңири массага ушул солдаттардын таасири тиет деп чочушкан. Шаардык бийликтер Пишпектеги митингилерге «командалардын ушул жерден өтүп

жаткан солдаттары гана эмес, арасында селолуктар толуп жүргөн башка калк да көп катышып жатат» деп Верныйга телеграф менен билдиришкен. «Солдаттарды куралсыздандырууга болбос бекен» деп Верныйдан түшкөн суроого Пишпектен: ал жөнүндө ойлоого да болбойт деп жооп беришкен.

Пишпектин жана уезддин эмгекчилери Убактылуу өкмөттүн жергиликтүү органдарын таануудан баш тартышты. Пишпектин буржуазиясы эл массасын алдоо максатында башкаруунун жаңы органын — союздар Советин түзгөн. Бирок «демократиялык» бул органга да эмгекчилер ишеним көрсөтүшкөн эмес.

Пишпек большевиктеринин жетекчилиги астында революциячыл масса өзүнүн элдик бийлик үчүн күрөшүндө баш кошуп биригишет. 1917-жылы ноябрда Дубовый парктын дал ортосундагы кино механик жашаган кичинекей үйдө ошол күндөрү большевиктердин жашыруун заседаниелери өтүп турган. Эмгекчилердин чыныгы тилеги менен максатын көздөгөн адамдар так ушул жерде Пишпекти советтештирүү жөнүндө чечим кабыл алышкан.

Белгиленген максатка жетүү үчүн алар 1917-жылы 31-декабрда Дубовый паркында массалык митинг өткөрүшөт. Ага жумушчулар менен ремесленниктер Союзунун, «Букара» союзунун мүчөлөрү, жумушчулар, фронтовик-солдаттар, шаардык кембагалдар катышат. Митингиде элдик кошунду түзүү чечилет. Милициянын жаңы начальнигин шайлашат жана азык-түлүк маселеси боюнча бир катар токтомдорду кабыл алышат. Кошунга ошол эле жерде 200 гө жакын адам жазылат.

Советтин 1918-жылы 1-январдагы заседаниеси — Пишпектин жумушчулары менен солдаттарынын жаңы жеңиши болгон. Эмгекчилердин кеңири катышуусу менен большевик Г. И. Швец-Базарный Советтин председатели болуп шайланат. «Жаңы орногон борбордук бийликке кошулуу же кошулбоо жөнүндөгү» маселе боюнча Совет Петрограддын жана Ташкенттин борбордук бийлигине кошулабыз деп токтом кабыл алат.

Бирок шаардын контрреволюциячыл күчтөрү али куралын таштапкан эмес жана каршылык көрсөтүшүн уланта беришкен, 1918-жылы 4-январда Пишпек думасынын заседаниесинде Верный думасынын жиберген телеграммасы окулган, анда «революциялык демократиялык уюмдардын өкүлдөрүнүн» Сибирь областтык съездинин үндөөсү талкуулансын деп сунуш кылынган. Сибирдин контрреволюциячыл Учредителдик чогулушунун Томскидеги уюштуруучулары Жети-Суунун Советтик Түркстандан бөлүнүп чыгып, алардын «Россия республикасынын автономиялуу бөлүгүнө» кошулушун сунуш кылышкан.

Верныйдагы ак гвардиячылардын «Семиреченские областные ведомости» деген газетасы «Кеч киреерде» аттуу заметкасында Пишпектеги окуялар жөнүндө 21-январда мындай деп жазган: «Ушул жылы 4-январда Пишпек шаарында көп жаман окуялар болгону турду. «31-декабрь» деген ат менен шашылыш түзүлө калган коом Пиш-

пекти Борбордук Россияга кошуу үчүн чымырканып бардык күчүн жумшады». Ушул контрреволюциячыл газета Пишпектин шаардык думасынан: «Большевиктер бийликтин башына али келе элек Сибирге кошулууну Пишпек каалайбы-жокпу?» — деген суроого ачык жооп берүүнү талап кылган.

Бирок ак гвардиячыл Сибирден үмүт кылуу тилеги таш капты. Бүт уезддин дыйкандары, ошонун ичинде кыргыздар да солдат жана жумушчу депутаттарынын Пишпек Советин чечкиндүү колдоп чыгышты. 1918-жылы 15-январда дыйкандардын уезддик съезди уездди башкарып келген союздардын кулактык Совети жоюлсун «...жана солдаттар менен жумушчулар депутаттарынын Советинин гана бийлиги таанылсын, Пишпек уездинде Учредителдик чогулушту чакырганга чейин калктын ар бир миңинен бир адам жана калк жашаган ар бир пункттан кеминде бир адам бөлүнгөн дыйкан өкүлдөрү ушул Советке убактылуу киргизилсин. Бул өкүлдөр Советтин чечүүчү добуш берүүчү мүчөлөрү катары ага катышат» деген токтомду кабыл алган.

1918-жылы 4-февралда Пишпек Советинин жана жумушчулар менен ремесленниктер Союзунун бириккен заседаниеси Советтердин Бүткүл россиялык II съездинин токтомдоруна, борбордук жана крайлык өкмөттөрдүн буйруктарына, Жети-Суу областтык жана Пишпек уезддик дыйкандардын II съезддин чечимдерине негизденип, Пишпектеги жана уезддеги бийликтин жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын Советине өтүшү жөнүндө токтом кабыл алды.

11-февралда Советтердин Пишпек уезддик съезди Совет бийлигинин жеңишин чыңдады. Съездге кыргыз элинин делегаттары активдүү катышышты. Алар президиумга жана жаңыдан шайланган Советтин бардык секцияларына шайланышты.

Пишпекте совет бийлигинин орношу Россиянын борборунда эбак күлү асманга сапырылган Убактылуу өкмөттүн Верныйдагы өкүлдөрүн оңой чочуткан жок.

Пишпекке Верныйдан «Семиреченские областные ведомости» деген газета келе турган. Анын беттери мына мындай заголовкаларга толтурулган: «Большевизмдин эзүүсү», «Наадандар кожоюндук кылып жатышат», «Мамлекеттик банктагы баш аламандык». Ак генералдардын Сибирде жана Дондо чыгарган козголоңдору жөнүндө газетага басылган кабарлар кара ниет күчтөрдү контрреволюциячыл аракеттерге түрткөн. Пишпектеги ак гвардиячылар, контрреволюциячыл кулактар, Совет бийлигинин бардык душмандары жашыруун, бирок өтө активдүү түрдө күчтөрүн топтоп жатышты. Большевиктердин Россияны немецтерге «саткандыгы» жөнүндөгү, «Смольныйдагы зулумдардын» жакында кулай тургандыгы жөнүндөгү кабарлар көп тараган.

Кызыл Петроград алыс болучу, бирок советтик Ташкент бекем тургула деп чакырып, Пишпек Советине жана большевиктик топторго өзүнүн өкүлдөрүн жиберген. Башында большевиктер турган жумушчулар жана революцияга чын ниети менен берилген фронтовик-

тер шаарда жарыяланган Советтердин бийлигин колдоруна курал алып коргомокчу болушкан. Эч нерсеге карабастан, жаңы бийлик өсүп жана чыңдала берди, калктын көпчүлүгүн улам өз кучагына тарта берди.

1918-жылы март айынын башында Верный шаарында Совет бийлигинин орношу Жети-Суудагы жана атап айтканда, Пишпектеги контрреволюцияга чечүүчү сокку уруу болду.

Большевиктердин жетекчилиги астында Пишпектин эмгекчилери бийликтин буржуазиялык аппаратын талкалады. Пишпек Совети эл сотун, революциялык трибуналды, куралдуу күчтөрдү түздү. Пишпек уездинде да советтик курулуш башталат, асыресе 1918-жылы 20-апрелде — 1-майда Ташкентте болгон Советтердин крайлык V съездинен кийин ал өзгөчө күчөтүлөт. Бул съездге Эл Комиссарлар Советинин Председатели В. И. Ленин жана улут иштери боюнча эл комиссары И. В. Сталин кол койгон телеграмма жиберилет, анда мындай деп айтылган: «Жолдоштор, сиздердин крайдын советтик негиздеги автономиясын Эл Комиссарлар Советинин колдой тургандыгына ишенип коюңуздар...»*. Съезд Түркстанды РСФСРдын составына кирген Советтик Социалисттик Автономиялуу Республика деп жарыялады.

Совет бийлигинин экономикалык базасын чыңдоо жана эксплуататорлордун күч-кубатын кетирүү максатында эл депутаттарынын Пишпек Совети байлардын банктарын, акча каражаттарын жана өнөр жай ишканаларын конфискациялады. Эмгекчилерди ачарчылыктан сактап калуу үчүн кулактардын жана спекулянттардын артыкбаш азык-түлүктөрүн алышты. 1918-жылы жазында Пишпек Совети уезддин кедей дыйкандарына жер, үрөн, шайман, тамак-аш продуктыларын бөлүп берди.

Советтер күч алып, Кыргызстандын эмгекчилеринин кеңири массасын улам өзүнө тартып отурду. Пишпекте Совет бийлиги үчүн күрөшүүнүн демилгечиси большевиктер болушту. Алар эмгекчи элге жакын жана түшүнүктүү болгон ленининдик революциялык ураандарды массага жеткиришкен:

— Бүткүл бийлик жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын Советтерине берилсин!

— Дүйнөнүн ээси эмгек!

— Кедейлерге тынчтык, байларга согуш!

— Фабрикалар менен заводдор жумушчуларга берилсин!

— Жер дыйкандарга берилсин!

— Бардык эл бир тууган!

— Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!

Бардык улуттардын эмгекчи массалары ушул большевиктик ураандардын астында эксплуататорлорго жана эзүүчүлөргө каршы, алардын кайсы улуттан экендигине карабастан, чечкиндүү күрөш жүргүзүү үчүн баш кошуп биригишкен.

Фрунзедеги Дубовый парктын кылымдардан берки дарактарынын

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 36-том, 540-бет.

көлөкөсүндөгү мүрзөдө көп улуттуу совет элинин чыныгы ишенимдүү уулдары түбөлүк уктап жатышат. Ушул мүрзөнүн үстүнө мрамордон жасалган бийик обелиск (мамы) коюлган, анын астындагы кызыл плиталарга Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн күрөштө өздөрүнүн жанын курман кылган адамдардын ысымдары түбөлүккө жазылган.

Бүткүл совет өлкөсү сыяктуу эле, биздин көз жеткис тоолуу өлкөбүздүн үстүнө да Улуу Октябрдын күнү, бак-таалайдын жана эркиндиктин күнү тийип, азап-тозокту көп тарткан кыргыз элине өзүнүн жылуу нурун чачты жана аны кайра төрөлттү. Совет бийлиги орногондон тартып кыргыз элинин турмушунда эң зор өзгөрүүлөр болду, анын феодализмден социализмге тарыхый өтүшү башталды.

Ушул тарыхый милдетти чечүүдө Пишпек — Фрунзе шаарынын сиңирген эмгеги абдан зор, анткени азыр бул шаар Совет бийлигинин жылдары ичинде Советтик Кыргызстандын административдик, экономикалык, саясий жана маданий ири борборуна айланган. Шаардык партиялык уюмдун — эмгекчи массанын талыкпас жетекчисинин — сиңирген эмгеги да бөтөнчө зор.

## 2. В. И. ЛЕНИН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОММУНИСТТИК КЫЙМЫЛ

Кыргызстанда коммунисттик кыймылдын чыгышы жана өнүгүшү Лениндин ысмына, орус элинин жана Орто Азия элдеринин тарыхый тагдырына тыгыз байланышкан.

Кыргызстандын Россияга кошулганынан бир аз убакыт өткөндөн кийин орус эли, анын коомдук алдыңкы күчү болгон жумушчу табы революциялык кыймылдын дүйнөлүк майданына чыгат. «Коммунисттик партиянын Манифестинин» орусча экинчи басылышынын сөз башында К. Маркс менен Ф. Энгельс 1882-жылы мындай деп жазышкан: «1848—1849-жылдардагы революциянын убагында европалык монархтар гана эмес, европалык буржуалар да эми гана ойгоно баштаган пролетариатка каршы бирден-бир жан соогалоонун жолун орустардын кийлигишүүсүнөн издешкен. Падышаны европалык реакциянын башчысы деп жарыялашкан. Азыр ал — революциянын Гатчинада камакта отурган аскердик туткуну, ошондуктан Россия Европадагы революциялык кыймылдын алдыңкы отряды болгон»*.

1861-жылдагы реформадан кийин, Россияда капитализм абдан күчтүү өнүгөт, жумушчу табынын армиясы өсөт, эмгек менен капиталдын ортосундагы, дыйкандар менен помещиктердин ортосундагы карама-каршылыктар күчөйт, Россия империясынын элдеринин самодержавиелик түзүлүштү жана колониялык режимди жек көрүшү

---

* *К. Маркс* жана *Ф. Энгельс*. Чыгармалар, 19-том, 305-бет. «...революциянын Гатчинада камакта отурган аскердик туткуну» — бул падыша Александр III. Народолецтер тарабынан Александр II өлтүрүлгөндөн кийин, террористтик жаңы актардан коркуп Александр III борбор шаарга жакын жердеги уездик эмес кичинекей шаардагы чыңдалган жана аскерлер коргогон дворецте отурган кырдаал эске алынып отурат.

жаңы күч менен улам арта берет. Россияда революциялык кыймыл токтоосуз өсүп, орустун жумушчу табы мында авангарддык ролду ээлейт. Бир кездерде Европанын жандармасынын ролун аткарган падыша өкмөтү эл аралык майданда улам начарлай берет. Англиянын, Америка Кошмо Штаттарынын, Франциянын, Германиянын реакциячыл буржуазиясы контрреволюциянын башкы тирегине айланат. XIX кылымдын аягында дүйнөлүк революциялык кыймылдын борбору Россияга көчөт.

Дүйнөлүк майдандагы таптык күчтөрдүн салыштырма салмагында түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болот. Өнөр жай капитализми империалисттик стадияга өсүп чыгып, пролетардык революциялардын доору башталат.

Улуу Россия, орус эли дүйнөгө Ленинди беришти. Анын тарыхый майданга чыгышы жаңы, пролетардык доордун келишин ачты. Ленин Россиядагы пролетардык революцияга башчылык кылган жана адамзаттын тарыхында пролетариат диктатурасынын биринчи мамлекетин — коммунизмдин родинасын түздү. Ленин өзүнүн ишмердигин баштагандан тартып самодержавиеге каршы, капиталдын бийлигине каршы күрөшүүдө, Россиянын бардык эмгекчилеринин жана эзилген элдеринин социалдык жана улуттук эркиндиги үчүн күрөшүүдө революциялык башкы күчтү орустун жумушчу табынан көргөн.

«...Орус жумушчусу,— деп жазган В. И. Ленин 1894-жылы,— Россиядагы бардык эмгекчилердин жана эксплуатацияланган элдин бирден-бир жана табигый өкүлү болот... Ошондуктан социал-демократтар өздөрүнүн бардык көңүлүн жана өздөрүнүн бардык ишин жумушчулар табына бурат. Жумушчу табынын алдыңкы өкүлдөрү илимий социализмдин идеяларын, орус жумушчусунун тарыхый ролу жөнүндөгү идеяларды өздөштүргөндө, бул идеялар кеңири жайылып, жумушчулардын азыркы бириндеген экономикалык согушун аң-сезимдүү таптык күрөшкө айландыруучу мыкты уюмдар жумушчулардын арасында түзүлгөндө,— ошондо орус **ЖУМУШЧУСУ,** бардык демократиялык элементтерди баштап, абсолютизмди кулатат да, **ОРУС ПРОЛЕТАРИАТЫН (БАРДЫК ӨЛКӨЛӨРДҮН** пролетариаты менен катар) ачык саясий күрөштүн түз жолу менен **ЖЕҢИШТҮҮ КОММУНИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯГА** алып барат»*.

Ошентип, Ленин падышалык империянын элдерин социалдык жана улуттук эзүүдөн бошотуунун улуу ишинде орус жумушчу табы чечүүчү роль ойнойт деп айткан. Россиянын жумушчу табы да өзүнө жүктөлгөн тарыхый миссияны абийирдүүлүк менен аткарды. Улуу Октябрь көп улуттуу эң зор өлкөнүн бардык эмгекчилерине көптөн бери күткөн эркиндикти алып келди.

Капиталисттик батыштын колониялык жерлериндеги, атап айтканда Англиянын колониялык жерлериндеги элдердин тарыхый тагдырлары таптакыр башкача болду. Энгельс 1882-жылы 12-сентябрда Каутскийге жиберген катында мындай деп жазган: «Колониялык

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 1-том, 318—319—320 беттер.

саясат жөнүндө англиялык жумушчулар эмне деп ойлошот?— деп сиз менден сурайсыз. Алар жалпы эле саясат жөнүндө кандай ойлошсо, бул жөнүндө да так ошондой ойлошот: буржуалар ал жөнүндө кандай ойлошсо, булар да так ошондой ойлошот. Бул жерде жумушчу партиясы жок, консервативдик жана либералдык-радикалдык гана партия бар, ал эми жумушчулар болсо ошолор менен бирге Англиянын колониялык монополиясынан жана анын бүткүл дүйнөлүк рыноктогу монополиясынан жыргап пайдаланып жатышат»*.

Ушул саптар жазылгандан бери 40 жылга жакын убакыт өткөндөн кийин, 1920-жылы, Коммунисттик интернационалдын экинчи конгрессинин колониялык маселе боюнча комиссиясында Британиянын социалисттик партиясынын өкүлү Квелч: англиялык катардагы жумушчу кулданган элдердин англиялык үстөмдүккө каршы баштаган көтөрүлүшүндө аларга жардамдашууну чыккынчылык деп эсептээр эле деп айткан. Ленин буга мындай деп жооп берген: «Ырас, Англиянын жана Американын джингоисттик жана шовинисттик маанайдагы жумушчу аристократиясы социализм үчүн эң зор коркунуч б о л у п жана II Интернационалдын эң күчтүү тиреги болуп саналат, мында биз мына ушул буржуазиялык Интернационалга таандык болгон жолбашчылардын жана жумушчулардын эң зор чыккынчылыгын көрүп отурабыз»**.

Орустун жумушчу табы эл аралык революциялык кыймылдагы өзүнүн ролун башкача түшүнгөн. XIX кылымдын 70-жылдарында жумушчу табынын революциялык биринчи уюмдары — Одессадагы «Жумушчулардын түштүк-россиялык союзу» жана Петербургдагы «Орус жумушчуларынын түндүк союзу» пайда болгон учурдан тартып эле Россиянын жумушчу кыймылына пролетардык интернационализмдин жана бардык өлкөлөр менен элдердин эмгекчилеринин бир тууганлыгынын идеялары сиңе баштаган. 1878-жылы 18-мартта «Париж коммунасын эске түшүрүү күнүнө байланыштуу одессалык жумушчулардын француз жумушчуларына тапшырган адреси» буга далил боло алат. Одессанын жумушчулары бул адресте мындай деп жазышкан: «...1871-жылы сиздер: бүткүл адамзат үчүн күрөшүп жатабыз деп айткан элеңиздер, сиздердин бул айтканыңыздар туура. Бул чын! Бардык элдердин таламдары бири-бири менен абдан тыгыз байланышкан, ошондуктан бир өлкөнүн элинин салтанаты өзү менен кошо бүткүл дүйнөдөгү элдерге да дароо салтанат алып келет»**.

80—90-жылдарда «Эмгекти боштондукка чыгаруу тобу» жана Россиядагы марксисттик социал-демократиялык топтор менен кружоктор пролетардык интернационализмдин идеяларынын ырааттуу пропагандисттери болуп чыгышкан. 90-жылдардын экинчи жарымында В. И. Ленин Петербургда түзгөн «Жумушчу табын боштондукка чыгаруу үчүн күрөшүү Союзу», Москвадагы «Жумушчу союзу»,

---

* *К. Маркс* жана *Ф. Энгельс*. Чыгармалар, 35-том, 297-бет.

** *В. И. Ленин*. Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 260—261-беттер. Джингоизм — согушчан шовинизм, агрессивдүү империалисттик саясатты үгүттөө.

Екатеринославдагы жана Киевдеги «Күрөш союздары», социал-демократиялык башка көп уюмдар пролетардык интернационализмдин идеяларынын күжүрмөн туу көтөрүүчүсү болуп чыгышкан.

Эмгекчи орус эли, анын алдыңкы отряды болгон жумушчу табы баскынчылар менен эч качан тилектеш болгон эмес, падыша өкмөтү менен россиялык капитал кулдандырган элдерди эзүүгө да анын эч кандай тиешеси болгон эмес. Октябрь революциясына чейин эки Россия болгон: биринчиси — башында канкор самодержавие турган помещиктик-капиталисттик, реакциячыл Россия, экинчиси — орустар менен украиндыктар, кыргыздар менен өзбектер, белорусстар менен казактар, армяндар менен грузиндер, башкырттар менен якуттар жана башка толуп жаткан элдер менен кичинекей элдер жашашкан улуу революциячыл, эмгекчил Россия болгон. Бул элдердин бардыгы коюн-колтук алышып бирге жашашкан, бирге иштешкен, социалдык жана улуттук эзүүгө каршы жан аябай катуу күрөш жүргүзүшкөн.

Марксизмдин-ленинизмдин идеялары шыктандырган алдыңкы катардагы орус жумушчулары дайыма революциялык күрөштүн демилгечилери болушкан. Алар улуттук чет-жакалардагы пролетариатты жана бардык эмгекчилерди падышалык самодержавиеге жана капитализмге каршы биргелешкен күрөшкө көтөрүшкөн жана аларды баш коштуруп бириктирген. Ленин башында турган большевиктер партиясы орус жумушчу табын — эзилген элдерди урматтоо жана алар менен боордош болуу духунда талыкпастан тарбиялаган, улуттук-боштондук кыймылын дайыма колдогон.

Өзүнүн тарыхый тагдырында орус жумушчу табы көрүнүктүү роль ойногон Россиядагы элдердин бири—кыргыз эли болгон. 1905—1907-жылдардагы буржуазиялык-демократиялык биринчи орус революциясынын таасири астында эмгекчилер массасы, ошонун ичинде Түркстандын да эмгекчи эли падыша өкмөтүнө жана эксплуататорлорго каршы көтөрүлүшкөн.

Кыргыз, өзбек, казак, түркмөн жана башка улуттардын жумушчуларын большевиктер партиясынын туусунун астына топтогон орустун жумушчу табы Түркстандагы революциялык күрөштүн демилгечиси болгон. «Бешинчи жыл,— деп жазган Ленин,— Россиянын бардык улуттарынын жумушчуларын бириктирди»*.

Россиядагы социал-демократиялык кыймылга активдүү катышкан орус жумушчу табынын өкүлдөрүнүн марксизмди, большевиктик партиянын идеяларын таратышы — кыргыз элинин революциялык күрөшүн өнүктүрүү үчүн көрүнүктүү мааниге ээ болгон. 1905—1907-жылдардагы революциялардын кезинде Пишпекте, Кызыл-Кыяда, Ошто жана башка жерлерде социал-демократиялык кружоктор менен топтор түзүлөт. Алар революциялык пропаганданы, большевиктик баракчалар менен прокламацияларды таратуунун борбору болгон.

1907-жылы чыга баштаган большевиктик «Урал» газетасы Орто Азияда жана Казакстанда, ошонун ичинде Кыргызстанда да марк-

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 20-том, 240-бет.

сизмди пропагандалоодо абдан чоң роль ойногон. Бул газета татар тилинде басылып чыгып, кыргыздарга, казактарга, өзбектерге, каракалпактарга түшүнүктүү болгон. Мына ошондуктан «Урал» газетасы Түркстанда кеңири тараган. Бул газета В. И. Лениндин эмгектерин басып чыгарып турган, чыгыш улуттарынын эмгекчилерин, ошонун ичинде кыргыздарды да большевиктер партиясынын идеяларына жана ураандарына тарткан. 1906-жылы Ташкенттин социал-демократтары басып чыгарган «Солдатский листок» «Правда» деген экинчи бир большевиктик газета улут маселеси боюнча лениндик идеяларды өзгөчө кеңири пропагандалоону иш жүзүнө ашырган.

1905—1907-жылдардагы революциялардын кезинде жана андан кийинки мезгилде социал-демократиялык кыймыл жайылып жана чыңдалып отурган. Башында орустун баатыр жумушчу табы турган Россия элдеринин бирдиктүү революциялык фронтун түзүү үчүн большевиктер партиясы бекем фундамент курган. Дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу капиталисттик державалардын жумушчу табы менен анын колонияларынын эзилген элдеринин революциячыл антиимпериалисттик союзу пайда боло баштайт.

XX кылымдын башында өзүнүн улуттук жана социалдык эркиндиги үчүн эмгекчи кыргыз элинин жүргүзгөн күрөшү Россиянын жумушчу табынын революциялык кыймылынын составдуу бөлүгү боло баштайт.

Түркстанда коммунисттик кыймылдын чыгышында жана өнүгүшүндө, улуттук жана социалдык эркиндик үчүн, социализм үчүн кыргыз элинин революциялык күрөшүн өрчүтүүдө «Правда» газетасы көрүнүктүү роль ойногон. Анын беттеринде 1907-жылдын март айынан октябрь айына чейинки мезгилде гана Лениндин 200 гө жакын эмгеги басылган. «Правдага» макала жазууну Ленин партияга жетекчилик кылуу боюнча, массаны тарбиялоо боюнча, социалисттик революцияны даярдоо боюнча өзүнүн ишинин ажырагыс, болгондо да эң маанилүү бөлүгү деп эсептеген. «Борбордук Комитет,— деп айткан Я. М. Свердлов РСДРП(б)нын VI съездинде,— бүткүл партияга идеялык да, уюштуруучулук да жетекчиликти «Правда» аркылуу иш жүзүнө ашырып турган».

Лениндик «Правда» биринчи жолу Кыргызстанга, Пишпекке РСДРП(б) БКнын атайын көрсөтүүсү боюнча 1917-жылы июль айында келе баштаган. «Правданын» ролу өлкөнүн чет жакаларында Октябрь революциясы жеңгенден кийин өзгөчө өскөн.

Россияда капиталисттик бийликтин кулагандыгы жана пролетардык революциянын жеңгендиги жөнүндө Ленин бүткүл дүйнөгө «Правда» аркылуу кабар кылган. Совет өкмөтүнүн эң маанилүү документтери биринчи жолу «Правдага» жарыяланган, атап айтканда — Тынчтык жөнүндөгү Декрет, Жер жөнүндөгү Декрет, башында Ленин турган Совет өкмөтүн түзүү жөнүндө Советтердин Бүткүл россиялык экинчи съездинин токтому, Ленин жазган жана 1917-жылы 7-ноябрда Советтердин бүткүл Россиялык экинчи съезди кабыл алган Совет өкмөтүнүн «Жумушчуларга, солдаттарга жана дыйкандарга» арна-

ган үндөөсү, 1917-жылы 15-ноябрда Совет өкмөтү жарыялаган Россия элдеринин укуктарынын Декларациясы, 1917-жылы 20-ноябрда кабыл алынып, анан Россиянын элдеринин тилдерине которулуп, миллиондогон даанада таратылган «Россиянын жана Чыгыштын бүткүл мусулман эмгекчилерине» Совет өкмөтүнүн жазган үндөөсү жарыяланган. 1918-жылы 4-январда «Правданын» беттеринде эмгекчи эл менен эксплуатацияланган элдин укугунун Ленин жазган Декларациясы биринчи жолу жарыяланган. «Правда» алдыңкы катардагы жумушчуларды Лениндик партиянын катарына кирүүгө чакырган.

Лениндин эмгектеринин көбүн, партия менен Совет өкмөтүнүн документтерин жергиликтүү большевиктик газеталар, ошонун ичинде Орто Азия менен Казакстанда чыккан газеталар да көчүрүп басышкан. «Правда» Лениндин, большевизмдин идеяларын көп улуттуу Россиянын бир учунан экинчи учуна пропагандалоонун эң маанилүү куралы болгон.

### 3. ПИШПЕКТИН ПАРТИЯЛЫК УЮМУ

Чүй сугат системасынын курулушунда жана Пишпек шаарында большевиктик топтор 1917-жылы октябрда уюштурулган. Алар ноябрда А. И. Иваницын башкарган большевиктик бир уюмга баш кошуп биригишкен. Пишпек уездинде Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө активдүү катышкандар — Х. Хасанов, Ш. Баубеков, К. Сарыкулаков. И. Худайбергенов Кыргызстандагы большевиктик партиянын улуттук биринчи тобун уюштуруучулардан болушкан.

Бүткүл Түркстандагы сыяктуу эле, Кыргызстандын да большевиктик уюмдарынын спецификалык өзгөчөлүгү болгон: алар Октябрь революциясы жеңгенден кийин официалдуу түрдө түзүлүп, уюштуруучулук жактан чыңдалган.

Ленин мындай деп көрсөткөн: «Советтик мекемелерди да, ошондой эле коммунисттик партияны да (анын составын, анын өзгөчө милдеттерин) колониялык Чыгыштын д ы й к а н өлкөлөрүнүн деңгелине ы л а й ы к т а ш т ы р у у к е р е к.

Маңызы ушунда. Бул жөнүндө ойлонушуп, к о н к р е т т ү ү жоопторду издөө керек»*.

Лениндин бул көрсөтмөсү Кыргызстанда эң сонун турмушка ашты. РКП(б) Борбордук Комитетинин дайыма жардам көрсөтүп, көңүл бургандыгы аркасында Пишпектин большевиктик топтору тез көбөйүп, уюштуруучулук жана идеялык жактан чыңдалып отурду.

1918-жылы 2-апрелде Пишпектин большевиктик топторунун жалпы шаардык чогулушу болду. Анда шаардык партиялык комитет шайланып, анын башында председатель болуп А. И. Иваницын турган. Ошол кезде шаардын партиялык уюмунда 75 адам болгон. Жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнөн турган большевиктик уюм РКП(б)нын

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 42-том, 185-бет.

Пишпек уезддик-шаардык комитетинин составына фракция болуп кирген.

РКП(б)нын Пишпек шаардык комитети уезддик комитеттин да милдетин аткарган, селолук жерлерде большевиктик топторду жана уюмдарды түзүү боюнча ал зор иш жүргүзгөн. 1918-жылы май айында Военно-Антоновка, Юрьевка, Горно-Ключевое селолорунда жана уезддин башка пункттарында партиялык топтор түзүлөт.

РКП(б) Борбордук Комитети партиянын мүчөлөрүнө жазган атайын катында 1918-жылы сентябрда биздин өлкөбүздүн бардык булуң-бурчтарында селолук партиялык уюмдарды түзүп, ошолор аркылуу эмгекчи дыйкандардын арасында большевиктик таасирди чыңдоо керек деген милдетти койгондугу белгилүү. Бул көрсөтмө селодо жашаган, калкынын саны 90 процентке жеткен Кыргызстан сыяктуу чет-жакалар үчүн өзгөчө чоң мааниге ээ болгон. Лениндин көрсөтмөлөрүн турмушка ашырып, кыргыз коммунисттери селолордо, айылдарда жана кыштактарда партиялык иштерди күчөтүүгө өздөрүнүн көңүлүн топтошкон. Партиянын уезддик-шаардык комитеттеринин алдында агитатор-инструкторлордун штаты түзүлүп, алар селолук коммунисттик ячейкаларды уюштуруу жана чыңдоо иштерин жүргүзүшөт, алардын партиялык комитеттер менен болгон байланышын тартипке келтиришет. Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн саясатын эмгекчи дыйкандарга түшүндүрүү жагынан агитатор-инструкторлор массалык-саясий зор иштерди жүргүзүшкөн. Ушунун натыйжасында селолук жерлердеги эмгекчилердин эсебинен партиянын катары өскөн. Пишпек уезддик-шаардык партиялык уюмунун катары абдан тез толукталып турган.

Кыргызстандын партиялык уюмунун составы чыныгы интернационалдык болгон. Анда кыргыздар, орустар, украиндыктар, казактар, өзбектер, тажиктер, татарлар жана башка улуттардын өкүлдөрү бар эле. Бирок орус жана украиндык жолдоштор ошол кезде басымдуу көпчүлүктү түзүшкөн.

Түркстан Коммунисттик партиясынын биринчи съезди (1918-жыл 17—25-июнь) Кыргызстандын партиялык уюмдарынын өсүшү жана чыңдалышы үчүн чоң мааниге ээ болгон. Съезддин күн тартибине коюлган башкы маселелердин бири — «мусулман пролетариатынын арасында партиялык иш жүргүзүү жөнүндөгү» маселе эле. Бул маселе боюнча кабыл алынган резолюцияда мындай деп белгиленген: «Большевиктер партиясы Совет бийлигинин Түркстандагы башкы таянычы деп эсептеген эзилген мусулман пролетариатынын таптык укуктарынын бирден-бир коргоочусу өзүнүн структурасы жана аракети жагынан Совет бийлиги болуп саналат». Съезд крайдын большевиктик уюмдарын Түркстандын бирдиктүү Коммунисттик партиясы катары түзүү процессин аяктады. Түркстандын Коммунисттик партиясы болсо Россиялык Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Борбордук Комитетинин жетекчилиги астында Совет бийлигин чыңдоо үчүн, социалисттик кайра түзүүлөрдү иш жүзүнө ашыруу үчүн эмгекчилердин күрөшүнө башчылык кылган.

РКП(б)нын составдуу бөлүгү болгон Түркстандын Коммунисттик партиясына жергиликтүү партиялык уюмдарды бириктирүү партиянын лениндик Борбордук Комитети менен алардын байланышын чыңдайт жана Орто Азиянын социалисттик курулушунда анын жетекчи ролун күчөтүүгө көмөк көрсөтөт. Мына ушулардын бардыгы партиялык курулуштун жана эмгекчилер массасынын, өзгөчө жергиликтүү калктын арасындагы саясий иштин жаңыдан жогорулашын туудурат.

Партиянын Пишпек уезддик-шаардык комитети бул жагынан зор иштерди жүргүзөт. Анын жетекчилиги астында 1918-жылдын экинчи жарымында уездде жаңыдан селолук 14 партиялык уюм түзүлөт. Шаардык уюм идеялык-уюштуруу жагынан чыңдалат. 1919-жылдын башында уезддик партиялык жаңы уюмдар: Пишпек уездинен бөлүнүп чыккан Токмок уезддик жана Пржевальск уездинен бөлүнүп чыккан Нарын уезддик партиялык уюмдары түзүлөт. Уюштуруу жана идеялык жактан бир кыйла чыңдалган Пишпектин партиялык уюму элдик бийликтин органдарын чыңдоо боюнча ишти күчөтөт, уездде агрардык чараларды иш жүзүнө ашыруу жагынан биринчи кадамдарды жасайт, чарбалык жана маданий курулушка жетекчилик кылуу боюнча өзүнүн ролун активдештирет. Бирок, солчул эсерлердин жасаган антисоветтик аракеттеринен жана кулактардын контрреволюциячыл диверсияларынан партиялык уюмдардын иштери кыйын шарттарда жүргүзүлөт. Солчул эсерлер, кулактар менен биригип алып, социалисттик кайра түзүүлөргө катуу каршылык көрсөтүшөт, контрреволюциячыл козголоңдорду уюштуруунун жолуна түшүшөт, айрым жерлерде Советтерди өздөрүнүн колуна алуу үчүн аракет жасашат.

Пишпек шаардык партиялык уюму эмгекчилер массасынын арасында түшүндүрүү иштери менен катар, солчул эсерлерге каршы чечкиндүү күрөш да жүргүзөт. 1918-жылы 19-ноябрда Пишпек уездинин коммунисттеринин жалпы чогулушу уездде солчул эсерлердин уюмдарын жоюу жөнүндө жана алардын ар кандай иштерине тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алат. 1918-жылы 1—3-декабрда өткөн Пишпек уезддик-шаардык партиялык биринчи конференция бул чечимди бекитет. Конференция партиянын уезддик-шаардык комитетинин жаңы составын жана Түркстан Компартиясынын Экинчи съездине 14 делегатты шайлайт (бирок, коммунисттер Ак-Суудагы контрреволюциячыл козголоңду басууга мобилизациялангандыктан, съезддин ишине 4 гана делегат катышат). Пишпек коммунисттеринин делегаттары 1918-жылы 17—19-декабрда Ташкентте болгон Түркстан Компартиясынын Экинчи съездинин ишине активдүү катышат. Кыргыз коммунисттеринин делегациясынын өкүлү съездде Пишпек партиялык уюмунун иши жөнүндө доклад менен чыгып сүйлөйт.

Совет бийлигинин органдарын чыңдоо, Советтерден жана башка демократиялык уюмдардан солчул эсерлерди жана алардын куйругу болгон кулактар менен бай-манап элементтерин куул чыгуу душман күчтөрүнүн катуу каршылык көрсөтүшүн — контрреволюциячыл козголоңдорду чыгарууга чейин каршылык көрсөтүшүн туудурган.

Ушундай козголоңдордун бири — Пишпек уездинин батыш бөлүгүн кучагына алган Ак-Суу козголоңу болуп саналат. Пишпектин большевиктери козголоңчуларды басууга эмгекчилерди көтөрүштү. Пишпек шаардык комитети аскердик-саясий штаб түзөт, коммунисттерден куралдуу отряддарды уюштурат, бул отряддарга айыл-кыштактардын калкы, ошонун ичинде кыргыз кембагалдары да киришет. Пишпек партиялык уюмунун көргөн чараларынын натыйжасында 1918-жылы 28-декабрда козголоңчулар биротоло талкаланат.

1919-жылы июль айында чакырылган партиялык экинчи конференция Пишпектин партиялык уюмунун турмушунда маанилүү окуя болгон. Конференция төмөндөгү маселелерди талкуулаган:

1. Уезддик-шаардык партиялык уюмдун иши жөнүндө отчёттук доклад.

2. Чарбалык курулуш жөнүндө.

3. Айыл-кыштактардагы иштер жөнүндө.

4. Массанын арасында жүргүзүлүүчү иштердин кезектеги милдеттери.

5. Граждандык согуштун фронтторундагы ал-абал жана коммунисттерди Кызыл Армиянын катарларына мобилизациялоо жөнүндө.

Конференция бардык маселелер боюнча кеңири чечим кабыл алат.

Конференция отчёттук мезгилдин ичинде (1918-жыл декабрь — 1919-жыл июль) Пишпек партиялык уюмунун катарларынын, асыресе алар жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүнүн эсебинен өскөндүгүн жана чыңдалгандыгын канааттануу менен белгилеген, ал эми жергиликтүү калктын өкүлдөрү болсо уезддик уюмдун коммунисттеринин 60 проценттен ашыгын түзгөн.

Пишпек коммунисттеринин толуп жаткан кечиктирилгис иштери болгон, атап айтканда: чарбалык курулуш, элге билим берүүнү жана медициналык тейлөөнү уюштуруу, жашы улгайган адамдардын сабатсыздыгын жоюу, массалардын арасында саясий иш жүргүзүү сыяктуу жана башка иштер. Бирок, башкы милдет — ички жана тышкы контрреволюциядан элдин бийлигин коргоо болгон.

Жумушчу-дыйкандардын жаш республикасынын турмушундагы кыйын мезгилде — 1919-жылы жайында жана күзүндө — Деникиндин жана чет өлкөлүк интервенттердин аскерлери кандай болбосун советтик Россияны муунтуп жок кылууга ниеттенген кезде, партиянын Борбордук Комитетинин Ленин жазган «Бардыгы Деникинге каршы күрөшкө жумшалсын» деген чакырыгына жооп иретинде Пишпектин коммунисттери өздөрүнүн чогулушунда бир добуштан мындай токтом кабыл алышат:

1. Партиянын уезддик комитетине фронтко баруу үчүн уруксат кылынсын.

2. Москвага, РКП(б) БКга жиберүүнү сурап, Ташкентке, крайкомго мындай телеграмма жөнөтүлсүн: «Пишпек уездинин мобилизацияланган коммунисттери, мусулман-коммунисттеринин шаардык фракциясы жана Кызыл Армиянын жергиликтүү гарнизону... колуна

мылтык алып, бүткүл жер жүзүнө коммунизмдин күнү жаркырап тиймейинче куралды колдон чыгарбоого — убада беришет».

Уезддик партиялык уюмдан фронтко 2 миңден ашык коммунист кетип, алардын 1055 кыргыз болгон. Комитеттин мүчөлөрүнөн, бөлүмдөрдүн башчыларынан жана аскер кызматын аткарууга жарабагандардан тышкары, шаардык партиялык уюмдан бардык коммунисттер — орустар менен кыргыздар, украиндыктар менен өзбектер, татарлар жана башкалар — Советтик Россияны коргоо үчүн Кызыл Армияга киришкен. Революциялык мезгилдин баатырдыгы, социализмдин жеңишинин урматы үчүн жан аябай эмгектенүү Пишпек коммунисттеринин иштеринен күзгүдөй көрүнүп турат.

1921-жылы мартта РКП(б)нын X съезди бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси бар чечим кабыл алды: партия Лениндин жетекчилиги астында экономикалык жаңы саясатка — биздин өлкөбүздө социализмди курууга карай бет алды.

1921-жылы 25—29-октябрда Пишпек уездинин коммунисттери өздөрүнүн төртүнчү конференциясына жыйналышкан. Алар социализмди куруунун лениндик планын бир тилектен жактырышты жана уезддеги социалисттик кайра түзүүлөрдү иш жүзүнө ашыруу боюнча практикалык чараларды иштеп чыгышты. Конференция эл чарбасын калыбына келтирүү, азык-түлүк налогунун саясатын жүргүзүү, калкты кооперативдештирүү, жумушчу табы менен дыйкандардын союзун, орус жана кыргыз кедейлеринин бир туугандык досчулугун чыңдоо маселелерине көп көңүл бурган. Кабыл алынган резолюцияда мындай деп да жазылган: «Кулак-бай элементтеринин коомдук турмушка тийгизе турган таасирин жок кылуу жана батрак-орто дыйкан массасын эзүүгө алардын жасаган аракеттерине каршы күрөшүү максатында уюштуруучулук жана саясий иштер күчөтүлсүн, кедейлер баш кошуп бириктирилсин жана кулак-байлардын чабуулуна каршы НЭПтин шарттарында күрөшүүнүн биримдик фронту түзүлсүн».

Конференция Коммунисттик партиянын жана «Кошчу» союзунун айыл-кыштак ячейкаларынын иштерин күчөтүп, жана кедей чарбаларын чыңдоого, уездде жерге орноштуруу ишин тезирээк аяктоого өзүнүн көңүлүн бурууга партиянын уезддик комитетин милдеттендирди. Конференция ошондой эле аялдардын арасында, өзгөчө айылкыштактардагы аялдардын арасында иш жүргүзүү жөнүндө, жаштарды комсомолдун катарларына тартуу боюнча кеңири чечим кабыл алды.

Пишпектин төртүнчү уезддик партиялык конференциясында партиянын катарларын жумушчу табынын жана батрактардын алдыңкы өкүлдөрү менен чыңдоого өзгөчө көңүл бурулган. Конференция уезддик-шаардык комитетти «партияны батракташтыруу жана жумушчулаштыруу» ураанын кеңири жайылтууга милдеттендирген.

Партиялык уюмду туруксуз жана жат элементтерден, ошондой эле патриархалдык-уруучулук, улутчулдук жана шовинисттик калдыктарга чалдыккандардан тазалоо максатында конференция уезддик-шаардык комитетти үч айлык мөөнөт ичинде коммунисттердин ар би-

рин жекече кайтадан карап чыгууну өткөрүүгө милдеттендирди. Улуттук антагонизмдин отун тутандырууга көмөк көрсөткөндөрдүн бардыгын таап, аларды катуу жоопко тартуу үчүн, улуу орус шовинизмине жана жергиликтүү улутчулдукка каршы ырайымсыз күрөш жүргүзүү үчүн партиянын уезддик комитети милдеттендирилди. Резолюциянын бул пункту Лениндин 1919-жылы октябрда «Түркстандагы коммунист жолдошторго» деген катында берген көрсөтмөлөрүнө ылайык келет. Владимир Ильич ошол кезде мындай деп жазган: «Түркстандын элдери менен туура мамиле орнотуу азыр Россиялык Социалисттик Федеративдүү Советтик Республикасы үчүн, апыртуусуз айтканда, эбегейсиз зор, бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниси бар.

Советтик жумушчу-дыйкан республикасынын алсыз, ушул кезге чейин эзилип келген элдерге жасаган мамилесинин бүткүл Азия үчүн жана дүйнөнүн бардык колониялары үчүн, миллиондогон адамдар үчүн практикалык мааниси бар.

Мен сизрерден бул маселеге айрыкча кунт коюп көңүл бурууңуздарды,— Түркстандын элдерине үлгү көрсөтүп, иш жүзүндө жолдоштук мамиле жасоо үчүн бардык күчтү жумшооңуздарды,— бүткүл дүйнөлүк империализмге... каршы жан аябастан күрөшүү үчүн великорусстук империализмдин бардык издерин түп-тамырынан бери жок кылуу боюнча биздин тилегибиздин чын жүрөктөн айтылгандыгын аларга иш менен далилдөөңүздөрдү өтө суранамын»*.

Бул кат Түркстандын бардык партиялык уюмдарында талкууланган жана эмгекчилердин кеңири массасына жеткирилген, ал 1919-жылы 7—10-ноябрда «Туркестанский коммунист», «Известия ЦИК Советов Туркестана» жана «Красный фронт» газеталарынын юбилейлик санында жарыяланган. Түркстандын коммунисттери гана эмес, партияда жок эмгекчилери да Лениндин катына жооп иретинде анын ыйык көрсөтмөлөрүн аткарабыз деп ант беришкен. Лениндин атына жиберилген каттардын биринде дыйкандар мындай деп жазышкан: «Жети-Суу областынын аймагында жашаган орус, кыргыз, ошондой эле башка улуттардын да кембагалдары күч бирдикте экенин түшүнүшүп, азыр биргелешип, кол кармашып иштей башташты жана бир пикирде ойлоп калышты».

Буржуазия табын талкалап, социализмди куруу үчүн эң оболу сабатсыздыкты жоюу зарыл, калктын маданий деңгелин жогору көтөрүп, саясий турмушка эмгекчилердин активдүү катышуусун камсыз кылуу зарыл деп Ленин бир нече жолу көрсөткөн. «Азырынча биздин өлкөбүздө сабатсыздык сыяктуу көрүнүш болуп турганда,— деп жазган Ленин,— саясий агартуу жөнүндө сөз баштоо өтө кыйын. Бул саясий милдет эмес, бул бир шарт, бул шартсыз саясат жөнүндө сөз кылууга болбойт. Сабатсыз адам саясаттан четте турат, ага эң оболу алиппени үйрөтүү керек»**.

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 30-том, 134-бет.
** *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 33-том, 67-бет.

Партиянын Пишпек комитети өзү адеп иштей баштагандан тартып эле шаардагы жана уезддеги советтик органдардын көңүлүн сабатсыздыкты жоюу боюнча, элге билим берүүнү өнүктүрүү, маданий-агартуу иштерин уюштуруу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүүгө бурат. 1919-жылы 2-июлда партиянын шаардык комитети эмгекчилерди агартуу ишине активдүү катышкыла деген чакырык менен интеллигенцияга кайрылат. Элдин маданиятын кыйшаюусуз жогорулатуу жөнүндөгү камкордукту Пишпек шаардык комитетинин 1921-жыл 11-январдагы токтомунан ачык көрүүгө болот. Бул токтомдо, атап айтканда, мындай деп айтылган:

«Сабатсыздыкты жоюу жөнүндөгү маселени күжүрмөн маселе деп эсептөө керек, ошондуктан элге билим берүү бөлүмүнө төмөндөгүлөр сунуш кылынсын:

1. Болгон бардык мектептердин иштери тийиштүү деңгелге көтөрүлсүн.

2. Мусулмандардын мектептеринин саны мүмкүн болушунча көбөйтүлсүн.

3. Мектеп жашындагы балдардын бардыгын каттоо жүргүзүлсүн, алар мектепте окууга милдеттендирилсин.

4. Уезддин бардык булуң-бурчтарында клубдарды, окуу үйлөрүн жана башкаларды ачуу үчүн чара көрүлсүн».

Шаардык комитеттин ошол эле заседаниесинде партиялык мектепти ачуу жөнүндөгү маселе талкууланган. Заседаниеге катышкандар өздөрүнүн чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө: партияга кирген кыргыздардын көбү, сабатсыз болушкандыктан, албетте, социализмдин идеяларын өздөштүрө алышпайт, ошондуктан партиялык кадрларды мүмкүн болушунча көбүрөөк даярдоо үчүн партиялык мектеп ачууну абдан зарыл деп айтып чыгышкан.

1921-жылы 2-февралда партиянын Пишпек комитети Пишпекте партиялык мектеп ачуу жөнүндө чечим кабыл алат. Бул — Кыргызстандагы ушул өңдүү биринчи окуу жайы болуп, кийин ал республикалык партиялык мектепке айланган жана көп миңдеген партиялык жана советтик кызматкерлерди даярдап чыгарган. Ошентип, жергиликтүү кадрларды системалуу түрдө даярдоо ошол кездин өзүндө эле камсыз кылынган.

Партиянын кадрларын идеялык жактан тарбиялоонун, массаны саясий агартуунун жана социалисттик курулушка тартуунун маанилүү куралы басма сөз. Совет бийлиги орногондон кийин, «Правда», «Известия» газеталары жана РКП(б) Борбордук Комитети менен Совет өкмөтүнүн башка басма сөздөрү да Пишпекке дайыма келип турган. Мындан тышкары, Кыргызстандын, ошонун ичинде Пишпектин да эмгекчилери Алма-Ата менен Ташкенттин газета-журналдарын окушкан. Түркстандагы газеталар кыргыз элине түшүнүктүү тилдерде басылып чыккан. Бул — казак тилинде чыккан «Тилчи» жана «Ак жол», өзбек тилинде чыккан «Түркстон», уйгур тилинде чыккан

«Камбагаллар товуши» деген газеталар болучу. Пишпек уездинде «Джетысуйская правда», «Туркестанский коммунист» (экөө тең орус тилинде) газеталары жана башка кээ бир басма сөздөр кеңири тараган.

Кыргызстанда, Пишпекте биринчи жолу жергиликтүү большевиктик басма сөз чыгарыла баштайт. 1918-жылы 9-мартта уезддик Советтин органы болгон «Пишпекский листок» газетасынын биринчи саны чыккан. 1920-жылы аны РКП(б) Пишпек уезддик комитетинин органы — «Красное знамя труда» газетасы алмаштырган.

Пишпек партиялык уюмунун катарын мындан ары чыңдоо жана социалисттик курулушка жетекчилик кылууда анын ролун жогорулатуу милдеттери Пишпек уездинин партиялык комитети менен Советтеринин аткаруу комитетинин бирикме басма сөз органын түзүүнүн зарылдыгын туудурду. Ушундай газетаны чыгаруу жөнүндөгү маселе 1922-жылы июлда болгон Пишпектин партиялык бешинчи конференциясында атайы талкууланган. Конференция партиянын Пишпек уезддик-шаардык комитети менен Советтердин уезддик аткаруу комитетинин органы болгон «Красное утро» газетасын чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алган.

Борбордук жана жергиликтүү газеталардын беттеринде Коммунисттик партиянын маанилүү документтери, РКП(б) БКнын жана Совет өкмөтүнүн, жергиликтүү партиялык уюмдардын жана бийлик органдарынын токтомдору дайыма басылып турган. Коммунисттердин, бардык эмгекчилердин идеялык-саясий деңгелин жогору көтөрүү үчүн мунун айрыкча чоң мааниси болгон. Газеталар — марксизмдинленинизмдин, пролетардык интернационализмдин, элдердин досчулугунун идеяларын таратуунун жана пропагандалоонун маанилүү куралы болуп кызмат кылышкан. Алардын беттеринде системалуу түрдө макалалар жарыяланып, аларда пролетариат диктатурасы жана анын бүткүл дүйнөлүк тарыхый милдеттери жөнүндөгү, таптар, тап күрөшү жана башкалар жөнүндөгү маркстик-лениндик илим баяндалып келген.

Мисалы, 1920-жылы 1-майда Пишпекте чыккан «Красное знамя труда» газетасы «Эл аралык тилектештик» деген макаласында: Маркс менен Энгельс жазган «Коммунисттик партиянын манифести» бүткүл дүйнөнүн жумушчу табын «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!» деген ураандын астына кантип баш коштуруп бириктиргенин айтып берген. Макалада Ленин уюштурган Коммунисттик III Интернационал,— «мурда өлүп жок болгон», башкача айтканда оппортунисттик II Интернационал «алып барып такаган реакциячыл туюктуктан эл аралык пролетариатты» кантип алып чыкканы көрсөтүлгөн.

Марксизмдин-ленинизмдин идеялары Кыргызстандын эң алыскы райондорунун эмгекчилеринин аң-сезимине жетип, массага революциялаштыруучу чоң таасир тийгизип жатат.

1921-жылы 7-майда болгон айыл-кыштак кедейлеринин Нарын уезддик съездинин үндөөсүнөн мына буларды окуйбуз: «Биз, Нарын

уездинин кыргыз батрактары жана кедейлери — кыргыз батрактары менен кедейлеринин союзунун бүгүн ачылган биринчи уездик съездинин атынан Советтердин бийлигин жана пролетариаттын Коммунисттик партиядай жолбашчысын куттуктайбыз, жек көрүндү буржуазиялык түзүлүштүн эзүүсүнөн, эксплуатациясынан жана зомбулугунан бизди боштондукка чыгаргандыгы үчүн аларга чын жүрөктөн алкышыбызды айтабыз.

Биз, мындан ары байлардын, манаптардын, кулактардын үстөмдүгүнө жол койбойбуз жана революциянын душмандарына кыраакылык менен көз салып, аларды аябастан жок кылабыз деп ант беребиз».

Пишпекте чыккан газеталардын беттеринде элдердин достугунун жана пролетардык интернационализмдин идеялары кеңири пропагандаланып келген. Ошол кездеги Кыргызстандын шарттарында абдан маанилүү болгон ушул проблемага арналган бир макалада мындай деп жазылган: «Улуттук араздашуу, бир улутту экинчи улутка тукуруу революцияга пайда келтирбейт, алар биздин ынтымактуу пролетардык полкторубуздун ыркын кетирет, революциянын мындан ары тереңдешин алыстатат».

Партиялык басма сөз калкка кеңири тарап, эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүүдө жана аларды маданий жактан агартууда барган сайын чоң орунду ээлеп жатат. 1921-жылы 15-марттан 21-апрелге чейин гана Пишпек уездинде 14 миң экземпляр борбордук жана жергиликтүү газеталар, 2284 даана брошюра жана журнал, ошондой эле 600 даанага жакын плакат таратылган.

РКП(б)нын X съездинен кийин, Пишпектин партиялык уюмунун алдына жаңы милдеттер келип турду. Тынчтык турмушка өтүүгө байланыштуу, эл чарбасын жана маданиятты калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча, эмгекчилерди саясий жактан агартуу боюнча жана партиянын экономикалык жаңы саясатын — биздин өлкөбүздө социалисттик курулуштун негиздерин куруу саясатын — жүргүзүүгө эмгекчилерди мобилизациялоо боюнча уюштуруу иштери башкы милдет болуп саналат.

Бирок, бүткүл партия сыяктуу эле, Пишпектин партиялык уюму да өзүнүн ишинде элге жакшылык кылбаган ар кыл кара санатайлардын катуу каршылык көрсөтүшүнө дуушар болот. Кулактар жана шаардын жеке кесип ээлери экономикалык жаңы саясатты өздөрүнүн таптык таламдары үчүн пайдаланмакчы болушат. Партияга кокусунан кирип алган улутчул-уклонисттер экономикалык жаңы саясат Кыргызстанга ылайык келбейт, деп далилдемекчи болушат, анан айылдагы тап күрөштүн фактысын танышып, кыргыз элинин көчмөн турмушун сактап калгылары келет. Граждандык согуш кезиндеги, экономикалык жаңы саясат кезиндеги куралдуу салгылаштарда талкалангандан кийин, ар кыл контрреволюциячыл жана эсердик-меньшевиктик калдыктар ийиндеринен чыгышып, эмгекчилерге өз турмушун социализмдин негизинде куруу үчүн тоскоолдук кылышат.

1921-жылы 23-августтагы циркулярдык (нускоо) катында партиянын Жети-Суу обкому партиянын экономикалык жаңы саясатына каршы багытталган ар түрдүү кол салуулар менен чечкиндүү күрөш жүргүзүүгө партиялык уюмдардын көңүлүн бурган. Ошол кезде коммунисттердин идеялык такшалуусу жөнүндөгү маселе өзгөчө курч мүнөздө болот. Коммунисттердин бир кыйла бөлүгүнүн саясий билиминин төмөн болгондугун жана кат таанымагандыгын эске алып, партиянын Пишпек комитети оозеки пропаганданы жана агитацияны кеңири уюштуруп, мында газеталарды коллективдүү окууну, доклад- дар менен лекцияларды, топтошуп жана жекече аңгеме өткөрүүнү пайдаланат. Бул ишке жакшы даярдыгы бар коммунисттер жана партияда жок активдин өкүлдөрү тартылган.

Идеологиялык иште негизги көңүл — партиянын X съездинин экономикалык жаңы саясат жөнүндө жана улуттук маселе боюнча кабыл алган чечимдерин, XI съезддин капиталисттик элементтерди чектөө саясатына өтүү жөнүндөгү, экономикалык жаңы саясатка болгон антисоветтик, улутчулдук жана антипартиялык көз караштарды ашкерелөөнүн зарылдыгы жөнүндөгү көрсөтмөлөрүн коммунисттердин үйрөнүшүнө бурулат. Пишпектин партиялык уюму жаш коммунисттерди маркстик-лениндик тарбиялоого өзгөчө көңүл бурган. Кандидаттарды окутуу үчүн саясий сабаттуулуктун атайын кружоктору, мектептери түзүлгөн, газеталарды, партиянын Программасы менен Уставын окуу уюштурулган. Партиялык мектеп, партиялык активдин семинарлары, партиялык жана советтик жетекчи кызматкерлер үчүн партиянын шаардык комитети уюштурган кыска мөөнөттүү курстар коммунисттерди идеялык жактан тарбиялоодо чоң роль ойношкон.

Мисалы, 1922-жылы 22-февралда партиялык ячейкалардын жооптуу секретарларынын семинарында илимий коммунизмдин теориясы менен анархизмдин ортосундагы принципиалдуу айырма жөнүндөгү теманы өтүшкөн. Ошол кезде Пишпек коммунисттеринин жалпы чогулушу болуп, анда «Экономикалык жаңы саясаттын мааниси жана аны иш жүзүнө ашырууда партиялык уюмдун милдеттери жөнүндөгү» маселе күн тартибине коюлат. Ушул чогулушта кабыл алынган резолюцияда: кедей дыйкандарга тезирээк жер бөлүп берип, айыл-кыштактардын эмгекчилерин кооперацияга, ошонун ичинде өндүрүштүк да кооперацияга тартып, «алардын кулактарга, байларга, манаптарга көз каранды болбостугун камсыз кылуу» керек деп көрсөтүлгөн. Бул резолюция — «РКП(б)нын X съездинин жана Түркстан Компартиясынын VI съездинин чечимдери кыйшаюусуз турмушка ашырылсын» деген үндөө менен бүткөн.

Төмөнкү ячейкаларды саясий китептер менен камсыз кылуу боюнча зор иш жүргүзүлөт. 1921—1923-жылдардын ичинде, мисалы, Пишпек уездинин партиялык ячейкаларына төмөндөгү китептер жиберилген: «Жумушчу революциясынын улуу көсөмү Владимир Ильич Ульянов — Ленин», «Лениндин кыскача биографиясы», «Коммунизм деген эмне?», «Совет бийлиги деген эмне?», «Октябрь революциясы-

нын беш жылдыгына карата доклад жасоочулар үчүн тезистер», «Совет бийлиги жер жөнүндө дыйкандарга эмне айтат», «Англиялык империализм» (өзбек тилинде), «Социалисттик Советтик Республика», «Түркстан республикасынын Конституциясы», «Азык-түлүк налогу жөнүндө», «Жумушчулар менен дыйкандардын союзу», «Советтердин Бүткүл россиялык X съездинин ишинин жыйынтыктары» жана башка көп китептер. Партиянын Пишпек уезддик-шаардык комитети 1921-жылы 27-апрелдеги өзүнүн отчётунда: 1921-жылдын январь — март айларында гана төмөнкү ячейкаларга, жергиликтүү басма сөздөрдөн тышкары, 1378 даана борбордук газеталар жана журналдар жиберген, алардын ичинде «Правда», «Известия» газеталары, «Вестник агитации и пропаганды» журналы жана башкалар бар, деп белгилейт.

Пишпектин партиялык уюму, уезддик-шаардык уюм болуп түзүлгөндөн кийин, селолук жерлерде массалык-саясий иштерди күчөтүү үчүн чара көрө баштады. Пишпек комитетинин циркулярдык (нускоо) катында мындай деп көрсөтүлгөн: «Агитация жана пропаганда бөлүмү обкомдон (Түндүк Кыргызстан ошол жылдары Жети-Суу областынын составына кирген — Т. У.), ошондой эле Түркстан менен Россиянын борборунан ар түрдүү газеталарды алар замат, аларды волкомдорго бөлүштүрөт, ал волкомдор болсо аларды селолук ячейкаларга жибере турган.

Агитация жана пропаганда бөлүмү төмөндөгүлөрдү иштөөгө волкомдорду милдеттендирет, волкомдор болсо аларды селолук ячейкаларга жүктөйт: 1. Сабаттуу газета-китеп окуучуларды чакыруу менен газеталар окула турган күндү дайындоону; 2. Газеталар үчүн витриналарды жасоону; 3. Газеталардын окула турганын калкка кеңири кабар кылууну, эркектерди жана аялдарды чакырууну; 4. Газеталар менен китептерди окуган кезде бардык коммунисттер, бири калбай катышып отурууга жана чогулгандарга жетекчилик кылууга милдеттүү... 5. Ячейкалар газета окуу боюнча өткөрүлгөн чогулуштардын протоколдорун жазып жүрүшөт, канча киши катышканын, окуган нерселерге алардын кандай мамиле жасаганын белгилешет. Ячейкалар айында эки жолу протоколдорду волкомдорго алып барып беришет, волкомдор болсо уезддик-шаардык комитеттерге кабарлап турушат».

Коммунисттерди идеялык жактан такшалтуу менен катар, Пишпектин партиялык уюмунун маанилүү милдети өзүнүн катарларын толуктоо болгон. Бул милдетти иш жүзүнө ашыруу Түркстандын шарттарында эбегейсиз зор жана спецификалык кыйынчылыктарга алып келген. Пишпектин партиялык уюму жаш эле — ал 1918-жылдын башында гана түзүлгөн болучу, ошондуктан, Октябрь революциясына чейинки кыйын мектептен өткөн, маселен, өлкөнүн борбордук райондорундагы партиялык көп уюмдарда болгондой тажрыйбалуу кадрлар бул жерде жок эле. Мындан тышкары, Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий жактан артта калышы жана жакында эле анын колониялык абалда болушу партиялык курулуштун жүрүшүнө бир кыйла жаман таасир тийгизген. Ушунун натыйжа-

сында, фабрикалык-заводдук жумушчулардын катмарлары бул жерде абдан аз болгон; жумушчулар калктын (1914-жылдагы маалымат боюнча) 0,12 процентин гана түзүшкөн.

В. И. Ленин, Түркстан сыяктуу артта калган өлкөлөрдө коммунисттик кыймылдын теориялык жана практикалык негиздерин өнүктүрүп, Коммунисттик Интернационалдын экинчи конгрессинде мындай деп айткан: «Биздин ишибиз бул өлкөлөрдө өтө зор кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келе тургандыгын көрсөттү, бирок биздин ишибиздин практикалык натыйжалары ушул кыйынчылыктарга карабастан, пролетариаты жок дээрлик жерде да массаны өз алдынча саясий жактан ойлоого жана өз алдынча саясий ишке умтулууга ойгото тургандыгын да көрсөттү»*.

Октябрь революциясы жеңгенден жана Совет бийлиги орногондон кийин, ошону менен бирге массалардын арасында эмгекчилердин бардык катмарларынын арасында Коммунисттик партиянын жүргүзгөн күндөлүк ишинин негизинде биздин өлкөбүздүн мурда артта калган райондорунун эмгекчилеринин саясий турмушка активдүү катышкандыгы менен бул корутунду ырасталып отурат. Совет бийлигинин биринчи жылдарында эле өлкөнүн мурда артта калган райондорунун, ошонун ичинде Кыргызстандын да коммунисттик уюмдары батрактар, эмгекчи дыйкандар, жеке кустарлар менен жана жергиликтүү интеллигенциянын турмушту жаңыча курууга активдүү катышууга чын ыкласы менен умтулган бөлүгү менен тез толукталып тургандыгы аркасында да Лениндик корутундунун туура экендиги ишенерлик түрдө ырасталып отурат. Пишпектин уезддик-шаардык партиялык уюму, мисалы, 1918-жылдын ичинде, өзүнүн тарыхынын биринчи жылында 9414 адамга, ошонун ичинде шаардык уюм — 75 адамдан 1500 адамга өскөн.

Совет бийлигинин чарбалык жана маданий курулуштагы биринчи ийгиликтери, кыргыз жана орус элдеринин достугун чыңдоо, марксизмдин-ленинизмдин идеяларын таратуу өз тагдырын Коммунисттик партиянын тагдыры менен байланыштырууга эмгекчилердин ого бетер умтулушун туудурду. Кыргыз эмгекчилеринин коммунисттик кыймылга кошулушу улам байкала берди. 1919-жылдын аягында Пишпектин уезддик-шаардык партиялык уюмунун жарымынан көбүн жергиликтүү калктын өкүлдөрү түзүшкөн. Уюмдун тез өсүшү эмгекчилер массасынын арасында Коммунисттик партиянын авторитетинин улам өскөндүгү менен, өзүнүн турмушун социализмдин негизинде кайра курууга алардын активдүү катышууга белсемдүүлүгү менен түшүндүрүлөт.

Бирок ушундай дүркүрөп тез өсүүнүн процессинде партиянын катарларына туруксуз, кокусунан кирип калган адамдар, ал эми кээде душман элементтери да кирип алышкан. Эксплуататордук катмарлардан, ошонун ичинде мусулман духовенствосунан чыккан адамдар элдин арасында коммунисттердин авторитетинин улам өсүп жаткан-

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 258-бет.

дыгын эске алышып, эмгекчилер массасынын арасында өздөрүнүн авторитетин сактап, анан аны Совет бийлигине каршы күрөшүү үчүн пайдалануу максатында партияга кирип алууга аракет кылышкан. Пишпектин партиялык уюмунун жат элементтер менен булгангандыгы 1918-жылдын аягында эле белгилүү болгон, ошондуктан 1918-жылдын декабрында — 1919-жылдын башында партиянын уезддик-шаардык комитети жергиликтүү тазалоо өткөрөт.

Партиянын катарларынын булганышына жол бербөө максатында, 1919-жылы мартта болгон РКП(б)нын VIII съезди жергиликтүү партиялык уюмдарды өзүнүн мүчөлөрүн кайра каттоодон (тазалоодон) өткөрүүгө милдеттендирген. Съезд анда: «партиянын катарына 1917-жылдын октябрынан кийин кирген партия мүчөлөрүнө карата контролдуктун өзгөчө чараларын колдонууну»* талап кылган.

Ошол кезде Пишпектин партиялык уюмунда 1918-жылга чейинки стажы бар партиянын мүчөлөрү 2 проценттен азыраак эле. Партиянын катарларынын шовинисттик жана улутчулдук элементтер менен, буржуазиялык жана бай-манаптык чөйрөдөн чыккандар менен же алардын куйруктары менен булганышы Түркстандын Компартиясы үчүн, ошонун ичинде Пишпек уюму үчүн да башкы коркунуч болгон. РКП(б)нын VIII съездинин токтомуна ылайык, Кыргызстанда партиянын мүчөлөрүн кайра каттоо 1919-жылдын июнь-июль айларынын ичинде өткөрүлгөн. Кайра каттоо — партиялык уюмдардын катарын мансапкорлордон, кокус кирип калган, туруксуз жана кас элементтерден тазалоого мүмкүнчүлүк берген.

РКП(б) БКнын, Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин жана РСФСР Эл Комиссарлар Советинин комиссиясы — 1919-жылдын аягында Лениндин демилгеси боюнча Түркстанга жөнөтүлгөн ушул комиссия — Түркстан Компартиясын уюштуруу жагынан чыңдоого чоң жардам көрсөткөн. Бул комиссиянын иши партиялык жана советтик курулуштагы улуу державалык шовинизмге жана улутчул-уклонизмге каршы, эки жүздүүлүк кылып, партияга кокусунан кирип алган душман элементтерине каршы күрөштү күчөтүүгө жардам берген.

Ошол кезде Жети-Суу областынын партиялык уюмдарындагы кырдаал олуттуу коркунучту туудурган. Коммунисттердин бир кыйла бөлүгүн түзгөн, дыйкандардан чыккан ак ниеттүү кадрлар менен катар, партияга жашырын түрдө кулак жана бай-манап катмарларынан чыккандар кирип алышкан. Түркстан фронтунун Революциялык аскер советинин Жети-Суу областы боюнча уполномочени Д. Фурманов партиялык уюмдардын 1919-жылдын аягындагы — 1920-жылдын башындагы составын мүнөздөй келип, мындай деп жазган: «Советтер жана партиялык уюмдар керексиз көп нерселер менен алек болушат... Жумушчу катмарлары абдан аз, анын үстүнө, балким, аң-сезими да жетишсиз болуу керек».

---

* «КПСС съезддердин, конференциялардын жана БКнын пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде», кыргызча басылышы, I бөлүк, 506-бет.

Түркстан комиссиясынын көрсөтүүсү боюнча Жети-Суу областында 1920-жылы май айында жергиликтүү партиялык уюмдарды кайта тазалоо жүргүзүлгөн. Тазалоонун натыйжасында Пишпектин уезддик-шаардык уюмунда жылдын башында болгон 6234 коммунисттен 2348 гана коммунист калган.

Кыргызстандын партиялык уюмдарын чыңдоо жөнүндөгү маселе, экономикалык жаңы саясатка өтүүгө байланыштуу, өтө курч боло баштайт. Көп коммунисттер, нэпке байланыштуу чыккан өзгөрүүлөрдүн маанисин түшүнбөстөн, партиялык тартипти бузушкан, өздөрүнүн кызматтарын аткарууга ак ниеттүү мамиле жасашпаган, майда буржуазиячыл максаттардын таасирине берилип кетишкен ж. у. с.

Буржуазиячыл улутчулдардын Тоолуу кыргыз областын түзүү үчүн жасаган аракеттерине байланыштуу, 1922-жылы Түндүк Кыргызстандын партиялык уюмдарында группалык күрөш күчөйт. Келечекте түзүлө турган бул область Кыргызстандын түндүк уезддерин гана бириктирүүнү болжолдогон. Бул сунуш бүткүл кыргыз элинин таламдарына карама-каршы келип, жасалма түрдө аны экиге бөлмөк, анын үстүнө Түштүк Кыргызстан ушундай түзүлүүгө кирбей да калмак. Бирок да, кыргыз элинин улуттук мамлекетти түзүүгө умтулган тилегин өздөрүнүн карасанатайлык максаттары үчүн пайдаланмакчы болгон бай-манап элементтеринин арам ойлорун партиялык жана советтик органдардын кызматкерлери билиминин тайкылыгынан дароо ашкерелей алышкан эмес. Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитети буржуазиячыл улутчулдук тенденцияга чечкиндүү сокку урду. Анын үстүнө ошол кезде кыргыздын улуттук автономиясын түзүү үчүн али шарттар жетиле элек болучу. Бул маселени чечкенде Кыргызстандын бүт территориясынын таламын эске алуу менен чечүү керек эле, кийин жагында так ушундай иштелди.

РКП(б) Борбордук Комитетинин чечими боюнча 1922-жылы партиянын жаңы тазалоосу өттү. Мисалы, Пишпектин уезддик-шаардык партиялык уюмун тазалоонун натыйжалары Кыргызстандын партиялык уюмдарынын абдан булгангандыгын көрсөттү. Партиялык уюм 66,1 процентке кыскарган. Бирок тазалоо партияны начарлатпастан, кайра тескерисинче, анын сапатын жакшыртты. Партия эмгекчилердин жаңыдан кирген татыктуу өкүлдөрү менен толукталды, сындын жана өзүн-өзү сыноонун күчөтүлүшүнө тазалоо жардам берди, партиялык турмуштун деңгелин жогору көтөрдү. Натыйжада массаны социалисттик кайра түзүүгө мобилизациялоо иши жакшырды. Эки жүздүүлүк менен партияга кирип алган элементтерди партиядан чыгаруу анын авторитетин көтөрдү, анын эмгекчилер менен болгон байланышын чыңдоого жардам кылды.

1923-жылы 17—25-апрелде Москвада өткөн РКП(б)нын XII съезди партиянын жана бүткүл совет элинин турмушундагы маанилүү окуя болду. Съезд, экономикалык жаңы саясаттын негизинде эл чарбасын калыбына келтирүүнүн ийгиликтерин канааттангандык менен белгиледи. Улут маселеси съезддин ишиндеги борбордук маселелердин бири болгон. Съезд — партиянын улут маселеси жагындагы

кезектеги милдети: мурда артта калган элдердин чыныгы теңсиздигин жоюу, улуу державалык шовинизм менен улутчулдуктун калдыктарын жоюу болот,— деп көрсөткөн.

Улуттук республикалардын жана областтардын жооптуу кызматкерлери менен РКП(б) Борбордук Комитетинин 1923-жылы июнда өткөргөн төртүнчү кеңешмеси партиянын XII съездинин чечимдерин иш жүзүнө ашыруунун практикалык чараларын иштеп чыккан. Пишпектин коммунисттери XII съезддин жана РКП(б) Борбордук Комитетинде болгон кеңешменин чечимдерин эмгекчилердин арасында кеңири пропагандалоону жана түшүндүрүүнү уюштурушкан. Партиялык ячейкаларга жардам кылуу үчүн селолук жерлерге уезддик-шаардык комитеттин өкүлдөрү, коммунисттер жана партияда жок активисттер жөнөтүлдү. Мында улут маселеси боюнча кабыл алынган чечимдерди түшүндүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Бүткүл өлкөдөгүдөй эле, Кыргызстандын да эл чарбасы ийгиликтүү түрдө калыбына келтирилип жатты. Пишпектин коммунисттеринин жана анын ишканалары менен мекемелеринин коллективдеринин чогулуштарында — РКП(б)нын XII съездинин жыйынтыктарын талкуулоого арналган чогулуштарында — шаардын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүдө бир аз жетишкендиктердин бар экени белгиленген. Экономикалык жаңы саясаттын биринчи жылдарында Пишпекте өнөр жайдын 10 ишканасы пайдаланууга берилген, 1919-жылы эле курулган тамеки фабрикасы продукция өндүрүүнү көбөйткөн, анын товарообороту кеңейтилген. 1922-жылы Пишпек — Рыбачье жана Пишпек — Верный жолдорун жакшыртуу иштери башталды, кийинки жылы темир жол станциясын курууга даярдык көрүү иши кулач жайды.

Партиялык уюмдун жетекчилиги астында жашы улгайган адамдардын сабатсыздыгы да ийгиликтүү жоюлуп, элге билим берүү өөрчүтүлө баштады. 1914/15-окуу жылында бүткүл Кыргызстанда болгон 107 мектептин ордуна 1922/23-окуу жылында Пишпек уездинде гана жалпы билим берүүчү 137 мектеп болгон. Балдарды окутуунун жаңы, советтик системасы киргизилген. Кыргыз жана орус мектептери үчүн мугалимдерди даярдоо боюнча Пишпекте 200 кишилик интернаты бар курс ачылган.

1922-жылы эле Пишпекте кыргыз мугалимдеринин уезддик съездинин чакырылышы Совет бийлигинин биринчи жылдарында элге билим берүүнү өнүктүрүүнүн жогорку темптери жөнүндө далил болот.

XII съезд уюштуруу маселелери боюнча чараларды иштеп чыккан. Жергиликтүү партиялык уюмдардын көңүлүн, атап айтканда, партиянын составын иретке келтирүүнүн, аны системалуу түрдө жакшыртуунун зарылдыгына бурган. Съезд мындай деп көрсөткөн: «Партияны тазалоодон кийин, губком менен обкомдун секретарынан тартып, ячейканын секретарына чейин партиянын жетекчи кадрларын жакшыртуу жана тандоо боюнча кеңири жайылтылган чаралардын

системасы партияны уюмдаштыруу жагынан чыңдоонун эң маанилүү методу болду»*.

Пишпектин партиялык уюму, өзүнүн катарларын чыңдоо үчүн күрөшүү менен кадрларды талыкпай тарбиялаган, алардын идеялык-саясий жана практикалык тажрыйбасын арттыруу боюнча чаралар көргөн. 1922-жылы партиялык мектептин алдында негизинен шаардык актив үчүн кечки бөлүм ачылат, окутуучулардын составы чыңдалып, мектептин материалдык базасы кеңейтилет, партиялык кадрларды даярдап чыгаруу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Мектеп шаардын жана уезддин партиялык, советтик жана чарбалык активдери үчүн курстардын системасын кеңейтет, пропагандисттер менен агитаторлордун инструктаждык жана методикалык семинарларын уюштурат, дагы башка чараларды өткөрөт. Мындан тышкары, Пишпек партия уюмунун коммунисттеринин көбү Алма-Атанын жана Ташкенттин советтик-партиялык мектептеринде окушкан.

В. И. Ленин улуттук партиялык жана советтик кадрларды тарбиялоо жөнүндө зор камкордук көрүп келген. Анын демилгеси боюнча 1921-жылы Ташкентте Орто Азия коммунисттик университети (САКУ) жана 1922-жылы Москвада Чыгыш эмгекчилеринин Коммунисттик университети (КУТВ) ачылат.

Ленин атындагы Орто Азия коммунисттик университети практикалык кызматкерлерди даярдоо менен катар, партиянын теориялык кадрларын тарбиялоого да көп көңүл бурат. 1921/22-окуу жылында мында биринчи жолу Түркстандын Коммунисттик партиясынын жана Түркстандагы Улуу Октябрь социалисттик революциясынын тарыхын окутуу уюштурулат. 1922-жылы май айында САКУнун алдында марксисттик кружок ачылып, анан ал тез эле илимий ассоциацияга айланат, бул ассоциациянын максаты «Түркстандын тарыхын, анын экономикасын жана маданиятын илимий изилдөө, революциялык кыймылды, РКПнын тарыхын үйрөнүү болгон». Орто Азия элдеринин социалдык-экономикалык мамилелерин, таптык структурасын, маданиятын, турмушун жана үрп-адатын изилдөө боюнча атайын семинарлар уюштурулат.

Ленин атындагы Орто Азия коммунисттик университети эң чоң окуу жайына жана илимий-изилдөө мекемесине айланат. 1923/24-окуу жылында университетте 814 студент окуган, анын ичинен 113 казак жана кыргыз эле. Алардын ичинде Пишпектин партиялык уюмунан барган коммунисттер да көп болучу. Ошондо Чыгыш эмгекчилеринин Коммунисттик университетинде да Орто Азиянын жергиликтүү улуттарынан 200 дөн ашык коммунист окуган.

РКП(б) Борбордук Комитети менен Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин партиялык улуттук кадрларды тарбиялап өстүрүү жагынан көрсөткөн жардамы Орто Азияда коммунисттик кыймылды мындан ары өнүктүрүү үчүн эң зор мааниге ээ болгон.

---

* «КПСС... резолюцияларда...» кыргызча басылышы, I-бөлүк, 833—834-беттер.

Ушул жардамдан пайдаланып, Пишпектин партиялык уюму идеялык-уюштуруучулук жактан улам чыңдала берген.

Биздин өлкөбүздөгү социалисттик курулуштун улам артып жаткан ийгиликтери 1924-жылы 21-январда — Владимир Ильич Лениндин жүрөгү согуудан калганда — Коммунисттик партиянын жана көп улуттуу бүткүл совет элинин башына түшкөн эң зор бакытсыздыктын кайгы-капасына айланган. Орто Азиянын эмгекчилери Лениндин дүйнөдөн кайтышын терең кайгыруу менен аза күтүштү. Түркстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети өзүнүн үндөөсүндө мындай деп көрсөткөн: «Владимир Ильич — Чыгыштын эркиндик алышын өз өмүрүнүн иши менен, дүйнөлүк революциянын иши менен байланыштырган биринчи адам болгон».

Бүткүл өлкө өзүнүн көсөмүнүн жана жол башчысынын дүйнөдөн кайтканын эскерип аза күтүштү.

Кыргызстандын шаарларында жана айыл-кыштактарында аза күтүү митингилери болуп өттү.

Бул зор жоготуу жөнүндөгү кабар Кыргызстандын эң алыскы булуң-бурчтарына тарады. Тор-Айгыр селосундагы коммунисттер өздөрүнүн чечиминде мындай деп белгилешкен: «Биз, Түркстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын мүчөлөрү жана кандидаттары, Лениндин жолунан тайбай барабыз жана кымбаттуу көсөмүбүз Ильичтин бизге калтырган идеяларын кыйшаюусуз жүзөгө ашырабыз деп убада беребиз». Жети-Өгүз волостунун коммунисттик ячейкаларынын бириккен чогулушу өздөрүнүн чечиминде мындай деп жазган: «Биздин арабызда Лениндин өзү жок болсо да, анын идеялары дайыма биздин жүрөгүбүздө, ошондуктан биз Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында эч бир тайманбастан ушул идеялар үчүн аягына чейин күрөшөбүз деп милдеттенебиз. Жашасын биздин көсөмүбүз Лениндин улуу идеялары! Жашасын Компартия!» «Аза күтүү митингисине катышкан жергиликтүү батрактар өздөрүнүн жолбашчысын жоктоп кошушту»,— деп жазган Пржевальск уездинен.

В. И. Лениндин эстелигине арналган митингилерде жана чогулуштарда партиялык уюмдарды чыңдоо жөнүндөгү, массалык-саясий иштерди күчөтүү жөнүндөгү, жергиликтүү калкты партиялык жана советтик курулушка активдүү тартуу жөнүндөгү чечимдер кабыл алынган. Эмгекчилердин арасында өз тагдырын партиянын тагдырына байланыштырууга, лениндик осуяттарды жүзөгө ашырууга өзүн арноого умтулгандык өсүп чыгат. Партиянын Пишпек уезддик-шаардык комитети 1924-жылдын апрель айындагы өзүнүн отчётунда мындай деп белгилеген: кийинки үч айдын ичиндеги мезгил «Ильичтин дүйнөдөн кайтканына байланыштуу партияга абдан көп кирүүнүн мезгили болду; бул — партиянын жергиликтүү калкка тийгизген таасиринин эң мыкты далили болуп саналат». Экинчи бир документте «Чыныгы батрактардын биздин партияга кирүүгө умтулгандыгы байкалып жатат» деп белгиленген.

В. И. Лениндин дүйнөдөн кайтышы бүткүл өлкөдөгү сыяктуу эле, Кыргызстанда да Коммунисттик партиянын айланасына дагы



Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин имараты



М. В. Фрунзенин эстелиги

ого бетер тыгыз баш кошуп биригүү үчүн башталган кыймылдын жаңы толкунун, өзүнүн көсөмүнүн жана окутуучусунун идеяларынын салтанаты үчүн күрөшкөндөрдүн биринчи катарына келип турууга умтулгандыкты туудурду. Аза күтүү күндөрүндө РКП(б) Борбордук Комитетине, жергиликтүү партиялык уюмдарга жумушчулар менен батрактардан аларды Коммунисттик партияга кабыл алууну өтүнгөн миңдеген арыздар түшкөн. РКП(б) Борбордук Комитети ушул кыймылды колдоп, 1924-жылы 29—31-январда болгон өзүнүн Пленумунда станокто иштеген жумушчуларды партияга алуунун лениндик чакырыгы жөнүндө чечим кабыл алган. Кыска мөөнөттө — үч айдын ичинде — Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын катарына 240 миңден ашык алдыңкы жумушчу киргендиги белгилүү.

РКП(б) Борбордук Комитетинин Пленумунун партияга алуунун лениндик чакырыгы жөнүндөгү чечимин Түркстанда да кызуу колдошту. Мисалы, ошол кездеги документтердин биринен мына муну окуйбуз: «Лениндин ысмын жана анын илиминин негизги моменттерин билбеген бир дагы батрак, кедей, ак ниеттүү эмгекчи жок. Элдик акындар, айыл-кыштак ырчылары, талаадагы малчылар Лениндин ысмын ырга кошушкан, ошондуктан Лениндин ысмы жана анын илими ондогон, жүздөгөн, миңдеген батрактардын, кедейлердин массасынын, атап айтканда ушул жердеги, Жети-Суудагы массанын көңүлүн өзүнө тарткандыгын ушундан көрүүгө болот».

Бүткүл Түркстандагыдай эле, Кыргызстанда да партиянын жаңы толуктоосунун таптык базасы, ошонун ичинде лениндик чакырыктын мезгилиндеги таптык базасы да шаарлардын жумушчулары менен айыл-кыштактардын жарым пролетардык катмарлары болушкан. Ушуга таянып жана РКП(б) Борбордук Комитетинин көрсөтмөлөрүнүн негизинде 1924-жылы 24-февралда Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Секретариаты лениндик чакырык боюнча жумушчулар менен батрактарды партияга кабыл алуу боюнча (партиянын Түркстандагы негизги резерви жумушчулар менен катар батрактар да болууга тийиш эле) кампания өткөрүү жөнүндө бардык областтык жана уезддик партиялык комитеттерге кеңири кат жазган. Бул кампания 1924-жылдын 15-мартынан 15-июлуна чейинки мөөнөттө өткөрүлөт деп белгиленген.

Социалдык дифференциациясы ачык-айкын көрүнгөн жана кыргыз батрактарынын катмары көп болгон Пишпек уезди үчүн жергиликтүү калктан чыккан жумушчуларды жана батрактарды партияга кабыл алууну күчөтүү жөнүндөгү көрсөтмөнүн өзгөчө мааниси болгон. Маселени ушундайча чечүү партиялык уюмдун социалдык составын жакшыртып, партияга жакын турган социалдык катмарлардын өкүлдөрү менен аны чыңдоого тийиш болучу. Бул — экономикалык жаңы саясаттын кезиндеги татаал кырдаалдын шарттарында өтө маанилүү болгон эле, атап айтканда РКП(б)нын Бүткүл союздук XIII конференциясы ушуга көп көңүл бурган.

Пишпектин уезддик-шаардык партиялык жетинчи конференциясы (1924-жыл апрель) саясий жаңы жогорулаштын жана чарбалык

ийгиликтердин кырдаалында өткөн. Партиялык уюмдун отчёттук мезгилдин ичиндеги иши жөнүндөгү докладдан кийин, конференция айыл-кыштактагы кооперативдик кыймыл жана кооперативдик сооданы өнүктүрүү жөнүндөгү маселени талкуулаган. Партиялык курулуш жөнүндөгү маселе да конференциянын ишинде маанилүү орунду ээлеген. Конференциянын делегаттары Борбордук Комитеттин партияга алуунун лениндик чакырыгы жөнүндөгү чечимин зор канааттануу менен тосуп алышты.

Пишпек уезддик-шаардык уюмуна партияга алууну сурап миңдеген арыздар түшкөн. Бирок, советтик курулушка жана кооперативдик кыймылга активдүү катышып, эмгекчилердин таламдарына, Лениндин ишине чексиз берилгендигин көрсөткөн адамдар гана кабыл алынган. Лениндик чакырык боюнча коммунисттердин Пишпек уюмуна алдыңкы катардагы жумушчулар жана батрактар көп киришкен.

РКП(б)нын XIII съездинин чечимдери алыскы чыгыш райондорундагы партиялык уюмдарды чыңдоодо өзгөчө мааниге ээ болгон. «Партиялык курулуштун кезектеги милдеттери жөнүндөгү» өзүнүн резолюциясында XIII съезд мындай деп жазган: «Улуттук республикаларда жана областтарда баарынан мурда эң алыскы күн чыгыш республикалары менен областтарында, партиянын иши үчүн өзгөчө шарттар жана атайын кыйынчылыктар болуп жаткандыгын эсепке алуу зарыл. Мына ушул акыркы аймактар үчүн дыйкандарды, батрактарды, кустарларды партияга кабыл алуу кезинде рекомендация берүүчүлөрдүн санын эки жылдык стажы бар партиянын 2 мүчөсүнө чейин кыскартуу жана партияга жаңыдан кабыл алынуучу кандидаттарды областтык партиялык комитеттердин бекитүүсү менен кайсы бир жеңилдиктердин белгилениши зарыл. Ошону менен бирге жогору жакта көрсөтүлгөн алыскы областтар менен республикаларда XIII съездге чейин кандидаттык стажын аяктаган кандидаттардын тизмесин кайрадан карап чыгуу зарыл деп табылсын, мында партиянын мүчөлүгүнө кабыл алуунун жалпы уставдык талаптарын канааттандырган жолдошторго (биринчи кезекте кедей-дыйкандарга, батрактар менен кустарларга) партиянын мүчөлүгүнө өтүү иши жеңилдетилсин...»*.

Партиянын XIII съезди коммунисттердин идеялык такшалуусунун жана улуттук партиялык жана советтик жетекчи кадрларды даярдоонун милдеттерине көп көңүл бурган. Съезд РКП(б) Борбордук Комитетинин көрсөткөн жетишерлик материалдык жардамы менен улуттук тилдерде саясий сабаттуулуктун мектептерин кеңейтүү зарыл деп көрсөткөн, жумушчулардан жана дыйкандардан партиялык-советтик улуттук кадрларды даярдоо боюнча азыр иштеп жаткан партиялык жетекчилердин идеялык жана практикалык тажрыйбасын жогорулатуу боюнча ишти күчөтүүнүн зарылдыгын белгилеген. «Бул

---

* «КПСС... резолюцияларда...», кыргызча басылышы, 2-бөлүк, 32—33-беттер.

максат үчүн,—деп белгиленген съезддин токтомунда,—коммунисттик жогорку окуу жайларында, жогорку окуу жайларында, советтик-партиялык мектептерде жана рабфактарда окутуу ишин системалуу түрдө өз эне тилинде өткөрүп отуруп, аларга жергиликтүү улуттук кызматкерлерди абдан көп тартуу керек. Жергиликтүү улуттук-коммунисттердин арасында, айрыкча алганда жооптуу кызматкерлердин арасында марксизм жана ленинизм кружокторуна жана борбордо болсун, жер-жерлерде болсун тиешелүү тилдерде марксисттик жана популярдык саясий адабияттарды бастырып чыгаруу жөнүндөгү ишти кеңейтүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл»*.

Түркстандын Коммунисттик партиясы өзү адеп иштей баштаган күндөн тартып эле, марксизмди-ленинизмди пропагандалоонун, партияны идеялык-уюштуруучулук жактан чыңдоонун, массаны саясий тарбиялоонун маанилүү каражаты катарында басма сөзгө көп көңүл бурат. Басма сөздөрдү жергиликтүү тилдерде өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

1922-жылы 15-мартта Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн алдында басма сөз сектору түзүлгөн. Буга чейин жергиликтүү жана орус тилдеринде чыгуучу басма сөздөргө жетекчилик кылуунун бирдиктүү борбору болгон эмес. Ар бир ведомство өз басмасынын болушуна умтулган, ушунун натыйжасында полиграфия өнөр жайы рационалдуу пайдаланылган эмес. Мезгил-мезгили менен чыгуучу басма сөздү кайрадан карап чыгуу үчүн атайын комиссия түзүлүп, ал, Түркстан республикасы боюнча мезгил-мезгили менен чыгуучу басма сөздүн тармагын жергиликтүү жана орус тилдеринде төмөндөгүчө белгилеген: «Түркстан» газетасы — өзбек тилинде (мурдагы «Кызыл Байрак»), «Ак Жол» газетасы — казак тилинде, «Туркестанская Правда» — орус тилинде (мурдагы «Известия»), «Фергана» — өзбек тилинде, «Красная Фергана» — орус тилинде, «Зеравшан» — өзбек тилинде, «Пролетарий» — орус тилинде, «Түркстан» — түркмөн тилинде, «Известия» — орус тилинде, «Тилчи» — казак тилинде (мурдагы «Кедей Эрки»), «Джеты суйская правда» — орус тилинде.

Булардан тышкары, Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Бириккен басмасы ай сайын чыга турган журналдарды: «Инкилаб» — өзбек тилинде, «Түркмен Или» — түркмөн тилинде, «Чолпон» — казак тилинде; эки жумада бир чыга турган «Спутник коммуниста» журналы — өзбек, казак жана орус тилдеринде, «Бюллетень партработника» — кыргыз, өзбек жана казак тилдеринде, «Помощь газете» — өзбек жана орус тилдеринде чыгарып турган. 1924-жылы эле Түркстанда республикалык, областтык жана уезддик 53 газета жана журнал өзбек, тажик, түркмөн, казак, кыргыз, кара калпак жана орус тилдеринде басылып чыккан. Кыргызстанда басма сөз Пишпек шаарында жана уездинде өзгөчө көп таратылган. Пишпектин

* «КПСС... резолюциялаpда...» кыргызча басылышы, 2-бөлүк, 88-бет.

уезддик-шаардык партиялык уюмун Москвадан, Ташкенттен, Алма-Атадан чыккан газеталар, журналдар менен борборлоштурулган түрдө жабдуудан тышкары, мында коллективдүү (ишканалар жана мекемелер аркылуу) жана жекече жазылуу, газеталар менен журналдарды чекенелеп соода кылуучу тармактар аркылуу сатуу кеңири уюштурулган.

1924-жылы күзүндө Троцкий партияга кайтадан дагы дискуссияны таңуулады. Ал, «Октябрдын сабактары» деген жала жапкан макала жазып, анда партиянын тарыхын, большевизмдин Россияда жеңип чыгышында В. И. Лениндин аткарган ролун бурмалап бузган. РКП(б)нын составдуу жана ажырагыс бөлүгү болгон Түркстан Коммунисттик партиясы троцкисттерге, партиянын генеральный линиясына алардын кол салышына, ленинизмди троцкизм менен алмаштырууга алардын аракет жасаганына тийиштүү сокку урду. Пишпек коммунисттери Троцкийдин «Октябрдын сабактары» деген жала жапкан макаласын бир тилектен айыпташып, РКП(б)нын Лениндик Борбордук Комитетине өздөрүнүн чексиз берилгендигин жана анын айланасына баш кошуп бириккендигин билдиришти.

Пишпек партиялык уюмунун масса арасында жүргүзгөн ишинде комсомол менен профсоюздар анын ишенимдүү таянычы болушкан. 1919-жылдын орто ченинде Пишпекте 450 комсомолец болуп, алар өнөр жай ишканаларынын, окуу жайлардын, мекемелердин алдында түзүлгөн ячейкаларда турушкан. Ошондо эле Пишпектин бир топ жаштары РКСМдин Пишпек шаардык уюмун түзүүгө жардам сурап комсомолдун Ташкент комитетине кайрылышкан. Партиялык уюмдун жетекчилиги астында жана РКСМ Борбордук Комитети менен Түркстан комсомолунун Борбордук Комитетинин өкүлдөрүнүн жардамы менен Кыргызстанда шаардык комсомол уюмдары түзүлөт.

1919-жылы 28-июлда — 2-августта Пишпекте комсомолдун уезддик биринчи съезди болгон. Ага 42 делегат катышкан.

ВЛКСМдын отряддарынын бири болгон Кыргызстандын комсомолу — Коммунисттик партиянын ишине, В. И. Лениндин ишине берилип кызмат кылат. Советтик Кыргызстандын борбор шаарынын комсомолецтери граждандык согуштун жана Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында колдоруна курал алып советтик Ата Мекенди коргошкон, дайыма социалисттик курулуштун биринчи катарларында турушкан, жаштарга коммунисттик тарбия берүүдө партиянын ишенимдүү жардамчылары болушкан. Азыр Фрунзе шаарынын комсомол уюмунун катарында 53 миң адам бар.

Большевиктердин демилгеси боюнча жана жетекчилиги астында Пишпекте профсоюздар түзүлө баштайт. 1917-жылы күзүндө жумушчулар менен ремесленниктердин союзу, кийинки жылы апрелде — мусулман жумушчулары менен ремесленниктеринин профсоюзу пайда болот, 1919-жылы Пишпекте курулуш жумушчуларынын, булгаары жасоочу, кийим тигүүчү жумушчулардын, транспорт, эл агартуу, жер жана токой, медицина-санитария эмгегинде иштеген, почта жана телеграф кызматкерлеринин профсоюздары уюштурулган. 1919-

жылдын башында учредителдик делегаттык чогулуш болуп, анда профсоюздардын Пишпек совети шайланган. Шаардын өндүрүштүк принцип боюнча курулган профсоюздары ушинтип бириктирилген. 1924-жылы Пишпектин профсоюздарында 1700 жумушчу жана кызматчы болгон.

Чарбалык жана маданий курулуштун мындан аркы ийгиликтери, өзгөчө өнөр жайдын өсүшү — профсоюздарды чыңдоого, коомдук турмушта, эмгекчилердин саясий аң-сезимин арттыруу жана алардын жыргалчылыгын жакшыртуу үчүн күрөшүүдө профсоюздардын ролун жогорулатууга жардам кылды.

Чарбалык жана маданий курулуштун ийгиликтерине, эмгекчилердин саясий аң-сезиминин жогорулашына жана коммунисттердин арасында жумушчу жана батрак катмарларынын өсүшүнө жараша Пишпектин партиялык уюму идеялык жана уюштуруучулук жактан кыйшаюусуз чыңдалып, сан жагынан өсүп отурган. Орто Азия улуттук мамлекеттерге бөлүнөрдөн мурда жана РКП(б) нын Кыргызстан областтык уюму түзүлөр алдында Пишпектин партиялык уюму Түркстан Коммунисттик партиясынын көп сандаган жана күчтүү уюмдарынын бири болгон. Ал чарбалык жана маданий курулушка, Кыргызстанда коммунисттик кыймылдын өнүгүшүнө билгичтик менен жетекчилик кылган партиялык жана советтик кызматкерлерди тарбиялап жана өстүрүп чыгарган. Алардын ичинен төмөндөгүлөрдүн ысымдарын атасак татыктуу болот: И. Айдарбеков — 1917-жылдан большевиктер партиясынын мүчөсү, Пишпек уездинде Советтердин бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө активдүү катышкан, кийин жагында партиялык ири кызматкер болгон. Ж. Садаев — большевиктер партиясына 1918-жылы кирген, Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө катышкан; Э. Эсенаманов — Пишпектин партиялык уюмунун жетекчилеринин бири; Т. Осмонова — аялдар кыймылына жана Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө активдүү катышкан; Т. Токбаев, И. Токбаев, Т. Табалдинов, Б. Мейерханов — Пишпек шаарынын жана уездинин партиялык жана советтик органдарын чыңдоо үчүн күч-аракеттерин көп жумшашкан. Булар менен кошо Пишпектин партиялык уюмуна Д. Пригородова, А. Поливанов, П. Бердников, А. Миронов жана орус элинин башка өкүлдөрү жетекчилик кылып келишкен.

Коммунисттердин идеялык-саясий деңгелинин жогору болушу жана алардын практикалык иште топтогон тажрыйбасы эмгекчилерди өзүнүн артынан социалдык кайра түзүүлөргө ийгиликтүү алып баруу үчүн Пишпек шаарынын партиялык уюмдарына мүмкүнчүлүк берген.

### 4. ФРУНЗЕНИН ПАРТИЯЛЫК УЮМУ — СОЦИАЛИЗМДИН ЖАНА КОММУНИЗМДИН ЖЕҢИШИ ҮЧҮН КҮРӨШТҮН АЛДЫҢКЫ ЧЕГИНДЕ

В. И. Лениндин демилгеси боюнча 1922-жылдан тартып Орто Азиянын улуттук-мамлекет болуп бөлүнүшүнө даярдык көрүү иши башталат, ошону менен бирге улуттук коммунисттик партияларды жана РКП(б)нын областтык уюмдарын түзүүгө да даярдык көрүлөт.

Орто Азиянын улуттук-мамлекеттерге бөлүнүшүнүн өзү эле мурда артта калган элдердин коммунисттик кыймылга катышуусу бир кыйла өскөндүгү жөнүндө, Советтик Түркстанда бул кыймылдын ийгиликтүү өнүгүп жаткандыгы жөнүндө, лениндик улут саясатын иш жүзүнө ашыруу боюнча Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн жүргүзгөн ишиндеги жаңы этап жөнүндө далил болот.

1924-жылы 12-июнда РКП(б) Борбордук Комитетинин Саясий бюросу Орто Азиядагы союздук республикалардын коммунисттик партияларын жана областтык партиялык уюмдарын түзүү жөнүндө токтом кабыл алат. Ушул токтомдун алтынчы пунктунда мындай деп айтылган: Түркстандын Компартиясы менен Бухаранын компартиясы улуттук бөлүнүүнүн белгилерине ылайык: а) Өзбекстан Компартиясын; б) Түркмөнстан Компартиясын; в) кара-кыргыз жана тажик уюмдарын областтык уюмдардын укугунда түзүү жолу менен кайра уюштурулсун.

1924-жылы 18-октябрда РКП(б) Борбордук Комитети Кара-Кыргыздын убактылуу партиялык уюштуруу бюросун 13 кишиден бекиткен. 1924-жылы 11-ноябрда Ташкентте партиялык уюштуруу бюросунун биринчи заседаниеси болуп, анда президиум шайланган жана башка уюштуруу маселелери чечилген, атап айтканда партиянын уезддик комитеттерин жоюп, округдук комитеттерин түзүү жөнүндө токтом кабыл алынган.

Кара-кыргыз областтык уюмунун партиялык уюштуруу бюросунун президиумунун иши баарыдан мурда областтык жана округдук партиялык-советтик аппараттарды түзүү жана жетекчи кадрларды тандоо болгон. 1924-жылы 14-декабрда партиялык уюштуруу бюросунун президиуму мурда Кыргызстанда болгон Түркстан Компартиясынын уезддик-шаардык комитеттеринин ордуна РКП(б)нын округдук төрт комитетин: Пишпек, Жалал-Абад, Каракол-Нарын жана Ош комитеттерин түзгөн.

1925-жылы 23—27-мартта Пишпекте РКП(б)нын Кыргызстан областтык биринчи конференциясы болуп, ага партиянын 765 мүчөсүнүн жана 1718 кандидатынын, ошонун ичинде 46 аялдын атынан чечүүчү добуш менен 116 делегат жана кеңеш берүү добушу менен 32 делегат катышкан. Ошол кезде Пишпек партиялык уюмунун катарында 673 коммунист болгон. Кыргызстандын коммунисттерин мындан ары баш коштуруп бириктирүүдө, кыргыз элинин экономикасы менен маданиятын жогору көтөрүүдө конференция маанилүү роль ойногон.

Конференция РКП(б) Кыргызстан областтык комитетинин биринчи составын 35 мүчөдөн жана 11 кандидаттан шайлаган.

Биринчи областтык партиялык конференциянын чечимдерин жетекчиликке алып, РКП(б) Кыргыз обкому областтын партиялык уюмунун катарларын идеялык жана уюштуруучулук жактан чыңдоо боюнча чараларды иш жүзүнө ашырат, бул иште РКП(б) Борбордук Комитетинен жана анын Орто Азия бюросунан дайыма жардам алып турат. Конференциянын чечимдерин аткарып, областтык партиялык уюм партиялык, советтик жана чарбалык аппараттардын бардык звенолорунун ишин жандандырууга, шаар менен айылдын эмгекчилеринин саясий жана өндүрүштүк активдүүлүгүн күчөтүүгө жетишет. РКП(б) Кыргыз обкомунун 1925-жылы июнда болгон экинчи пленуму партиялык-уюштуруу ишинде жетишилген кээ бир ийгиликтерди белгилеп, партиянын обкомунун аткаруу бюросунан областтык уюмду чыңдоо боюнча белгиленген планды дагы ого бетер чечкиндүүлүк менен жүзөгө ашырууну талап кылат. Пленумдун «Партиялык курулуш жөнүндөгү» чечиминде партиялык массаларды жана айылдын партияга жакын турган жарым пролетардык катмарларын саясий жактан тарбиялоо иштерин күчөтүү зарыл деп көрсөтүлгөн.

Кыргызстандын областтык партиялык уюму өзү түзүлгөн убактан тартып эле калктын арасында массалык-саясий тарбия ишин күчөтүүгө, өзгөчө эмгекчилердин жалпы билим жана маданий деңгелин жогорулатууга олуттуу көңүл бурат. Өлкөнүн борбордук вуздарында жана бир тууган республикалардын вуздарында Кыргызстандын эл чарбасы үчүн адистерди даярдоого да көп көңүл бурулат. Коммунисттерге саясий билим берүү кеңири күчөтүлөт. Областта саясий сабаттуулуктун алты таяныч мектеби ачылат, партиялык жетекчи кадрларды даярдоо үчүн областтык советтик-партиялык мектеп уюштурулат. Андагы угуучулардын 60 проценттен ашыгы кыргыздар болгон. Областтык советтик-партиялык мектеп менен бирге округдук мектептер да өз ишин башташты.

РКП(б) Кыргыз областтык уюму түзүлгөндөн кийин, Фрунзенин (Пишпектин) партиялык уюму шаардык уюм гана болуп калат. 1926-жылы мартта — апрелдин башында Фрунзе шаардык партиялык биринчи конференция өтөт. Конференция чарбалык маселелер менен катар партиялык курулушка да көп көңүл бурат. Конференция партиянын шаардык комитетинин биринчи составын шайлайт.

Коммунисттердин 1926-жылы 25-сентябрда өткөн жалпы шаардык чогулушу партиялык-саясий иштерди мындан ары күчөтүүгө чоң маани берген. Анда шаардык комитеттин иши жөнүндөгү отчёт талкууланган. Чогулуш шаардык комитеттин ишин жактырып, практикалык кеңири чараларды — советтик органдардын, профсоюздардын, комсомолдун, турак-жай жана керек-жарак кооперациясынын иштерин жакшыртууга, шаарды көркүнө чыгаруу иштерин активдештирүүгө багытталган чараларды иштеп чыккан жана ишканалар менен мекемелерде акча каражаттарын, сырьёлорду, материалдарды, электр кубатын үнөмдөө үчүн болгон кыймылды уюштурууга, коомдук уюм-

дардагы жана башкаруу органдарындагы бюрократизмге каршы күрөш жүргүзүүгө коммунисттерди милдеттендирген. Ошондой эле айыл-кыштактарды шефке алуу ишине, жумушчу табы менен дыйкандардын союзун чыңдоого, эмгекчилерди саясий жактан тарбиялоого көп көңүл бурулган. Бул чогулуш шаардын партиялык уюмунун идеялык-уюштуруу жагынан чыңдалганын, анын катарларынын жумушчулар менен толукталганын канааттануу менен белгилеген.

Фрунзенин партиялык уюмунун алдына адеп башталгандан эле олуттуу милдеттер коюлат. Борбор шаардын уюму болуунун өзү ага жергиликтүү башка партиялык уюмдарга татыктуу өрнөк болгондой милдеттерди жүктөгөн. Экинчи жактан анын алдына эл чарбалык маанилүү милдет: биринчи беш жылдыктын ичинде Фрунзе шаарын өнөр жайдын тамак-аш, жеңил жана башка тармактарынын ири борборуна айландыруу милдети да коюлган. Ушулардын баарын жаңыдан баштоого туура келген. Ошону менен бирге маданияттан алыс турган эски Пишпектен маданияттын, искусствонун, илимдин республикалык борборун, Кыргыстандын коммунисттик уюмунун эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо боюнча жүргүзгөн бүткүл ишинин борборун жаңыдан түзүү керек болду. Партиялык жаш уюмдун алдында өзүнүн катарларын идеялык-саясий жана уюштуруучулук жактан чыңдоонун татаал милдеттери турган. Өнөр жайлык жана маданий курулуштун эбегейсиз зор программасын иш жүзүнө ийгиликтүү ашырууга, Фрунзени социалисттик ири шаарга, Советтик Кыргызстандын чыныгы борборуна айландырууга эмгекчилерди мобилизациялоо керек болду.

Фрунзе шаардык партиялык уюмунун тарыхы социалисттик курулушта анын чоң роль ойногонун көрсөтүп отурат. Буга эң оболу анын катарларынын өсүшү жана чыңдалышы, эмгекчилерди саясий жактан тарбиялоо жөнүндө көрүлгөн күндөлүк камкордук, аларды эмгектик эрдикке мобилизациялай билүү жардам берген. Эгерде 1926-жылы шаардык партиялык уюмда 717 коммунист болгон болсо, ал эми 1968-жылы 1-июлда анда ленииндик партиянын 26.160 мүчөсү жана кандидаты, ошонун ичинде 6 миңден ашык аял болгон. Партиялык уюмдун негизги уюткусун алдыңкы жумушчулар, коммунисттик эмгектин эпкиндүүлөрү, коммунисттик эмгек, турмуш жана маданият үчүн башталган кыймылдын катышуучулары, интеллигенциянын алдыңкы өкүлдөрү түзүшөт. Шаардын партиялык уюмунун жарымы өнөр жай, транспорт, курулуш жана байланыш ишканаларында эмгектенип жатышат.

Фрунзе шаардык партиялык уюмунун кандай өскөндүгүн жана чыңдалгандыгын кээ бир мисалдардан карап көрөлү.

1927-жыл. Партиянын кандидаттыгына төмөндөгүлөр кабыл алынган: Танашев Иса, 1903-жылы туулган, кыргыз, дыйкан, билими төмөн, 1924-жылдан бери комсомолдо, улуттук мектептин курсанты; Атабаева Хажархан, 1905-жылы туулган, өзбек, дыйкан, билими төмөн, 1925-жылдан бери комсомолдо, профессионалдык-техникалык мектептин окуучусу; Кытыркиев Орозалы, 1903-жылы туулган, кыр-

гыз, дыйкан, билими төмөн, 1925-жылдан бери комсомолдо, улуттук мектептин курсанты; Хажимуратов Исаке, 1905-жылы туулган, кыргыз, дыйкан, билими төмөн, 1924-жылдан бери комсомолдо, советтик-партиялык мектептин курсанты; Мячина Евдокия, 1905-жылы туулган, орус, кирпич заводунун жумушчусу, билими — чала сабаттуу.

Партиянын мүчөлүгүнө алынгандар: Исеналиев Мусуралы, 1889-жылы туулган, кыргыз, жумушчу, билими — чала сабаттуу; Нурманбетов Мамутхан, 1903-жылы туулган, кыргыз, билими — чала сабаттуу, 1921-жылдан бери комсомолдо; Галиева Сакия, 1905-жылы туулган, татар, кызматчы, билими төмөн, 1923-жылдан бери комсомолдо. Партияга киргендердин дээрлик бардыгынын анкеталык маалыматтары ушундай.

40 жыл өттү. 1967-жылдын биринчи жарым жылдыгында Фрунзе шаардык партиялык уюмунда КПССтин мүчөлүгүнө кандидат болуп 265 адам кабыл алынган, алардын ичинен 139 адам (жарымынан көбү) жумушчу, 125 адам кызматчы, алардын ичинде 108 инженер-техник кызматкери бар. Ошол эле кезде 72 комсомолец, 80 аял партияга кабыл алынган. Партияга кабыл алынгандардын ичинде 203 адамдын же 77 процентинин жогорку, толук эмес жогорку жана орто билими бар, ал эми мындан 40 жыл мурда партияга киргендердин басымдуу көпчүлүгү сабатсыз жана чала сабаттуу болгон.

1967-юбилейлик жылы КПССтин мүчөлүгүнө кандидат болуп кабыл алынгандар жөнүндөгү кээ бир маалыматтарды келтирели: Юрий Михайлович Кулик — Пишпек вагон депосунун вагондорду кароочусу, техникалык орто билими бар. Аксамай Омаров — электротехникалык заводдун кесүүчүсү, Кыргызстан мамлекеттик университетинин сырттан окуу бөлүмүнүн төртүнчү курсунун студенти. Партияга киреберде ал минтип жазган: «Мени КПССтин мүчөлүгүнө кандидат кылып алууңуздарды сураймын. Биздин бир тууган партиябыздын бардык чечимдерин аткарам, улуу Лениндин партиясынын татыктуу мүчөсү болом жана даңктуу юбилейди эмгектеги жана окуудагы жаңы ийгиликтер менен тосуп алам деп милдеттенемин».

Юбилейлик жылы партияга Абдымомун Исаков кабыл алынган — Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводунун жыгач устасы, мурдагы көчмөн кыргыздын уулу, азыр квалификациялуу жумушчу, коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү, орто билими бар. Ошол эле заводдо электр менен ширетүүчү болуп иштеген Барыктабас Жапаров да партияга кабыл алынган, анын орто билими бар, өндүрүштүн алдыңкы адамы, беш адамды өзүнүн өнөрүнө үйрөткөн. Өзүнүн чын жүрөгү менен юбилейлик жылы Султан Тургумбаев партияга кирген — ал троллейбус айдайт, эмгекчилер депутаттарынын Фрунзе шаарындагы Ленин райсоветинин депутаты. Лениндик улуу партиянын катарларына киргендер: Фрунзедеги мебель комбинатынын мастери Калыбек Төлөбаев — анын техникалык атайын орто билими бар; өндүрүштүн алдыңкы адамы, нан комбинатынын жумушчусу Аскар Нарынбаев — ага эмгектеги эрдиги үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилген. 1967-жылы

июлда Фрунзе шаарындагы партиянын Свердлов райкому Сүйүмбүбү Төлөбаевна Көпбаеваны КПССтин мүчөлүгүнө кандидат кылып алган — ал 1946-жылы туулган, кыргыз, комсомолка, билими орто, 1-Май атындагы фабриканын жумушчусу, коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү, шаардык Советтин депутаты, профсоюздун цех комитетинин мүчөсү, коомдук контролёр. Партиянын Ленин райкому КПССтин мүчөсүнө Азия Шаменованы кабыл алган — улуту кыргыз, университеттин англис тили кафедрасынын окутуучусу; Дамира Балтабаевна Борбиева да партияга алынган — кыргыз, 1940-жылы туулган, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын органикалык эмес жана физикалык химия институтунун аспиранты, Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин мүчөсү, ВЛКСМдын XV съездинин делегаты.

Келтирилген мисалдар коммунисттик идеалдарга чексиз берилгендиктин, Лениндин улуу ишинин адилеттүүлүгүнө ишенгендиктин духунда тарбияланган адамдардын Кыргызстанда бүтүндөй муундары өсүп чыккандыгына абдан ачык-айкын далил болот, бул сыяктуу мисалдарды келтире берсе толуп жатат.

Шаардык партиялык уюмдун 40 процентке жакыны жумушчулар. Коммунисттердин билим жана саясий деңгели абдан жогору. Эгерде 1937-жылы шаардык уюмдун учетунда турган партиянын 1415 мүчөсү менен кандидатынын 31 процентинин жогорку, толук эмес жогорку жана орто билими болсо, 1970-жылы 27 миң коммунисттин 66 процентке жакынынын жогорку, толук эмес жогорку жана орто билими бар.

1927-жылы бүткүл Кыргызстандын партиялык уюму бир нече улуттардын өкүлдөрүн бириктирип турган, ошонун ичинде кыргыздар, орустар, украиндыктар, казактар, өзбектер, татарлар болгон. Советтер Союзундагы республикалардын ортосундагы экономикалык, саясий жана маданий байланыштардын чыңдалышы менен бирге, Кыргызстандын Компартиясында өкүлдөрү болгон улуттардын саны да улам көбөйө берген: 1936-жылы — 19, 1938-жылы — 32, 1945-жылы — 45 ке жеткен. 1970-жылы шаардык партиялык уюм 59 улуттун жана элдин өкүлдөрүн бириктирген. Элдердин бир тууган үй-бүлөсү өсүп жана чыңдалып отурган, Кыргызстандын коммунисттеринин интернационалдык биримдиги өсө жана чыңдала берген.

«Биздин милдетибиз — партиябыздын бекемдигин, туруктуулугун, тазалыгын сактоо. Биз партиянын мүчөсүнүн наамын жана маанисин улам жогору... көтөрүүгө умтулушубуз керек»*. Партиялык уюмдар жаңы мүчөлөрдү тандоого жана кабыл алууга, жаш коммунисттерди тарбиялоого арнаган өздөрүнүн бүткүл ишинде Лениндин ушул көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алышат. Фрунзенин шаардык партиялык уюму лениндик кебелгис принциптердин негизинде бүткүл партия менен бирге өскөн жана бирге чыңдалган.

Социалисттик курулуштун, шаардын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүнүн бардык этаптарында партиялык уюм улам жа-

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 6-том, 541-бет.

ңы ийгиликтерге жетише берген. Жогоруда белгиленгендей, биринчи беш жылдыктардын ичинде Фрунзе шаарынын эмгекчилеринин алдына, биринчи кезекте коммунисттердин алдына өнөр жайдын ар кыл жаңы тармактарын түзүп, ошонун аркасында Кыргызстандагы социалисттик курулуштун бүткүл жүрүшүнө олуттуу таасир көрсөтүү милдети коюлган. 20-жылдардын аягында — 30-жылдардын башында Фрунзеде тамак-аш жана жеңил өнөр жайлардын көп ишканалары курулат. Ошол жылдары курулуш иштеринин өтө кыйын болгонун белгилеп кетүү керек: адистер, квалификациялуу жумушчулар, курулуш материалдары жана башка көп нерселер жетишкен эмес.

Бирок, куруу керек эле. Партиялык уюм массалардын чыгармачылык демилгесин колдоп жана өрчүтүп, аларды эпкиндүү эмгекке мобилизациялаган. Коммунисттер эмгекчилерди саясий жактан тарбиялоо боюнча көп күч талап кылган иштерди жүргүзүшкөн, советтик жана чарбалык органдардын, профсоюздардын, комсомолдун иштерин багытташкан, жумушчуларды даярдоо жана кайра даярдоо курстарынын кеңири тармагын, сабатсыздыкты жана чала сабаттуулукту жоюу мектептерин ачышкан.

Квалификациялуу жумушчулардын, инженер-техник интеллигенциясынын кадрларын даярдоодо Москванын, Ленинграддын, Ташкенттин, Алма-Атанын, Калининдин, Казандын профессионалдыктехникалык мектептери, вуздары жана техникалык атайын орто окуу жайлары Кыргызстанга чоң жардам көрсөтүшкөн.

Шаардык партиялык уюмдун жасаган күч-аракети эң көп жакшы натыйжаларды алып келди. Фрунзенин өнөр жайынын дүң продукциясы 1939-жылы эле 1913-жылдын көлөмүнөн 100 эседен ашып кеткен. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Фрунзе шаары эвакуацияланган ондогон ишкананы кабыл алган. Шаардын партиялык уюму эвакуацияланган заводдор менен фабрикаларды монтаждоонун мөөнөтүн кыскартуу үчүн эмгекчилердин жасаган күч-аракетине жетекчилик кылып турган. Шаардын ишканаларында жасалган коргонуу продукциясын фронт 1941-жылдын аягында эле ала баштаган.

Тынчтык жылдары башталды. Өлкө эл чарбасын калыбына келтирүүгө жана өрчүтүүгө киришти. Фрунзе шаарынын партиялык уюму коммунисттердин көңүлүн, бардык эмгекчилердин күч-кайратын жана демилгесин республиканын борбор шаарын оор индустриянын ири борборлорунун бирине айландырууга мобилизациялады. Согуштан кийинки мезгилдин эбегейсиз зор кыйынчылыктарын жеңип өтүп, шаардын партиялык уюму жумушчулардын маданий-техникалык деңгелин жогорулатуу боюнча, социалисттик мелдештин жана коммунисттик эмгек үчүн, өндүрүштө техникалык прогрессти тездетүү үчүн башталган кыймылдын көлөмүн көбөйтүү боюнча кеңири чараларды турмушка ийгиликтүү ашырып жатат.

Шаардык партиялык уюмдун эң зор уюштуруучулук жана саясий иш жүргүзгөндүгү аркасында жана эмгекчилердин күч-аракети менен Фрунзеде оор индустриянын көп ишканалары: электромашина-

ларын жасоо, электротехника, физикалык приборлор, машина жасоо менен станок жасоо өнөр жайлары үчүн автоматтык жана жарым автоматтык линиялар чыгаруучу жана башка толуп жаткан ишканалар курулган. Азыр иштеп жаткан ишканалар реконструкцияланып жана бир кыйла кеңейтилүүдө.

Кыргызстандын борбор шаары — республикалык Илимдер Академиясы башында турган вуздардын, атайын орто окуу жайларынын, илимий-изилдөө мекемелеринин шаары. Ушунун өзү да шаардык партиялык уюмга зор жоопкерчиликти жүктөйт. Ал — эл чарбасы үчүн жогору квалификациялуу адистерди даярдоо сыяктуу маселелерди дайыма өзүнүн көңүлүнүн борборунда тутат, Советтик Кыргызстандын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүгө, техникалык прогресстин темптерин, коммунизмдин материалдык- техникалык базасын куруунун темптерин тездетүүгө жардам кыла турган илимий проблемаларды иштеп чыгууга илимий мекемелердин коммунисттеринин күч-аракетин мобилизациялайт.

Фрунзенин партиялык уюму республиканын чыгармачылык интеллигенциясын тарбиялоо үчүн көп камкордук көрөт, адабияттын, драматургиянын, кинонун, сүрөт тартуу искусствосунун чыгармаларын — коммунизмди куруунун баатыр дооруна татыктуу болгон чыгармаларды түзүүгө чыгармачылык интеллигенцияны багыттайт.

Советтик Кыргызстандын саясий, экономикалык жана маданий борбору болгон Фрунзе шаарында интеллигенциянын, идеологиялык фронттун кызматкерлеринин көп сандаган кадрлары топтолгон. Бул жерде азыркы замандын полиграфиялык базасы, информациянын азыркы замандагы каражаттары жана ушул сыяктуулар бар. Ушулардын бардыгы Фрунзенин партиялык уюмун — бүт республикадагы эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоо боюнча да жүргүзүлө турган иштин алдыңкы чегине койду.

Советтик Кыргызстандын борбору — Советтер Союзундагы эң кооз жана көрктүү шаарлардын бирине айланды. Муну эмгекчилер партиялык уюмдун жетекчилиги астында, Советтик Ата Мекендин бир тууган элдеринин жардамы менен иштешти.

ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА

# РЕСПУБЛИКАНЫН БОРБОР ШААРЫ — ИРИ ӨНӨР ЖАЙ БОРБОРУ

## 1. РЕСПУБЛИКАНЫН БОРБОР ШААРЫН ТАНДОО

Орто Азиянын улуттук мамлекеттерге бөлүнүшүнө даярдык көрүү иштери Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын борбору Ташкент шаарында өткөн. Кыргыз автономиялуу областынын Революциялык комитети жана областтык партиялык уюмдун убактылуу Партиялык уюштуруу бюросу (Оргпартбюросу) 1924-жылы октябрда — декабрда ушул жерде иштеп турган.

Кыргыз автономиялуу областын түзүүгө байланышкан көп маселелердин ичинде, албетте, анын административдик борбору жөнүндөгү маселе да болгон. Ревкомдун жана Партиялык уюштуруу бюросунун кошмо заседаниесинде бул маселе боюнча эки пикир келип чыккан: бирөөлөрү Жалал-Абад шаарын, экинчилери — Пишпек шаарын сунуш кылышкан.

Узак убакыт талашып-тартышкандан кийин, Жалал-Абадга токтолгондой болушту. Бирок маселени ошол жердин өзүндө текшергенде: революцияга чейин волосттун гана борбору болгон Жалал-Абадда областтык уюмдар менен мекемелерди жайгаштыруу үчүн ылайыктуу жайлар жок болуп чыкты. Шаар деп аталып жүргөн Жалал-Абад ошол кездеги өзүнүн бардык кемчиликтери менен бар болгону кыштак гана экен: электри да, телефону да, көчөлөрүндө эч кандай жарыгы да жок; шаардын үйлөрү — топурактан курулган, калкы — дыйкандар жана аз сандагы бирин-серин кустарлар, кызматчылар гана экен. Бирок, областтын борбору катарында Жалал-Абад жөнүндөгү маселе али күн тартибинен алынып таштала элек болучу. Керектүү имараттарды курганга чейин областтык уюмдарды убактылуу Ош шаарына жайгаштыруу керек деп чечишти.

Бирок, Ош шаарынын да ошол кезде Жалал-Абаддан ашып кеткен жери жок экен. Ошондуктан, Советтик Кыргызстандын борборун акыры Пишпек болсун деп чечишти. Анын себептери да көп. Ташкент — Верный, Пржевальск — Борбордук Тянь-Шань жолдорунун кошулган жеринде тургандыктан, Пишпек көрүнөө эле өсүп келаткан чоң уезддин борбору болгондуктан, бүткүл Кыргызстандын экономи-

касы менен маданиятын өнүктүрүүдө ал чоң роль ойногон. 1920-жылы Пишпекте 19 миңге жакын калк жашаган. Жалал-Абадда 1923-жылы 5820 гана адам болгон. Пишпекте сабаттуу адамдардын саны да бир кыйла көп эле — алар Пишпекте бардык калктын 39,7 процентин, ал эми Жалал-Абадда болсо 13,5 процентин гана түзгөн.

Пишпектин бир нече чоң-чоң имараттары болгон, шаар анча-мынча электрлештирилген, телефон байланышы да бар эле, кээ бир административдик үйлөргө телефон 1910-жылы эле киргизилген. Бирок маселе, областтын борборун жайгаштыруу үчүн Пишпектин шарты бир канча ылайыктуу болгондугунда жана кыска мөөнөт ичинде Жалал-Абаддын жакшыртылышы мүмкүн экендигинде гана эмес болучу. Пишпекти областтын административдик борборуна айландыруу жөнүндөгү чечим — кыргыз элинин мурдагы өткөн бүткүл тарыхынын жана Пишпектин бул тарыхта ойногон ролунун көз карашы менен алганда да абдан туура чечим болгон.

Ысык-Көлдүн, Борбордук Тянь-Шандын, Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыргыздары XVIII кылымдын экинчи жарымынан тартып эле орустар менен саясий байланыш түзө башташкан. Алар өз ыктыяры менен Россиянын составына кошулгандан кийин, Кокондун талкаланган чебинин ордуна европалык типтеги шаар пайда болуп, ал бат эле бүткүл Түндүк Кыргызстандын борборуна айланат. Эгин айдоону, мөмө бактарын өстүрүүнү, огородчулукту, асыл тукум мал чарбасын, өнөр жай өндүрүшүн таратууда, чарба жүргүзүүнүн бир кыйла прогрессивдүү формаларына, шаардык турмушка, билимге жана башкаларга кыргыздарды тартууда Пишпектин ойногон ролуна баа жеткис.

Бирок, Пишпектин көбүрөөк маанилүү болушу анын кыргыз эмгекчилеринин арасында революциялык идеяларды, марксизмдин-ленинизмдин идеяларын таратуунун борбору болуп калгандыгында турган. 1917-жылдан алда канча мурда эле РСДРПнын Пишпек уюму аркылуу Ташкенттен Верныйга, Пржевальскиге жана Жети-Суунун башка шаарларына легалдык эмес саясий адабияттар, прокламациялар, баракчалар жөнөтүлүп, алар эмгекчи массаларды падышалык режимге, колонизатордук эзүүгө жана эксплуатацияга каршы күрөшкө чакырган.

1917-жылы февралда падыша өкмөтү кулатылгандан кийин, Пишпек Түндүк Кыргызстандын революциялык күчтөрүнүн топтолгон жери болгон. Бул жерде большевиктик топтор түзүлүп, алар Кыргызстандын эмгекчилеринин алдыңкы өкүлдөрүн баш коштуруп бириктирген. Пишпек большевиктери РСДРП(б)нын Борбордук Комитети менен байланыш түзгөндөн кийин (1917-жылы жайында), бул жакка биринчи жолу большевиктик «Правда» газетасы келе баштайт, мында эмгекчилердин улуттук демократиялык биринчи уюму — «Букара» союзу түзүлөт. Большевиктердин жетекчилиги астында «Букара» союзу бүткүл Түндүк Кыргызстандын кыргыз кедейлерин Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкө чакырат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишине байланыштуу, кыргыз элинин турмушунда Пишпектин ролу дагы ого бе-



Фрунзе көчөсүндөгү архитектуралык ансамбль →



тер арткан. Социалисттик кайра түзүүнү иш жүзүнө ийгиликтүү ашырып, Пишпек Совети өлкөнүн башка райондоруна таасир көрсөтөт. Пишпектин Түштүк Кыргызстан менен темир жол катташы орногондон кийин, бул таасир дагы ого бетер күчөйт.

Кыргызстандын башка райондору жана бүткүл өлкө менен Пишпектин темир жол байланышынын ачылышы кыргыз элинин турмушунда кандай мааниге ээ болгондугун биздин партиябыздын борбордук органы «Правда» газетасында 1924-жылы 8-августта жарыяланган билдирүүдөн баамдоого болот. Бул окуя жөнүндө мындай деп кабар кылынган: «Жети-Суу темир жолунун биринчи участогунун Пишпекке чейинки кыймылы салтанаттуу түрдө ачылды. Бул салтанатка СССР Жол катташ Эл Комиссариатынын, Түркстан Борбордук Аткаруу Комитети менен Эл Комиссарлар Советинин, партиялык жана профсоюздук уюмдардын өкүлдөрү катышышты».

СССРдин Эл чарбасынын Жогорку Советинин Председатели Ф. Э. Дзержинский да бул окуяга чоң маани берген. Аулие-Ата — Пишпек линиясында поезддердин жүрүшүнүн мөөнөтүнөн мурда ачылганына байланыштуу, анын ушул темир жол айрылышынын куруучуларына жиберген куттуктоо телеграммасын 1924-жылы 12-августта «Туркестанская Правда» газетасы басып чыгарган. Дзержинский эмгекте баатырдык көрсөткөндүгү үчүн Түркстан республикасынын бүткүл жумушчу табына жана бул курулушка катышкандардын бардыгына алкыш айткан.

1924-жылы Орто Азия улуттук-мамлекетке бөлүнгөн кезде Пишпек Кыргызстандын эң маанилүү шаары болгон. Эгер Кыргызстандын өз ыктыяры менен Россия мамлекетине кошулган убагынан берки Пишпектин бүткүл тарыхын эске түшүрө турган болсок, анда эмне үчүн бул шаардын Кыргыз автономиялуу областынын борбору болуп тандалып алынганы өзүнөн-өзү түшүнүктүү болот.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында кыргыз эли өзүнүн тарыхында биринчи жолу улуттук мамлекетке ээ болду, анын эмгекчилери 1918-жылы эле бардык жерде айылдык, волосттук жана уезддик Советтерди түзүшкөн. 1924-жылы Кыргыз автономиялуу областын түзүү кыргыз элинин улуттук мамлекетинин өнүгүшүндөгү экинчи бир маанилүү этап болду.

Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшүнүн натыйжасында кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу анын жайгаштырылышынын мамлекеттик чек аралары аныкталат. 1924-жылдагы административдик-территориялык реформага ылайык, Кыргыз автономиялуу областы төрт округга — Пишпек, Каракол-Нарын, Ош жана Жалал-Абад округдарына бөлүнүп, аларга 75 волость кирген. Ошол кезде областка бардыгы болуп 6 шаар, 721 село, 727 айыл жана 5 хутор караган.

1924-жылы декабрь айынын аягында Кыргыз областынын Ревкому жана убактылуу Партиялык уюштуруу бюросу Ташкенттен Пишпекке көчүп келет. Шаардын тарыхында жаңы барак ачылат. Кыргызстандын саясий, экономикалык жана маданий турмушуна,



Кыргызстан Компартиясынын Фрунзе шаардык комитетинин имараты



И. В. Панфиловдун эстелиги

социалисттик курулуштун бардык процессине ушул жерден жетекчилик кылынат.

Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында кыргыз эли социализмдин Ленин көрсөткөн жолу менен ишенимдүү жүрүп отурат. Социалисттик курулуштун ийгиликтерин жана эмгекчи кыргыз элинин эркин эске алып, Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму 1926-жылы 1-февралда Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик республикасы кылып кайра түзүү жөнүндө токтом кабыл алат. Бул токтомду Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 3-сессиясы бекиткен. Сессиянын токтомунда мындай деп жазылган: «РСФСРдин составында Кыргыз автономиялуу областынын чарбалык жана саясий жалпы маанисин жана Кыргызстандын улуттук-территориялык компакттуулугун (бүтүндүгүн) эске алып, Кыргыз автономиялуу областын, анын азыркы чек араларында, федеративдик бөлүк болуп РСФСРдин составына кирген Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы кылып кайра түзүү жөнүндө Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1926-жыл 1-февралдагы токтому эмгекчи кыргыз элинин эркине ылайык бекитилсин».

Кыргыз эли өзүнүн улуттук мамлекетин мындан ары өнүктүрүү жөнүндө, анын суверендик укуктарын кеңейтүү жөнүндө кам көргөндүгү үчүн, социализмди курууда күн сайын жардам көрсөткөндүгү үчүн Коммунисттик партияга жана Совет өкмөтүнө чын ыкластан өзүнүн алкышын айтат. Кыргыз Автономиялуу Республикасын түзүүгө арналган эмгекчилердин салтанаттуу митингилеринде жана чогулуштарында Пишпек шаарынын наамын өзгөртүү жөнүндөгү маселе каралган. Пишпек деген наам колониалдык кулдандыруунун жана кыргыз элинин эркиндигин муунткан кокон хандарынын үстөмдүгүнүн оор күндөрүн эске түшүрөт.

Советтик Кыргызстандын борбор шаарына — чыныгы ленинчи, Коммунисттик партия менен Совет мамлекетинин көрүнүктүү ишмери, Кызыл Армиянын атактуу полководеци жана Советтер Союзунун Куралдуу Күчтөрүнүн таланттуу уюштуруучусу Михаил Васильевич Фрунзенин ысмын коюу жөнүндөгү өтүнүч менен республиканын эмгекчилери Совет өкмөтүнө кайрылышкан.

М. В. Фрунзе өзүнүн бардык күчүн жана талантын Совет бийлигинин жеңишине жана аны бекемдөөгө бергенин кыргыз эли жакшы билет. Фрунзе кийинки жылдарда да кыргыз элине сергектик менен мамиле жасаганын эл жакшы билет. 1925-жылы 14-мартта областтык партиялык биринчи конференциянын атына анын жиберген куттуктоо телеграммасынын сөздөрү Кыргызстандын эмгекчилеринин эсинде күнү бүгүнкүдөй сакталып турат, анда Фрунзе мындай деп жазган:

*Мен өзүм туулуп-өскөн областтын биринчи партиялык конференциясын куттуктаймын. Калктын материалдык жыргалчылыгын жана анын маданий деңгелин жогору көтөрүү жагынан иштөөнү Сиздердин негизги милдетиңиздер деп эсептеймин. Бул милдетке, баарыдан мурда, айылдык жана селолук*

*калкты партиялык уюмга абдан жакындастуу жолу менен, алардын толук ишенимине ээ болуп, биздин советтик ишке жана бийлик аппаратына аларды тартуу жолу менен жетишүүгө болот. Башкаруунун советтик системасы эмгекчилердин муктаждыктарын тейлөө үчүн, башкаруу ишине алардын өздөрүн абдан кеңири катыштырганда гана зор мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет. Областтын бардык органдарында айылдардын, селолордун жана кыштактардын өкүлдөрүнө кеңири орун берилүүгө тийиш. Падышачылыктын калдыктары сыяктуу анын каргашалуу мурасын жоюу сиздердин экинчи бир маанилүү милдетиңиздер болот деп эсептеймин. Кара-Кыргыз областынын көп улуттуу мүнөздө болушу сиздердин алдыңыздарга областтын бардык улуттарынын муктаждыктарына, керектөөлөрүнө сергектик менен адилеттүү түрдө жана камкордук көрүп мамиле жасоо милдетин коёт. Сиздердин областыңыздардын табигый байлыктары абдан зор, сиздердин автономиялуу укук алганыңыздарга байланышкан курулуштун перспективалары бул областты бардык коңшу элдерге өрнөк кылып көрсөтө тургандай областка айландыруу үчүн бардык маалыматтарды берет. Бул иште толук ийгиликке жетишүүңүздөрдү каалаймын.*

*СССРдин Революциялык аскер Советинин Председатели*
*М. ФРУНЗЕ.*

Кыргыз элинин жана Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин тилегин орундап, 1926-жылы 5-апрелде Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму «Кыргыз автономиялуу областынын Пишпек шаары Фрунзе шаары болуп аталсын» деп токтом кылат.

Фрунзе шаары Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын борбору болуп калды.

Биздин өлкөбүздө социализмдин жеңиши жана ушуга байланыштуу кыргыз элинин экономикалык, саясий жана маданий жактан өнүгүшүндө мурда болбогондой секирик жасоо, советтик демократияны мындан ары өнүктүрүү жана Советтер өлкөсүнүн элдеринин бир туугандык бузулбас достугун чыңдоо Кыргызстанды суверендүү мамлекет кылып кайра түзүү үчүн негиз берген.

СССРдин 1936-жылдагы Конституциясынын негизинде Кыргыз АССРи Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайра түзүлөт. 1937-жылы 23-мартта республиканын Советтеринин Чукул чакырылган V съезди кабыл алган Кыргыз ССРинин Конституциясынын «Герб, желек, борбор» деген X главасынын 117-статьясында: «Фрунзе шаары Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын борбору болуп саналат» деп салтанаттуу түрдө жазылган.

Фрунзе шаарынын мурдагы Пишпектен адегенде анча айырмасы болгон эмес. Бирок, убакыттын өткөнүнө жараша шаардын келбети өзгөрүлүп отурду. Курулуш иштери башталды, реконструкциялоо пландары иштелип чыкты.

1926-жылы 1-майда салтанаттуу митингден кийин, республиканын Өкмөт үйүн куруу башталды.

Ал мындай болгон. Биз 1926-жылы 5-майда чыккан «Крестьянский путь» газетасын окуп көрөлү. «Эркин тоонун майрамы» деген кабарда ошол кездеги эң зор окуя мындайча сүрөттөлөт:

Күн чайттай ачык. Көгүлтүр асман ысык нурун чачат. Пишпектин үстүнөн көрүнгөн ак кардуу тоого күндүн көз уялткан алтын бермети себелейт.

Теректер менен эмендердин жашыл жалбырактарын али чаң баса элек кез, анын фонунан туулардын кызыл гүлдөрү менен кызгалдактары желбирейт.

Быйыл 1-Май кайгылуу ишембиге туш келди, дешет. Бир кездерде, революцияга чейин, бул күн — атайы кайгыруу күнү болгон эле, ал турсун энелери попко жагынуу үчүн балдарына кара кийим да кийгизишкен...

Чынында да эки дүйнө, бирөө — кудайга сыйынгандардын кенчи болгон кара, күнү бүткөн эски дүйнө. Экинчиси — чоң аянттагы кызыл-тазылга боёлгон Биринчи Май трибунасын курчаган бактылуу элдин дүйнөсү...

Сүйлөнүп жаткан сөздөрдүн мазмунунда анча деле айырма жок. Ал ошондой эле болууга тийиш.

«Курганбыз... Куруп жатабыз... Кура беребиз... Бардык күчүбүз, бардык оюбуз курулушка... Боштондукка чыккан эмгектин майрамы күнү социализмди куруучуларга салам...»

Албетте эч кандай ар түрдүүлүктүн, эч кандай эки пикирдин болушу мүмкүн эмес! Кыргызстанда социализм курулууга тийиш жана курулат.

Митинг бүттү. Эл ордунан козголо баштады. Колонналар түздөлүп, аянттын аркы учуна бет алышты. Таштан жана кумдан төрт бурчтук — Борбордук Аткаруу Комитетинин келечектеги үйүнүн негизи коюлат.

Курулуш башталды. Салтанаттуу түрдө:

— Бул жерге республиканын өкмөттүк мекемелеринин имараты курулат,— деген үн көгүлтүр трибунадан угулат.

— Аткаруу Комитетинин председатели жолдош Орозбеков биринчи ташты койду. Бул таш — социализмди куруунун башталышы, Кыргызстанда өнөр жайды куруунун башталышы.— Биздин тоолорубуз бай, эгин талааларыбыз бай — аларга Октябрдын демин киргизебиз, кыймылдын, күчтүн рухун кошобуз, Кыргызстан — падышалык колония эмес.

— Пайдубалдын түбүнө курулуштун грамотасын салабыз, биздин күндөрүбүздүн газеталарын салабыз — 1926-жылдын майы жөнүндөгү эстелик келечек тукумдарга сактала берсин.

Майдын ысык нуру айланага чачырайт, кызыл туулар дирилдеп желбирейт, Интернационалдын шаңдуу үнү угулат. Жолдош Орозбеков биринчи ташты — келечектин чоң курулушунун биринчи ташын коёт. Курулуштун акыркы ташын курулуш жумушчусу коёт.— Куруучулар ишке киришти,— деген үн трибунадан угулат. — Ура-а! Ура-а! «Интернационал» ырдалып, кол чабуулар угулат.

1927-жылы бул имарат пайдаланууга берилди. Анда өкмөт жана ВКП(б)нын обкому жайгашкан. Азыр бул имаратты Кыргыз ССРинин Тарых музейи ээлейт.

Республикалык жана шаардык башка мекемелердин үйлөрүн куруу күчөтүлөт. 1927—1935-жылдарда Киров жана Кызыл Октябрь көчөлөрүнүн бурчунда Агартуу Эл Комиссариатынын, Биринчи Май көчөсүндө — Финансы Эл Комиссариатынын, Дзержинский проспектисинде — СССР Мамлекеттик банкынын Кыргызстандагы бөлүмүнүн үйлөрү жана башка имараттар курулат.

1936-жылы Кыргызстанда үч кабаттуу биринчи үй — Киров көчөсүндөгү жаңы Өкмөт үйү тургузулат. Мурдагы өкмөт үйүнө чарбалык эл комиссариаттар менен республикалык башка мекемелер жайгаштырылат.

Согушка чейинки жылдарда эле шаардын сырткы келбетинде, аны көркүнө чыгарууда, анын экономикалык жана маданий турмушунда революцияга чейинки эски Пишпектен эч нерсе калган жок десек да болот. Советтик Кыргызстандын борбору — социалисттик жаңы Фрунзе шаары өсүп чыкты.

Октябрь революциясынын бешиги — Ленинграддын жумушчу табынын шефке алышы Фрунзе шаарын жаңыдан куруп, өнүктүрүүдө баа жеткис роль ойногон. 1932-жылы 17-ноябрда жумушчу, дыйкан жана кызыл аскер депутаттарынын Ленинград Совети токтом кабыл алган, анда мындай деп айтылган:

Экинчи беш жылдыкта Кыргыз Автономиялуу ССРинин чарбалык жана маданий жактан өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү максатында Ленинград Советинин Президиуму токтом кылат:

Кыргыз Автономиялуу ССРи саясий жана чарбалык-маданий жактан шефке алынсын... Ленинграддын шефке алган жумушчуларын жана эмгекчи массасын кеңири тартуу максатында жана шефке алууну иш жүзүнө ашырып, Кыргызстандын эмгекчилери менен байланыш түзүү максатында Кыргыз Автономиялуу ССРинин ишканалары менен райондорун Ленинграддын ишканаларынын жана уюмдарынын шефке алышы уюштурулсун.

1932-жылы 25-декабрда Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиуму токтом кабыл алып, анда Ленинград Советинин ушул чечимин куттуктайт. Ал эми 1933-жылдын башында Ленинград Совети менен Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин өкүлдөрү шефке алуу жөнүндөгү договорго кол коюшат, бул договордун көп пункттары түздөн-түз республиканын борбор шаарына тиешелүү болгон. Анын текстин келтирели:

### КЫРГЫЗ АССРин ЛЕНИНГРАДДЫН ШЕФКЕ АЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ДОГОВОР

Советтер Союзунун социалисттик экономикасынын фундаментин жеңиштүү аяктоого жана улуу түзүүчүлүк иштердин биринчи беш жылдык планын 4 жылда аткарууга алып келген Октябрь Революциясы он беш жылы мурдагы падышалык Россиянын жана анын эң алыскы чет-жакаларынын келбетин түп-тамырынан тарта өзгөрттү. Лениндин улут саясатын ырааттуу жана кыйшаюусуз түрдө жүргүзүүнү камсыз кылган партиянын генеральный линиясын ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу Советтер Союзундагы бардык аз улуттарды жана эң артта калган кичине элдерди коммунизмдин активдүү куруучуларынын бирдиктүү үй-бүлөсүнө кошту, аларга чарбалык жана маданий жактан өнүгүүнүн эң кеңири перспективаларын ачып берди.

Советтер өлкөсүнүн башка элдери менен бирге Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы да социалисттик курулуштун бардык тармактарында эбегейсиз зор ийгиликтерге жетишти.

1917-жылдын октябрына чейин Кыргызстан падышалык Россиянын эң артта калган, колониялык көз каранды жана укуксуз чет-жакаларынын бири болгон, падышачылыктын, улуу державалык буржуазиянын жана жергиликтүү эксплуататордук таптардын аскердик-феодалдык ырайымсыз эзүүсү анын өндүргүч күчтөрүн тушап келген.

Кыргызстандын эмгекчи массаларын колониялык эзүүнүн жана эксплуатациялоонун чынжырынан бошоткон Октябрь революциясы социалисттик Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүнүн дүркүрөп жогорулашын жана анын чарбалык, саясий жана маданий жактан тез өсүшүн камсыз кылган.

Ушул жылдардын ичинде көмүр өнөр жайынын жана айыл чарба продукциясын кайта иштетүүчү өнөр жайдын ири ишканалары өсүп чыкты; ушулардын негизинде кыргыздын улуттук жаш пролетариаты өсүп жатат. Айыл чарбасы жагындагы ийгиликтер да абдан зор: чарбалардын 67 проценти колхоздорго бириктирилген. Совхоздордун, МТСтер менен МССтердин* тармагы,

---

*МСС — машина-чөп чабуу станциялары.

айыл чарбасын социалисттик жана техникалык жактан реконструкциялоонун таяныч пункттары өсүп чыкты. Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу процесси кеңейип жатат. Республиканын калкынын 50 процентке жакыны сабаттуу болуп калды. Советтик Кыргызстандын беш жылдык планынын негизги көрсөткүчтөрү орундалды жана алда канча ашыгы менен орундалды.

Экинчи беш жылдык Кыргыз республикасына чарбалык-саясий жактан өсүүнүн дагы бир кыйла кеңири перспективасын жана падышачылыктын колониялык-капиталисттик режиминен мурас болуп калган экономикалык жана саясий артта калуучулукту дагы бир кыйла тез жоюунун перспективасын ачып берет.

Советтик Кыргызстандын мал чарбачылыкты жана техникалык өсүмдүктөрдү (пахтаны, жаңы буланы жана башкаларды) өнүктүрүү жагынан эң зор мүмкүнчүлүктөрү бар. Республикада түстүү металлдардын жана башка сейрек учурай турган жер байлыктарынын (сымаптын, молибдендин, алтындын жана башкалардын) эң бай, бирок али изилдене элек кендери, гидроэнергетикалык кубаттуу ресурстары жана башкалар бар.

Экинчи беш жылдыкта Кыргыз республикасынын алдына коюлуп жаткан эң зор милдеттердин аткарылышы — партиянын, анын Лениндик Борбордук Комитетинин генеральный линиясын кыйшаюусуз иш жүзүнө ашыруунун, лениндик улут саясатын туура жүргүзүүнүн негизинде гана жана бардык советтик республикалардын, биринчи кезекте алдыңкы катардагы индустриялуу борборлордун жумушчу табынын дайыма бир туугандык колдоосу жана жардамы болгондо гана мүмкүн.

Социализм үчүн күрөшкөндөрдүн көп миллиондогон армиясынын авангардында бараткан Ленин шаарынын пролетариатынын өлкөнүн өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүүдө Советтик Кыргызстандын эмгекчи массаларына реалдуу жардам көрсөтүү үчүн жана республиканын эл чарбасынын бардык тармактарында социалисттик курулуштун темптерин тездетүү үчүн эң зор уюштуруу-саясий тажрыйбасы, илимий-маданий күчтөрү жана чарбалык-техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар.

Ушул максат менен жумушчу, дыйкан жана кызыл аскер депутаттарынын Ленинград Совети Кыргыз Автономиялуу Социалисттик Республикасын саясий жана чарбалык-маданий жактан шефке алып, ушуну иш жүзүнө ашыруу үчүн Ленсовет өзүнүн алдына төмөндөгү милдеттенмелерди коёт:

1. Кыргызстандын начар изилденгендигин жана анын өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүү үчүн бир кыйла потенциалдык мүмкүнчүлүгү бар экенин эске алып, Илимдер Академиясы менен Ленинград шаарынын илим-изилдөө уюмдары аркылуу Кыргызстанды мындан ары изилдөө камкордугун өзүнө алат, атап айтканда Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүн изилдөө боюнча СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстандагы комплекстүү экспедициясын техникалык жактан жасалгалоодо жана жабдууда Илимдер Академиясына жардам көрсөтөт.

2. Орто Азиянын энергетикалык балансысын негизинен гидроэнергияга таянып курууну чечүү үчүн мүмкүнчүлүк бере турган энергетикалык при ресурстар Кыргызстанда бар болгондуктан, Ленсовет экинчи беш жылдыкка электрификация планын түзгөндө Кыргыз АССРине реалдуу жардам көрсөтүү боюнча өзүнө милдеттенме алат.

3. Кыргыз АССРиндеги түстүү металлдардын жана сейрек элементтердин (сымап, молибден, сурьма, коргошун, алтын) эң бай кендерин изилдөөнүн жана иш жүзүндө өздөштүрүүнүн темптерин тездетүү максатында Илимдер Академиясынын жана Ленинграддын илим изилдөө уюмдарынын жардамы менен металлдын ачылган кендеринин маанисин аныктоо үчүн жана аларды иш жүзүндө тезирээк өздөштүрүүгө көмөк көрсөтүү үчүн Ленсовет өзүнө милдеттенме алат.

4. Кыргызстанда социалисттик курулуш тез өсүп жаткандыгына, жумушчулардын жана адистердин квалификациялуу кадрлары керек болуп жаткандыгына байланыштуу, Ленсовет төмөндөгүлөргө милдеттенет:

а) 1933-жылы Кыргыз АССРине дайыма иштөө үчүн жогорку квалификациялуу адистер (геологдор, вуздардын окутуучулары, врачтар, агрономдор жана башкалар) жана бир катар жаңы заводдорду куруу үчүн жогорку квалификациялуу жумушчулардын керектүү кадрларын жиберүүгө;

б) 1933-жылы Ленинграддын ишканаларында булгаары, текстиль, полиграфия, механика-ремонттоо макарон, эт муздатуу жана консерва өндүрүшү жагынан кыргыз жумушчуларын окутууну камсыз кылууга;

в) Ленинграддын окуу жайларында Кыргызстандан келген окуучулардын ийгиликтүү окушуна көмөк көрсөтүп, окууну нормалдуу өтүү үчүн аларга тийиштүү жардамды камсыз кылууга милдеттенет.

5. Кыргызстандын бир катар өнөр жай ишканаларынын техникалык жактан начар жабдылганын эске алып, Ленсовет Кыргызстандын өнөр жай ишканалары менен окуу жайларын техникалык жактан жасалгалоо үчүн, атап айтканда ремонттук-механикалык эки заводду, Фрунзедеги электростанцияны, кийим тигүү фабрикасын, райондук 4 типографияны жана эки вуздун лабораториясын жасалгалоо үчүн заказ алууга жана ал заказдын өз убагында аткарылышына ар тараптан көмөк көрсөтүүгө милдеттенме алат.

6. Кыргызстандын эмгекчилеринин китепке жана айрыкча окуу китептерине өсүп жаткан талаптарын жана Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарында тийиштүү фундаменталдык китепкананын жоктугун эске алып, Ленсовет борбор шаардын китепканаларын Ленинграддын китеп фондусунан бөлүнүп чыгарылган китептер менен толуктоодо жана да ар кыл окуу куралдарын берүүдө Кыргыз АССРине реалдуу жардам көрсөтөт.

7. Кыргызстандын көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларынын отурукташууга өтүшүнүн эң зор мааниси бар экенин эске алып, Ленсовет Кыргызстандын эмгекчилерине бул иште ар тараптан жардам көрсөтүү үчүн, атап айтканда, отурукташып жаткан чарбалардын турак-жай имараттарын курууну тездетүүгө материалдарды, ошону менен бирге маданий-турмуш мекемелерине (мектептерге, ооруканаларга, тиш дарылоочу кабинеттерге) керектүү жасалгаларды атайы бөлүп чыгаруу үчүн өзүнө милдеттенме алат.

8. Кыргызстандын эмгекчи массаларын кеңири керектөөнүн негизги товарлары менен жабдуу ишинде Ленинград керек-жарак коом союзу жана Ленинграддын промыселдик кооперациясы аркылуу Ленсовет Кыргыз АССРине жардам көрсөтүүгө милдеттенет.

Ленинграддыктардын ак көңүлү менен берген жардамын кыргыз эли абдан ыраазы болуп кабыл алды. Ленинграддын эмгекчилери өздөрүнүн патриоттук милдеттенмелерин абийирдүүлүк менен орундатышты. Кыргыз эли ушул чыныгы бир туугандык жардамды эч качан унутпайт. Ленинграддыктардын шефке алышы жана өлкөнүн бардык бир тууган элдеринин дайыма жардам көрсөтүшү республиканын экономикасы менен маданиятын, ошондой эле анын жаш борбор шаарын мындан ары өнүктүрүүдө айрыкча чоң роль ойногон.

## 2. СОГУШТАН МУРДАГЫ БЕШ ЖЫЛДЫКТАР — ШААРДЫН ИНДУСТРИЯЛЫК ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ МААНИЛҮҮ ЭТАП

Коммунисттик партия мурда артта калган элдерди экономикалык жактан тез өнүктүрүү курсун кыйшаюусуз жүргүзүп келген. Бул саясат съезддердин жана башка партиялык жана өкмөттүк органдардын чечимдеринде ачык-айкын көрсөтүлгөн. Улуттук райондордун, ошонун ичинде Кыргызстандын жана анын борбору Фрунзе шаарынын өнөр жайынын мурда болуп көрбөгөндөй прогрессия ушул саясатты ийгиликтүү жүзөгө ашыруунун натыйжасы болду.

Фрунзе шаарынын экономикалык жактан өнүгүшү Кыргыз АССРи түзүлгөндөн кийин өзгөчө жандана баштады. Шаардын интенсивдүү түрдө индустрияланышы дал ушул мезгилден башталат. 1925—1928-жылдарда эле мында тамак-аш жана жеңил өнөр жайынын ишканалары, куйма, механикалык жана жыгач устачылык мастерскойлору, чарбалык жана маданий-тиричилик буюмдарын, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалар курула баштаган. 1926-жылы «Красный строитель» кирпич заводу, жалпы кубаты 120 киловатт келген бир нече дизелдик жана локомобилдик электростанциялар пайдаланууга берилген.

Шаардын өнөр жайын өнүктүрүүдө Аламүдүндөгү кичинекей ГЭС маанилүү роль ойногон, ал 1929-жылы Россияны электрлештирүүнүн лениндик планы (ГОЭЛРО) боюнча курулган. Кыргызстандын Советтеринин II съездинде бул жөнүндө мындай деп белгиленген: «Электрлештирүү жагынан кубаты 440 киловатт келген Аламүдүн гидроэлектростанциясынын курулушун зор жетишкендик деп эсептөө керек. Бул гидростанция курулуп бүтүп, пайдаланууга берилди; азырынча ал Фрунзе шаарына гана кубат берип турат».

1928-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн революцияга чейинки деңгелинен озуп кеттик. 1927/28-жылы бүт СССР боюнча өнөр жайдын дүң продукциясынын көлөмү 1924/25-чарбалык жылга салыштырганда 47 процентке өскөн болсо, Кыргызстанда — 233,6 процентке өскөн. Ушундай тез жогорулашка республиканын борбор шаарынын кошкон салымы зор. Бирок бул — иштин башталышы гана болгон. Фрунзе шаарынын экономикасына биринчи беш жылдыктар көп өзгөртүүлөрдү киргизди.

Биринчи беш жылдыктардын ичинде республиканын айыл чарбасынын ийгиликтүү өнүгүшү айыл чарба сырьёсун кайтадан иштеп чыгаруучу ишканаларды, эң оболу тамак-аш жана жеңил өнөр жай ишканаларын куруу үчүн негиз түзгөн. Мисалы, Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө өстүрүлүп жаткан айыл чарба өсүмдүктөрүн кайтадан иштетүү үчүн Фрунзеде тегирмен комбинатын куруу башталган, ал эми техникалык өсүмдүктөрдү (тамекини, кара куурайды, кендирди) кайтадан иштеп чыгаруу үчүн ферментациялык завод, папирос-махорка жана кап-аркан фабрикалары курулган. Мал чарбачылыгынын мындан ары өнүгүшү шаарда эт комбинатын, булгаары, бут кийим ишканаларын жана башкаларды куруунун зарылдыгын туудурду.

Биринчи беш жылдыктын жылдарында (1928—1932-жылдарда) шаарда жылдык өндүрүмдүүлүгү 120 миң даана келген эки булгаары заводу, сукно фабрикасы менен кийим тигүүчү фабрика курулган. 1931-жылы эт комбинаты пайдаланууга берилип, ошол кезде ал бүткүл Орто Азиядагы эң ири комбинаттардын бири болгон. Тамак-аш өнөр жайынын башка ишканалары да: консерва заводу, электр тегирмени, элеватор, конфет фабрикасы, нан заводу продукция берип жаткан ишканалардын катарына кирген.

Ошол эле жылдарда металл иштетүү өнөр жайы өнүгө баштайт.



Темир жол вокзалы

Адегенде ири мастерскойлор курулат, анан 1931-жылы Кыргызстанда биринчи механикалык завод салынып, ал, тракторлор менен автомобилдерге запас бөлүктөрдү жасап чыгарган, ошону менен бирге айыл чарба машиналарын да ремонттоп турган.

Кыргызстандын партиялык органдары жана өкмөтү Фрунзе шаарын республиканын ири өнөр жай борборуна айландыруу үчүн ырааттуулук жана туруктуулук менен иштешет. Биринчи беш жылдык пландын ийгиликтүү аткарылышы бул милдетти чечүүгө көп көмөк көрсөткөн.

Колхоз курулушунун жеңиши жана айыл чарбасынын өнүгүшү жеңил жана тамак өнөр жайынын сырьё базасын бир кыйла кеңейтти. Транспорттун дүркүрөп өнүгүшү да буга бир топ көмөк көрсөттү. Биздин Родинабыздын борбору Москва менен Фрунзенин ортосунда 1924-жылы темир жол катташынын, андан кийинчерээк аба катташынын ачылышы Кыргызстандын жана анын борборунун экономикасы менен маданиятын жогорулатууда, алардын социалисттик курулушунда маанилүү роль ойногон. Темир жол Фрунзени Ташкент менен, республиканын түштүк райондору менен, анан 1929-жылдан тартып— Алма-Ата жана Сибирь менен да байланыштырды. Орто Азия темир жол магистралы болгондуктан, Фрунзенин Түркмөнстан, Тажикстан



Автовокзал.

менен жана Өзбекстандын түштүк-батыш райондору менен байланышы түзүлдү. 1932-жылы темир жол Кантка, 1941-жылы — Токмокко жеткирилет. 1935-жылы Фрунзеде темир жол вокзалы курулат. Чүй жана Талас өрөөндөрүнөн, Ысык-Көлдүн боюнан жана Борбордук Тянь-Шандан шоссе жолдордун кеңири тармагы өткөндөн кийин, Фрунзе шаары темир жолдун жана автомобиль катташынын ири тоомуна айланат.

Фрунзе шаарынын экономикасынын өнүгүшү Чүй өрөөнүндө өнөр жай очокторунун пайда болушуна тыгыз байланышкан. ВКП(б)-нын XV съездинин өлкөдө кант кызылчасынын айдоосун кеңейтүү зарылдыгы жөнүндөгү чечиминен кийин, Чүй өрөөнүндө тез эле ушул өсүмдүктүн айдоосу кеңири тарап, кант өнөр жайы дүркүрөп өнүгө баштайт. 1932-жылы Канттагы кант заводу, 1935-жылы Кара-Балта, 1942-жылы Ново-Троицкий, андан кийин Токмок жана Беловодск кант заводдору пайдаланууга берилет. Мындан тышкары, Токмокто жашылча-жемиш консервалай турган комбинат курулат. Ушул эле райондордо курулуш материалдар жана металл иштетүү өнөр жайлары пайда боло баштайт.

Фрунзеде өз кезегинде тамак жана жеңил өнөр жайдын жаңы ишканаларын куруу улантылат. Эт комбинаты, тегирмен комбинаты,

сукно фабрикасы, булгаары заводдору түп-тамырынан кайта курулат. Ошону менен бирге металл иштетүүчү өнөр жайдын өнүгүшү тездетилет, атап айтканда механикалык завод кеңейтилет, автомобилдерди жана тракторлорду ремонттоочу завод, металл буюмдарын жасап чыгаруучу завод курулат. Оор индустриянын жаңы тармагы түзүлөт — Фрунзедеги механика заводу металл кесүүчү станоктордун жана селолук электростанциялардын гидротурбиналарынын өндүрүшүн өздөштүрөт. Шаардын энергия менен жабдылышы бир кыйла өсөт: Фрунзедеги энергетикалык түйүндүн электростанцияларынын кубаты 1928-жылдагы 120 киловаттын ордуна 1940-жылы 5300 киловаттка жетет. Мындан тышкары, айрым ишканалардын өздөрүнүн кичинекей кубаттагы жылуулук электростанциялары болгон.

Мамлекеттик ири ишканалар менен катар, кооперативдик өнөр жай да өнүгүп, ал курулуш материалдарын, кеңири керектелүүчү буюмдарды, тамак-аш продуктыларын жана ушул өңдүүлөрдү чыгарып турган.

Улуу Октябрдын жеңиши шовинизм менен улутчулдуктун кишини жек көргөн реакциячыл идеологиясынын ордуна пролетардык интернационализмдин идеяларынын салтанат кургандыгын көрсөттү. Биздин көп улуттуу өлкөбүздүн элдеринин достугу — социализмди куруудагы, өзгөчө мурда артта калган райондордо социализмди куруудагы ийгиликтердин түгөнгүс булагы болуп калды. Бүткүл Кыргызстандагыдай эле, Фрунзе шаарынын да өнөр жайынын тез өнүгүшү ВКП(б) Борбордук Комитети менен Совет өкмөтүнүн, бардык бир тууган элдердин, биринчи кезекте орус жумушчу табынын көрсөткөн эң зор жардамы менен гана мүмкүн болуп отурат.

20—30-жылдарда Фрунзе шаарынын өнөр жайын жаңыдан куруу жөнүндө айта турган болсок, анда Чехословакиянын коммунисттик партиясы менен анын жумушчу табынын кыргыз элине көрсөткөн бир туугандык жардамы жөнүндө унчукпай коюуга болбойт.

В. И. Ленин өзүнүн 1921-жылы 2-августтагы «Эл аралык пролетариатка арнаган үндөөсүндө» мындай деп жазган:

«Россиянын бир нече губернияларында ачарчылык болуп жатат, бул, кыязы, 1891-жылдагы кырсыктан анча-мынча гана азыраак болсо керек.

Бул — Россиянын артта калышынын жана жети жылдык согуштун, адегенде империалисттик, андан кийин бардык өлкөлөрдүн помещиктери менен капиталисттери жумушчуларга жана дыйкандарга таңуулаган граждандык согуштун оор кесепети болуп эсептелет.

Жардам талап кылынат. Жумушчулар менен дыйкандардын Советтик республикасы бул жардамды эмгекчилерден, өнөр жай жумушчуларынан жана майда дыйкандардан күтөт.

Жумушчулардын жана майда дыйкандардын массасынын өздөрү бардык жерде капитализм менен империализм тарабынан эзилип жатат, бирок жумушсуздуктан жана кымбатчылыктын өсүшүнөн ке-

лип чыккан алардын өздөрүнүн оор абалына карабастан, биздин чакырыгыбызга алардын кошула тургандыгына биз ишенебиз»*.

Эл аралык пролетариат Октябрь революциясын дүйнөлүк социалисттик революциянын жеңишинин маанилүү фактору, жаңы доордун — капитализмден социализмге өтүү доорунун башталышы деп карап жатканын улуу Ленин билген. Дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекетти ар тараптан колдоону эл аралык жумушчу табы өзүнүн интернационалдык милдети деп эсептеген. Ошондуктан, дүйнөлүк пролетариаттын жолбашчысынын үндөөсүн капиталисттик өлкөлөрдүн эмгекчилери кызуу колдошкон. Советтик Россияга тилектештиктин кубаттуу кыймылы, социалисттик коомду курууда ага жардам көрсөтүүгө умтулгандык пайда болгон.

Чехословакиянын Коммунисттик партиясы бул жагынан зор иш жүргүзгөн. Анын күч-аракети менен кооперативдер жана айыл чарба коммуналары уюштурулуп, алар Советтер Союзуна жөнөтүлгөн. Алардын ичинде Чехословакиянын Жилин шаарынан келген «Интергельпо» (өз ара жардамдашуу) кооперативи да бар болучу. Бул кооперативдин алдына койгон максаты Фрунзе шаарында бир катар өнөр жай ишканаларын түзүү болгон.

1925-жылы 24-апрелде «Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү түшкөн биринчи эшелон Пишпек станциясына келет. Чехословакиялык досторду шаардын эмгекчилери абдан жылуу тосуп алышат.

«Интергельпо» кооперативинин мүчөлөрү өз каражаттарына Чехословакиядан булгаары заводунун, механика, жыгач устачылык жана карагай тилүүчүлүк мастерскойлорунун жасалгаларын сатып алышат. Өнөр жай жана турак-үй куруу үчүн «Интергельпого» шаардын батыш жагынан, Пишпек темир жол станциясы ченден участок бөлүнүп берилет.

1925-жылдын Биринчи Майын шаардын эмгекчилери менен кошо майрамдашкандан кийин, «Интергельпонун» мүчөлөрү өз чарбасын уюштурууга киришет. ВКП(б) Кыргыз обкомунун жана республиканын өкмөтүнүн жардамы менен чехословакиялык кооператив тез өрчүп-өсөт. Көп узабай эле алар чакан ишканаларды: булгаары заводун, сукно жана мебель фабрикаларын, куйма-механика, трикотаж, өтүкчүлүк, кийим тигүүчүлүк жана башка мастерскойлорду курушат. «Интергельпонун» ишканалары булгаарыны, сукно кездемелерин, мебелди, ар түрдүү инструменттерди жана айыл чарбасына керектүү майда шаймандарды, ат-араба транспортуна керектүү жабдыктарды жана башка буюмдарды, чарба жана үй эмеректеринин буюмдарын, азык-түлүк товарларын жасап чыгарышат, тракторлорду, автомобилдерди, айыл чарба машиналарын жана ушул өндүүлөрдү ремонттошот.

Фрунзе шаарынын өнөр жайын өнүктүрүүнүн биринчи жылдарында чехословакиялык «Интергельпо» кооперативи көрүнүктүү роль ойногон. Убакыт өткөн сайын кооперативге улам жаңы мүчөлөр кире

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 32-том, 586-бет.

берет, ошентип ал сөздүн толук мааниси менен айтканда интернационалдык кооператив болуп өсүп чыгат. 1935-жылдын 1-январында бул кооперативдин 525 мүчөсүнүн ичинде 261 орус, 76 украин, 40 словак, 39 чех, 31 кыргыз, 22 венгер, 21 немец, 14 казак жана башка улуттардын бир катар өкүлдөрү болгон.

Биринчи беш жылдыктардын жылдарында (1928—1941) Фрунзе шаарынын өнөр жайын өнүктүрүүнүн бүткүл республика үчүн айрыкча мааниси болгон. Бул жерде революцияга чейин жана Совет бийлигинин биринчи жылдарында болгон жарым кустардык ишканалардын ордуна Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн жетекчилиги астында жумушчу табынын күч-аракети менен жеңил жана тамак-аш өнөр жайы түзүлөт, оор индустриянын өнүгүшүнө — машина жасоого, металл иштетүүгө жана башкаларга негиз салынат.

Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын I съезди (1937-жылдын июну) Кыргызстанды агрардык-индустриялык республикадан индустриялуу-агрардык республикага айландыруу жөнүндө чечим кабыл алат. Кыргызстандын эмгекчилери ушул милдетти ийгиликтүү чечүү үчүн туруктуулук менен күрөш жүргүзүшкөн. Фрунзе шаары бул милдетти чечүүдө маанилүү роль ойногон. 1939-жылы республиканын өнөр жайынын 44 ири ишканасынан 16 ишкана Фрунзе шаарында болгон; алар 60 миллион сомдук (1927-жылдагы бааларда) продукция чыгарышкан.

Биздин өлкөбүздө социализмди курууда согуштан мурдагы беш жылдыктардын кандай мааниси бар экенин А. Н. Косыгин КПССтин XXIII съездинде жасаган докладында абдан терең жана ачык-айкын көрсөткөн.

«Партиянын XV съезди,— деп белгилеген А. Н. Косыгин,— социалисттик экономиканы илимий пландаштыруу жөнүндөгү лениндик идеяны жетекчиликке алып, биринчи беш жылдык план боюнча Директиваларды бекиткен учурдан бери 40 жылга жакын убакыт өттү. Ошол учурда Советтер Союзун саясий, чарбалык жана маданий жактан өнүктүрүүдө эбегейсиз зор роль ойногон беш жылдык пландардын системасы башталган болучу.

Биринчи беш жылдык план кабыл алынып жаткан учурда биздин өлкөбүз чындыгында оор индустрияны түзүүгө жаңы эле кирише баштаган болчу. Ошол учурда өнөр жай өндүрүшүндө жана бөтөнчө соодада жеке менчиктеги капитал али да болсо маанилүү орунду ээлеп турган: айыл-кыштактар майда дыйкан чарбаларынын океаны сыяктуу эле, совхоздор менен айыл чарба кооперативдери айыл чарба өндүрүшүндө өтө аз роль ойношкон; шаарда болсун, айыл-кыштакта болсун эксплуататордук таптар али бар болучу. Коммунисттик партия жетекчилик кылган жумушчу табы, эмгекчи масса социализмдин экономикалык фундаментин курууда алгачкы кадамдарды гана шилтеп жаткан эле.

Биринчи, экинчи беш жылдык пландарды жана дүйнөлүк экинчи согуш бузуп кеткен үчүнчү беш жылдык пландын бир бөлүгүн иш жүзүнө ашыруунун натыйжасында өлкөнү индустриялаштыруунун

жана айыл чарбасын социалисттик кайра куруунун өз масштабдары боюнча гиганттык милдети чечилген болучу. Эксплуатациялоочу таптар жана кишини эксплуатациялоого алып келүүчү себептер жоюлган эле. Өндүргүч күчтөрдү тез өнүктүрүү үчүн мейкиндиктерди ачып берген жаңы, социалисттик өндүрүштүк мамилелер үстөмдүк кылуучу мамилелерден болуп калды. Советтер Союзу жогору өнүккөн индустриялуу державага айланды, социализмдин материалдык бекем базасы түзүлдү»*.

Согуштан мурдагы беш жылдыктардын мезгилинде Кыргызстандын борбор шаарынын индустриялык өнүгүшүн биздин өлкөбүздүн жалпы өнүгүшүнөн ажыратып кароого болбойт. Совет бийлигинин биринчи жылдарында эле социализмдин Жети-Суу аймагындагы, советтик жана чет өлкөлүк Чыгыштагы форпостторунун биринин ролун Пишпек аткарган. Ушул жагынан алганда Советтердин Бүткүл россиялык VIII съездинде (1920-жыл) кабыл алынган Россияны электрлештирүүнүн лениндик планында Пишпекке белгилүү түрдө чоң маани берилген. «Түркстан районун электрлештирүү» деген бөлүмдө мындай деп айтылган: «Биринчи кезекте эмес, кийин жагында, негизинен ушул райондо Пишпек — Верный темир жолун куруунун убагына жараша (аны электрлештирүү зарыл) — белгиленген үч станцияны: Ат-Башы участогунун магистралдык каналынын суу агып түшкөн жерине 3 миң киловаттка жакын келген, Жел-Арык станциясынын жанындагы магистралдык каналдын суу агып түшкөн жерине 30 миң киловаттка... жакын келген үч станцияны куруу, балким, максатка ылайык келер».

Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн абдан көп көңүл бургандыгынын натыйжасында Улуу Ата Мекендик согуш болор алдында эле Фрунзе шаары ири өнөр жай борборлорунун бирине айланып, Кыргызстанда социализмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө маанилүү роль ойнойт.

### 3. ШААРДЫН ӨНӨР ЖАЙЫ — УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА

Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында республиканын борборунун өнөр жайы, анын жумушчу табы, шаардын бардык эмгекчилери фашисттик Германияны жана милитаристтик Японияны талкалоого өздөрүнүн татыктуу салымын кошушкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталганына байланыштуу, Украинадан жана Россия Федерациясынан, баскынчылардын аскерлери убактылуу оккупациялаган райондордон Орто Азияга көчүрүлгөн ишканалардын топтолгон жеринин бири Фрунзе шаары болгон. Мам-

---

* КПССтин XXIII съездинин материалдары, кыргызча басылышы. 1966, 129—130-беттер.

лекеттик Коргоо Комитетинин чечими боюнча 1941-жылы октябрда Бердянскидеги айыл чарба машиналарын жасоочу заводдун жасалгалары — станоктор, материалдар жана жарым фабрикаттар жүктөлгөн жүздөгөн темир жол вагондору Фрунзеге алып келинген. Одессадан булгаары заводу, Харьковдон — кийим тигүүчү жана трикотаж фабрикалары менен химиялык-фармацевтикалык завод, Ростов-на-Донудан — бут кийим фабрикалары келген. Алып келинген жасалгалар кыска мөөнөттүн ичинде жаңы жерлерге орнотулган жана окшош ишканаларга өткөрүлүп берилген. Мисалы, Бердянскиден алып келинген завод Фрунзе атындагы механикалык заводго бириктирилип, анан мурдагы «Интергельпо» артелинин өндүрүштүк аянттарына жайгаштырылган. Бул завод адегенде тракторлордун жана айыл чарба машиналарынын запас бөлүктөрүн, ар кыл техниканы чыгарган. 1944-жылы ал токардык станокторду чыгаруусун кайра баштады, 1940-жылга караганда аларды 3 эсе көп берет.

Фрунзедеги пенько-джут фабрикасы 1941-жылдын октябрынан тартып, жарым-жартылай Одессадан эвакуацияланган Хворостин атындагы джут фабрикасынын негизинде иштей баштайт, анан бул фабрика — кийинчерээк кенептен жип ийрүү-токуу фабрикасы деп аталат. Согуш убагынын өлчөөсүз зор кыйынчылыктарына карабастан, 1942-жылы эле бул фабрика биринчи продукцияны: пенько-джут кездемелерин жана чарбага керектүү аркандарды бере баштайт. Эвакуацияланган техниканын негизинде башка жаңы ишканалар — трикотаж фабрикасы, Осоавиахим атындагы кийим тигүү фабрикасы, «Красный металлист» заводу жана башкалар курулат.

Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн: «Баары фронт үчүн, баары душманды жеңүү үчүн!» — деген ураанын совет эли душманды жеңип чыгуунун урматы, Родинанын көз каранды эместигин коргоонун урматы үчүн күжүрмөн эрдикке, жан-дили менен эмгектенүүгө чакырган үндөө деп кабыл алды. Бир тууган Коммунисттик партиянын айланасына баш кошуп бириккен Фрунзе шаарынын жумушчу табы, бардык эмгекчилери Советтик Армияга курал-жарактарды, ок-дарыларды, согуштук жабдыктарды, кийим-кечелерди, тамак-аш продуктыларын көбүрөөк берүү үчүн, жана ошону менен бирге колхоздорду жана совхоздорду мүмкүн болушунча айыл чарба машиналары, шаймандар менен, тракторлордун, автомобилдердин, комбайндардын запас бөлүктөрү жана башка техника менен көбүрөөк жабдуу үчүн колдорунан келгендин баарын иштешти.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Фрунзе шаарынын өнөр жайы улам өнүгө берет. Мисалы, 1945-жылы эт консерваларын чыгаруу 1940-жылга салыштырганда 2,1 эсе, макарон азыктары — 3,3 эсе, сырткы трикотаж кийимдери — 3 эсе, ички трикотаж кийимдери — 2,7 эсе көбөйгөн. Металл иштетүү жана машина жасоо ишканаларынын кубаттуулугу бир кыйла тез өсөт. Эгин чапкыч машиналар, атка чегилүүчү тырмоочтор чыгарыла баштайт, металл кесүүчү станоктордун, гидротурбиналардын өндүрүлүшү көбөйтүлөт, тракторлордун, автомобилдердин, комбайндардын запас бөлүктөрү кеңири көлөмдө

жасалып чыгарылат. Металл иштетүү өнөр жайы продукция чыгарууну 6 эсе, машина жасоону — 11 эсе көбөйтөт.

Согуш жылдарында Фрунзе шаарынын өнөр жайынын жогорулашы энергетика базасын чыңдоо менен камсыз кылынат. СССР Эл Комиссарлар Советинин 1942-жылы 6-июндагы жана Мамлекеттик Коргоо Комитетинин 1943-жылы 14-октябрдагы токтомуна ылайык, Лебединовка жана Аламүдүн ГЭСтери, ошону менен бирге жылуулук электростанциялары курулат. Шаардын айрым ишканаларындагы электроагрегаттарды эсептебегенде, Фрунзедеги энерготүйүндүн кубаттуулугу 1945-жылы 11500 киловаттка жетет. Бул — 1940-жылдагыга караганда эки эседен ашык. 1941—1945-жылдардын ичинде Кыргызстандын өнөр жай продукциясынын жалпы өсүшү 22 процентке көбөйгөн. 1945-жылы Фрунзе шаарынын үлүшүнө Кыргыз республикасынын бүткүл өнөр жай продукциясынын 55,9 проценти туура келген.

Албетте, согуш жылдарында түздөн-түз фронтко жөнөтүлө турган продукцияларды чыгаруу Кыргызстанда көбүрөөк өнүккөн. Көп ишканалар курал-жарак, ок-дары, согуштук жабдык, кийим-кече жана башкаларды чыгарууга өтүшкөн. Коргоо өнөр жайынын маанилүү тармагы болгон түстүү жана сейрек металлдарды өндүрүүгө көп көңүл бурулган. Жумушчу табынын жана инженер-техник персоналынын негизги кадрлары коргоо үчүн иштеп жаткан өнөр жайда топтолгон. Капиталдык салымдар, техника, жасалгалар, өнөр жай сырьёсу көбүнчө ушул максаттарга берилип турган.

Маанилүү өнөр жай борборлорун гитлердик баскынчылар убактылуу оккупациялап алган шаарларда ишканаларды техника менен жабдуу жагынан өлчөөсүз зор кыйынчылыктар болгон. Техника, эреже катары, абдан эскирип жешилгенге чейин иштетилген, бул албетте анын натыйжалуулугун төмөндөткөн. Өзгөчө айыл чарба өндүрүшүндө зор кыйынчылыктар болгон: жумушчу күчү менен адистер жөнүндө айтпагандын өзүндө, тракторлор, айыл чарба машиналары, транспорт каражаттары, жер семирткичтер жетишсиз болгон. Мына ушулардын натыйжасында мал чарбачылыктын тоют базасы азайган, дан эгиндеринин, пахтанын, кызылчанын түшүмү төмөндөгөн. Согуш жылдарында социалисттик сектордогу уйлардын, кой-эчкилердин санынын көбөйгөндүгүнө карабастан, республикада малдын жалпы саны 1940-жылга салыштырганда азайып кеткен. Колхозчулардын колундагы малдардын да саны кемиген. Өзүнүн жеке пайдалануусунда малы болбогон колхоздук түтүндөрдүн саны 1940-жылдагы 10 проценттен 1944-жылда 35,1 процентке жеткен.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстандын эл чарбасынын ушундай абалда болушу советтик экономиканын бүткүл системасын душманды талкалоого, социалисттик Ата Мекенди коргоого, Улуу Октябрдын жеңип алгандарын коргоого багындыруунун зарылдыгынан келип чыккан.

Ушуга байланыштуу, В. И. Лениндин 1920-жылы 5-майда бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин кошмо заседаниесинде

сүйлөгөн белгилүү сөздөрүн эске түшүрбөй коюуга болбойт: «... иш согушка чейин барып жеткен экен, анда бардыгы согуштун таламдарына багынтылууга тийиш, өлкөнүн бүткүл ички турмушу согушка багынтылууга тийиш, бул жөнүндө кымындай да олку-солку болууга жол берүү мүмкүн эмес. Тынчтык курулуштун милдеттери үчүн эң асыл жана зарыл башка жолго жакында гана көчүрүлгөн иштен кол үзүү жолдоштордун зор көпчүлүгүнө канчалык оор болсо да, кичине эле жаңылыштык жиберүүнүн, кичине эле көңүл бөлбөй коюунун өзү көп учурда биздин эң мыкты жолдошторудун, биздин жумушчулар менен дыйкандардын жаш муундарынын, качан да болсо күрөшүүчүлөрдүн биринчи катарларында келе жаткан биздин коммунисттердин он миңдеген кишилеринин артыкбаш өлүмгө учурашы болот деген сөз экендигин эсте тутуу керек. Ошондуктан бардыгы согуш үчүн, деп дагы бир жолу айтабыз»*.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы, ушул осуятты колдонуп, өзүнүн бүткүл ишин, өзүнүн акыл-эсин жана кайратын фашисттик баскынчылар менен милитаристтик Японияны талкалоо ишине багындырды, совет элин Ата Мекендик согушка көтөрүп, бүткүл дүйнөлүк-тарыхый жеңишке жетишти.

ССР Союзунун өкмөтү менен ВКП(б) Борбордук Комитети душманды талкалоого Кыргызстандын кошкон салымын жогору баалашкан. Кыргыз ССРинин 20 жылдыгына байланыштуу түшкөн куттуктоодо мындай деп айтылган: «Биздин Родинабыздын башына өлүм коркунучу туулган Ата Мекендик согуштун убагында кыргыз эли СССРдин бардык элдери менен бирге Советтик Ата мекен үчүн эрдик менен салгылашкан. Көп миңдеген кыргыздар кайраттуулугу жана баатырдыгы үчүн Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланышкан.

Кыргызстандын эмгекчилери душманды жеңип чыгуунун ишине өздөрүнүн салымын кошушкан».

Бул салымдын үлүшүнүн көбү Советтик Кыргызстандын борбору — Фрунзе шаарынын партиялык уюмуна жана анын эмгекчилерине тиешелүү.

## 4. ФРУНЗЕ ШААРЫ — ӨЛКӨНҮН ИНДУСТРИЯЛУУ ИРИ БОРБОРУ

Улуу Ата Мекендик согушту жеңиш менен аяктап, совет эли тынчтык түзүүчүлүк эмгекке — эл чарбасын калыбына келтирүүгө, экономика менен маданияттын мындан аркы прогрессин камсыз кылууга, ушунун негизинде эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын жогору көтөрүүгө киришти.

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 134—135-беттер.



Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу завод

Фрунзе шаары согуштан кийинки жылдарда да Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Советтик мезгилде шаардын өнөр жайлык өнүгүшүнүн тарыхынан эки мезгил ачык көрүнөт.

Биринчи мезгил негизинен согушка чейинки беш жылдыктарга (1928—1941) туура келет. Жогоруда белгиленгендей, бул мезгил — эл керектөөчү товарларды чыгаруунун — тамак-аш жана жеңил өнөр жайдын дүркүрөп өсүшү менен мүнөздөлөт. Бул кокусунан болгон эмес жана Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдү социалисттик кайра түзүүнүн лениндик программасынан келип чыккан. Колдо бар сырьёнун, атап айтканда айыл чарба сырьёсунун булактарына өнөр жайды жакындата турган саясат гана адегенде бул милдетти ийгиликтүү чечиши мүмкүн эле.

Экинчи мезгил — Советтер Союзу жүргүзгөн Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарынан башталып, биздин күндөрүбүзгө чейин келет. Бул мезгилде шаардын өнөр жай курулушунда оор индустриянын машина жасоо сыяктуу, ошонун ичинде өзгөчө электротехника, металл иштетүү, прибор жасоо, курулуш индустриясы, айыл чарба машиналарын жасоо сыяктуу, ал эми кийинки жылдарда — автомобиль жасоо сыяктуу тармактары биринчи планга коюлуп отурат. Советтик элдердин бузулбас жана чыныгы бир туугандык достугун

мындан ары чыңдоо жана өнүктүрүү, Кыргызстандагы социалисттик курулуштун жетишкендиктери, республиканын партиялык уюмунун өсүшү жана чыңдалышы сыяктуу факторлор шаардын индустриялык өнүгүшүнүн жаңы ийгиликтерине алып келди.

Шаардын өнөр жайынын ушундай багытта өнүгүшү социалисттик курулуштун жаңы милдеттерине жооп берген жана коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү үчүн күрөшкө Советтик Кыргызстандын кеңири эмгекчи массасын активдүү катыштырууну камсыз кылган.

Эгерде согуштан мурдагы жылдарда Фрунзе шаары Орто Азиянын тамак-аш өнөр жайынын ири борборуна айланган болсо, ал эми андан кийинки мезгилде ал оор индустриянын ири борборлорунун бирине, атап айтканда машина жасоо тармагына айланган. Бул процесс бир катар объективдүү факторлор менен гана эмес, ошондой эле субъективдүү факторлор менен да стимулдаштырылган. Бул факторлорго баарыдан мурда жумушчу кадрларынын сан жагынан өсүшүн жана алардын маданий-техникалык, саясий жана профессиялык билиминин жогорулашын, ошону менен бирге коммунисттик курулуштун милдеттерин иш жүзүнө ашырууга эмгекчилердин кеңири массасын мобилизациялоодо шаардык партиялык уюмдун эң зор уюштуруучулук тажрыйбасын да кошуу керек.

1941—1942-жылдардан тартып шаардын өнөр жайында оор индустрия тармактарынын өскөндүгү байкалат. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул жерде согушка чейинки жылдарда болгон тармактар: металл иштетүү, станок жасоо, селолук электростанциялар үчүн гидротурбиналарды чыгаруу тармактары адегенде кеңейтилет да, анан техникалык жактан өркүндөтүлөт. Согуш жылдарында айыл чарба машиналарын жасоо абдан өнүгөт. Шаарда Союз боюнча айыл чарба машиналарын жасоочу эң ири ишканалардын бири — М. В. Фрунзе атындагы завод курулат. Азыр бул заводдун 14 цехи бар, ошонун ичинде 2 куйма цехи, жыйноочу, темирчилик-престөөчү 5 цех, көмөкчү 5 цех иштейт. Бардык цехтердин жалпы аянты 92 миң чарчы метрден ашат. 1969-жылдын 1-январына чейин мында иштеген жумушчулардын жана кызматчылардын саны 7 миңге жакын болгон. Завод биринчи класстагы техника менен жабдылган, анын 2 миңден ашык ар кыл машиналары жана станоктору бар. Алардын ичинде жогору өндүрүмдүү токардык автоматтар жана жарым автоматтар, агрегаттык станоктор, металл буюмдарын жасоочу автоматтар, тордоо аппараттарын жасоочу поток линиялары, редукторлор, түз жана спиралдык тиштери болгон конический шестеренкалар, поршендер, пресстөөчү камералар, пресс-подборщиктердин бычактары, конвейердик линиялар, ошонун ичинде жыйналма жана транспорттук линиялар бар. Куйма цехтери толук механизацияланган.

Улам өркүндөтүлгөн айыл чарба машиналарын конструкциялоо боюнча заводдо зор иш жүргүзүлөт. Эгерде завод биринчи жылдарда күч унаага чегилүүчү тырмоочторду, эгин оруучу машиналарды, чөп чапкычтарды чыгарып келген болсо, андан кийинки убактарда меха-



Л. И. Брежнев Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдо.

никалык тарткычка чегилүүчү өркүндөтүлгөн машиналарды, шахта кудуктарын казгычтарды, трактор тырмоочторун, пресс-подборщиктерди чыгарууга өткөн. Завод жаңы, бир кыйла өркүндөтүлгөн пресс-подборщиктерди (ПСБ-1,6) чыгарууну өздөштүргөн.

Заводдун мындан ары өсө турган чоң келечеги бар. Мамлекеттик «Кыргызпромпроект» долборлоо институту заводдун коллективи менен бирге заводдун генеральный реконструкциясынын техникалык-экономикалык негиздөөсүн иштеп чыккан. План боюнча азыр иштеп жаткан цехтерди реконструкциялагандан жана жаңыларын кургандан кийин, өндүрүштүк жаңы кубаттардын пайдаланууга бериле тургады, өндүрүштүк процесстердин кеңири механизацияланышы, алдыңкы технологиянын киргизилиши, механизацияланган автоматтык жаңы поток линияларын түзүү, моралдык жактан эскирген жана физический жактан жешилген жасалгаларды азыркы замандын жасалгалары менен алмаштыруу, көмөкчү операцияларды механизациялоо каралган.

Бул заводдун келечекте өнүгүшү айыл чарбасына өтө керектүү пресс-подборщиктер жана алардын запас бөлүктөрү сыяктуу продукцияны чыгаруу жагынан ал өлкөдөгү бирден-бир ишкана болгондугу менен аныкталат. Фрунзе атындагы заводдун «Кыргызстан» деген

марка менен чыгарып жаткан пресс-подборщиктери Советтер Союзунун бардык республикаларынын талааларында, ошону менен бирге чет өлкөлөрдө да — Болгарияда, Венгрияда, Алжирде, Кубада, Монголияда жана башка өлкөлөрдө иштеп жатат. Заводдун 1959—1965-жылдардагы дүң продукциясынын наркы 167 миллион сомдон ашып кеткен.

Кыргызстандын машина жасоочу эң эски заводунун жумушчуларынын көп миңдеген коллективинде өндүрүштүн толуп жаткан эң сонун алдыңкы адамдары, коммунисттик эмгек үчүн болгон кыймылдын активдүү катышуучулары, таланттуу рационализаторлор жана ойлоп чыгаруучулар бар. Бул жерде инженер-техник кызматкерлеринин зор отряды жемиштүү иштеп жатышат. Тажрыйбалуу жетекчи кадрлардын арасында жумушчулардан чыккан өндүрүштүн таланттуу уюштуруучулары көп. Заводдун коллективи мамлекеттик жана коомдук органдардагы өздөрүнүн өкүлдөрү менен, эл шайлагандар менен — СССР Жогорку Советинин, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, жергиликтүү Советтердин депутаттары менен, республикалык, шаардык жана райондук партиялык жетекчи органдардын, профсоюздардын, комсомолдун, илимий-техникалык коомдордун мүчөлөрү менен чынында да сыймыктана алат. Заводдун коллективин түзүүчүлүк кызуу ишке багыттаган анын чыныгы жаны, уюштуруучусу жана жетекчиси — анын көп сандаган партиялык уюму болуп саналат.

Жети жылдыктын жылдарында Фрунзе шаарынын индустриялык жактан өнүгүшүнүн процессине эч болбосо башка мисалдар менен кыскача көз жүгүртүп өтсөк кызык болбой койбойт.

1958-жылы 30-декабрда болгон партиянын шаардык XXIII конференциясы: «СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1959—1965-жылдардагы контролдук цифралары жөнүндөгү» маселени талкуулап, жети жылдык план шаарга эң сонун перспективаларды ачып берет деп белгилеген. 1965-жылы шаардын өнөр жайынын дүң продукциясы 1958-жылга салыштырганда 2 эседен ашык көбөйгөн, капиталдык салымдардын көлөмү да мурдагы жети жылдыкка салыштырганда 2 эсе дээрлик өскөн. Ошону менен бирге республиканын бүткүл өнөр жайынын өнүгүшүндө шаардын салыштырма салмагы дагы бир кыйла көбөйүүгө тийиш.

Конференция капиталдык курулуштагы олуттуу жетишпегендиктерди жоюунун зарылдыгына өзгөчө көңүл бурган. Белгиленген программаны ийгиликтүү аткаруу үчүн шаардын партиялык уюмдарына курулуш жумуштарын мындан ары индустриялаштырууну камсыз кылуу, заводдун шартында жасалган блокторду, бөлүктөрдү, деталдарды курулушта кеңири колдонуу; курулуштарда эмгекти уюштурууну жакшыртуу, курулуш иштеринин, өзгөчө санитариялык-техникалык иштердин жана жасалгалоо иштеринин сапатын жогорулатуу, курулуштун наркын төмөндөтүү сунуш кылынган.

Капиталдык салымдарды өтө натыйжалуу пайдалануу максатында шаарды өнүктүрүүнүн планы иштеп жаткан ишканаларды реконструкциялоого, кеңейтүүгө жана техникалык жактан кайра куралдан-



Автомобиль жыйноочу завод

дырууга зор суммаларды бөлүп чыгарууну караган. Ушуну менен катар жаңыдан ири ишканаларды, көбүнчө жеңил өнөр жай ишканаларын: сырт кийимдерди, бут кийимдерди, жүндөн токулган жогорку сапаттуу кездемелерди чыгаруучу ишканаларды курууга, ошону менен бирге кебезден жип ийрүү, токуу, сукно жана трикотаж фабрикаларын кеңейтүүгө капиталдык зор салымдар жумшалат.

Партиялык уюмдардын жетекчилиги астында шаардын эмгекчилери Советтик Кыргызстандын борборунун экономикасы менен маданиятын мындан ары жогорулатуу үчүн күрөштү күчөтүштү.

Фрунзеде электротехника өнөр жайы — оор индустриянын эң маанилүү тармактарынын бири кеңири өөрчүп чыкты. Өлчөгүч так приборлордун, ошонун ичинде медициналык приборлордун да массалык өндүрүлүшү — машина жасоо, металл иштетүү, тамак-аш, жеңил жана башка өнөр жай тармактары үчүн автоматташтыруу каражаттарынын массалык өндүрүлүшү өөрчүтүлөт.

Орто Азияда биринчи жолу автомобиль заводу Фрунзе шаарында курулду.

Жети жылдыктын биринчи үч жылынын ичинде электродвигатель заводу, электротехникалык заводу, оор электромашиналарын жасоочу завод пайдаланууга берилген. 1962-жылы физикалык приборлор заводу өзүнүн долбордо белгиленген кубатына жеткен. 1963-жылы «Кыргызавтомаш» заводу шаар үчүн жаңы продукциянын биринчи партиясын — жүздөгөн авто сүт куйгуч цистерналарды чыгарды.

«Советская Киргизия» газетасы «Машина жасоочулардын белеги» деген макаласында, 1965-жылы 7-ноябрда мындай деп жазган: «Фрунзедеги «Кыргызавтомаш» заводунун коллективи октябрдын жалпы элдик майрамын эң зор кубанычтын сезими менен тосуп алышты. 10 айдын өндүрүштүк программасын мөөнөтүнөн мурда аткарып, машина жасоочулар ноябрда да графиктен бир кыйла алда бара жатышат. Татаал жаңы продукцияны өздөштүрүү — автоматтык ГАЗ-53Б самосвалын жасап чыгаруу — машина жасоочулардын жаңы зор жеңиши болду. Заводдо радиаторлордун төрт түрүн жасап чыгарууга да даярдык көрүлүп жатат. Бул радиаторлор Кутаиси заводунун көп жүк көтөрө турган «Колхида» автомашиналарына жана Львов автозаводу чыгарып жаткан автобустарга арналат.

Шаардын өнөр жайлык өнүгүшүнүн темпи жана көлөмү жыл сайын өсүп жатат. Мисалы, машина жасоочу жаңы заводдор, инструменталдык завод жана башка толуп жаткандар курулууда. Ушул ишканалардын бардыгы илимдин жана техниканын эң жаңы жетишкендиктерин эске алуу менен курулуп, ата мекендик эң мыкты жасалгалар менен жабдылып, жумушчулардын жана инженер-техник кызматкерлеринин жогорку квалификациялуу кадрлары менен толукталып турат.

Ал эми өнөр жай продукциясынын кеңири ассортименти көп нерселер жөнүндө айтпай отурабы? Мисалы, Фрунзедеги электротехника өнөр жайынын ишканалары эл чарбасына ири электромашиналарды, электр двигателдерин, трансформаторлорду, генераторлорду, төмөнкү вольттуу аппаратты, технологиялык процесстерди контролдоочу жана иретке келтирүүчү приборлорду жана башка татаал техниканы берип турат. 1959—1965-жылдары алар өлкөгө өзгөрүлмө токтордо иштөөчү 767,9 миң электр двигателин, 914 ири электр машинасын, 57 миңден ашык электр деталын жана ондогон миллион сомдук башка техниканы беришкен.

Фрунзе шаары электрлештирүү техникасын чыгаруу боюнча Орто Азиядагы эң ири борборго айланды. Орто Азия республикаларынын арасында Кыргызстандын эл чарбасынын ушул тармактагы салыштырма салмагы 1962-жылы: ири электромашиналар боюнча 100 процент, электродвигателдери боюнча — 95 процент, күч-кубат трансформаторлору боюнча — 65 процент болгон.

Ошентип, Фрунзе шаарында көп тармактуу жана машина жасоочу ири өнөр жай пайда болгон. Эгерде согушка чейинки жылдарда машина жасоо өнөр жайы чындыгында бир нече ондогон токардык станокторду, кубаты анча чоң эмес эки-үч жүз гидротурбиналарды чыгаруу менен, тракторлордун, автомобилдердин жана айыл чарба маши-



Шаардык стадион

наларынын аз гана сандагы запас бөлүктөрүн жасоо менен чектелип келген болсо, ал эми жети жылдыктын жылдарында машина жасоо Кыргызстандын өнөр жайынын негизги тармагына айланган. Металл кесүүчү станоктор, ири электромашиналары, велосипеддер, трактордук тырмоочтор, пресс-подборщиктер, кызылча жүктөгүчтөр — шаардын машина жасоо өнөр жайы чыгарып жаткан продукциянын анча толук эмес тизмеси ушулар, бул — республиканын ушул тармактары чыгарып жаткан бүткүл продукциянын 70 процентке жакынын түзөт.

Өнөр жайдын башка тармактары сыяктуу эле, машина жасоонун да жогорулашы электроэнергетиканын — бүткүл экономиканын прогрессинин башкы факторунун дүркүрөп өнүгүшү менен коштолуп келе жатат. Жети жылдыктын аягында электростанциялардын кубаты 400 миң киловаттан ашып кеткен. Фрунзе ТЭЦи жана Аламүдүн каскадындагы алты ГЭС шаарга электр кубатын берип турат. Алар жыл сайын бир миллиард киловатт-сааттан ашык электр кубатын иштеп чыгарышат. Бул электростанциялардын жалпы кубаты 1913-жылы падышалык Россияда болгон бардык электростанциялардын кубатынын үчтөн биринен ашыгын түзөт.

Машина жасоо жана энергетика менен катар, оор өнөр жайдын экинчи бир маанилүү тармагы — курулуш тез темп менен өнүгүп жатат. Курулуш өнөр жайы өзгөчө жети жылдыктын жылдарында

дүркүрөп өнүгө баштаган. 1959-жылы 47 миң кубометр жыйналма темир бетон конструкциялары менен деталдары чыгарылган, ал эми 1965-жылы алардын өндүрүлүшү 200 миң кубометрге жеткен. Бул — өнөр жай ишканаларын, турак үйлөрдү, маданий-тиричилик объектилерин, окуу жайларын, соода жана коомдук тамактануу тармактарын жана башка имараттарды куруунун темптерин тездетүүнү камсыз кылат.

Бүткүл Кыргызстандын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүдө, республиканын эмгекчилеринин материалдык жыргалчылыгын жогору көтөрүүдө Фрунзе шаарында түзүлгөн оор индустриянын мааниси абдан чоң. Шаардын оор индустриясынын да продукциясы өлкөнүн эл чарба балансында маанилүү орунду ээлейт. Бул продукция бардык союздук республикаларга, ошону менен бирге социалисттик кызматташтыктын өлкөлөрүнө, Африка менен Түштүк-Чыгыш Азиянын өнүгүп жаткан мамлекеттерине, бир катар капиталисттик өлкөлөргө жиберилет.

Советтик адамдардын керектөөсүн канааттандырууга тийиш болгон экономиканын тармактары жөнүндө (тамак-аш жана жеңил өнөр жайлары жөнүндө) айта турган болсок, анда алардын прогрессияланышына республиканын айыл чарбасында болгон зор өзгөрүүлөр — сырьё даярдоонун көлөмүн абдан көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген өзгөрүүлөр жакшы таасир тийгизет. Мисалы, 1940—1965-жылдарда мамлекетке эт сатып алуу 5,7 эсе, сүт, сүт продуктыларын жана жумуртка сатып алуу — 10 эсе, кант кызылчасын (фабрикада иштетүү үчүн) сатып алуу — 2,8 эсе, пахта сырьёсу — 1,7 эсе, жүн — 7,7 эсе көбөйгөн жана башкалар.

50—60-жылдарда тамак-аш жана жеңил өнөр жайларында өзгөчө чоң өзгөрүүлөр болду. Эт комбинаты, тегирмен комбинаты, булгаары заводдору, кийим тигүү жана трикотаж өнөр жайларынын ишканалары, бут кийим жана сукно, пенько-джут жана башка фабрикалар түп-тамырынан кайра курулуп, кеңейтилген. Ошол эле жылдары жаңыдан 20 дан ашык ири ишкана, ошонун ичинде нан комбинаты, бисквит фабрикасы, сүт жана жемиш-жашылча комбинаттары жана башкалар пайдаланууга берилген.

Жеңил өнөр жайларынын жаңы ишканаларынан эң оболу «40 лет Октября» кийим тигүү фабрикасын атап өтүү керек. Биринчи класстагы жасалгалар менен мол жабдылган кубаттуу бул фабрика балдар үчүн кийим жасап чыгарууга ылайыкталган. Анын көп сандаган жумушчу коллективи ар түрдүү көп фасондорду ийгиликтүү өздөштүрүп, жаңы техника менен алдыңкы технологияны өндүрүштө кеңири колдонууга жетишкен.

Фрунзедеги бут кийим фабрикасынын негизинде 1964-жылы түзүлгөн «Чолпон» бут кийим фирмасы жеңил өнөр жай ишканаларынын системасында көрүнүктүү орунду ээлейт.

Жети жылдыктын жылдарында республиканын борбор шаарынын чыгыш чет-жакасында Орто Азиядагы эң ири ишкананын — Кыргыз камволдук-сукно комбинатынын корпустары өсүп чыкты.



Велотрек

Комбинаттын өндүрүштүк башкы корпусу 60 миң чарчы метр келген аянтты ээлейт. Бул жерде өндүрүмдүү эмгектенүү үчүн зарыл болгон бардык шарттар түзүлгөн. Башкы корпустун кондициондук 25 установкасы цехтерде температуранын туруктуу режими жана өндүрүшкө керектүү аба нымдуулугу бар жасалма климатты түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Камволдук-сукно комбинаты өндүрүштү өтө прогрессивдүү технология менен жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген эң жаңы жасалгалар менен жабдылган. Мисалы, токуу цехине чөлмөксүз станоктор орнотулган, кооздоо өндүрүшү эң жаңы үлгүдөгү машиналар жана поток линиялары менен жабдылган. Мында, атап айтканда. бырышпай турган кездемелерди кооздоо жүргүзүлөт. Ровничный цехине абдан уникалдуу жасалгалар коюлган.

Бул комбинат — 40 гектар келген аянттагы курулуштардын бүтүндөй бир комплекси. Аппараттык-жип ийрүү, камволдук-жип ийрүү, токуу жана кооздоо өндүрүштөрү жайгаштырылган башкы

өндүрүштүк корпустан тышкары, бул жерде борбордук ремонттоо мастерскойлорунун үйлөрү, административдик жана тиричилик-тур-муш корпустары, складдык жана башка имараттар курулган. Ишканага жакын жерде турак үйлөрдүн, балдар комбинатынын, Маданият дворецинин шаарчасы өсүп чыккан. Комбинаттын алдында профессионалдык-техникалык окуу жайы иштейт, анын жалпы жатаканасы, ишканасы, спорттук залы, окуу-өндүрүш корпусу бар. Комбинаттын территориясында 13 гектар келген аянтка мөмө бактары отургузулган, анын батыш жана чыгыш жактарына скверлер курулган. Биринчи кезектегиси — 1963-жылы пайдаланууга берилген сукно өндүрүшү (7080 ийик) — 1927-жылы Фрунзеде курулган К. Готвальд атындагы сукно фабрикасынын кубатынан 7 эсе ашып түшөт.

Кыргыз камволдук-сукно комбинаты жыл сайын 6,5 миң тонна жүндөн ийрилген жип, 8,6 миллион метр жүндөн токулган калың кездеме, 8,3 миллион метр жүндөн токулган даяр кездеме чыгарат.

Барнаул, Балаково, Саратов, Каменск жана Калинин комбинаттарынын, Жамбылдагы жүндү алгачкы тазалоо фабрикасынын жана башка ишканалардын берген сырьёлорун бул комбинат кайтадан иштеп чыгарат. Кыргыз камволдук-сукно комбинатынын продукциясы өз кезегинде өлкөнүн экономикалык көп райондоруна жөнөтүлүп турат.

Тамак-аш жана эт-сүт өнөр жайларынын жаңыдан курулган ишканалары да азыркы замандын техникасы жана ири муздаткычтар менен жабдылган, алардын өндүрүштүк процесстеринин көбү автоматташтырылган жана механизацияланган, алдыңкы технология кеңири киргизилген. Өнөр жайдын ушул тармактарынын тез өсүшүн өзгөчө айрым ишканалардын мисалынан ачык-айкын көрүүгө болот. Мисалы, республикада индустриялык негизде нан жабуунун өнүгүшү 1940-жылы Фрунзеде пайдаланууга берилген нан комбинатынын курулушунан башталат. Аны реконструкциялагандан кийин, нан цехинин кубаты эки эсе көбөйгөн. Цехтердин бардыгы поток линиялары, ун элөөчү, камыр жууруучу машиналар жана азыркы кездеги башка жасалгалар менен жабдылган. Кондитер фабрикасы да кайрадан курулган.

50-жылдардын аягынан тартып республикада жүзүм эгилген аянттардын кеңейтилишине байланыштуу, вино жасоо өнөр жайы өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы баскычына көтөрүлгөн. Фрунзедеги шампан винолорун жасоочу комбинатта анын өндүрүштүк кубатын андан ары көбөйтүүгө багытталган бир катар чаралар иш жүзүнө ашырылган. 1933-жылы курулган тамеки фабрикасы да реконструкцияланды. Мында өндүрүштүк процесстерди механизациялоо жана автоматташтыруу боюнча бир кыйла зор иш жүргүзүлгөн.

Фрунзе шаарынын жеңил жана тамак-аш өнөр жайларын өнүктүрүү тамак-аш продуктыларын жана эл кеңири керектөөчү товарларды чыгарууну бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. 1946—1965-жылдардын ичинде, мисалы, эт жана малдын майын чыгаруу 4 эсе, колбаса азыктары — 5,3 эсе, эттен жасалган консервалар — 1,6



Камволдук-сукно комбинаты →



эсе, макарон азыктары — 5,8 эсе, нан жана нан-булка азыктары — 2,7 эсе, кондитер азыктары — 35 эсе өскөн, ал эми трикотаж, тигилүү кийимдер менен бут кийимдерди чыгаруу орто эсеп менен 23 эсе көбөйгөн.

Шаардын ишканалары маданий-тиричилик буюмдары менен чарбалык буюмдардын, эмаль идиштеринин, балдар коляскаларынын, кир жуугуч машиналардын, газ плиталарынын, велосипеддердин жана башкалардын ассортиментин кеңейтишти. Эгерде 1958-жылы 430 гана кир жуугуч машина чыгарылган болсо, 1965-жылы 155 миңден ашык машина, 1958-жылы 42 500 велосипед чыгарылган болсо, 1965-жылы 65 миң велосипед чыгарылган. 1940—1965-жылдардын ичинде мебель чыгаруу 6 эсе көбөйгөн. Фрунзеден чыккан «Тянь-Шань» газ плиталарын, «Киргизия» кир жуугуч машиналарын, «Кыргызмебель» фирмасынын продукциясын жана башка көп буюмдарды калк абдан жакшы көрүшөт.

Эгерде кыскача жыйынтык чыгара турган болсок, анда жети жылдыктын жылдарында Фрунзе шаарынын өнөр жайынын дүң продукциясынын көлөмү 1958-жылдагы 234,6 миллион сомдон 1965-жылы 529,2 миллион сомго, башкача айтканда 2,25 эсеге өскөн. Пландан тышкары 42 миллион сомдук продукция чыгарылган, 9,6 миллион сомдук пайда алынган. Электр кубатын иштеп чыгаруу 18 эсе көбөйгөн, машина куруу продукциясын чыгаруу 3 эсе дээрлик, жеңил өнөр жайыныкы — 2 эсе, курулуш материалдарыныкы — 4,6 эсе өскөн. Жети жылдыктын жылдары ичинде 412 миллион сомдук капиталдык салым же 1946-жылдардагыга караганда 2,1 эсе көп каражат өздөштүрүлгөн.

Жети жылдык планды ийгиликтүү аткаруунун натыйжасында Советтик Кыргызстандын борбору ССР Союзунун ири өнөр жай борборлорунун бирине айланды.

## 5. СОЦИАЛИСТТИК МЕЛДЕШ — ШААРДЫН ӨНӨР ЖАЙЛЫК ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ ИЙГИЛИКТЕРДИН МААНИЛҮҮ ФАКТОРУ

Фрунзе шаарынын өнөр жайлык өнүгүшүндө, ошондой эле бүткүл өлкөнүн экономикасында жетишилген ийгиликтер эң оболу жумушчулардын, инженер-техник кызматкерлеринин, бардык эмгекчилердин массалык социалисттик мелдешинин, новатордук кыймылынын натыйжасы болуп саналат.

Кыргызстандын партиялык уюмунун жетекчилиги астында жумушчулардын жаңы кадрларын даярдоонун күчөтүлүшү, эмгекчилердин маданий-техникалык деңгелинин жана саясий аң-сезимдүүлүгүнүн өсүшү социалисттик мелдешти кыйшаюусуз жогорулатууда маанилүү роль ойногон.

Республиканын профессионалдык-техникалык окуу жайлары

Кыргызстандын жумушчу табын түзүү жана тарбиялоо ишине эң зор салым кошушкан жана кошуп да жатышат.

1940-жылы 2-октябрда СССР Жогорку Советинин Президиуму «СССРдин Мамлекеттик эмгек резервдери жөнүндө» Указ кабыл алган. Анда мындай деп айтылган: «Биздин өнөр жайыбызды мындан ары кеңейтүүнүн милдети шахтыларга, кендерге, транспортко, фабрикаларга жана заводдорго жаңыдан жумушчу күчүнүн дайыма үзүлбөй келип турушун талап кылат. Жумушчу табынын составы тынымсыз толукталып турмайынча биздин өнөр жайыбыздын ийгиликтүү өнүгүшү мүмкүн эмес.

Биздин өлкөбүздө жумушсуздук толук жоюлган, айыл-кыштактарда жана шаарларда жакырчылык жана бүлгүнчүлүк түбөлүккө жок болгон, ошондуктан фабрикалар менен заводдордун эшигин кагып, иш издөөгө мажбурланган, ошентип, өнөр жайы үчүн стихиялуу түрдө жумушчу күчүнүн дайыма резервин түзгөн адамдар бизде жок».

Андан кийинки бардык жылдар — өлкөдө профессиялык-техникалык билим берүүнүн мамлекеттик системасын түзүү жөнүндөгү чечимдин акылмандуулугун жана көрөгөчтүгүн ишенерлик түрдө көрсөттү.

Кыргызстанда эмгек резервдеринин биринчи окуу жайлары Улуу Ата Мекендик согуштун кыйын жылдарында түзүлгөн. 1942-жылы Фрунзеде электриктер менен металлисттерди даярдай турган № 1, металлисттер менен полиграфисттерди даярдай турган № 3, темир жолчуларды даярдай турган № 8 профессиялык-техникалык окуу жайлары ачылган. Ошол убактан бери жумушчулардын профессиялык билими менен жалпы билимин арттыруу камкордугу дайыма Кыргызстандын партиялык уюмунун көңүлүнүн борборунда болуп келатат.

Азыркы убакта республикада профессиялык-техникалык 47 окуу жайы бар, алардын ичинен 9 окуу жайы Фрунзе шаарында. Ушул окуу жайларында 6 миңден ашык уландар менен кыздар окушат. 27 жылдын ичинде алар республиканын эл чарбасы үчүн 86 адистиктеги 130 миңден ашык квалификациялуу жумушчуну даярдап чыгарышкан. Республикадан — ушул окуу жайларында тарбиялангандар иштебеген заводду же фабриканы, курулушту, колхозду же совхозду табуу кыйын.

Көп ишканаларда профессиялык-техникалык окуу жайларын бүтүрүп чыккандар квалификациялуу жумушчулардын негизги уюткусун түзүшөт. Мисалы, № 17 профессиялык-техникалык окуу жайы Фрунзеде 1954-жылы уюштурулган. 15 жылдын ичинде ал квалификациялуу 6 миңден ашык жумушчуну даярдап чыгарган. Алар «Чолпон» бут кийим фабрикасында, «40 лет Октября» жана ВЛКСМ атындагы кийим тигүү фабрикаларында, Кыргыз камволдук-сукно комбинатында жана жеңил өнөр жайынын башка ишканаларында иштеп жатышат. Квалификациялуу жаш жумушчулардын кадрларын даярдоодогу зор ийгиликтери үчүн СССР Жогорку Советинин

Президиумунун 1967-жылы 12-июндагы Указы боюнча бул окуу жайы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдун жумушчуларынын 25 процентине жакыны № 1 профтех окуу жайында жана № 3 техникалык окуу жайында окушкан; эт комбинатындагы жумушчулардын 35 проценти, нан комбинатындагы жумушчулардын 40 проценти — № 10 профтех окуу жайын бүтүрүп чыгышкан.

№ 4 шаардык профессиялык-техникалык окуу жайы 15 жылдын ичинде 3370 адамды даярдап чыгарган, алар курулуш уюмдарында мунара крандарынын машинисти жана экскаваторчу, электрогаз менен ширетүүчү, сантехник, курулуш машинасынын механиги, монтажчы болуп иштешет.

Совет эли коммунизмди куруунун эң улуу программасын иш жүзүнө ашырып жатат. Бүткүл өлкө сыяктуу эле, Кыргызстанда заводдор, фабрикалар, курулуштар жыл сайын улам көбөйүүдө. Республиканын профессиялык-техникалык билим берүү системасынын окуу жайлары 1969-жылы гана аларга 16 миңден ашык квалификациялуу жумушчу даярдап чыгарышкан.

Ушуга байланыштуу, КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин 1969-жыл 2-апрелдеги «Профессиялык-техникалык билим берүү системасынын окуу жайларында квалификациялуу жумушчуларды даярдоо ишин мындан ары жакшыртуу чаралары жөнүндөгү» токтомунун мамлекеттик эң зор мааниси бар экенин белгилеп кетүү керек. Профессиялык-техникалык билим берүү системасын мындан ары өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөтүп, партия жана өкмөт ошону менен бирге окуу жайларынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо жөнүндө, келечектеги жумушчулардын атайын жана жалпы билим деңгелин жогорулатуу, аларга коммунисттик тарбия берүү жөнүндө зор камкордук көрүп жатышат. Атап айтканда, бардык училищелерге бара-бара үч жылдык жана төрт жылдык окуу киргизилет. Жалпы билим берүүчү мектептин сегизинчи классын бүтүргөн окуучулар бул жерде кесип да үйрөнүшөт, орто билим да алып чыгышат. Бул токтомдо профессиялык-техникалык мектептин инженердик-педагогикалык кызматкерлеринин кадрларын мындан ары чыңдоого көп көңүл бурулган.

Жумушчулар партиялык, профсоюздук, комсомолдук уюмдардын жана инженер-техник кызматкерлеринин активдүү жардамы менен өздөрүнүн квалификациясын жана техникалык билимдерин түздөн-түз өндүрүштүн өзүндө жогору көтөрүп жатышат. Ушундай жумушчулар 1950-жылы 18,6 миң, 1958-жылы—23,9 миң, 1965-жылы — 44,9 миң, ал эми 1969-жылы — 33 500 болгон.

Республикада өнөр жай жумушчуларынын саны 1940-жылдагы 27,4 миңден 1966-жылы 131,8 миңге жеткен. Инженер-техниктерден гана 15,2 миң адам болгон, миң жумушчуга 115 инженер-техник туура келген. Машина жасоо жана металл иштетүү өнөр жайындагы жумушчулардын профессиялык составы өзгөчө кескин өзгөрүлгөн.

1939—1959-жылдардын ичинде механиктер (жумушчулар) менен жасалгалардын наладчиктери 4 эсе, слесарлар, монтажчы жыйноочулар — 5 эсе, токарлар — 9 эсе, куймачылар, вагранщиктер жана формалоочулар — 8 эсе, электр ширетүүчүлөр менен газ ширетүүчүлөр— 17 эсе, пресстөөчүлөр менен штамптоочулар — 83 эсе көп болгон. Мына ушулардын баары өнөр жайдын техникалык жактан абдан жогору жабдылышына күбө болот. 1939-жылга салыштырганда кол балка жана аттиш менен иштеген темир усталарынын 500 адамга азайышы ушундай мисалдардан болуп саналат. Металлды ысык жана муздак иштетүүнүн темир-пресс жана штамп агрегаттары кол балкалары менен аттиштерди алмаштырды.

Кыргызстандын жумушчу табынын билим деңгели түп тамырынан өзгөрүлдү. 1939-жылы көбүнчө күч эмгеги менен иштеген калктын 1000 адамынан 11 гана адамдын орто жана толук эмес орто билими болсо, 1959-жылы 319 адамга жеткен. Металлисттердин билими мындан да жогору. Мисалы, миң адамга чакканда токарлардын ичинде 1939-жылы 154 адамдын ордуна 1959-жылы 667 адамдын, фрезеровщиктердин ичинде жогоркуга ылайык 77 адамдын ордуна — 573 адамдын, механиктердин (жумушчулардын) ичинде 117 адамдын ордуна — 570 адамдын орто жана толук эмес орто билими болгон жана дагы ушул сыяктуулар.

1959-жылдагы эл каттоодон кийинки жылдардын ичинде Кыргызстандын жумушчу табынын билим деңгели мындан да жогору көтөрүлгөн. Мисалы, физикалык приборлор заводунда, «Кыргызавтомашта» жана Фрунзенин кээ бир башка ишканаларында негизги профессиядагы жумушчулардын дээрлик 100 процентинин ортодон төмөн эмес билими бар.

Бүткүл Советтер Союзу сыяктуу эле, Кыргызстандын да жумушчу табы өзүнүн маданиятын, өзүнүн профессиялык-техникалык билимин, өзүнүн саясий деңгелин дайыма өркүндөтүп келген. Көп жумушчулар ВУЗдардын, техникумдардын жана жалпы билим берүүчү мектептердин кечки жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө, марксизмдин-ленинизмдин кечки университеттеринде, маданият, искусство, техника, илим университеттеринде, ар түрдүү курстарда окушат жана ушул сыяктуулар.

Кыргызстандын индустриялык өнүгүшү, жумушчу табынын өсүшү, анын саясий жана маданий деңгелинин жогорулашы республикалык партиялык уюмдун катарларын чыңдоону камсыз кылды. 1967-жылы, Улуу Октябрдын 50 жылдыгына чейин Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын катарында Советтик Кыргызстандын 27 миңден ашык жумушчусу мүчө болуп турган, ал эми 1925-жылы алардын саны 220 гана болучу. Республиканын борбор шаарында болжол менен өнөр жайдын ар бир жети жумушчусунун бири КПСС-тин мүчөсү.

Советтик жумушчу табы — техникалык прогресс үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн чыгармачылык башкы күчү.

Республиканын партиялык уюму эмгекчилердин патриоттук кыймылына билгичтик менен жетекчилик кылат, алардын күчтөрүн жана кайратын кыйынчылыктарды жеңүүгө, өндүрүштү кыйшаюусуз кеңейтүү үчүн күрөшүүгө мобилизациялайт. Жумушчулар демилгечиликти жана чыгармачылыкты көрсөтүшүп, социалисттик мелдештин жаңы формаларын таап, эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгүнө жетишип жатышат. Мисалы, 1950—1958-жылдардын ичинде эмгек өндүрүмдүүлүгү 58 процентке жогорулаган. Ушул жылдардын ичинде Фрунзе шаарынын өнөр жайынын дүң продукциясын 2,5 эсе көбөйгөн. Пландан тышкары ондогон миллион сомдук продукция чыгарылган.

1958-жылдын аягында бүткүл өлкө Москва-Сортировочная депосунун жумушчуларынын патриоттук эң сонун жаңы саамалыгын — коммунисттик эмгектин биринчи бригадаларынын чыкканын билди. Азыркы замандын ушул эң сонун кыймылына Кыргыз республикасынын эмгекчилери абдан кызуу үн кошушту жана аны бир тилектен колдоп чыгышты. КПССтин XXI съездине даярдык көрүлүп жаткан күндөрдө Фрунзедеги кебезден жип ийрүү фабрикасынын алдыңкы катардагы адамдарынын демилгеси боюнча коммунисттик эмгек үчүн башталган мелдеш ушул ишкананын бүткүл коллективинин арасында кеңири кулач жайды.

Фабриканын партиялык уюму бул эң сонун кыймылды кызуу колдоду. Мелдеш төмөндөгү ураандар астында өөрчүтүлдү:

— Мамлекеттин таламы, элдин таламы — бардык башка таламдардан жогору!

— Жаңы, алдыңкы, коммунисттик саамалык үчүн активдүү күрөшөлү!

— Социалисттик жалпы жашоонун эрежелери катуу сакталсын!

— Элдердин бузулбас бир туугандык достугу болсун!

— Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн!

Коммунисттик эмгек үчүн башталган кыймылга Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводунун, Пишпек станциясынын депосунун, тегирмен комбинатынын, «Фрунзегорстрой» трестинин жана башка көп ишканалардын жумушчулары кошулуп кетишти. Алар өздөрүнүн өндүрүштүк милдеттенмелерин ар-намыстуулук менен аткарып турушту.

Республикада коммунисттик эмгектин ишканасы деген ардактуу наам биринчи болуп Фрунзедеги кебезден жип ийрүү фабрикасына берилген. Ушул ардактуу наам үчүн күрөшүүдө фабриканын коллективи бир калыпта жатык иштөөгө жетишти. Мамлекеттик план декадалар, айлар жана кварталдар боюнча бардык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр боюнча ашыгы менен орундалган. Бул фабриканын коллективи 1958—1961-жылдары республикалык социалисттик мелдеште квартал сайын эң жогорку орунду ээлеген. Эки жылдын ичинде эмгек өндүрүмдүүлүгү 24,5 процентке өскөн, продукциянын өзүнө турган наркы 8,3 процентке төмөндөгөн, фабрика пландан тышкары 200 миң сомдон ашык пайда берген.



Совет аянты

Фабриканын кызматкерлеринин басымдуу көпчүлүгү өндүрүштүк квалификациясын жана жалпы билим деңгелин арттыруу боюнча окуунун ар кыл формаларына тартылган. Ушулардын бардыгы, ошонун ичинде коллективдин арасындагы тарбия ишинин жогорку көрсөткүчтөрү да бул ишканага коммунисттик эмгектин ишканасы деген жогорку наамды берүүгө негиз түздү.

Социалисттик мелдештин өчпөс жалыны жыл сайын алоолонуп күйө берди. Кыргызстандын өз ыктыяры менен Россиянын составына кошулганынын 100 жылдык юбилейине даярдык көрүлүп жаткан күндөрдө социалисттик мелдеш өзгөчө кеңири кулач жайды.

Республиканын өнөр жайында, курулуштарында жана транспортунда, айыл чарбасында жана эл чарбасынын башка тармактарында ушул даңктуу күндү татыктуу тосуп алуу үчүн социалисттик мелдеш кеңири күчөтүлдү. Мелдештин демилгечилеринин арасында республиканын борбор шаарынын эмгекчилери болушту.

1963-жылы 3-февралда республикалык газеталар Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводунун көп миңдеген коллективинин катын басып чыгарышкан.

*Өзүнүн күч-аракетин,— деп айтылган бул катта,—коммунизмди куруунун улуу программасын иш жүзүнө ашырууга бириктирген СССР элдеринин бузулбас достугу биздин социалисттик Родинабыздын күчтүүлүгүнүн жана бекемдигинин эң терең булактарынын бири болуп саналат.*

*Республиканын башка көп ишканалары сыяктуу эле, Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводу да кыргыздар менен орустардын, украиндыктар менен белорустардын, чехтер менен өзбектердин, тажиктердин жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн жалпы күч-аракети менен өскөн жана кеңейген. Азыркы убакта бул ишканада 28 улуттун өкүлдөрү кол кармашып ынтымактуу иштеп жатышат.*

*Заводдун жумушчуларынын жана инженер-техник кызматкерлеринин саясий, маданий жана техникалык жактан өсүшү коммунисттик эмгек үчүн башталган кыймылдын өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт. Бүт коллектив коммунисттик эмгектин ишканасы деген жогорку наам үчүн күрөшүп жатат, көп участоктор жана бригадалар бул наамды жеңип да алышты...*

*Фрунзеликтер дайыма иштөөчү өндүрүштүк кеңешмелер, өндүрүштүк комитеттер, коомдук конструктордук жана техникалык бюролор, экономикалык анализдин топтору, нормалоонун жана техникалык контролдоонун коомдук бюролору сыяктуу өндүрүштү башкаруунун жана уюштуруунун коомдук формаларын кеңейтүүгө жана чыңдоого, бир калыпта жатык иштөөнү камсыз кылууда жана бардык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү жакшыртууда заводдун коллективинин ар бир мүчөсүнүн активдүүлүгүн жана жоопкерчилигин арттырууга милдеттенишкен.*

Кат мына мындай сөздөр менен бүткөн:

*Биз, республиканын өнөр жайынын, транспортунун жана курулушунун бардык кызматкерлерин даңктуу күндү — Кыргызстандын өз ыктыяры менен Россиянын составына кошулганынын жүз жылдыгын татыктуу тосуп алуу үчүн, Кыргызстандын экономикасынын бардык тармактарын мындан ары жогорулатуу үчүн массалык социалисттик мелдешти күчөтүүгө чакырабыз.*

Кыргыз жана орус элдеринин бир туугандык достугунун жүз жылдык юбилейин Фрунзе шаарынын эмгекчилери, бүткүл республиканын эмгекчилери сыяктуу эле, эмгектеги эң мыкты жеңиштер менен белгилешти.

КПССтин XXIII съездинин урматы үчүн, Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын түзүлгөндүгүнүн 40 жылдыгын татыктуу тосуп алуу үчүн башталган социалисттик мелдеш жаңы күч менен өөрчүй берди.

Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына даярдык көрүү бүткүл өлкө сыяктуу эле, шаардын эмгекчилеринин да чыгармачылык кайратынын оргуштаган ташкынын туудурду.

Биздин өлкөбүздөгү коммунисттик биринчи ишембиликтердин 50 жылдыгына арналган Бүткүл союздук ишембилик 1969-жылы 12-апрелде болуп өттү. Ленин Улуу саамалыкты, коммунизмдин жандуу бүчүрүн эркин элдин эмгектеги демилгеси деп эсептеген.

Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына даярдык көрүүнүн белгиси астында өткөн Бүткүл союздук юбилейлик ишембилик — Советтер Союзунун эмгекчилеринин революциялык традицияларга абдан берилгенин, коомдук милдетке алардын аң-сезимдүү мамиле жасаганын, коммунисттик эмгектин салтанат курганын көрсөттү. Өлкөнүн эмгекке жарамдуу бардык калкы катышкан Бүткүл элдик ишембилик эмгектин кубанычтуу майрамына айланды, өндүрүштүк зор жетишкендиктер менен, беш жылдык планды аткарууга кошулган чоң салым менен белгиленди. КПСС Борбордук Комитети, СССР Министрлер Совети жана ВЦСПС юбилейлик ишембиликке активдүү катышкан жумушчулардын, колхозчулардын, инженер-техник кыз-

маткерлеринин жана кызматчыларынын, Советтик Армия менен Флоттун жоокерлеринин, эмгек ветерандарынын, советтик аялдардын, жаштардын патриотизмин жогору баалашып, Родинабыздын жыргалчылыгынын урматына арналган коммунисттик эмгеги үчүн аларга чын жүрөктөн алкыштарын айтышты.

Юбилейлик ишембилик республиканын борбор шаарына да өзүнүн унутулгус таасирин калтырды. Бардык жерде алоолонгон кызыл туулар желбиреп, революциялык марштар менен ырлар угулуп турду. Ишембилик болор алдында көп ишканаларда жана курулуштарда, окуу жайларында ушул даңктуу окуяга арналган митингилер болуп өттү.

Улуу саамалыктын 50 жылдыгын белгилөө максатында Кыргызстандын борбор шаарында өткөн массалык коммунисттик ишембиликке 222 миң киши катышты. Өнөр жай ишканаларынын коллективдери мурда болуп көрбөгөндөй эмгек өндүрүмдүүлүгүнө жетишип, 2 миллион сомдон ашык продукция чыгарышты. Шаардын көчөлөрүнө жаңыдан жашыл дарактар отургузулду, аллеялар, скверлер, клумбдар пайда болду. Ишембиликтен түшкөн 226,7 миң сом акча беш жылдыктын лениндик фондусуна которулду.

Шаардын партиялык уюмдары эмгекчилердин өнөр жайда, курулушта жана транспортто эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйшаюусуз жогорулатууга арналган чыгармачылык демилгесин активдүү колдоп жана өнүктүрүп жатышат.

## 6. КОММУНИЗМДИН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫН ТҮЗҮҮДӨГҮ ЖАҢЫ ИЙГИЛИКТЕР

СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 1966—1970-жылдардагы беш жылдык планы боюнча КПССтин XXIII съезди кабыл алган Директиваларда биздин алга жылышыбыздын чынында да улуу перспективалары белгиленген.

**«КПССтин XXIII съезди,**— деп айтылган съезддин резолюциясында,— **жаңы беш жылдык план биздин коомубуздун коммунисттик курулуштун жолу менен бир кыйла илгерилешин, материалдык-техникалык базанын мындан ары өнүгүшүн, өлкөнүн экономикалык жана коргонуу күч-кубатынын чыңдалышын камсыз кылууга чакырылган деп эсептейт. Партия беш жылдыктын экономикалык башкы милдетин илим менен техниканын жетишкендиктерин ар тараптан пайдалануунун, бүткүл коомдук өндүрүштүн индустриялык өнүгүшүнүн, анын натыйжалуулугун жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун негизинде өнөр жайдын мындан ары бир кыйла өсүшүн, айыл чарбасын өнүктүрүүнүн туруктуу жогорку темптерин камсыз кылуудан жана мунун аркасында элдин турмуш деңгелин олуттуу түрдө жогорулатууга, бардык совет адамдарынын материалдык жана ма-**

даний керектөөлөрүн мурдагыдан толук канааттандырууга жетишүүдөн көрөт» *.

Партиянын XXIII съездинин Директиваларынын негизинде Кыргызстандын эл чарбасы жана маданияты тез темптер менен өнүгө баштаган. Түстүү металлургиянын, машина жасоонун, электротехника, жеңил, тамак-аш өнөр жайларынын бир кыйла жогорулашына жетишилген. Энергетикалык жаңы кубаттар — Токтогул жана Ат-Башы ГЭСтери курулуп жатат, Майлы-Сайдагы электр лампа заводу, Оштогу кебезден кездеме токуу комбинаты жана башка толуп жаткан ири өнөр жай ишканалары пайдаланууга берилгени турат.

Кыргызстандын борбор шаарынын индустриясы ийгиликтүү өнүгүүдө. Машина жасоо мындан ары өнүктүрүлөт. Шаардын көп өнөр жай ишканалары кайра курулуп, продукциянын жаңы түрлөрүн чыгарууну өздөштүрөт.

Өткөн беш жылдыкта Фрунзе шаарынын өнөр жайынын кандайча өнүккөнүн кээ бир конкреттүү мисалдар менен карап чыгалы.

Сөз кезегин цифралар менен фактыларга берели. 1970-жылы Фрунзеде ар түрдүү тармактардын 88 заводу жана фабрикасы болгон. Аларда 88 850 жумушчу иштеген. Фрунзе шаарындагы өнөр жай өндүрүшүнүн структурасында мурдагыдай эле өнөр жайдын машина жасоо, жеңил жана тамак-аш тармактары басымдуулук кылат.

Электротехника өнөр жайы жогорку темптер менен өнүккөн. «Тяжэлектромаш» заводунда ири электромашиналарды, чыңалуу стабилизаторлорун жана башка продукцияны чыгаруу бир кыйла көбөйгөн.

Фрунзедеги электровакуум машиналарын жасоочу заводдо 1969-жылы 234,7 миң кир жуугуч машина жана 45 миңден ашык газ плиталары чыгарылган, бул — 1965-жылы чыгарылгандагыдан алда канча көп. Завод өлкөнүн электр лампа өнөр жайы үчүн автоматтык линияларды да чыгарат. Бул милдетти ийгиликтүү чечүү үчүн завод кайрадан курулуп, кеңейтилген — жаңы цех 20 миң чарчы метр келген аянтты ээлейт. «Кыргызэлектродвигатель» заводу менен физикалык приборлор заводунун коллективдери продукция чыгарууну андан ары көбөйтүүгө жетишкен. «Кыргызавтомаш» заводунун кубаты тез өсүүдө. Бул завод коммуналдык чарбага жана айыл чарбасына керектүү машиналарды, автомобилдердин радиаторлорун, автозаправка агрегаттарын, мотоциклдердин коляскаларын, гидроподъемниктерди, автосамосвалдардын крандарын чыгарат, өлкөнүн авторемонт заводдорун жана автомобиль чарбаларын запас бөлүктөр менен камсыз кылат.

1966-жылы июль айында — жаңы беш жылдыктын биринчи жылында — Фрунзенин автомобиль жасоочулары өздөрүнүн жаңы продукциясын чыгаруу менен Родинабызды кубандырышкан. Басма сөздөрдө: «Кыргыздын биринчи автомобили», деген кабар басылып чыккан. Автомобиль жыйноочу заводдо биринчи ГАЗ-53-Б автосамосва-

---

* «КПССтин XXIII съездинин материалдары», кыргызча басылышы, 254-бет.

лы жасалып чыгарылган. Аны Горький автозаводу менен «Кыргызмаш» заводунда жасалган деталдардан жыйнашкан.

Жүк ташуучу ГАЗ-53-Б автосамосвалы — бул жаңы конструкциядагы машина. Ал, көбүнчө айыл чарба жүктөрүн: дан, силос, кызылча ташуу үчүн арналган. Ал 3,5 тонна жүк көтөрөт. Кузову үч жакка көңтөрүлүп ачылат.

Сегизинчи беш жылдыктын жылдарында Фрунзе шаары үчүн өнөр жайдын бул таптакыр жаңы тармагы маанилүү ийгиликтерге жетишкен. 1970-жылы Фрунзенин автомобиль жасоочулары бир нече миң ГАЗ-53-Б автосамосвалын чыгарышкан жана автосамосвалдын ГАЗ-САЗ-3502 деген ого бетер өркүндөтүлгөн маркасын өздөштүрө баштапкан.

Фрунзедеги «Кыргызсельхозтехника» заводу трактор моторлорунун, отун аппаратурасынын жана ушул өңдүүлөрдүн капиталдык ремонтун жүргүзөт. 1970-жылы ал 10,6 миллион сомдук продукция чыгарган.

Сегизинчи беш жылдыктын өндүрүштүк тапшырмаларын иш жүзүнө ашырууда Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдун коллективи зор ийгиликтерге жетишкен. 1970-жылы бул коллектив өлкөгө 15,6 миң пресс-подборщик берген, бул — 1965-жылдагыдан 2,2 эсе көптүк кылат. Мындан тышкары, завод айыл чарбасына ондогон миллион сомдук башка техника берген. Заводдун атайын конструктордук бюросу айыл чарбалык жана ирригациялык машиналардын жаңы 8 маркасын түзгөн, алардын бешөө өздөштүрүү үчүн өндүрүшкө берилген, анын ичинде ПСБ-1,6 пресс-подборщиги бар, бул подборщиктин өндүрүмдүүлүгү эски маркадагы прессподборщиктин өндүрүмдүүлүгүнөн алда канча жогору.

Шаардын 22 ишкананы бириктирген жеңил өнөр жайы мында иштеген кадрлардын саны боюнча экинчи орунду жана дүң продукциянын наркы боюнча биринчи орунду ээлейт. Анын структурасы төмөндөгү таблицада (1970-жылдын жыйынтыктары боюнча) берилген:

| Тармактардын аттары | Дүң продукциянын үлүшү (проценттер менен) |
|---|---|
| Жүн | 49,8 |
| Пенько-джут | 7,3 |
| Кебезден кездеме токуу | 2,9 |
| Трикотаж | 7,1 |
| Тигилүү кийим | 16,7 |
| Булгаары-бут кийим | 16,2 |

Жеңил өнөр жайдын, айталык, Фрунзедеги трикотаж-токуу фабрикасы сыяктуу ишканалары жөнүндө дагы кээ бир толук маалыматтарды келтирбей коюуга болбойт. Жакында бул фабриканын кийим тигүүчү жаңы корпусу курулуп бүткөн. Бул кооз имарат өнөр жай

ишканасынын цехинен көрө, дворецке көбүрөөк окшоп кетет. Фабрика сырт кийимдерди жана ич кийимдерди чыгарат. 1968-жылдан бери бул фабрика пландаштыруунун жана экономикалык стимулдаштыруунун жаңы шарттарында ийгиликтүү иштеп жатат. Анын коллективи техникалык-экономикалык жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен.

Эгерде биз булгаары-бут кийим өндүрүшү жөнүндө эске салып өтпөсөк, анда республиканын борбор шаарынын жеңил өнөр жайы жөнүндө биздин айткандарыбыз анча толук болуп чыкпайт. «Чолпон» фирмасынын ишканаларында жумушчулардын, инженер-техник кызматкерлеринин жана кызматчыларынын зор коллективи иштейт. 1970-жылы бул фирманын Фрунзедеги ишканалары 5,6 миллион түгөй бут кийим чыгарышкан. Өндүрүштүн ушундай абдан зор өнүгүшүнө байланыштуу, анын сырьёлук базасы көбөйүп, булгаары заводдорунун кубаттуулугу өсүп жатат.

Жергиликтүү айыл чарба сырьёсунун негизинде ийгиликтүү өнүгүп жаткан шаардын тамак-аш өнөр жайы бир кыйла ири ишканаларды бириктирет.

Өнөр жайдын ушул тармагынын өнүгүшүнүн көлөмү жөнүндө республиканын тамак-аш продуктыларын өндүрүүдө анын ээлеген үлүшү далил болот. Фрунзе шаарынын тамак-аш өнөр жай ишканалары, мисалы, 46 процент эт продукциясын, 44 процент сүт, 54 процент ун, 66,7 процент нан жана 70,7 процент кондитер азыктарын чыгарат. Ал, жалпы союздук баланста да маанилүү орунду ээлейт.

Өткөн беш жылдыктын жылдарында курулуш материалдар өнөр жайы бир кыйла өнүккөн. Мисалы, 1970-жылы темир бетон конструкцияларын жана деталдарын чыгаруу 332 миң куб метрге жеткен же 1965-жылдагыдан 1,7 эсе көп болгон. Азыр ал өзүнүн продукциясы менен республиканын борборунун гана эмес, бүт Чүй өрөөнүнүн да курулуштарын жабдыйт.

Акырында, шаардык өнөр жайдын дагы бир маанилүү тармагы жөнүндө — эмгекчилерге рухий азык берип жаткан газеталар, журналдар, китептер жөнүндө эске түшүрбөй өтүүгө болбойт. Орто Азиядагы эң ири Фрунзе полиграфия комбинатынын 1966-жылы пайдаланууга берилишине байланыштуу, бул тармак Кыргызстанда абдан көрүнүктүү тармакка айлана баштады. Эң жаңы жасалгалар менен жабдылган бул комбинаттын жылына 200 миллион прогон табак-оттиск бере турган жана 80 миллион боёк прогон түстүү продукция чыгара турган кубаты бар. Бул ишкана жергиликтүү муктаждыктарды канааттандыруу менен гана чектелбейт. Мисалы, 1968-жылы табак-оттисктердин 70 проценти кыргыз басмаларынын үлүшүнө, калган 30 проценти Москванын жана Ташкенттин басмаларынын үлүшүнө туура келген.

Фрунзе шаарынын жумушчу табы, эмгекчилери өндүрүштүк пландарды турмушка ашыруу үчүн шыктануу менен күрөшүп жатышат, өнөр жайды өнүктүрүүдө жаңы ийгиликтерге туруктуулук менен жетишип, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө өздөрүнүн кошкон салымын улам көбөйтүп жатышат.



Борбордук универмаг

Коммунисттик курулуштагы көрүнүктүү ийгиликтери үчүн Фрунзе шаарындагы ишканалардын жана мекемелердин көбү Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 50 жылдыгына арналган салтанаттардын күндөрүндө эстелик туулар менен сыйланышкан. Бүткүл элдик социалисттик мелдеште өндүрүштүк көрүнүктүү ийгиликтерди өзүнүн патриоттук күч-аракети жана чыгармачылык кайраты менен камсыз кылган ишканалардын, уюмдардын, колхоздордун жана совхоздордун коллективдерин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму менен Министрлер Совети жана Кыргызсовпроф эмгектеги кайраттуулуктун ушул жогорку белгилери менен сыйлашты. Борбор шаардагы ишканалардын жана мекемелердин коллективдеринин арасынан: камволдук-сукно комбинаты, № 2901 автоколонна, «Кыргызсельхозтехниканын» ремонт заводу, Фрунзе ТЭЦи, республикалык клиникалык оорукана, Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз мамлекеттик драма театры, Кыргыз ССР Илимдер Академиясы, Борбордук универмаг сыйланган. Эстелик туулар бул ишканалар менен мекемелердин коллективдеринин эмгектеги кайраттуулугунун символу катарында аларга түбөлүк сактоого калтырылган. Ушул эле күндөрдө Кыргызсов-

проф коммунисттик эмгектин ишканасы деген наамды Фрунзедеги кебезден жип ийрүү фабрикасына жана Пишпек станциясынын локомотив депосуна биротоло бекитип берүү жөнүндө чечим чыгарган.

Биз жогоруда Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстандын жумушчу табынын канчалык өскөнүн белгилеп өттүк. Эми анын кээ бир татыктуу өкүлдөрү жөнүндө айтып бермекчибиз.

Нурбек Абдылдаев 1930-жылы Кант районундагы Киров атындагы колхоздо, дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Бирок ал өзүнүн бүткүл аң-сезимдүү өмүрүн жумушчу табы менен байланыштырган. 1952-жылдан бери ал Фрунзедеги мебель комбинатында жыгач устасы болуп иштейт, өзүн эмгекти сүйгөн, тартиптүү жана таланттуу кызматкер катарында көрсөткөн. Н. Абдылдаев жаңы техниканы, эмгекти уюштуруунун алдыңкы методдорун ийгиликтүү өздөштүрүп жатат. Өндүрүштүк нормаларын дайыма 130—140 процент аткарат, чыгарган буюмдарынын сапаты жакшы. Ал активдүү рационализатор, өз бригадасындагы пайдалуу көп иштердин демилгечиси, бул бригада коммунисттик эмгектин коллективи деген ардактуу наамды алып жүрүүгө татыктуу болгон. Өндүрүшкө өркүндөтүлгөн тетиктерди киргизүү, иштин жекече методунан поток методуна өтүү Н. Абдылдаевдин бригадасына эмгек өндүрүмдүүлүгүн 50 процент жогору көтөрүүгө жана буюмдардын сапатын бир кыйла жакшыртууга мүмкүнчүлүк берген.

Эмгектеги көрүнүктүү ийгиликтери үчүн Нурбек Абдылдаев Ленин ордени, Эл чарбасынын жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсүнүн коло медалы жана бир нече ардак грамоталары менен сыйланган. Анын ысмы Фрунзедеги мебель комбинатынын Ардак китасына жана Ардак тактасына жазылган. Партияда болбосо да, Абдылдаев коомдук-саясий турмушка активдүү катышат. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болгон.

Жолдош Мусабеков өзүнүн эмгек жолун Ала-Бука МТСинин мастерскоюнда баштайт да, анан Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводуна өтөт. Ал карапайым жумушчудан мастерге, машинада форма жасай турган жогору квалификациялуу адиске чейин өсүп чыкты. Ал жетекчилик кылган бригада өндүрүштүк тапшырмаларды дайыма ашыгы менен аткарат, ишинин сапаты абдан жакшы. Ж. Мусабековдун сунушу боюнча бригаданын мүчөлөрү формовщиктердин эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чараларды өндүрүшкө кийирүүнүн демилгечилери болуп чыгышкан. Ж. Мусабековдун эмгек ыкмалары менен методдорун алдыңкы тажрыйбанын мектебинде үйрөнүп жатышат жана алар заводдун куюучу цехтеринде иштеген бардык кызматкерлердин кенчине айланган. Коммунисттик эмгектин ударниги деген наам ага биринчилерден болуп берилген.

1963-жылы Ж. Мусабеков КПССтин катарына өтөт. Ал — активдүү коомчул, бир нече жолу цехтин жана заводдун партиялык комитеттеринин мүчөсү, цехтин партиялык уюмунун секретарынын орун



XXII партсъезд көчөсүндөгү гастроном. →



басары болуп шайланган, КПССтин XXIII съездинин делегаты болгон. Кужурмөндук менен иштегендиги үчүн 1964-жылы Жолдош Мусабеков Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Кыргыз ССРинин алтынчы жана жетинчи жолу шайланган Жогорку Советинин депутаты болуп турганда ал Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводунун турак-жай массивин көркүнө келтирүү боюнча зор иш жүргүзгөн.

Николай Игнатьевич Бессарабов өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүн, жети жылдык мектепти жана фабрика-завод окуусунун мектебин бүтүргөндөн кийин, 1944-жылы Фрунзедеги ремонт заводунда баштаган. Ушул ишканада 25 жылдан бери иштеп, темир устасынын кесибин ал абдан мыкты үйрөнгөн. Өндүрүштүк нормаларын дайыма ашыгы менен орундайт, продукцияны эң мыкты сапатта чыгарат, аны техникалык контроль бөлүмүсүз (ОТК) эле өзүнүн белгиси менен өткөрөт. Өндүрүштү рационализациялоого жана аны уюштурууну жакшыртууга көп көңүл бурат. Өндүрүштүк эстетиканы кийирүү боюнча бир катар баалуу сунуштарды киргизген. Ишкананын эң мыкты темир усталарынын бири болгон Н. И. Бессарабов өзүнүн өндүрүштүк тажрыйбасын дайыма жаш жумушчуларга берип турат.

Н. И. Бессарабов — Кыргыз ССРинин алтынчы жана жетинчи шайланган Жогорку Советинин депутаты, республиканын Жогорку Советинин Президиумунун мүчөсү. Мамлекеттин жооптуу милдеттерин ак ниети менен туура аткарып, ошол эле убактын өзүндө жумушчулардын өндүрүштүк-турмуштук шарттарын жакшыртууга ал көп көңүл бурат, эмгекчилердин каттарына жана даттанууларына сергектик менен жана көңүл коюп мамиле жасайт.

Аскер Нарынбеков 1927-жылы Фрунзе шаарында туулган. Башталгыч мектепти бүтүргөндөн кийин, ал өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүн 1940-жылы Фрунзедеги № 1 нан заводунда камыр жууруучу болуп баштайт. Эмгекти сүйгөндүгү жана ынтызарлыгы аркасында ал бат эле квалификациялуу жумушчу болуп чыгат. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында ал өзүнүн иштеп чыгаруу нормасын 150—200 процент аткарып турган. 1948-жылы Советтик Армияга чакырылган. 1951-жылы демобилизациялангандан кийин, Фрунзедеги нан комбинатында иштей баштайт. Өзүнүн өнөрүн дайыма арттырып, кыска мөөнөттүн ичинде экинчи бир кесипти — ачыткы жасоону үйрөнөт. Валентина Гагановдосун патриоттук демилгесин колдонуп, А. Нарынбеков эки жолу артта калган бригадага өтөт жана кыска мөөнөттүн ичинде ал бригадаларды алдыңкылардын катарына чыгарат. Ачыткы жасоочу болуп иштеп турганда ал москвалыктардын алдыңкы тажрыйбасын өндүрүшкө кийирет, анан шаардын башка ишканаларынын мастерлерине жаңы технологияны үйрөтөт. Камыр жууруунун технологиясын катуу сактап, А. Нарынбеков нан бышыруунун жогорку сапатын камсыз кылат, анын бышырган наны дайыма жегиликтүү болот. Ыксыз коромжуларды кыскартуунун жана туура ачытуунун эсебинен, ал каражаттарды бир кыйла үнөмдөөгө жетишет.

1966-жылы А. Нарынбеков КПССтин мүчөлүгүнө өтөт, ал тамак-аш өнөр жай кызматкерлеринин профсоюзунун республикалык комитетинин мүчөсү. Өндүрүштүк тапшырмаларын аткаруудагы ийгиликтери үчүн жана республиканын тамак-аш өнөр жайын өнүктүрүүдө сиңирген эмгеги үчүн Аскар Нарынбековго Социалисттик Эмгектин Баатыры деген жогорку наам берилген.

Болотбек Тилешалиев жети жылдык мектепти бүтүргөндөн кийин, 1950-жылы Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводуна кирет. Заводдо иштеп жүрүп, ал токардык кесипти абдан жакшы үйрөнөт. Өзү жасап чыгарган продукцияны эч токтоосуз, эң мыкты сапатта гана өткөрөт. Өндүрүштүк тапшырмаларын ал ай сайын 170—190 процент аткарат. Өзүнүн устаттыгын дайыма арттырып отуруп, кеңеши жана иши менен жолдошторуна жардам көрсөтөт. Б. Тилешалиев жаш жумушчулардын көбүнө токардын кесибин үйрөттү. Ал — ишканага экономикалык зор натыйжа берген бир катар рационализатордук сунуштардын автору.

1964-жылы Болотбек Тилешалиев КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Өндүрүштүк ишти ал коомдук турмушка активдүү катышуу менен чебер айкалыштырат, жасалгалардын, шаймандардын жана жабдыктардын эксплуатацияланышын контролдоо боюнча партиялык комиссиянын мүчөсү, ошону менен бирге эл заседатели болуп да иштейт. 1967-жылы мартта шаардык Ленин шайлоо округунун эмгекчилери Болотбек Тилешалиевди Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты кылып бир добуштан шайлашты.

Сабира Алкожоева өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүн 1951-жылы Фрунзедеги индивидуалдык кийим тигүү фабрикасында тигүүчүнүн шакирти болуп баштаган. Анан бат эле аялдардын жеңил кийимдерин тигүүчү мастер болуп чыгат. Ага коммунисттик Эмгектин ударниги деген наам берилет, аны бычмачылардын бригадири кылып көтөрүшөт.

С. Алкожоева — фабрикада эмгектин алдыңкы методдорун колдонуунун демилгечиси. Өркүндөтүлгөн технологияны колдонуу жети жылдыктын ичинде тигилген кийимдерди чыгарууну эки эсеге жакын көбөйтүп, алардын сапатын жогорулатуу үчүн Сабирага мүмкүнчүлүк берген. Анын чыгарган продукциясынын бардыгы биринчи сорт менен кабыл алынат. Эң мыкты өндүрүшчү Алкожоева коомдук турмушка активдүү катышат, ал — эмгекчилер депутаттарынын райондук Советинин жана Кыргыз ССРинин жетинчи жолу шайланган Жогорку Советинин депутаты.

Көп жылдан берки күжүрмөн эмгеги үчүн Сабира Алкожоева Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы жана Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Алиман Усупова ремеслолук окуу жайын бүтүргөндөн кийин, 1950-жылы ВЛКСМ атындагы фабрикада кийим тигүүчү болуп иштейт. 1955-жылдан бери Фрунзедеги «40 лет Октября» кийим тигүү фабрикасында адегенде кийим тигүүчү, андан кийин агрегаттын мастери болуп тынбай иштеп келе жатат. Өтө жөндөмдүү уюштуруучу

болгондуктан, ал Кыргызстанда биринчилерден болуп Валентина Гаганованын демилгесин колдоп, эки жолу артта калган участокко өтүп, кыска мөөнөттүн ичинде аларды алдыңкы катардагы участокко чыгарган. Өз ишинин чебер устасы А. Усупова дайыма өзүнүн билимин арттырат, кечки техникумда окуйт жана өндүрүштүк курстарда практика өткөрөт, ондогон жумушчу аялдарды кийим тигүү өнөрүнө үйрөтөт.

А. Усупова КПССтин мүчөсү, активдүү коомчул, баштапкы партиялык уюмдун бюросунун жана фабрика комитетинин мүчөсү, бир нече жолу эмгекчилер депутаттарынын шаардык Советинин депутаты болуп шайланган. Кужурмөн эмгеги үчүн Алиман Усупова Ленин ордени, «Жеңил өнөр жайдын отличниги» деген белги менен сыйланган, алдыңкы жумушчу аял катарында СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.

Биз, Кыргызстандын жумушчу табынын кээ бир мыкты өкүлдөрү жөнүндө гана айтып бердик. Шаардын ишканаларында мындайлар миңдеп саналат — алар жан-дили менен иштешип, биздин өлкөбүздө коммунизмдин жеңиши үчүн, Лениндин иши үчүн күрөшкөндөрдүн биринчи катарларында бара жатышат.

Фрунзе шаарынын жумушчу табы, бардык эмгекчилери КПССтин XXIII съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруу үчүн күрөшүп, коммунисттик коомду курууда жаңы жеңиштерге жетишкен. Сегизинчи беш жылдыктын жылдарында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү эки эсе дээрлик көбөйгөн. Шаардын ишканалары продукциянын 80 ден ашык жаңы түрлөрүн өздөштүрүшкөн. Беш жылдыктын акыркы жылында гана Фрунзе шаарынын эмгекчилери 1 миллиард сомдон ашык суммада ар түрдүү продукция чыгарышкан. Республиканын дүң продукциясында шаардын салыштырма салмагы дагы жогору көтөрүлдү.

1970-жылы көрүнүктүү ийгиликтер өзгөчө көп болду. Республиканын борбор шаарынын эмгекчилери лениндик юбилейлик жылы КПССтин XXIV съездин жана Кыргызстан Компартиясынын XV съездин татыктуу тосуп алуу үчүн бүткүл элдик мелдешти күчөтүп, 1970-жылы пландан тышкары 40 миллион сомдон ашык өнөр жай продукциясын берген, ал эми бүт алганда бул 1965-жылдагыдан эки эсе дээрлик көптүк кылат.

Беш жылдын ичинде өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 1966—1970-жылдардын пландуу тапшырмасындагы 1,88 эсенин ордуна 1,93 эсе көбөйгөн. Машина жасоо (2 эсе), жеңил (2,5 эсе), тамак-аш (1,7 эсе) өнөр жайларынын чыгарган продукциясы өзгөчө көп болгон. Дүң продукциянын өсүшүнүн жарымынан көбү (51 проценти) эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өскөндүгүнүн эсебинен алынганын өзгөчө белгилөө керек. Сегизинчи беш жылдыктын бардык жылдарынын ичинде шаар 4,15 миллиард сомдук өнөр жай продукциясын берген. Фрунзе шаары өзүнүн өнөр жай продукциясын дүйнөнүн 30дан ашык өлкөсүнө экспорттойт.

Республиканын өнөр жай продукциясынын жалпы өндүрүшүндө машина жасоо, металл иштетүү жана текстиль өнөр жайларынын продукциясынын 60 проценттен ашыгы, булгаары жана бут кийим өнөр жайынын продукциясынын 80 проценти, тамак-аш өнөр жайынын продукциясынын 41 проценти Фрунзе шаарына туура келет.

Ошентип, Фрунзе шаары бүткүл Кыргызстандын индустриялык өнүгүшүндө дайыма чоң роль ойнойт, биздин өлкөбүздө коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө өзүнүн белгилүү салымын кошуп жатат.

## 7. КЭЭ БИР ПЕРСПЕКТИВАЛАР

КПССтин XXIV съездинин Директиваларында мындай деп жазылган: «Тогузунчу беш жылдык план совет коомунун коммунизмге баруу, анын материалдык-техникалык базасын куруу, өлкөнүн экономикалык жана коргонуу кубаттуулугун чыңдоо жолу менен мындан ары алга жылышынын маанилүү этабы болуп калат. **Беш жылдыктын башкы милдети — социалисттик өндүрүштү өнүктүрүүнүн, анын натыйжалуулугун жогорулатуунун, илимий-техникалык прогресстин жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнү тездетүүнүн жогорку темптеринин негизинде элдин турмушунун материалдык жана маданий деңгелин бир кыйла жогорулатууну камсыз кылууда турат»***.

КПССтин XXIV съездинин көрсөтмөлөрүнө ылайык, жаңы ишканалар көбүнчө орточо жана анча чоң эмес шаарларда курулат. Бирок, Фрунзе шаарынын өнөр жай ишканалары мындан ары бир кыйла өлчөмдө кайра куралдандырылат жана модернизацияланат (жаңыртылат). Бул, илим менен техниканын абдан тез прогрессияланышы — азыр иштеп жаткан жасалгалардын моралдык жактан эскиришинин (жешилишинин) мөөнөтүн өтө кыскартып жаткан кырдаалдан келип чыгып отурат.

Ошентип, Фрунзе шаарында өнөр жай өндүрүшүнүн мындан аркы прогрессине, негизинен, азыр иштеп жаткан өндүрүштүк кубаттарды интенсивдүү пайдалануу, өндүрүштүк процесстерди механизациялоону жана автоматташтырууну кеңейтүү жана ишканалардын негизги фондуларын жаңыртуу жолу менен жетишилет. Мисалы, келечекте машина жасоонун продукциясы 1970-жылдагыга караганда 1975-жылы 1,5 эсе өсө тургандыгы каралат. Ички резервдерди бир кыйла натыйжалуу пайдалануунун эсебинен физикалык приборлор заводунда продукция чыгаруу көбөйтүлөт; контролдоо-өлчөө приборлор заводунун чыгара турган продукциясынын көлөмү өсөт, мында, атап айтканда, жаңы цех — монеталык механизмдердин цехи курулат. Электротехникалык өнөр жайдын продукция чыгарышы, атап

---

* «КПССтин XXIV съездинин материалдары», кыргызча басылышы, 271-бет.

айтканда «Тяжэлектромаш» заводунда ушундай продукцияны чыгаруу бир кыйла кеңейтилет. Анын продукциясы 1965-жылдагыга караганда 7 эседен ашык өсөт.

«Кыргызэлектродвигатель» заводу азыр чыгарып жаткан кубаты 0,25—100 киловатт келген двигателдерден тышкары, холодильниктердин (муздаткычтардын) электроустановкаларын чыгарууну өздөштүрөт. Электровакуум машиналарынын заводу кир жуугуч машиналарды чыгарууну токтотпостон, электротехникалык өнөр жайдын ишканалары үчүн технологиялык жасалгаларды жасоого өтөт. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоо заводунда продукция чыгаруу 3 эсе дээрлик көбөйөт. Фрунзедеги автомобиль жыйноочу завод мындан ары дагы өнүгөт. Жол машиналарын ремонттоо заводунун курулушу аяктайт.

Ушуну менен катар, машина жасоонун бир катар жаңы ири ишканаларынын курулушу да эске алынып отурат. Атап айтканда, электрондук-эсептеп чыгаруучу машиналардын, металл кесүүчү инструменттердин, энергосистема жасалгаларынын борборлоштурулган ремонт заводдору курулат. Ошону менен бирге металл буюмдарын, кроваттарды чыгаруучу заводдор сыяктуу бир катар майда ишканалардын жоюлушу белгиленген, бир катар куйма цехтердин ордуна Фрунзе шаарындагы жана бүткүл Чүй өрөөнүндөгү ишканаларды борборлоштурулган түрдө куйма менен жабдый турган куйма-темир устачылык заводунун курулушу долбоорлонуп отурат. Бул чаралар экономикалык олуттуу натыйжа бергенден тышкары, республиканын борборунун санитариялык ал-жайын да жакшыртууга көмөк көрсөтөт.

Кыргыз камволдук-сукно комбинатында 1975-жылга чейин жүндөн токулган кездемелерди чыгаруу 1,7 эсе, жүндөн ийрилген жиптер — 1,3 эсе көбөйөт. Трикотаж фабрикаларында продукция чыгаруу бир кыйла өсө тургандыгы белгиленип отурат. Пландоочу органдардын эсептөөлөрүнө караганда, Фрунзе шаарынын жеңил өнөр жай ишканаларынын дүң продукциясынын жалпы наркы 1965-жылдагы 150 миллион сомдун ордуна 1975-жылы 423 миллион сом болот.

Тамак-аш өнөр жайынын жаңы ишканаларынан Фрунзе шаарында пиво кайнатуучу чоң заводдун курула тургандыгы каралып отурат. Келечекте эт комбинатын реконструкциялоо баарыдан мурда шаардын санитариялык ал-абалын түп-тамырынан жакшыртуу максатын көздөйт. Бул жерде мал союу жана анын ичеги-кардын тазалоо жоюлат. Бул ишкана колбаса азыктарын, эттен жасалган консерваларды жана башка жарым фабрикаттарды чыгарууга ылайыкталат. Комбинат Кайыңдыдагы эт комбинатын жана Токмокто салынганы жаткан жаңы эт комбинатын сырьё менен камсыз кылат. Шаардын калкынын сүт продуктыларына болгон керектөөлөрүн толук канааттандыруу үчүн сүт комбинатынын кеңейтиле тургандыгы белгиленген. Анын бир сменадагы кубаты 150 тоннадан 300 тоннага жетет. Вино комбинатынын да кубаты көбөйтүлө тургандыгы каралган, ал шампан винолорун чыгарууга ылайыкталат.

Өнөр жайлык өнүгүүнүн ушундай темптеринин жана багытынын болушу Советтик Кыргызстандын борбору Фрунзе шаарынын азыр ири өнөр жай борборуна айланганын ишенерлик түрдө далилдеп отурат.

Кыргыз республикасынын өнөр жайын өнүктүрүүнүн планы — КПССтин XXIV съездинин Директивалары боюнча жаңы, тогузунчу беш жылдыкка каралган планы — андан бетер чоң.

**«Кыргыз ССРинде,**—деп жазылган Директиваларда,— өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 45—48 процентке көбөйтүлсүн. Электроэнергетика, машина жасоо, түстүү металлургия жана жеңил өнөр жайын мындан ары өнүктүрүү камсыз кылынсын»*.

Фрунзе шаарынын эмгекчилери КПССтин XXIV съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашырууга өздөрүнүн татыктуу салымдарын кошуп жатышат.

* «КПССтин XXIV съездинин материалдары», 1971, кыргызча басылышы, 328-бет.

ТӨРТҮНЧҮ ГЛАВА

# МАДАНИЯТТЫН ЖАНА ИЛИМДИН БОРБОРУ

Бир чиновник Петербургга минтип жазган экен: «Тянь-Шандын табиятын илим эч качан багынта албайт. Көчмөндөрдү цивилизациянын кысымынан түбөлүккө ушул табият коргоп тура берет».

Революцияга чейинки Кыргызстан чынында эле Россия империясынын эң артта калган чет-жакаларынын бири болгон. Бирок буга үзүрлүү табият күнөөлүү эмес. Падыша өкмөтү Россиянын башка элдери сыяктуу эле, кыргыз элин да караңгылыкта кармап турган.

В. И. Ленин 1913-жылы «Эл агартуу министерствосунун саясаты жөнүндөгү маселеге карата» деген макаласында мындай деп жазган: «Маалымат, жарык жана билим жагынан эл массасы ушунчалык талоончулукка учураган ушундай жапайы өлкөдөн — мына ушундай өлкөдөн — Европада, Россиядан башка, бирөө да калган жок. Ал эми эл массаларынын, айрыкча дыйкандардын бул жапайыланышы кокусунан эмес... помещиктердин эзүүсүнүн тушунда бул болбой койбойт».* Бул жөнүндө Түркстандагы иштердин ал-жайы ачык айкын күбө болот. Октябрь революциясы болор алдында кыргыз элинин ичинде кат тааныган адамдардын саны 2 гана процентке жакын болгон. Падыша өкмөтү бул крайдын маданий муктаждыктары үчүн жылына киши башына 1 тыйындан азыраак каражат бөлүп чыгарган.

1914-жылы Пишпектин мектептеринде 400 бала окуган. Булар — көбүнчө орус чиновниктеринин, соодагерлердин жана жергиликтүү төбөлдөрдүн балдары болгон. Жогорку окуу жайы же илим-изилдөө мекемеси жөнүндө айтпагандын өзүндө, шаарда бир дагы атайын орто билим берүүчү окуу жайы болгон эмес. Газеталар да, журналдар да жок эле. Кыргыз элинин жазуусу болбогондон кийин, алар кайдан болмок эле. Кыргыздардын арасында врачтар да, мугалимдер да, башка адистер да жок болучу.

Дүйнөлүк цивилизациянын бардык жетишкендиктеринен пайдалануу үчүн эмгекчилерге кеңири жол ачкан Улуу Октябрь социалист-

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 19-том, 134-бет.



Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Башкы корпусунун борбордик бөлүгү




«Манас» кино-театры

тик революциянын жеңиши болбосо, кыргыздар дагы эле ошо бойдон кала бермек.

Совет бийлигинин биринчи эле күндөрүнөн тартып, улут райондорундагы маданият курулушуна абдан көп көңүл бурулду. Совет өкмөтү «Россиянын жана Чыгыштын бардык эмгекчи мусулмандарына» жазган үндөөсүндө, өзүңөрдүн улуттук турмушуңарды эркин жана тоскоолсуз кура бергиле, деп чакырды. «Ушундай кылууга силердин укугуңар бар,— деп айтылган бул үндөөдө.— Россиянын бардык элдеринин укуктары сыяктуу, силердин да укугуңарды революция өзүнүн бүткүл күч-кубаты жана кайраты менен, жумушчу жана солдат депутаттарынын Советтери менен коргой турганын билгиле».

Тарыхый кыска мөөнөт ичинде кыргыз элинин формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданияты гүлдөп чыкты. Кыргызстан мектептердин, жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайларынын, илим-изилдөө жана маданий-агартуу мекемелеринин кеңири тармактарына толуп кетти.

## 1. МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН БАРДЫГЫ ОКУШАТ

Өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоого Коммунисттик партия дайыма чоң маани берип келген жана берип да жатат. В. И. Ленин 1920-жылы 2-октябрда комсомолдун III съездинде мындай деп айткан: «... жаштардын алдында Коммунисттик коомду түзүүнүн чыныгы милдети турат, деп белгилүү мааниде айтууга болот». Ошондуктан, жаштардын милдети, деп белгилеген андан ары В. И. Ленин, «окуу болот»*.

Бардыгы окушу керек эле, анткени, Кыргызстандын калкы туташ сабатсыз болучу. Мына мындай бир мисал келтирели. 1897-жылдагы бүткүл российлык эл каттоо убагында Пишпек жана Пржевальск уезддериндеги кыргыздардын арасында жогорку окуу жайын бүтүргөн бир да адам болгон эмес, 3 адамдын атайын орто билими жана 8 адамдын жалпы орто билими болгон. Революцияга чейин бүткүл Кыргызстанда 107 мектеп болуп, аларда 7 миң бала окуган. Азыр республикада жалпы билим берүүчү 1,9 миң мектеп иштеп жатат, аларда 750 миңден ашык адам окуйт.

Коммунисттик партия өзүнүн жолбашчысынын көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алып, эл агартуу ишин өзгөчө улут республикаларында өнүктүрүүгө көп көңүл бурат. Муну социалдык-маданий муктаждыктарга бөлүнүп берилип жаткан ассигнованиелерден эле көрүүгө болот. Мисалы, 1960-жылы бүт СССР боюнча ушундай ассигнованиелер мамлекеттик бюджеттин 34 процентин түзгөн болсо, Кыргызстанда бул максаттарга бюджеттин 50 проценти жумшалды. Ошону менен бирге, бүт өлкө сыяктуу эле, Кыргызстанда да эл агартуунун ассигно-

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 31-том, 304-бет.

ваниелери жылдан-жылга өсүп отургандыгын белгилеп кетүү керек. Бул ассигнованиелер 1940-жылы 17,2 миллион сом, 1960-жылы 85,6 миллион сом, 1970-жылы 190 миллион сомдон ашык болду. Республиканын ар бир адамына эсептегенде мамлекеттин эсебинен агартуу ишине жумшалуучу расходдор 1950-жылдагы 11,8 сомдон 1970-жылы 63 сомго өстү. Капиталисттик дүйнөнүн бир да өкмөтү эл агартуу ишине мынчалык көп каражат бөлүп чыгарбайт.

Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн дайыма кам көргөндүгүнөн республикада жана анын борборунда кыска мөөнөт ичинде мектептердин кеңири тармактары түзүлдү. Эгерде 1952—1958-жылдардын ичинде Фрунзе шаарында 2800 балалык 7 мектеп курулган болсо, 1959—1965-жылдарда 32 миң балалык 35 мектеп курулду. Ушул жети жылдын ичинде эл агартуу объектилерин курууга 17 миллион сомдон ашык каражат жумшалды. 1970—71-окуу жылында шаарда (жумушчу жаштардын 19 мектебин кошо эсептегенде) жалпы билим берүүчү 86 мектеп болду. Аларда 78,2 миңге жакын адам окуду, мындан 7 миңи өндүрүштө иштеп жүрүп окуду. 3000 мугалим иштеди, башкача айтканда, мугалимдер 1914-жылдагыдан 214 эсе көп болду.

Шаарда 5 мектеп-интернат бар. Аларда 3 миңден ашык бала окуйт. Жакшы окуу үчүн аларга бардык шарттар түзүлгөн. Мектеп-интернаттар үчүн үч-төрт этаждуу сонун окуу корпустары жана жалпы жатаканалар курулган. Алардын алдында окуу жана спорт залдары менен аянтчалары, китепканалар, окуучулардын клубдары, ашканалар бар. Бул мектептерде абдан тажрыйбалуу мугалимдер жана тарбиялоочулар иштешет. Биздин бардык башка мектептерибиздегидей эле, мектеп-интернаттардын да окуучуларынын составы көп улуттуу. Бул жерде кыргыздардын, орустардын, украиндыктардын, өзбектердин, казактардын жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн балдары тарбияланат. Советтик мектептердин ишиндеги башкы нерсе — коомго пайдалуу өндүрүмдүү эмгекти окуу менен айкалыштыруу жана өсүп келе жаткан жаш муундарды коммунизм духунда тарбиялоо болот. Советтик мектеп коммунисттик коомдун билимдүү, гармониялык түрдө ар тараптан өнүккөн жаш куруучуларын окутуп чыгарат.

Жалпы билим берүүчү мектептерди өнүктүрүүнүн темптери жагынан алганда Советтик Кыргызстан чет өлкөлүк мамлекеттердин көбүнөн озуп кетти. Эгерде Англияда 10 миң адамдын ичинен жалпы билим берүүчү мектептерде 1604 бала, Данияда — 1470, Францияда — 1665, Италияда — 1258, Турцияда — 1321, Иранда — 1073, Пакистанда — 832 бала окуп жаткан болсо, Советтик Кыргызстанда 10 миң адамдын ичинен 1970-жылы 2516 бала окуду. Советтер Союзунда балдар 7 жашынан мектепке барса, бир катар капиталисттик өлкөлөрдө 5—6 жашынан мектепке бара турганын эсте тутуу керек.

Кичинекей балдар тарбияланып жаткан мектепке чейинки мекемелердин тармагы жыл сайын кеңейүүдө. Мектепке чейинки балдар мекемелерин В. И. Ленин «Коммунизмдин жаш өспүрүм жеткинчектери» деп атаган. Балдар жөнүндө кам көрүүнү ал: партия менен

мамлекеттин эң биринчи милдети деп эсептеген. Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү Лениндин осуяттарын ыйык аткарып келе жатышат. Балдардын дени сак, шайыр, бак-таалайлуу болуп өсүшү үчүн биздин өлкөбүздө колдон келгендин баары иштелүүдө. Бизде эң жакшы нерселердин бардыгы — балдарга! деген ураан закон болуп калган. Советтик Кыргызстандын борбор шаарында түзүлгөн балдар бакчалары менен балдар яслилеринин кеңири тармагы мына ушуга ачык-айкын мисал болот, ал эми балдар мекемелерин күтүүгө жыл сайын миллиондогон сомдор жумшалат.

Өткөн беш жылдыктын ичинде (1966—1970-жылдарда) Фрунзеде 27 миң бала окуй турган дагы 28 мектеп курулду. Мектепке чейинки мекемелер мындан ары да өнүгүп, балдар бакчалары менен балдар яслилеринин тармагы бир кыйла кеңеет.

## 2. АТАЙЫН ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ

Фрунзе шаары — республиканын эл чарбасынын, маданиятынын жана илиминин адис кадрларын даярдай турган башкы устакана.

Кыргызстандын борбор шаарында атайын орто билим берүүчү окуу жайы биринчи жолу 1925-жылы ачылды. Ал окуу жайы агартуу институту деп аталып, анан 1928-жылы республикалык борбордук педагогикалык техникум болуп түзүлгөн. Андан кийин, 20-жылдардын аягында — 30-жылдарда Фрунзеде автомобилдик, курулуш, гидромелиоративдик, жерге орноштуруу, кооперативдик, финансылык-экономикалык жана башка техникумдар, бир катар медициналык орто билим берүүчү окуу жайлары, көркөм жана юридикалык мектептер, маданий-агартуу кызматкерлеринин мектеби, музыкалык-хореографиялык училище ачылат. Буларда 1927/28-окуу жылындагы 424 студенттин ордуна 1939/40-окуу жылында 3171 студент окуду. Советтик кыргыз интеллигенциясын түзүүдө жана тарбиялоодо республикалык педагогикалык техникум өзгөчө роль ойноду. Ал мугалим кадрларын даярдаган, аны биринчи бүтүргөндөрдүн көбү кийин жагында чоң жазуучулар, окумуштуулар, коомдук ишмерлер болуп чыгышты.

Атайын орто билим берүүчү окуу жайы согуштан кийинки жылдарда жаңы ийгиликтерге жетишет, окуу жайларынын материалдык базасы чыңдалат, алар квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен толукталат. Жаңы окуу жайлары — аялдардын педагогикалык училищеси, машина жасоо, политехникалык жана башка техникумдар ачылат. Азыркы убакта Фрунзе шаарында 12 атайын орто билим берүүчү окуу жайы бар, аларда 10 миңден ашык уландар жана кыздар окушат. Алар көп профильдер боюнча орто квалификациядагы адистерди: куруучуларды, машина жасоочуларды, гидротехниктерди, мелиораторлорду, финансисттерди, экономисттерди, искусство кызматкерлерин, полиграфисттерди, автомобиль-жол транспортунун техниктерин, медицина кызматкерлерин жана башкаларды окутуп чыгарат.

Өздөрү иштей баштаган жылдардын ичинде Фрунзе шаарындагы атайын орто билим берүүчү окуу жайлары ондогон миң адистерди даярдап чыгарышты, алар азыр республиканын өнөр жайында, айыл чарбасында, курулушунда жана транспортунда, мектептеринде, маданий-агартуу жана дарылоо мекемелеринде жемиштүү иштеп жатышат.

Улуу Октябрдын көрүнүктүү жеңиштеринин бири — өлкөдө жогорку билимдин өнүгүшү болуп саналат. Совет бийлиги эксплуататордук таптардын билимге болгон монополиясын жойду, илим менен техниканын, маданият менен искусствонун жетишкендиктерин эмгекчи массалардын кенчине айландырды.

«Жеңген пролетариаттын алдында,— деп айткан В. И. Ленин 1918-жылы январда жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын Советтеринин Бүткүл россиялык III съездинде,— азыр жалпы элдик кенчке айланган жер пайда болуп отурат, ошондуктан ал жаңы өндүрүштү жана керектөөнү социалисттик принциптерге негизденип уюштура алат. Мындан мурда бүткүл адамзаттын акылы, анын бүткүл даанышмандыгы техниканын жана маданияттын бардык жыргалын бирөөлөргө гана берип, башкаларды эң зарыл нерседен — агартуу ишинен жана өнүгүүдөн ажыратуу үчүн гана иштеп келген эле. Ал эми азыр болсо, техниканын бардык кереметтери, маданияттын бардык жеңиштери жалпы элдик кенчке айланат, ошентип мындан ары адамзаттын акылы жана даанышмандыгы эч качан зордуктун куралына, эксплуатациялоонун куралына айланбайт. Биз муну билебиз,— ошондуктан ушул тарыхый өтө зор милдет үчүн жумуш иштөөгө, бардык күчтү берүүгө болбойбу? Эмгекчилер да бул эң зор тарыхый ишти иш жүзүнө ашырышат, анткени эмгекчилерде революциянын, кайра төрөлүүнүн жана жаңыруунун козголбой жаткан улуу күчтөрү бар»*.

Орто Азия республикаларында, ошонун ичинде Кыргызстанда да жогорку билимдин өнүгүшү — Лениндин осуяттарын иш жүзүнө ашыруунун ачык-айкын үлгүлөрүнүн бири болуп саналат. Октябрь революциясына чейин бүткүл Түркстан крайында бир да жогорку мектеп болгон эмес. Орто Азияда жогорку билимди өнүктүрүүгө абдан чоң кам көрүп, Владимир Ильич Ленин 1920-жылы 7-сентябрда РСФСР Эл Комиссарлар Советинин Ташкентте университет ачуу жөнүндөгү Декретине кол койгон. Советтик Орто Азияда жогорку мектептин ачылышына ушул тарыхый документ негиз салды. Бардык орто азиялык элдердин өкүлдөрүнөн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо милдети ушул университетке жүктөлгөн.

Лениндин түздөн-түз жетекчилиги астында иштелип чыккан советтик жогорку мектептин уставында анын милдеттери мына мындайча ачык-айкын аныкталган:

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 26-том, 518-бет.



Финансы-кредит техникуму

1. Эл чарбасынын ар түрдүү тармактарына адистерди даярдоо, ошону менен бирге жогорку окуу жайлары, илим-изилдөө институттары жана мекемелери үчүн илимий кызматкерлерди даярдоо.

2. Илим-изилдөө иштерин өнүктүрүү.

3. Жогорку окуу жайларын элге илимий билимдерди таратуунун борборуна айландыруу; мында жогорку окуу жайларынын бүткүл ишинде элдин таламдары биринчи орунга коюлууга тийиш. Өлкөдө жогорку окуу жайларынын кеңири тармагын өрчүткөн кезде мурда артта калган райондорго өзгөчө көңүл бурулат. Революциядан мурдагы заманда туташ сабатсыз болгон кыргыз эли кандайдыр бир 30—35 жылдын ичинде жогорку билимдин абдан мыкты өнүккөн системасын түзүп алды.

Кыргызстанда 30-жылдардын башында гана, жалпы орто билим менен атайын орто билимди өнүктүрүүдө белгилүү ийгиликтерге жетишилип, жаштардын жогорку мектепке кире турган контингенти болгондон кийин гана жогорку мектеп ачуу үчүн шарт түзүлдү.

1930-жылы май айында РСФСР Эл Комиссарлар Совети «Кыр-

гыз Автономиялуу республикасынын чарбалык жана маданий курулушу жана аны өнүктүрүүнүн перспективалары жөнүндөгү» өзүнүн токтомунда мындай деп жазган: «Жергиликтүү калктын арасынан квалификациялуу кызматкерлердин кадрларын даярдоо максатында Кыргыз Автономиялуу республикасынын территориясында педагогикалык жогорку окуу жайын уюштуруу жөнүндөгү маселе иштелип чыгылсын». 1931-жылы 12-февралда Кыргыз АССРинин Советтеринин III съезди Фрунзеде педагогикалык институтту ачуу жөнүндө чечим кабыл алды.

Улуу Октябрдын 15 жылдыгы болор алдында, 1932-жылы 5-ноябрда республиканын борбор шаарында Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту өзүнүн биринчи окуу жылын баштады. Кыргыз элинин эрки боюнча республиканын биринчи жогорку окуу жайына анын даңктуу жердеши, Коммунисттик партиянын жана Совет мамлекетинин көрүнүктүү ишмери Михаил Васильевич Фрунзенин ысмы коюлду.

Адегенде институттун үч гана факультети — тарых, биология, тил жана адабият факультеттери болгон. 1933-жылы физика-математика факультети ачылды. Биринчи кездерде жаңы ачылган ВУЗ зор кыйынчылыктарга учурады: керектүү үй-жайлар, окуу кабинеттери, адабияттар, лабораториялар жетишсиз болду. Бирок, ушуга карабастан, институттун ачылышынын эң чоң мааниси болгон. Кыргызстанда жогорку билимдин өнүгүшүнө ушинтип негиз салынды.

Биринчи кыргыз институтунун тагдырына өлкөнүн эң эски ВУЗдары да көп көңүл бурушту. Москва, Ленинград жана Советтер Союзунун башка шаарлары Фрунзеге лабораториялык жасалгаларды, окуу приборлорун, илимий адабияттарды жана ушул сыяктууларды жиберишти. РСФСР агартуу Эл Комиссариаты бул институтту жогору квалификациялуу жана тажрыйбалуу окутуучулардын кадрлары менен толуктады. Институтка керектүү материалдык базаны түзүү үчүн колдон келгендин баары иштелди.

Эки жыл өткөндөн кийин, 1934-жылы эле үч этаждуу жаңы окуу корпусу жана жалпы жатакана курулат, окуу кабинеттери түзүлөт. Ошол убакта институттун китепканасында 40 миң томго жакын илимий окуу адабияттары болот. Институттун тез өсүп, өнүккөн кези башталат. Анын алдында кечки бөлүм (1934-жыл), мугалимдер институту (1935-жыл), Сырттан окуу бөлүмү (1936-жыл) география жана чет тил факультеттери (1938-жыл), рабфак жана даярдоо бөлүмү (1935—1937-жылдар) ачылат.

Жаш адистер Кыргызстан Мамлекеттик педагогикалык институтун биринчи жолу 1936-жылы бүтүрүп чыгышты. Ал кезде аны аз гана адам, бар болгону 46 адам — тарыхчылар, биологдор, тилчилер жана адабиятчылар бүтүрүп чыгышкан. Буга чейин, андан кийин да, кыргыз жаштарынын көп өкүлдөрү Москвада, Ленинградда, Калининде, Ташкентте, Алма-Атада жана Советтер Союзунун башка шаарларында окуп, жогорку билим алышкан. Бирок бул, түздөн-түз республиканын өзүндө даярдалган адистердин биринчи тобу болду.

Согушка чейин эле М. В. Фрунзе атындагы Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институту жаш адистерди даярдоонун ири борборуна айланган. 1938—1941-жылдардын ичинде бул институт 1130 мугалим, ал эми өзү иштей баштаган бардык жылдардын ичинде 2644 мугалим даярдап чыгарды. 1951-жылы ушул институттун базасында Кыргызстан мамлекеттик университети ачылды.

1938-жылы педагогикалык институттун алдында аспирантура ачылып, өздөрүнүн илимий кадрларын даярдоодо анын мааниси чоң болду. Институтту бүтүргөндөрдүн көбү диссертация жакташты. Кыргыз тилинин жана адабиятынын, Кыргызстандын тарыхы менен географиясынын ар түрдүү проблемалары боюнча кафедралар аз-аздап илим-изилдөө иштерин жүргүзө баштаты. Кыргыз мектептеринде физиканы, математиканы жана башка сабактарды окутуунун методикасынын маселелерин иштеп чыгуу боюнча да зор иштер жүргүзүлдү.

Революцияга чейинки Кыргызстандын экономикасынын негизин айыл чарбасы түзгөнү белгилүү. Бирок ал — экстенсивдүү көчмөндүү мал чарбачылык менен примитивдүү дыйканчылык түрүндө болгон. Социализмди куруунун лениндик планына ылайык, аны кайрадан түзүп, азыркы замандын илиминин жана техникасынын жетишкендиктерине негизделген жогору өндүрүмдүү, интенсивдүү чарбага айландыруу керек болду.

Республикада мындай чарбага керектүү адистерди даярдай турган жогорку окуу жайын түзүү — социалисттик айыл чарбасын ийгиликтүү өнүктүрүүнүн шарттарынын бири болду. Ушул максаттарда 1931-жылы 31-октябрда Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Совети Фрунзеде зооветеринариялык институтту уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алат. 1933-жылы Фрунзедеги айыл чарба политехникумунун негизинде ушундай институт ачылат. Ветеринардык жана зоотехникалык эки факультетке 168 студент алынат. Беш жыл өткөндөн кийин, ВКП(б) Борбордук Комитети менен ССР Союзунун Эл Комиссарлар Советинин 1937-жыл 19-июлдагы токтомуна ылайык, Кыргызстан зооветеринария институтунун алдында агрономия факультети, бир канча кийинчерээк — гидромелиоративдик факультети менен айыл чарбасын механизациялоо факультети, жана да сырттан окуу бөлүмү ачылат.

Педагогика институтундай эле, айыл чарба институтунда да окуунун материалдык базасын түзүү, илимий-педагогикалык кадрлар жана башкалар менен толуктоо жагынан ар түрдүү жардам көрсөтүлгөн. Бул — окутуу-тарбиялоо иштерин тезинен жолго коюу үчүн институтка мүмкүнчүлүк берди. 1937-жылы бул институтту адистер биринчи жолу бүтүрүшкөн: 15 ветеринардык врач жана 40 зоотехник бүтүп чыккан. Бирок, кийин жагында кадрларды даярдоонун көлөмү жыл сайын арта берди. Институт өзү иштей баштаган жылдардын ичинде Кыргызстандын айыл чарбасына 5 миңден ашык жогорку квалификациялуу адистерди — агрономдорду, айыл чарбасынын механизаторлорун, зоотехниктерди, ветеринардык врачтарды, мелиораторлорду берди.

Жаш адистерди даярдоо менен бирге, институт өсүмдүк өстүрүү, мал чарбасы, айыл чарбасын механизациялоо, ветеринария, зоотехника, жер кыртышы боюнча илимий иштерди жүргүздү.

Академик К. И. Скрябин атындагы Кыргызстан Мамлекеттик айыл чарба институту азыр Советтер Союзундагы ири окуу жайларынын бирине айланды. Институттун 8 факультети жана 38 кафедрасы бар. Мында илимий-педагогикалык 244 кызматкер иштейт, ошонун ичинде 10 адам илимдердин доктору жана 68 адам илимдердин кандидаты. 1970/71-окуу жылында бардык факультеттерде 4 миңден ашык студент окуду. Мындан тышкары, жетекчи кадрлардын жана айыл чарба адистеринин квалификациясын арттыруу факультетинин сырттан окуу бөлүмүндө 500дөн ашык угуучу болду.

Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстандын айыл чарбасы түп тамырынан тарта өзгөрүлдү. Азыр бул абдан механизацияланган социалисттик ири айыл чарба өндүрүшүнө айланды. Республиканын чыныгы байлыгын колхоздордун, совхоздордун мал чарбасы, айрыкча короо-короо койлордун оторлору түзөт. Мурдагы кылчык жүндүү, аз продуктылуу койлордун ордуна, азыр республикада жогору сапаттуу жүн бере турган уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү койлор өстүрүлүп жатат. Мал чарбачылыктын маданиятын жогору көтөрүү анын азыктуулугун кескин түрдө арттырууга жана ушунун негизинде мал чарба продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Кыргызстандын дыйканчылыгы да таанылгыс болуп өзгөрүлдү. Анын жемиши мол өрөөндөрүндө буудайдын жана башка дан эгиндеринин, кант кызылчасынын, пахтанын, тамекинин, дары-дармек болуучу апийим жана эфир-май өсүмдүктөрүнүн, жүзүмдүн плантациялары, мөмө бактарынын эң зор аянттары мелтиреп жатат. Бардык өсүмдүктөрдүн түшүмү кыйшаюусуз өсүүдө. Айыл чарба өндүрүшүн уюштурууда чынында да революциялык өзгөрүүлөр болду. Совет бийлигинин жылдары ичинде Коммунисттик партия менен Совет өкмөтү айыл чарбасы үчүн кубаттуу техникалык база түзүштү. Бүгүнкү күнү ар бир колхозго жана совхозго орто эсеп менен 57ден трактор, 17 ден ар түрдүү комбайн, 30дан автомобиль жана 250 дөн ашык башка механизмдер туура келет. Кыртышты, дан эгиндеринин, пахтанын, кант кызылчасынын жана башка өсүмдүктөрдүн айдоолорун иштетүүнүн негизги иштери толук механизацияланды. Мал чарба фермаларындагы эмгекти көп талап кылуучу процесстерди механизациялоонун деңгели жыл сайын жогорулап жатат.

Советтик Кыргызстандын бүгүнкү күнү закондуу түрдө сыймыктана турган бардык жетишкендиктерине айыл чарба институтунан окуп чыккан адистердин да кошкон салымы зор. Азыр айыл-кыштактарда миңдеген агрономдор, зоотехниктер, ветеринардык врачтар, инженер-механизаторлор, ошондой эле бир нече ондогон миң тракториcттер, комбайнерлер, шоферлор жана башка адистер иштеп жатышат.

Революцияга чейинки Кыргызстанда дыйкан жерди көбүнчө амач же жыгач буурусун менен айдап, эгинди орок менен оргон эле,



Медицина институту

данды моло таш менен кырманда бастырып, унду жаргылчакка салып тарткан эле. Техникалык өсүмдүктөрдү, атап айтканда, пахтаны өстүрүүнүн башкы куралы кетмен болгон. 1910—1913-жылдары Кыргызстанда 100 дыйкандын 100 сокосу жана амачы, 14 ат-сокосу, 52 жыгач маласы бар эле, бул малалардын кээ бирөөлөрүнүн гана тиши темирден болучу.

Эл чарбасынын ийгиликтүү өнүгүшү, кыргыз элинин маданиятынын жаңыдан дагы жогорулашы республикада жогорку окуу жайларынын тармагын мындан ары өрчүтүүгө шарт түздү. 1939-жылдын 1-сентябринде Фрунзеде мамлекеттик медицина институтун ачуу жөнүндө 1939-жылы 16-апрелде Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Совети токтом кабыл алат. Ошол убакта ушундай окуу жайды ачуу үчүн керектүү бардык шарттар бар эле. Республиканын окуу жайларында даярдалган орто квалификациядагы медицина кызматкерлеринин көп сандаган кадрларынын, ошону менен бирге жалпы билим берүүчү мектептердин кеңири өнүккөн системасынын болушу абитуриенттердин контингентин камсыз кылды. Шаарда жогору квалификациялуу врачтар, ошонун ичинде окумуштуулук наамы жана даражасы бар врачтар да көп болучу. Алар саламаттыкты сактоо ишин уюштурууга жардам көрсөтүү үчүн Москвадан, Ленинграддан жана Советтер Союзунун башка ири борборлорунан Кыргызстанга жиберилген. Бул адистер жаңы институттагы окуунун жана илимий иштердин биринчи уюштуруучулары болушкан. Институт ачылган

жылы 190 студент кабыл алынган болсо, азыр жыл сайын 600 адам кабыл алынып жатат.

Кыргызстан мамлекеттик медицина институту уюшулган убактан берки 30 жылдын ичинде ал ири окуу жайына жана илим изилдөө мекемесине, улуттук медицина кадрларын даярдай турган борборго айланды. 1970/71-окуу жылында анын төрт факультетинде — дарылоо, педиатрия, санитария-гигиена жана стоматология факультеттеринде 3300 дөн ашык студент окуду. Өзү иштеген убактын ичинде институт ар түрдүү адистеги 6600 врачты даярдап чыгарды.

Институттун окуу-тарбия иштерин илимий-педагогикалык кызматкерлердин зор коллективи жүргүзөт. Мында илимдердин 166 доктору жана кандидаты иштейт. Илимий-изилдөө иши институттун иш аракетинде бир кыйла орун ээлейт. Анын негизги багыты — саламаттыкты сактоо ишин мындан ары өркүндөтүүнүн милдеттерин чечүү жана дарылоонун жаңы методдорун иштеп чыгуу.

Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн системасы дайыма кеңейтилип жана өркүндөтүлүп жатат. Кадрларды даярдоонун башкы борбору Фрунзе шаарында 50—60-жылдарда экономикалык, физикалык, юридикалык жогорку билим өнүгүп, жогорку техникалык билим кеңейди.

Университеттин ачылышы кыргыз элинин маданий турмушундагы эң зор жетишкендик болду. Бул — Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын салтанатынын жаңы ачык-айкын далили, кыргыз эли жөнүндө анын дайыма кам көргөндүгү болуп саналат.

Адегенде университеттин беш гана факультети: тарых, филология, физика-математика, геология-география жана биология-кыртыш факультеттери болгон. Университетке эң жакшы окуу имараты, студенттер менен профессордук-окутуучулар составына жалпы жатаканалар жана турак жайлар берилди. СССР өкмөтү окуу жана чарба жасалгаларын сатып алууга гана 6 миллион сом суммасында (эски акча менен) каражат берди.

Кыргызстан мамлекеттик университети — биздин өлкөбүздөгү жаш университеттердин бири. Ушул кыска мөөнөт ичинде бул университет эл чарбасына жогорку квалификациялуу адистерди, мугалимдерди жана билимдин түрдүү тармактары үчүн илимий кызматкерлерди даярдай турган ири борборго айланды.

Азыркы убакта университетте он факультет: механика-математика, физика, филология, тарых, экономика, биология, география, юридика, химия жана чет тилдер факультеттери бар. Анын үч бөлүмүндө — күндүзгү, кечки жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө — 14 миңден ашык студент окуйт. Университеттин 54 кафедрасында 600 дөн ашык илимий-педагогикалык кызматкер иштейт, анын ичинде илимдердин 18 доктору жана кандидаты, профессорлор жана доценттер бар. Бул жерде 25 профиль боюнча адистер даярдалат. Өзү иштей баштаган убакыттын ичинде университет 15 миң адисти бүтүртүп чыгарды. 172 аспирант илимдердин кандидаты деген илимий даража алды.



Айыл чарба институту

Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде кыргыз эли өзүнүн маданий өнүгүшүндө кандай чоң секирик жасаганын Кыргызстан мамлекеттик университетинин мисалынан көрүүгө болот. Эгерде согушка чейинки мезгилде эле республиканын жогорку мектептеринин кызматкерлеринин арасында кыргыздар бирин-серин гана болсо, ал эми илимий даражасы жана наамы барлар андан да аз болсо, азыркы убакта илимий наамы жана даражасы бар кыргыздар университетте басымдуулук кылат.

Университеттин окумуштуулары зор илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшөт. Окумуштуулар, атап айтканда, мына бул проблемаларды: СССРдин өсүмдүктөр дүйнөсүн рационалдуу пайдалануунун биологиялык негиздери жана аны коргоо, СССРдеги социалисттик жана коммунисттик курулуштун тарыхы (Кыргызстандын материалдары боюнча), республиканын өнөр жайында өндүрүштүк фондуларды пайдаланууну жакшыртуунун жолдору, коммунизмди куруп жаткан кезде социалисттик улуттардын жана элдердин жакындашуусунун закон ченемдүүлүктөрү, кыргыздын тил илими менен адабиятынын проблемалары, кыргыз жана орус тилдери менен адабиятын мектепте окутуунун методикасы сыяктуу жана башка толуп жаткан проблемаларды иштеп чыгып жатышат.

Жарыкка, билимге жана прогресске жетүүнүн даңгыр жолун аялдарга социализм гана ачып бериши мүмкүн. Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү советтик Чыгыштын аялдарын жогорку жана атайын орто билим берүүчү мектептерге, коомдук өндүрүшкө, саясий жана маданий турмушка тартууга көп көңүл буруп келген жана буруп да жатат. Партия менен өкмөттүн күндөлүк камкордугунун натыйжасында бир тууган башка республикалар сыяктуу эле, Кыргызстанда да коммунисттик курулушта аялдардын активдүүлүгү өсүп жатат. Интеллигенциянын көп бөлүгүн аялдар түзөт. СССРдин жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советтеринин, эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин составында, мугалимдер менен агрономдордун, врачтар менен окумуштуулардын, искусство жана адабият, жогорку мектеп кызматкерлеринин арасында, республиканын партиялык, профсоюздук, комсомолдук, чарбалык органдарынын жана маданият мекемелеринин жетекчилеринин арасында — бардык жерде аялдар иштешет, алардын ичинде кыргыз аялдары да бар.

Биздин өлкөбүздө жогорку квалификациялуу адис аялдар жыл сайын көбөйүп жатат. Кыргызстанда бардык жогорку окуу жайларынын студенттеринин тең жарымын кыз-келиндер түзүшөт. Ал эми капиталисттик өлкөлөрдөн таптакыр башкача абалды көрөбүз. Мисалы, Афганистанда 1963/64-окуу жылында студенттердин 17,4 проценти гана аялдар болгон. Япония сыяктуу абдан өнүккөн капиталисттик өлкөдө да 1966/67-окуу жылында студенттердин арасында аялдар 17,2 гана процентти, Турцияда — 20,6, Австралияда — 26, Англияда — 30, Италияда — 35,6, Бельгияда — 32,1 ФРГда — 31,7, Швецияда—35,2, Данияда—36,8, АКШда—39,4 процентти түзгөн. Жогоруда келтирилген маалыматтардан капиталисттик өлкөлөрдө аялдардын жогорку билим алышы кыйындатылганын көрөбүз, жогорку мектепти бүтүргөндөн кийин деле аялдардын көбү өздөрүнүн билимин өз өлкөсүнүн коомдук-саясий жана маданий турмушунда колдоно алышпайт.

Маданий курулушка аялдарды дагы бир кыйла кеңири тартуу максатында 1950-жылы Фрунзедеги кыз-келиндер педагогикалык училищесинин негизинде мугалимдер институту ачылган эле, ал 1952-жылы педагогикалык институт болуп кайра түзүлдү. В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту республиканын ири окуу жайларынын бири. Мында 9 адистик боюнча мугалимдер даярдалат. Стационардык жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө 3 миңден ашык студент окушат, алар негизинен республиканын бийик тоолуу райондорунан келишкен. Түздүктөрдө жашагандардын бардыгы тең эле бийик тоолуу жерлерде узак жашай алышпайт эмеспи. Ошондуктан, ал жерлер үчүн адистердин кадрларын тоолуу райондордун калкынан даярдаган жакшы. Бул институтту бүтүргөндөр — эл агартуунун абдан билимдүү кызматкерлери болуп чыгышат. Алар республиканын айыл-кыштактарына, алыскы жерлерине социалисттик жогорку маданиятты алып келишет.

Республиканын эл чарбасын квалификациялуу инженер-техник



Кыргызстан Мамлекеттик Университети.

кадрлары менен камсыз кылуу проблемаларын тез чечүү максатында КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Совети 1954/55-окуу жылында Фрунзе шаарында политехникалык институтту ачуу жөнүндө токтом кабыл алышкан*. Бул институтту уюштурууга өлкөнүн эң ири техникалык ВУЗдары активдүү катышты, алар бул жакка өздөрүнүн көрүнүктүү окумуштууларын педагогикалык иштерге жиберишти, окуу кабинеттери менен лабораторияларды жасалгалоого жардамдашты. Ленинграддагы Калинин атындагы политехникалык институт, Москвадагы энергетикалык институт, Москвадагы Бауман атындагы жогорку техникалык училище 1000томго жакын техникалык китептерди жиберишкен. Биздин көп улуттуу социалисттик улуу Родинабыздын элдеринин интернационализми жана бир туугандык досчулугу дагы бир жолу ушинтип ачык-айкын көрүнүп отурат.

Фрунзедеги политехникалык институт атайы салынган үч имаратка жайгаштырылган, анын азыркы заманга ылайык келген окуу-материалдык базасы бар, ал — өлкөнүн эң чоң жана эң эски башка

* Фрунзедеги политехникалык институт Кыргыз университетинин техникалык факультетинин негизинде уюштурулган.

ВУЗдарынын базасынан кем калышпайт. Студенттер үчүн бардык шарттары болгон жалпы жатаканалар курулган. Институттун беш факультети: курулуш, энергетика, тоо кен-геология, механика жана технология факультеттери бар. 32 кафедранын ичинен 27си техникалык кафедралар. Мында 705 окутуучу иштейт, алардын ичинен 60 адамдын илимдердин доктору жана кандидаты деген илимий даражасы бар. Политехникалык институттун үч бөлүмүндө — күндүзгү, кечки жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө — 8 миңден ашык студент окуйт.

Жаш адистер биринчи жолу 1956-жылы бүтүрүп чыгышкан. Алар аз эле — бардыгы 42 гана адам болучу. Бирок, 1959-жылы бул институтту 266 адам, 1964-жылы — 303, 1967-жылы — 370 адам бүтүрүп чыкты, ал эми 1956—1970-жылдарда Фрунзедеги политехникалык институт бардыгы болуп 6572 адисти даярдап чыгарды. Бул кадрлар Кыргыз ССРинин эл чарбасында гана пайдаланылбастан, бир тууган башка республикаларга да жиберилди.

Фрунзедеги политехникалык институттун ачылышы жана өнүгүшү республикада өнөр жайларынын, транспорттун, чарбалык жана маданий-тиричилик курулушунун дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу экени өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Бирок, бул эң маанилүү факт кыргыз элинин маданиятында жана тиричилигинде, эмгек көнүгүүсүндө болгон түпкү өзгөрүүлөрдү да күзгүдөй көрсөтүп турат.

Улуу Октябрга чейин кат таанабаган элдин жаш муундары, жакындагы эле көчмөндөрдүн балдары менен неберелери азыр илимий жана техникалык билимдердин жетишкендиктерин ийгиликтүү өздөштүрүп, инженердик эмгекке кеңири тартылып, институтту бүтүргөндөн кийин Кыргызстандын казылып алынуучу жер байлыктарын издеп жаткандыгы, цехтерге, фабрикаларга жана заводдорго, ири курулуштарга, транспорт уюмдарына, геология-чалгындоо партияларына жетекчилик кылып, илимий-техникалык жана өндүрүштүк маанилүү милдеттерди чечип жаткандыгы эң сонун окуя болуп саналат.

Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын салтанат курганына бул күбө боло албайбы?

Фрунзедеги политехникалык институт илим менен техниканы өнүктүрүүгө өзүнүн татыктуу салымын кошуп жатат. Ушул институттун жана башка жогорку окуу жайларынын профессорлор-окутуучулар коллективи Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын окумуштуулары менен жана республиканын өнөр жай ишканаларынын жана курулуштарынын инженер-техник кызматкерлери менен биргелешип, дайыма илимий-изилдөө иштерин — Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүн мындан ары да өнүктүрүүгө багытталган илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп келе жатат.

Коммунисттик партия физкультураны өнүктүрүү жана советтик адамдардын дени сак муундарын тарбиялоо маселелерине дайыма биринчи даражада маани берип келген. Бул — партиянын Программа-



Политехникалык институт

сында, анын Борбордук Комитетинин жана Совет өкмөтүнүн көп документтеринде абдан ачык көрсөтүлгөн.

Фрунзеде — Кыргызстан мамлекеттик педагогика институтунун составында гана физкультура факультети болгон. Ал адистерди көп даярдады. Бирок, физкультураны жана спортту массалык түрдө өнүктүрүүнүн милдеттери — республиканын мектептери менен спорттук уюмдары үчүн дене тарбия окутуучуларын даярдай турган атайын окуу жайын ачууну зарыл деп тапты. Ошентип, 1955-жылы Фрунзеде физкультура институту ачылды. Анын эң жакшы окуу-материалдык базасы — жаңы имараты бар, ал, так ушундай окуу жайына керектүү окуу аудиторияларынын, лабораториялардын, кабинеттердин, спорттук залдар менен аянтчалардын, сууда сүзүү бассейндеринин, шаардын сыртындагы базалардын комплекси менен кошо курулган. Мында 900 дөн ашык студент окуйт, жыл сайын дене тарбиясы боюнча 150—170 тен адис даярдалат. Институттун 13 кафедрасында өз ишинин жогорку квалификациялуу адистери иштешет, анын ичинде илимий даражасы жана наамы бар адамдар, ССР Союзунун спортунун мастерлери бар.

ВУЗдун өзүндө окуу-тарбия иштерин жүргүзгөндөн тышкары, бул институттун коллективи физкультура кыймылын жана спортту уюштурууда мектептерге жана башка окуу жайларына, өнөр жай ишканаларына жана мекемелерине жардам көрсөтөт. Окутуучулар-

дын жана студенттердин көбү мектеп окуучуларынын коллективдерин шефке алышат.

Физкультура институту уюшулган убактан тартып жогорку билими бар адистердин саны бир кыйла өстү. 1970-жылы республикада жогорку билими бар 482 дене тарбия адиси болгон, алар негизинен Фрунзедеги физкультура институтун бүтүрүп чыккандар болучу.

СССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык, 1967-жылы Фрунзе шаарында Кыргызстан Мамлекеттик искусство институту уюштурулду. Бул — кыргыз элинин рухий жактан гүлдөшү жөнүндө Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн дайыма көргөн камкордуктарынын жаңы үлгүсү болуп саналат. Бул институттун түзүлүшү — Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде өзүнүн экономикасы менен маданиятын өнүктүрүү жагынан Кыргызстандын жетишкен эбегейсиз зор ийгиликтеринин да натыйжасы болду.

Революцияга чейинки мезгилде биздин тоолуу өлкөбүздүн калкына профессионалдык искусство, театр, живопись, симфониялык музыка деген түшүнүктөр тааныш эмес эле. Советтик түзүлүштүн аркасында гана кыргыз эли тарыхый кыска мөөнөт ичинде чыгармачылык жогорулашка мурда болуп көрбөгөндөй бийик көтөрүлдү, рухий жактан кайра төрөлдү, өзүнүн социалисттик мамлекетин түздү, экономикасы менен маданиятын түп тамырынан тарта кайра жаратты. Кыргызстанда улуттук адабият, театр жана музыка искусствосу түзүлүп, ийгиликтүү өнүгүүдө, клубдардын жана Маданият үйлөрүнүн тармактары улам кеңейүүдө.

Жаңы окуу жайы кыргыз элинин мындан ары карай рухий жактан өсүшүнө, анын көркөм байлыктарын көбөйтүүгө көмөк көрсөтүүгө чакырылган. Бул институттун милдети — аткаруучулардын жогорку квалификациялуу кадрларын жана музыкалык орто билим берүүчү окуу жайларынын окутуучуларын, маданий-агартуу мекемелеринин директорлорун жана кызматкерлерин даярдап чыгаруу болот. 1970/71-окуу жылында бул институтта 300дөн ашык студент окуду.

КПССтин XXIII жана XXIV съезддеринин Директиваларына ылайык, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен республиканын Министрлер Совети жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайларынын ишин мындан ары жакшыртуу боюнча, алардын окуу-материалдык базасын чындоо боюнча чараларды иштеп чыгып, аларды турмушка ашырып жатат. 1964—1968-жылдардын ичинде гана атайын орто билим берүүчү окуу жайлары үчүн жалпы аянты 21,7 миң чарчы метр келген окуу имараттары жана жалпы жатаканалар курулду. Окуу жайларынын ушул системасынын негизги фондулары 1969-жылдын башында 18 миллион сомдон, ал эми жогорку окуу жайларында — 26,9 миллион сомдон ашып кеткен. Беш жылдын (1964—1969-жылдардын) ичинде гана республиканын жогорку окуу жайлары үчүн аянты 29 миң чарчы метр келген имараттар курулду.



Борбордук сүйлөшүү пункту



**Республиканын Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн бир бурчу**

Бизде окуганы үчүн акы төлөбөгөнү мындай турсун, кайра окууга жетишкен студенттерге мамлекет стипендия да төлөй тургандыгы белгилүү. Ошондуктан, аларга бөлүнүп чыгарылуучу каражаттар абдан көп, 1967/68-окуу жылында гана республиканын ВУЗдары менен техникумдарынын студенттерине 7 миллион 842 миң сомдук жалпы суммада стипендия төлөнгөн.

Коммунисттик курулуштун милдеттери адистерди даярдоону кыйшаюусуз кеңейтүүнү талап кылат. Ушуга ылайык, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен республиканын Министрлер Совети 1968-жылы 15-августта токтом кабыл алышкан, анда республикага жогорку жана атайын орто билимдерди мындан ары өнүктүрүүнүн перспективалары аныкталган. 1968—1975-жылдарда ВУЗдар менен техникумдар үчүн 14,2 миң орундук окуу корпустарынын курула тургандыгы, ошонун ичинде Кыргызстан мамлекеттик университетинин 1500 орундук окуу имараттарынын комплекси, Фрунзедеги политехникалык институттун лабораториялык корпусу жана мастерскойлору, Кыргызстан Мамлекеттик искусство институтунун, музыкалык-хореографиялык училищенин, политехникалык жана курулуш техникумдарынын, медициналык училищенин жана борбор шаардын башка көп окуу жайларынын окуу корпустары курула тургандыгы белгиленген. Ушул эле убактын ичинде атайын орто билим берүүчү жана жогорку окуу жайларынын 16 миң окуучусуна, ошонун ичинде Фрунзе шаарындагы 7 миң студентке арналып жалпы жатаканалар курулат. Ушул эле токтомдо коомдук тамактануунун ишканалары менен мекемелеринин, студенттерди медициналык жана маданий-тиричилик жактан тейлөөнүн тармактарын мындан ары кеңейтүү каралган.

Ошентип, Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстан жогорку билимди өнүктүрүүдө эбегейсиз зор ийгиликтерге жетишти. Муну мына мындай маалыматтардан көрүүгө болот: 1933-жылдын 1-январында кыргыздар ССР Союзунун калкынын 0,52 процентин түзүшкөн, бирок өлкөнүн жогорку окуу жайларынын студенттеринин арасында кыргыздар 0,3 процент гана болгон. Ошол кезде Кыргызстандын бир гана жогорку окуу жайы — педагогикалык институту болгон эле. Ал эми бүгүнкү күнү республиканын 9 ВУЗунун гана (мындан жетөө Фрунзе шаарында) күндүзгү бөлүмдөрүндө окуган 21,9 миң студенттин 11,2 миңи же 52 процентке жакыны кыргыздар. Өлкөнүн студенттеринин жалпы санында кыргыз студенттеринин саны 10 эседен ашык көбөйдү жана ушундай өсүшкө отуз жылдан бир аз гана ашык убакыт кетти.

Советтик Кыргызстан жана анын борбору Фрунзе шаары жогорку билимдин өнүгүшүнүн темптери жагынан алганда капиталисттик өлкөлөрдүн көбүнөн эбак эле озуп кеткен. Эгерде Японияда калктын 10 миң адамынан жогорку окуу жайларында 84 адам, Францияда — 71 адам, Швецияда — 79 адам, Италияда — 47 адам, Испанияда — 30 адам, Турцияда — 24 адам, Пакистанда — 18 адам, Иранда — 11 адам окуп жаткан болсо, Советтик Кыргызстанда — 145 адам окуп

жатат. Республиканын жогорку окуу жайлары 70 адистик боюнча жогорку квалификациялуу кадрларды даярдайт.

Өздөрү уюшулган убакыттын ичинде Кыргызстандын жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайларын 132 миңден ашык адам, ошонун ичинде Фрунзе шаарында 100 миңден ашык адам бүтүрүп чыгышты. Жогоруда келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, республиканын борбор шаары маданият революциясынын эң маанилүү милдеттеринин бирин чечүүгө — элдик интеллигенциянын кадрларын түзүүгө жана тарбиялоого зор салым кошту.

1970-жылы Кыргызстандын эл чарбасында жогорку жана орто билими бар 170 миң адис иштеген. Салыштыруу үчүн революцияга чейинки бүткүл Россияда 190 миңден ашык ушундай адис болгонун эске түшүрсөк жетишет. 1968-жылы гана Кыргызстандын жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайлары 13 миңге жакын жаш адистерди бүтүртүп чыгарды. Алардын саны өзгөчө өнөр жайларында жана айыл чарбасында өстү. Эгерде 1961-жылдын башында өнөр жайларында 6,7 миң адис, 1966-жылы (сегизинчи беш жылдыктын башында) — 14,4 миң адис иштеген болсо, 1971-жылдын башында алар 28 миңге жетти, Республиканын айыл чарбасында иштеп жаткан адистер жөнүндөгү маалыматтар мындан да кызык: алар 1961-жылдагы 2 миңден 1970-жылы 17 миңге жетти.

1961—1965-жылдарда республиканын ВУЗдарын 15,2 миң адис бүтүрүп чыккан болсо, өткөн беш жылдыкта (1966—1970-жылдарда) 25,6 миң адис бүтүрүп чыкты, ал эми атайын орто билим берүүчү окуу жайларын да тийишинче 19,6 миң жана 38 миң адис бүтүрүп чыкты. Мына мындай маалыматтарды да билген кызык: 1971-жылдын башында Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактарында иштеген 170 миң адистин 63,6 миңи өткөн беш жылдыкта даярдалган. Кадрларды даярдоонун ушундай дүркүрөп өскөндүгү республикада мурда болгон эмес. Бирок, ушуга карабастан, бул өсүш келечекте дагы арта берет.

Кыргыз ССРинин Мамлекеттик пландоо комитетинин алгачкы маалыматтарына караганда, 1971—1975-жылдарда республиканын жогорку жана атайын орто билим берүүчү окуу жайлары жогорку билими бар 37 миң, орто билими бар 50 миң адисти даярдап чыгарышат. Союздук пландоочу органдардын бөлүштүргөнүнө караганда, өлкөнүн башка ВУЗдарынан биздин республикада дайыма иштөөгө келе турганын да ушуга кошуу керек, анткени, ошол тармактардын адистери бизде даярдалбайт. Мындан тышкары, жыл сайын 200гө жакын кыргыз уландары менен кыздары Москванын, Киевдин жана өлкөнүн башка ири борборлорунун жогорку окуу жайларына жиберилет. Өз кезегинде, союздук бөлүштүрүүгө ылайык, Кыргыз ССРи жыл сайын өзүнүн ВУЗдарын жана техникумдарын бүтүргөндөрдөн 200—300 адамды бир тууган башка республикаларга иштөө үчүн жиберип турат.

### 3. ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕР

Революцияга чейинки Россияда алдыңкы катардагы окумуштуулардын өз билимин элге берүү үчүн жасаган жакшы үмүттөрү алардын өз демилгесинин көрүнүшү гана болгон жана үстөмдүк кылуучу таптар, падыша өкмөтү алардын үмүттөрүн ар тараптан кысып, басып келишкен. Падыша өкмөтүнүн жана анын ээн баштарынын бул жагынан улуттук чет-жакаларда жүргүзгөн саясаты ого бетер бүлдүргүч болгон. Мисалы, бүткүл Түркстан сыяктуу эле, Кыргызстанда да мамлекеттик илимий бир да мекеме болгон эмес, элдин билим алууга умтулуусу куралдын күчү менен басылган. «...Социализм гана,— деп жазган В. И. Ленин,— илимди буржуазиялык тушоодон, аны капиталга багынтуудан, ыплас капиталисттик ач көздүктүн таламдарынын алдында кул болуудан куткарат».*

Октябрь революциясы жеңгенден кийин, Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү илимди элдин пайдасына, социалисттик курулушка толук кызмат кылдырды. Мында өлкөнүн мурда артта калган райондорунда илимди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Орто Азияны жана Казакстанды изилдөө боюнча Совет өкмөтүнүн уюштурган ишинин башкы максаты лениндик улут саясатын ийгиликтүү иш жүзүнө ашырууга, Россия империясынын мурдагы колониялык чет жакаларынын элдерин социалисттик курулушка катыштырууга көмөк көрсөтүү болучу.

В. И. Лениндин жетекчилиги астында иштелип жана илимий жактан негизделип чыккан Россияны электрлештирүүнүн планы — ГОЭЛРО — өлкөнүн табигый байлыктарын социализмди куруунун таламдары үчүн, эмгекчилердин жыргалчылыгы үчүн пайдалануунун биринчи илимий ири планы болду. Электрлештирүүгө, көбүнчө оор индустрияны өстүрүүгө таянып, ГОЭЛРОнун лениндик планында өнөр жай, айыл чарбасы, транспорт, маданият жагынан социалисттик курулушту кеңири өрчүтүүнүн программасы берилген. Россияны электрлештирүүнүн лениндик планында Советтик Түркстанга, ошонун ичинде Кыргызстанга да көп көңүл бурулду.

Орто Азия улуттук мамлекеттерге бөлүнгөнгө чейин Кыргызстанды Москванын, Ленинграддын, Ташкенттин, Алма-Атанын илимий мекемелери изилдеп келишкен. Борбор болгондон тартып, Фрунзе шаары Советтик Кыргызстандын илимий очогуна айланды. Мында край таануу музейи (1927-жыл), анан край таануу институту (1928-жыл) түзүлдү. 1930-жылы ушул институттун базасында өз алдынча эки илимий-изилдөө мекемеси — Кыргызстан мал чарба илимий-изилдөө институту менен Маданият курулушунун институту түзүлдү. Маданият курулушунун институту 1935-жылы кыргыз тилинин жана жазуусунун институту болуп кайра уюштурулду. Ошол эле жылдары Фрунзеде Кыргыз АССР Агартуу Эл Комиссариатынын алдындагы Академиялык борбор, метеорологиялык жана сейсмикалык станциялар сыяктуу мекемелер жана башкалар илимий иш жүргүзүшөт.

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 27-том, 447-бет.

Биздин республикабызда бир тууган элдердин, баарынан мурда орус элинин окумуштуулары илимге жол салганын биз абдан ыраазылык менен белгилейбиз. Республиканын академиялык борбору — Борбордук илимий мекемелердин жана советтик көп окумуштуулардын жардамы менен Кыргызстандын өндүргүч күчтөрүн жана маданиятын изилдей баштады.

Кыргызстандын минералдык-сырьёлук базасын изилдөө максатында СССР Илимдер Академиясы биринчи беш жылдыктын жылдарында бул жакка комплекстүү ири илимий экспедиция жиберет. 1932-жылы бул экспедицияга 100 гө жакын илимий кызматкер, 1933-жылы — 150 илимий кызматкер катышкан. Кыргыз АССРинин өндүргүч күчтөрүн изилдөө экспедициясынын иши 1933-жылы Ленинградда өткөн конференцияда талкууланган. Бул конференциянын ишине СССР Илимдер Академиясынын 30 дан ашык илимий-изилдөө институтунун 200дөн көбүрөөк окумуштуусу катышкан. Конференция республиканын табигый байлыктарын, экономикасын жана маданиятын изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарып, мындан аркы иштердин милдетин койгон. 1935-жылы февралда академиктер: Н. В. Вавиловдун, И. М. Губкиндин жана башка көрүнүктүү көп окумуштуулардын катышуусу менен экинчи илимий конференция өткөрүлүп, анын сунуштары Кыргызстандын өнөр жай өнүгүшүнүн негизи кылып алынды. Республикада илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү жагынан советтик элдердин көрсөткөн бир туугандык жардамынын мисалдарын абдан көп келтирүүгө болот.

1936-жылы Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин алдында Илимдер комитети түзүлүп, анын тарых, биология жана геология бөлүмдөрү болду. Республиканын территориясындагы илимий-изилдөө иштерин координациялоонун маанилүү милдети ушул Комитетке жүктөлгөн. Кыргызстандын илимин мындан ары өнүктүрүүдө Комитеттин илимий-изилдөө мекемелери чоң роль ойноду.

1943-жыл. Немецтик-фашисттик баскынчыларга каршы Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жаткан кез. Мына ошол эң зор кыйынчылыктарга карабастан, СССР Эл Комиссарлар Совети 1943-жылы 5-январда СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалын уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алат. Ошол эле жылы 13-августта Фрунзеде бул филиалдын салтанаттуу ачылышы болот. Филиалдын түзүлүшү кыргыз элинин турмушундагы маанилүү окуя, республикада илимди өнүктүрүүдөгү жаңы этап болду.

Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалын уюштурууга СССР Илимдер Академиясынын президенти академик В. Л. Комаровдун өзү жетекчилик кылган. Филиалдын ачылышына арналган салтанаттуу заседаниеде чыгып сүйлөп, академик К. И. Скрябин мындай деп айткан:

— Биздин кубаттуу өлкөбүздө согуштун эң оор күндөрүндө да чыгармачылык илимий ойдун үнү чыкпай калмак түгүл, тескерисинче, ал мурдагыдан бетер өнүгүп жана гүлдөп өсөт, советтик окумуштуулардын патриоттук жогорулашы, Родинанын... душмандарына

каршы баатырларча күрөшүүдө илимдин бардык каражаттары менен армияга жардам көрсөтүүгө умтулушу ушундай чыгармачылык ойго дем берет.

Филиалдын негизги милдети — республиканын өндүргүч күчтөрүн изилдөөдө эл чарбасына жардам кылуу, мындан ары анын экономикасы менен маданиятын жогорулатуу эле. Кыргызстандын залкар тоо кыркаларынын ичинде рудалык жана рудалык эмес казылып алынуучу сансыз көп байлыктар, минералдык отундун запастары жана курулуш материалдарынын сырьёлору сакталып жатат. Кыргызстандын геологдору казылып алынуучу пайдалуу жаңы кендерди чалгындоону кеңейтишет, ушул кендерди абдан рационалдуу жана арзан пайдаланууну уюштурууга жардамдашат. Кыргызстанда сымап кендеринин Советтер Союзу боюнча рекорддук массиви бар, ошондуктан, геология институтунун тематикасында сымап өндүрүү негизги орунду ээлөөгө тийиш.

Кыргыз ССРинде,— деп айткан андан ары Константин Иванович,— анын эң зор жайыттарын кошо алганда, жогорку азыктуу мал чарбачылыкты мындан ары өнүктүрүү үчүн бардык шарттар бар. Бул — ветеринардык врачтарга жана зоотехниктерге алардын практикалык ишинде жардам көрсөтүү үчүн ветеринария жана зоотехния жагынан илимий-изилдөө иштерин кеңири коюуга биология институтун милдеттендирет...

Филиалдын биринчи кезектеги милдети — жергиликтүү илимий кадрларды түзүү эле. Ушул максат менен филиалдын институттарынын алдында гана эмес, СССР Илимдер Академиясынын чоң-чоң илимий мекемелеринин алдында да Кыргыз республикасынын табигый байлыктарын, экономикасын жана маданиятын изилдөө жагынан иштеп жүргөн адамдар үчүн аспирантура ачылууга тийиш. Аспирантурага жергиликтүү жаштарды мүмкүн болушунча көбүрөөк тартса абдан жакшы болор эле.

Жаңыдан уюштурулган илимий мекеменин милдети ушундайча так жана ачык-айкын аныкталган болучу. Аты дүйнөгө таанылган көрүнүктүү орус окумуштуусу К. И. Скрябин ушул кыйын милдетти ийгиликтүү чечүүгө, республикада илимди өнүктүрүүгө абдан көп эмгек сиңирди. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалы уюштурулган күндөн тартып 1952-жылга чейин К. И. Скрябин филиалдын президиумунун председатели болуп иштеп келди.

Башка академиктер да: А. Н. Несмеянов, С. И. Вавилов, А. Н. Бах, А. А. Борисяк, Д. И. Щербаков жана көрүнүктүү советтик көп окумуштуулар СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалын өнүктүрүүгө түздөн-түз катышты.

СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалы тез эле ири илимий борборго айланып, республиканын илимий-изилдөө мекемелеринин ишин бириктире баштайт. Филиалдын составында 6 институт, 3 бөлүм, 9 сектор жана башка бир катар илимий мекемелер болду.

1954-жылы, башкача айтканда, филиал уюштурулган убактан 11 жыл өткөндөн кийин, бул жерде 500 илимий кызматкер, ошонун

ичинде илимдердин 13 доктору жана 83 кандидаты иштеди, аспирантура менен докторантурада 40 тан ашык адам окуду. Ошол кезде бардыгы болуп республиканын илимий мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында ар түрдүү адистиктердеги илимдердин 40 доктору жана 345 кандидаты иштеген.

Өзү уюшулган мезгилдин ичинде филиал ар түрдүү илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт, билимдин көп тармактары боюнча изилдөө иштерин күчөтөт. Мисалы, ботаника жана өсүмдүктөр институтунун коллективи Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү жөнүндө, анын жайыттары менен чөп чабынды жерлеринин өсүмдүктөрү жөнүндө көп томдуу эмгек даярдады. Кыртышты изилдөөчү окумуштуулар республиканын райондорунун кыртыш карталарын түзүштү. Зоология жана паразитология институту малдардын азыктуулугун арттырууга байланышкан зор изилдөө иштерин жүргүздү. Химия институту курулуш материалдарын колдонуу жагынан, республиканын бир катар көмүр кендеринин физикалык-химиялык мүнөздөмөсүн иштеп чыгуу жагынан маанилүү изилдөөлөрдү аткарды. Геология институту айрым райондордун казылып алынуучу пайдалуу кендерин жана геологиялык түзүлүшүн изилдеди. Республиканын ирригациялык системасын пайдаланууну жакшыртууга байланышкан изилдөөлөрдү Суу чарба жана энергетика институту жүргүздү. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын окумуштуулары кыргыз элинин тарыхы жана маданияты боюнча бир катар эмгектерди жазышты.

СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын составына кирбеген башка мекемелер да эл чарбасынын маанилүү проблемаларын изилдөөнү жүргүзүшкөн. Мисалы, Кыргызстан мал чарба илимий-изилдөө институту айыл чарба өндүрүшүнүн кызматкерлери менен биргелешип, уйлардын жаңы ала тоо тукумун жана жылкылардын жаңы кыргыз тукумун чыгарышты. Ошентип, республиканын илим-изилдөө мекемелери Советтик Кыргызстандын өнөр жайларын, айыл чарбасын жана маданиятын өнүктүрүү үчүн чоң мааниси бар милдеттерди чечүү жагынан иштешкен.

Кыргыз элинин экономикасы менен маданиятынын дүркүрөп өсүшү илимди өнүктүрүүдө дагы бир кыйла чоң кадам шилтөөгө мүмкүнчүлүк берди. СССР Министрлер Совети 1954-жылы 17-августта республиканын илимдер Академиясын уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алды. Бул токтомдо мындай деп айтылган: «СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын жана башка бир катар республикалык илимий мекемелердин базасында 1954-жылы Фрунзе шаарында Кыргыз ССР Илимдер Академиясын уюштуруу жөнүндө Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин сунушу кабыл алынсын».

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын салтанаттуу ачылышы 1954-жылы 20-декабрда болду. Кыргызстандын эмгекчилери менен кошо бул даңктуу окуяны биздин өлкөбүздүн бардык элдери белгилешти. Советтик адамдардын: эмгекте да, кубанычта да, башка кыйын иш түшкөндө да дайыма бирге болуп, бир катарда туралы



Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын корпустарынын бири →



деген эбактан берки эң сонун традициясы мында өзүн көрсөттү. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын ачылышына арналган салтанаттуу чогулушка СССР Илимдер Академиясынын делегаттары, Москванын жана Ленинграддын, Украина, Белорусс, Өзбек, Казак, Грузин, Азербайжан, Литва, Молдаван, Латыш, Тажик, Армян, Түркмөн, Эстон Советтик Социалисттик Республикаларынын окумуштуулары катышты. Алардын бардыгы өз элдеринин ой-пикирин жана сезимин билдирип, жаңы Илимдер Академиясына биздин көп улуттуу социалисттик улуу Родинабыздын жыргалчылыгы үчүн гүлдөп, чыгармачылык ийгиликтерге жетише беришин каалап, чын жүрөктөн тилек айтышты.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана республиканын Министрлер Совети Илимдер Академиясына арнап имараттардын жаңы комплексин куруу жөнүндө токтом кабыл алышты. Азыр Фрунзе шаарынын XXII партсъезд проспектисинде жалпы аянты 20 миң квадрат метрден ашык келген заңгыраган үч имарат турат. Аларда жемиштүү илимий иш жүргүзүү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Дагы бир катар имараттар, ошонун ичинде илимий китепкананын жана башка мекемелердин имараттары курулуп жатат.

Кыска убакыттын ичинде Кыргызстандын илимдер Академиясы зор илимий-изилдөө мекемесине өсүп чыкты. Ал Советтер Союзундагы ири илимий борборлордун бирине айланды. Мында 2 миңден ашык адам, ошонун ичинде Академиянын 27 анык мүчөсү жана 19 мүчө-корреспонденти илимий иш жүргүзүшөт. Алардын ичинде, республиканын башка илимий-изилдөө мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында кыргыздардан 1411 илимий кызматкер, ошонун ичинде илимдердин 27 доктору жана 492 кандидаты иштейт.

Илимий кызматкерлердин улуттук кадрларын даярдоо татаал иш. Кыргыз жаштарынын эң таланттуу өкүлдөрү Москванын, Ленинграддын жана Советтер Союзунун башка шаарларынын илимий мекемелеринин аспирантурасына жана докторантурасына жиберилип турган (азыр да жиберилип турат). Мисалы, 1954-жылы — Кыргыз ССР Илимдер Академиясы түзүлгөн кезде — Москва менен Ленинграддын институттарында гана 25 тен ашык адам кандидаттык жана доктордук диссертацияларын жазып бүтүштү жана жактап чыгышты. Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү: Б. Жамгырчинов, К. Рыскулова, А. Алтымышбаев, илимдердин докторлору З. Эгембердиев, М. Алиев, А. Айдаралиев, А. Алтымышев, М. Иманалиев, Г. Аймухамедова, А. Алдашев жана башка толуп жаткандар өздөрүнүн диссертацияларын Москванын, Ленинграддын жана өлкөнүн башка илимий борборлорунун окумуштууларынын жетекчилиги астында даярдашкан жана жактап чыгышкан. Орус окумуштуулары — Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын анык мүчөлөрү — И. Г. Дружинин, Н. И. Захарьев, М. Н. Лущихин, В. М. Попов, В. И. Иванов, А. А. Волкова, К. К. Юдахин жана башкалар кыргыз улутунун өкүлдөрүнөн илимий кадрларды даярдоо боюнча жемиштүү зор иштерди жүргүзүп жатышат. Азыр кыргыз окумуштууларынын өздөрү аспиранттардын жана докторанттардын иштерине ийгиликтүү

жетекчилик кылышат, кыргыздардан, орустардан, украиндыктардан, казактардан, өзбектерден жана республикада жашаган башка улуттардын өкүлдөрүнөн жаш илимий кадрларды даярдашат.

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын илимий-кызматкерлер коллективи өзүнө жүктөлгөн жоопту милдеттерди аткаруу үчүн туруктуулук менен иштеп жатат. Окумуштуулар табигый, техникалык жана коомдук илимдердин, өндүргүч күчтөрдү мындан ары өнүктүрүүнүн, өнөр жайларындагы жана айыл чарбасындагы технологиялык процесстерди өркүндөтүүнүн өтө актуалдуу проблемаларын иштеп чыгышып, ошонун аркасында республиканын экономикасы менен маданиятын жогорулатууга көмөк көрсөтүшүп, биздин өлкөбүздө коммунизмди куруу ишине өздөрүнүн салымын кошуп жатышат.

Азыр академияда 13 институт, өз алдынча иштеген үч бөлүмдү жана башка мекемелерди бириктирген үч бөлүмчөнүн бар экени илимий-изилдөөлөрдүн көлөмү жөнүндө далил болот. Физикалык-техникалык жана математикалык илимдер бөлүмчөсүнө төрт институт: тоо тектеринин физикасы менен механикасы, геология, автоматика, физика жана математика институттары кирет; химия-технология жана биология илимдеринин бөлүмчөсү органикалык эмес жана физикалык химия институтун, Органикалык химия институтун, Биохимия жана физиология институтун, Биология институтун, Бийик тоонун шарттарындагы физиология жана эксперименталдык патология институтун бириктирет, ботаникалык бак да ушуга кирет; тарых, тил жана адабият, экономика, философия жана укук институттары коомдук илимдер бөлүмчөсүн түзөт.

Фрунзе шаарынын тарыхынын кыскача очеркинде Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын көп тармактуу илимий иштерин ачып көрсөтүү мүмкүн эмес. Ошондой болсо да, кээ бир мисалдарды келтирип өтөлү.

Мисалы, Геология институтунун коллективи Кыргызстандын территориясындагы казылып алынуучу пайдалуу кендердин, атап айтканда, сымаптын, сурьманын, көмүрдүн, нефтинин, сейрек металлдардын жайгаштырылышынын закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү боюнча бир катар маанилүү илимий-изилдөө иштерин аткарат.

Дүйнөлүк практикада биринчи жолу сейсмикалык чоң райондо Токтогул ГЭСи сыяктуу эң ири энергетикалык түйүн курулуп жатат. Ушул эң сейрек учурай турган курулуштун инженердик-геологиялык негиздемесин түзүүгө Геология институтунун илимий кызматкерлери көп эмгек сиңиришти. Жер астындагы сууларды комплекстүү пайдалануунун схемасына гидрогеологиялык негиздеме берүү да ушул эле институтта иштелип жатат, сугат жерлердин аянтын кеңейтүү, жайыттарга суу чыгаруу жана өнөр жай борборлорун суу менен жабдууну жакшыртуу үчүн бул негиздеменин чоң мааниси бар.

Бул институттун сейсмикалык бөлүмүнүн кызматкерлери Кыргызстандын долборлоо жана курулуш уюмдарына күн сайын практикалык жардам көрсөтүшөт. Алар борбордун жана башка шаарлардын, ошону менен бирге республиканын калк өтө көп орношкон, калк

жыш жашаган жерлеринин микросейсмикалык райондоштурулушунун карталарын түзүшкөн. Бул карталар — көп кабаттуу турак үйлөрдү, өнөр жай ишканаларын, административдик имараттарды, социалдык-маданий жана башка объектилерди долборлоо жана куруу маселелерин чечүү үчүн керек.

Тоо тектеринин физикасы жана механикасы институтунда иштелип чыккан жаруу иштеринин сейсмикалык жактан коопсуз методдорунун эл чарбасы үчүн зор мааниси бар. Хайдаркан комбинатындагы бир участокто сымап рудаларын иштеткен кезде ушул методдорду колдонуу өндүрүштүк объектилер менен турак үйлөрдү жарылуунун коркунучтуу кесепетинен сактоого мүмкүнчүлүк берди. Жаруу иштерин жүргүзүүнүн сейсмикалык жактан коопсуз методдору гидротехникалык ири имараттардын курулушунда улам көбүрөөк колдонулуп жүрөт.

Автоматика институтунун коллективи сугат системаларын механизациялоону жана автоматизациялоону иштеп чыгууда маанилүү натыйжаларга жетишти, сугат райондорунда эл чарбалык жактан мунун өтө чоң мааниси бар.

Көп жылдан берки изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Биохимия жана физиология институту бир катар теориялык жана практикалык маанилүү натыйжаларды алды. Бул институт айыл чарба малдарынын азыктуулугун көбөйтүүнүн, ошону менен бирге алардын бир катар ооруларын дарылоонун эффективдүү методдорун сунуш кылган. Кыргызстандын шарттарында жайыттарды ар тараптан жакшыртуу жана чөп чабынды жерлерди кайрадан түзүү эң маанилүү маселелерден болуп саналат. Институттун жасаган тажрыйбасы муну көрсөттү: Чүй өрөөнүндөгү жана Орто Азиянын ушуга окшош райондорундагы сугат жерлерде агротехниканы туура колдонуп, анан өсүп чыккан чөптөрдү рационалдуу пайдаланган кезде, ар гектар жерден 600—650 центнерден чөп аралаштырылып эгилген буурчак-дан өсүмдүктөрүнүн жашыл массасын жана жоңурчка, же болбосо 140—150 центнерден сиңимдүү заттары мол чөп алууга болот. Бул институттун окумуштуулары алманын толуп жаткан жаңы сортторун жана мөмө бактарынын башка түрлөрүн чыгарышты.

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын ботаника багы шаарлар менен айыл-кыштактарды жашылдандыруу үчүн, эгин талааларын коргой турган жана мелиорациялык токой көчөттөрүн өстүрүү үчүн бак-дарак өсүмдүктөрүнүн өтө перспективалуу түрлөрүн тандап алып, аларды колхоздор менен совхоздорго сунуш кылган. «Кыргыз ССРинин флорасы» деген коллективдүү эмгектин 11 тому жарыкка чыккан, бул — институттун окумуштууларынын республиканын жаратылышын изилдөөгө кошкон зор салымы болду.

Бийик тоолордун шартындагы физиология жана эксперименталдык патология институту иштеп чыккан кан тамыр-жүрөк ооруларын бийик тоонун жана тоо-деңиз климатынын жардамы менен дарылоонун методдору сыноодон ийгиликтүү өтүп жатат.

Кыргыз республикасы сурьма өндүрүү жагынан өлкөдө негизги

орунду ээлейт. Бул — сырьёлук ресурстарды дайыма күчөтүп өрчүтүүнүн зарылдыгын туудурат. Түстүү металлургиянын ушул эң маанилүү тармагын өнүктүрүүгө Органикалык эмес жана физикалык химия институтунун кызматкерлери активдүү катышып жатышат. Кондициялык эмес, кайрадан иштеп чыгарууга жарабайт деп эсептелип жүргөн, колдо бар көп сандагы кычкылдатылган сурьма рудаларынан азыр алар сурьма алуунун жаңы жолун иштеп чыгышты. Жаңы метод тажрыйбалык-өнөр жайлык текшерүүдө эң сонун натыйжаларды берди жана өндүрүшкө сунуш кылынды.

Коомдук илимдер бөлүмчөсүнүн илимий-изилдөө мекемелери өздөрүнүн ишин коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга, кыргыз элинин рухий маданиятын байытууга жумшап жатат. Алар «Кыргыз ССРинин тарыхын» (эки томдон турат), «Октябрь революциясынын Кыргызстанда жеңип чыгышын», Кыргызстандын советтик жумушчу табы менен дыйкандарынын тарыхы боюнча жыйынтыктоочу изилдөөлөрдү жана бир катар башка эмгектерди жарыялашты.

Окумуштуу-экономисттер өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүнүн жана рационалдуу жайгаштыруунун, коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун проблемаларын иштеп чыгып жатышат. Экономика институтунун сунуштары эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык пландарын түзгөндө, ошондой эле Кыргыз ССРинин өндүргүч күчтөрүн 1980-жылга чейинки мезгилге жайгаштырганда, 1975-жылга чейинки мезгилге бир кыйла толук негиздеме берүү менен өндүргүч күчтөрдү жайгаштырганда пайдаланылды. Эксплуатациялоо шарттары жагынан алганда өтө маанилүү жана пайдалуу болгон табигый ресурстарды чарбалык оборотко киргизүү, азыр иштеп жаткан өндүрүштүк кубаттарды жана капиталдык жаңы салымдарды бир кыйла рационалдуу пайдалануу, өндүргүч күчтөрдү территориялык жактан туура жайгаштыруу, эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу, эл чарбасынын ар кыл тармактарын өнүктүрүүнүн темптерин тездетүү — ушул маселелерди илимий жактан иштеп чыгуу Кыргызстандын экономикасын өркүндөтүүгө жардам кылат.

Философия жана укук, тил жана адабият институттары маанилүү иш жүргүзүп жатышат. Атап айтканда, кыргыз элинин оозеки чыгармасынын эң сонун эстелиги болгон «Манас» эпосу илимий жактан изилденүүдө.

Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү өлкөнүн эң эле жаш илимий борборлорунун бири болгон Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын ишине жогору баа беришти. Советтик илимди өнүктүрүүдөгү зор ийгиликтери үчүн 1967-жылы — Улуу Октябрь революциясынын 50 жылдыгы болор алдында — Академиянын биохимия жана физиология институту Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. 1969-жылы Геология институту да так ушундай сыйлыкка татыктуу болду. Кыргыз окумуштууларынын эмгектери кеңири таанылды жана республикада, Союзда жогору бааланды.

КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин

илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо ишин жакшыртууга багытталган чаралары, 1968-жыл 24-октябрдагы «Илимий уюмдардын иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуунун жана илим менен техниканын жетишкендиктерин эл чарбасында пайдаланууну тездетүүнүн чаралары жөнүндөгү» токтому, ошону менен бирге Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXIV съездинин чечимдери — партия менен өкмөттүн илимди өнүктүрүүгө дайыма эбегейсиз зор көңүл бурушкандыгынын жаңы далили болуп саналат. Ушул документтерде аныкталган зор милдеттердин ийгиликтүү аткарылышы Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын илимий-изилдөө иштеринин жаңыдан жогорулашын камсыз кылат.

## 4. КИТЕПКАНАЛАР

Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстанда китепкана иши абдан кеңири өнүктү. В. И. Ленин китепканалардын кеңири тармагы бүткүл өлкөгө тарап, алардын китептеринен ар бир советтик адам эркин пайдалана турган замандын келерин самаган эле. Ильичтин бул тилеги ордунан чыкты. Азыркы убакта Фрунзе шаарында гана массалык 55 китепкана иштейт.

В. И. Ленин мындай деп айткан: «Сейрек учуроочу китептерден китепканада канчалык бар экенин, XVI кылымда чыккан кандайдыр бир китептердин же X кылымдагы кол жазмалардын канча нускасы бар экенин калк китепканасынын сыймыгы жана даңкы деп эсептебестен, китептердин элдин арасында канчалык кеңири окулуп жатканын, канча жаңы окуучулар тартылганын, китепке болгон... ар кандай талаптардын канчалык тез орундала турганын... калк китепканасынын сыймыгы жана даңкы деп эсептөө керек...*».

Китепканалар китептерди пропагандалоо боюнча эбегейсиз зор иш жүргүзүшөт, эмгекчилердин жалпы билим, саясий, маданий, илимий-техникалык деңгелин жогорулатууга жардамдашат, коммунисттик тарбия берүүдө партиялык, советтик жана коомдук уюмдарга практикалык жардам көрсөтүшөт. Бул жөнүндө Н. Г. Чернышевский атындагы республикалык мамлекеттик китепкананын иши далил болот. Ал 1934-жылы май айында уюштурулган. Ошол кезде китепкана анча чоң эмес үйдө турган, анын китеп фондусу 16 миң гана том болучу, андан 700 китеп окуучу пайдаланчу. Азыр бул китепкана — Кыргыз ССРинин улуттук эң зор китеп сактагычы. 1962-жылы китепканага арналган атайын жаңы үй курулган, анын китеп окуй турган 12 залында бир эле убакыттын ичинде 800 адам иштей алат. Китепкананын фондусунда СССРдин жана чет өлкө элдеринин 43 тилинде чыккан 2,6 миллион том китеп бар.

---

* *В. И. Ленин.* Чыгармалар, кыргызча басылышы, 19-том, 295—296-беттер.



**Чернышевский атындагы калк китепканасы**

Мына мындай бир кызык фактыны келтирелик. 1934-жылы Фрунзедеги Чернышевский атындагы калк китепканасында 34 гана абонент-кыргыз болгон экен. Азыр бүткүл кыргыз эли китеп окуйт. Республикада 2800 китепкана болуп, алардын 18 миллион китеби бар, башкача айтканда, революцияга чейинки бардык китепканалардагыдан 2 эсе көп китеби бар. 1968-жылы бул китепканалардын кызматынан Кыргызстандын 1 миллион 300 миң адамы пайдаланган. Чернышевский атындагы китепкананын 40 миң китеп окуучусу бар, алардын ичинен 15 миңи кыргыздар. Жыл сайын китеп окуучуларга 2 миллион даанадан ашык китеп берилет. Республиканын өнөр жай жана айыл чарба ишканаларынын, курулуштарынын, илимий жана маданий мекемелеринин 500дөн ашык коллективи илимий-техникалык, коомдук-саясий жана башка адабияттар боюнча китепкананын дайыма түзө турган информациясынан пайдаланышат.

Кыргызстандын Н. Г. Чернышевский атындагы республикалык мамлекеттик китепканасы дүйнөдөгү эң чоң китепканалардын бирине айланды.

Эгер Фрунзедеги бардык китепканалардын китеп фондусун эсептей турган болсок, анда шаардын ар бир адамына 10дон китеп туура

келет. Башка континенттер жөнүндө айтпагандын өзүндө, Европадагы мамлекеттердин борбор шаарларынын бир азынын гана ушундай көрсөткүчтөрү бар.

### 5. МУЗЕЙЛЕР

Музейлер советтик адамдарга коммунисттик тарбия берүү боюнча, совет элинин даңктуу революциялык, күжүрмөн жана эмгек традицияларын пропагандалоо боюнча зор иштерди жүргүзүшөт. Республиканын борбор шаарында М. В. Фрунзенин мемориалдык музейи, Тарыхый музей, Сүрөт тартуу искусствосунун музейи, Жаратылыш музейи бар. Аларга жыл сайын жүздөгөн миң адам келип-кетишет, келгендердин саны жыл сайын артып отурат. Мисалы, 1960-жылы бул музейлерде 100 миңге жакын адам, 1968-жылы 318 миң адам болушкан.

М. В. Фрунзенин мемориалдык музейи — өлкөдөгү эң мыкты музейлердин бири. Революцияга чейинки Пишпектин көчөлөрүнүн биринде (азыркы Биринчи Май көчөсүндө) аскердик фельдшер Василий Михайлович Фрунзенин үстү камыш менен жабылган, теректердин көлөкөсүнө көмүлгөн, анча чоң эмес үйү бар болучу. 1885-жылы 2-февралда ушул үйдө анын уулу — келечектеги большевик, жалындуу революционер, эң көрүнүктүү полководец төрөлгөн.

Михаил Васильевич Фрунзенин атасы Василий Михайлович 1854-жылы мурдагы Херсон губерниясынын Захарьевка селосунда (азыркы Одесса областынын Фрунзевка селосунда) туулган, анын теги дыйкан, улуту молдаван, тагыраак айтканда, «орусташкан молдаван» болгон.

Энеси Мавра Ефимовна — Воронеж губерниясынан Түркстанга көчүп келген дыйкандын кызы эле.

М. В. Фрунзенин Шуядагы музейинин фондуларында сакталып турган Василий Михайлович Фрунзенин түп нускалуу № 583 күбөлүк катына караганда, ал 1874-жылы фельдшердик мектептин толук курсун (1870-жылдан 1874-жылга чейин окуп) бүтүрүп, анан старший фельдшер деген адистикке ээ болгон экен. Бул мектепти бүтүргөндөн кийин ал армияга чакырылат да, анан Түркстан аскер округунун Токмок гарнизонуна кызматка жиберилет. Аскердик кызматты өтөгөндөн кийин, Василий Михайлович Орто Азияда (Токмокто) туруп калат жана фельдшер болуп иштей баштайт.

М. В. Фрунзе жергиликтүү калкка жан-дили менен абдан зор жардам көрсөтөт.

Медициналык жардам, кээде материалдык да жардам көрсөтүү үчүн фельдшер Фрунзе күнү-түнү дебей, аба ырайынын ар кандай шарттарында, ооруган адамдарга барууга ашыккан, ошондуктан Токмоктун калкы аны жакшы көрүп, урматташкан.

1878-жылы Василий Михайлович Пишпекке көчүп келет. Ар кыл оорулардан айыктыруучу Василий Михайлович Фрунзенин куттуу

ысмы бат эле айланадагы аймакка тарайт. «Россиялык доктордун» сергектик, боорукердик менен жасаган мамилеси үчүн кыргыздар Василий Михайловичти жакшы көрүп калышат жана өздөрү да ага ар тараптан жардам көрсөтүшөт.

Жергиликтүү кыргыздар орустун биринчи сөздөрүн Василий Михайловичтин оозунан угушканы, ошондой эле кыргыздын биринчи сөздөрүн Василий Михайлович өзү дарылаган оорулуу адамдардын оозунан укканы толук ыктымал.

Россиядан көчүп келгендердин ичинен Василий Михайлович Фрунзени кыргыз эли менен, жергиликтүү калк менен достук, коңшулаштык жакшы мамиле түзүүнүн жолуна түшкөндөрдүн бири деп апыртпай эле айтууга болот.

Василий Михайлович Фрунзенин кыргыз эли менен тыгыз мамиле жасаганы кээ бир таасирдүү чиновниктердин, барып турган шовинисттердин кыжырын келтирет. Мына ушундан ачык жана жашырын куугунтуктоолор, ар кандай кысымчылыкка алуулар башталат, анан 1891-жылы аны участоктук фельдшер кызматынан бошотушат. Василий Михайлович Пишпек казначействосунда жөнөкөй жумуш аткарууга мажбур болот. Бирок, куугунтукка алуу муну менен бүтпөйт, ошондуктан, 1895-жылы ал Пишпектен такыр көчүп кетет.

1897-жылы февралда Василий Михайлович үй-бүлөсүнөн жана досторунан алыс жерде — Меркиде жүрүп дүйнөдөн кайтат.

Музейде сакталган ошол замандын архивдик документинен мына буларды окуйбуз:

«Василий Михайлович Фрунзеге биз абдан ыраазыбыз, ошондуктан анын ысмы, жергиликтүү коомдун жыргалчылыгы үчүн көп эмгек сиңиргендиктен, тарыхтын барактарына чоң тамгалар менен жазылууга тийиш».

Пишпектик фельдшердин, Россиядан келген биринчи доктору-буз Василий Михайловuч Фрунзенин даңктуу ысмын биз кыргыз элинин тарыхына абдан канааттануу менен жазабыз.

Михаил Васильевич Фрунзе — улуу Ленин менен бирге, анын жетекчилиги астында большевиктер партиясын түзгөн, көп улуттуу Россиянын пролетариатын жана эмгекчи массаларын революциялык күрөшкө уюштурган жана көтөргөн, биздин Родинабыздын саясий, экономикалык жана аскердик күч-кубатына негиз салган адамдардын бири болуп саналат. Ал — турмуштун жана революциялык күрөштүн катаал жана кыйын мектебинен өттү. Камакка алуулар, эки жолу ага өлүм жазасын чыгарган падышалык соттор, өмүрүнүн чейрек бөлүгүн өткөргөн түрмөлөр, каторгалар, сүргүнгө айдоолор — ушундай оор сыноолордун бардыгы өз өмүрүн элге кызмат кылуунун улуу ишине аң-сезимдүү түрдө арнаган ленинчил-большевиктин темирдей эркин сындыра алган эмес. Анын бүткүл өмүрү коммунизмдин жаркыраган идеалдары үчүн арналган эрдик болгон, пролетардык интернационализмдин принциптерине чексиз берилгендиктин, социалисттик Родинага жана лениндик партиянын ишине кызмат кылуунун өрнөгү болгон.

Партия аны кайда гана жибербесин, Михаил Васильевич өзүнө таандык кажыбас кайраты жана чексиз берилгендиги менен, уюштуруучулук жана аскердик таланты менен, эрдиги жана баатырдыгы менен, тапшырылган ишти жан-дили менен аткарган, Чыгыш фронтунда — Колчакты талкалоо, Түркстан фронтунда — контрреволюцияны жана басмачыларды талкалоо, Түштүк фронтунда — Врангелди талкалоо — көрүнүктүү пролетардык полководецтин басып өткөн даңктуу жолунун этаптары ушулар.

Граждандык согуш бүткөндөн кийин М. В. Фрунзе Советтик жаш мамлекеттин куралдуу күчтөрүн куруу жана анын коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо боюнча эбегейсиз зор иштерди жүргүзөт. Партиялык жана мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, советтик биринчи дипломаттардын бири болгон Фрунзе элдерди баш коштуруп бириктирүү жана алардын ортосунда досчулукту чыңдоо ишине, Советтик Социалисттик Республикалар Союзун уюштурууга зор салым кошту.

Михаил Васильевич Фрунзенин ысмы Советтер Союзунун бардык элдери үчүн кымбат, ал эми кыргыз эли үчүн, Кыргызстандын бардык эмгекчилери үчүн ал өзгөчө кымбат. М. В. Фрунзе өзүнүн жердештерин эч качан унуткан эмес. Ал өзүнүн родинасынын эркин, экономикалык жактан бай жана маданияттуу болушун абдан каалаган. Анын эңсеген тилеги Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында совет элинин эрки жана эмгеги менен турмушка ашырылды. Биз бүгүн жеңген социализмдин эң сонун жемиштеринин үзүрүн көрүп отурабыз. Биздин социалисттик ата мекенибиз өрчүп-өркүндөдү, эр жетип күчүнө толду жана укмуштуудай өстү. Совет эли бүткүл адамзаттын жаркыраган келечегине — коммунизмге ишенимдүү түрдө жол салып жатат.

М. В. Фрунзенин родинасы таанылгыс болуп өзгөрүлдү. Мурдагы падышалык колониянын, артта калган жана тоолуу жакыр өлкөнүн ордуна партиянын жана элдин эрки менен жаңы Кыргызстан — социализмдин Чыгыштагы жаркыраган маяктарынын бири өсүп чыкты.

Бүткүл совет эли сыяктуу эле, Кыргызстандын да эмгекчилери өздөрүнүн жердешин абдан урматтап, эсте тутушат. Тоо-кен-металлургия комбинаты, айыл чарба машиналарын жасоо заводу, ондогон колхоздор менен совхоздор анын ысмын алып жүрүшөт. Республиканын эмгекчилери М. В. Фрунзенин өмүрүнө жана ишине байланышкан нерселердин бардыгын камкордук менен жана этияттап сакташат. Анын төрөлгөн жана балалык жылдары өткөн кичинекей үйү азыр да сакталып турат. 1925-жылы анын Музейи так ушул үйдө ачылган.

1965-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Совети М. В. Фрунзенин мемориалдык музейин тургузуу жөнүндө токтом кабыл алышкан. Жаңы имараттын курулушу 1967-жылы бүттү, анын жалпы аянты 2000 квадрат метрден ашат. Ушул монументалдык имарат эски үйдүн үстүнөн бийик көтөрүлүп, аны жаан-чачындан сактап турат. Музейдин имараты — шаардагы кооз үйлөрдүн бири.

Музейдин негизги фондусунда 8 миңден ашык экспонат бар, алардын ичинен 1400 экспонат көрсөтүүгө коюлган, алар М. В. Фрунзенин жаш кездеги жылдары, революциялык жана мамлекеттик ишмердиги жөнүндө баяндайт. Алардын ичинде Верный гимназиясын алтын медаль менен бүтүргөндүгү жөнүндөгү аттестаты, губерниялык соттун өлүм жазасына буюрган өкүмүнүн тексти, көп сандаган фотографиялар, Шуяда болгон кезде жазган каттары, «Кызыл Москванын күндөрү», «Граждандарга», «Падышалык опричниктер» деген прокламациялары, граждандык согуштун жылдарында кол койгон аскердик приказдары, өзү сыйлыкка алган курал-жарактар жана башка толуп жаткандар бар.

Музейде живопись боюнча профессор Любимовдун жана башка художниктердин: «Фрунзе Уфа алдындагы урушта рда», «Сиваштан өтүү», «Перекопту штурмалоо» деген зор-зор картиналары бар. Көп сандаган фотографиялар менен документтер М. В. Фрунзенин Түркстан фронтундагы полководецтик ишин, өлкөнүн эмгекчи массалары менен болгон анын тыгыз байланышын ачып көрсөтөт. Музейде жаш Кызыл Армиянын түзүлгөнүн жана чыңдалганын жана дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекеттин коргонуу күч-кубатын чыңдоо боюнча Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн колдонгон чараларын көрсөткөн илимий-экспозициялык көп материал бар.

Кыргызстандын эмгекчилери өздөрүнүн даңктуу жердешин урматтап эсте тутуп жатышкандыгына мына мындай бир факт күбө болот: 1966—1969-жылдардын ичинде гана М. В. Фрунзенин мемориалдык музейине 260 миңден ашык адам келип-кеткен. Музейге келгендердин ой-пикирлери жазылган книгаларда Михаил Васильевич Фрунзени терең сүйүп жана урматтаган, кишини толкундатуучу сөздөр бар. Ушул жазуулардан кээ бир үзүндүлөрдү келтирели:

*Биз, аскер кызматчылары,— деп жазышат Советтик Армиянын бир топ жоокерлери,— М. В. Фрунзенин мемориалдык музейинин экспозициясы менен абдан кызыгып тааныштык. М. Ф. Фрунзенин эң сонун өмүрү, анын революциялык, кужурмон баатырдык ишмердиги бизге абдан зор таасир калтырды. Анын образы, анын өлбөс-өчпөс иштери өзүбүздүн аскердик милдетибизди үлгүлүү аткарууга, Родинага, коммунизмдин ишине эч кемтиксиз кызмат кылууга бизди шыктандырат. Өзүбүздүн кылык-жоругубузда жана жүрүш-турушубузда биз М. В. Фрунзеге окшош болууга тырышабыз. Октябрдын жеңип алгандарын Фрунзе кандай жан-дили менен коргогон болсо, биз так ошондой жан-дилибиз менен коргоого, коммунизмди куруучулардын тынчтык түзүүчүлүк эмгегин кыраакылык менен сактоого умтулабыз.*

*Музей элге кымбат, революциянын эң сонун күрөшчүлөрүнүн бири болгон адамдын эстелигин сактап турат. Советтик адамдардын патриотизмин жана революциялык ишке берилгендигин тарбиялоо боюнча чоң мааниси бар иште музейдин зор ийгиликтерге жетишүүсүн каалаймын,— деп жазат СССР Илимдер Академиясынын президенти М. В. Келдыш.*

*Түбөлүк эстеликти — М. В. Фрунзенин музейин кургандыгы үчүн,— деп жазышат бир топ мугалимдер,— биз өзүбүздүн өкмөтүбүзгө алкыш айтабыз. Бул музей биздин муундарыбыз үчүн да кымбат, анткени ал биздин унутулгус Михаил Васильевичибиз өкүлү болгон биздин элибиздин даңктуу баатыр иштери жөнүндө жаш муундарга баяндап берет.*

СССР Коргоо министринин орун басары К. С. Москаленконун жазганынан мына буларды окуйбуз:

*Мен М. В. Фрунзенин өзүн көргөндүктөн, анын эң сонун музейин абдан толкунданую менен карап чыктым. Абдан мыкты тандап алынган экспонаттар анын жаркыраган сонун өмүрүн жана ишмердигин эң жакшы көрсөтүп турат. Жалындуу ленинчил-революционер, эмгекчилердин дүйнөдөгү биринчи мамлекетинин көрүнүктүү мамлекеттик жана аскердик ишмери Михаил Васильевич Фрунзени жакшы көрүп сүйгөндүгү жана эске алгандыгы үчүн даңктуу Кыргызстандын элине чын жүрөктөн ыракмат айтамын.*

*... Биз музейден чыгып бараткаңыбызда дагы бир жолу зор сезим менен: М. В. Фрунзе өзүнүн жаркыраган эң сонун кыска өмүрүн арнаган иштин бүткүл өлкөдө, бүткүл дүйнөдө жашагандыгын сезебиз,— деп жазышат социалисттик өлкөлөрдөн келген меймандар.*

Кыргыз элинин, Кыргызстандын бардык эмгекчилеринин терең урматтаганын билдирип, чыныгы ленинчил, көрүнүктүү полководец жана мамлекеттик ишмер М. В. Фрунзеге республиканын борбор шаарынын вокзал алдындагы аянтында ага эң зор эстелик тургузулган.

Мамлекеттик тарыхый музей республиканын борбор шаарынын эң маанилүү илимий-изилдөө жана агартуу мекемелеринин бири болуп саналат. Анын өнүгүшүнүн тарыхы да абдан кызык.

Бул музей 1927-жылы 5-мартта ачылып, ал Кыргыз АССРинин Советтеринин 1-учредителдик съездинин чакырылышына туш келген. Бул — республиканын маданий турмушундагы зор окуя болгон, бул крайда Октябрь революциясына чейин ушундай бир да мекеме болгон эмес. Ал кезде Кыргыздын мамлекеттик край таануу музейинин эки бөлүмү — табигый-жаратылыш жана тарыхый-этнография бөлүмдөрү болгон. Бардык экспонаттар бир гана залга коюлган.

Музейдин ачылышына байланыштуу, кыргыз элинин тарыхы менен маданиятынын байыркы замандардан биздин күндөрүбүзгө чейинки документалдык жана заттык эстеликтерин жыйноо боюнча системалуу иш жүргүзүлө баштайт. Мисалы, 1927 жана 1928-жылдарда Кыргызстандын түштүгүнө, андан кийин республиканын башка райондоруна экспедициялар уюштурулат. Ушунун натыйжасында тарыхый-этнографиялык абдан бай материал жыйналат. СССР Илимдер Академиясынын 1932-жылы уюштурулган комплекстүү экспедициясы музейдин фондусун көбөйтүүгө ага бир кыйла чоң жардам көрсөтөт. Музейдин этнографиялык коллекциялары 1938—1941-жылдарда бир нече жолу Москвада жана Ленинградда көргөзмөгө коюлган. Андан кийинки жылдарда Кыргызстандын табигый байлыктарын мүнөздөгөн материалдар да топтолгон.

1941-жылга чейин музейде тарыхый-археологиялык бөлүм болгон эмес, чакан гана коллекция болгон, ал коллекция СССР Илимдер Академиясынын 1929-жана 1932-жылдарда Түндүк Кыргызстанды текшерген археологиялык экспедицияларынын кокус табылгаларынан жана материалдарынан түзүлгөн. 1937-жылы Кыргыз педагогика институту уюштурган экспедиция республиканын бүткүл территориясын тарыхый-археологиялык жактан изилдеп чыкты жана кызык көп материалдарды жыйнады.

Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин алдындагы Илимдер комитети 1938-жылдан тартып СССР Илимдер Академиясынын материалдык маданият институту менен бирге бул ишке Москванын, Ленинграддын жана өлкөнүн башка илимий борборлорунун окумуштууларын тартат. 1941-жылы Чоң Чүй каналынын курулушунда иштеген археологиялык көзөмөлдөө экспедициясынан бай материалдар алынды. Ушул материалдардын негизинде музейде тарыхый-археологиялык бөлүм ачылды.

СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын түзүлүшүнө байланыштуу, улут маданиятынын музейинин ачылышы каралган. Бир кыйла кийинчерээк ушул эле негизде Биология институтунун составында жаратылыш музейи түзүлөт да, минералдардын бардык коллекциялары СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын Геология институтуна өткөрүлүп берилет. 1954-жылы Улут маданиятынын музейи Тарыхый музей болуп түзүлөт.

Өзү иштей баштаган убакыттын ичинде бул музей көп санда тарыхый-археологиялык жана этнографиялык материалдарды топтоду. Анын фондуларында 25 миңге жакын материалдык маданияттын эстеликтери бар. Экспозициялар 60 залга жайгаштырылган. Бул жерде Кыргызстандын территориясындагы адамзат коомунун тарыхынын эң эле алгачкы этаптарын мүнөздөгөн материалдык эстеликтер менен — Аламүдүн суусунун боюнан, Токмок шаарынын жанынан, Ысык-Көлдүн жээгинен, Нарындан, Тянь-Шандан жана башка көп жерлерден табылган байыркы таш кылымындагы жана неолит доорундагы куралдар менен таанышууга болот.

Музейдин фондуларында коло (бронза) доорундагы — Кыргызстандын территориясында бадачылык-дыйканчылык тукумдары жашаган кездеги — көп экспонаттар сакталып турат. Чүй өрөөнүнөн табылган коло буюмдарын — балтаны, найзанын учтугун, ороктун эң байыркы замандагы үлгүлөрүн жана башка көп нерселерди жасоонун жогорку техникасы кишинин көңүлүн өзүнө бурат. Ушул буюмдардын бардыгы жергиликтүү буюмдар экендигине байыркы замандардагы кендердин сакталып калган издери жана музейдин фондуларында болгон балталарды жана башка куралдарды куя турган таш формалар далил болот.

Биздин эрага чейинки биринчи миң жылдыктын орто ченинде Кыргызстандын территориясында жашаган сактар өздөрүнүн материалдык маданиятынын эң бай үлгүлөрүн калтырып кетишкен. Музейдин экспонаттарынын ичинде сактардын курал-жарактарынын эң сонун жасалган үлгүлөрү — канжарлар, найзанын учтуктары, жаалар, ошондой эле ээр-токум, жүгөн-куюшкан, үйгө жана иштөөгө керектүү буюмдар бар. Ысык-Көл өрөөнүнөн табылган эң сейрек учурай турган колодон жасалган чыракты музейден көрүүгө болот. Ошол байыркы замандын калкы колодон гана эмес, темирден да түрдүү буюмдарды жасашкан. Бул жөнүндө курал-жарактардын жана табынуу-сыйынуу буюмдарынын үлгүлөрү күбө болот.

Коргондорду казган кезде табылган жана Тарыхый музейдин

фондуларына кеңири коюлган буюмдар биздин эранын III кылымында Кыргызстандын территориясында жашаган калктын кесиптери, маданияты, коомдук түзүлүшү жөнүндө ар тараптан түшүнүк берет. Чоподон жасалган идиштер жана жип ийрүүчү аспаптар, жыгач чөйчөктөр менен чаралар, жаанын темирден жасалган учтуктары, колодон иштелген кооздук буюмдары, күмүштөн жана алтындан жасалган буюмдар байыркы өткөн заманды элестетип турат. Ушул экспонаттарга карап биз өзүбүздүн байыркы ата-бабаларыбыздын кандай жашашканын жетишерлик түрдө ачык элестете алабыз.

Кыргыз элинин тарыхынын эң сонун мезгилине — акыркы жарым кылымга, Совет бийлигинин жылдарына арналган музейдин фондулары абдан мол жана маанилүү. Булар — Кыргызстанда Октябрь революциясын даярдоо жана өткөрүү жөнүндөгү, эл чарбасын калыбына келтирүү жана кайра куруу жөнүндөгү, социализмди кеңири өрчүтүп куруу жөнүндөгү, Ата мекендик согуш жана коммунизмди куруу жөнүндөгү, кыргыз элинин экономиканы жана маданиятты өнүктүрүүдөгү эбегейсиз зор ийгиликтери жөнүндөгү материалдар. Бул экспозиция В. И. Лениндин Коммунисттик партия менен Совет мамлекетин түзүүдөгү ролун, лениндик улут саясаттын улуу маанисин ачып көрсөтөт.

Тарыхый музей — республиканын эң чоң маданий-агартуу жана илимий мекемелеринин бири болуп саналат.

Кыргызстандын мамлекеттик сүрөт тартуу искусствосу музейинин запас жайларында жана экспозицияларында чет өлкөлүк жана орус классиктеринин, советтик художниктердин, ошонун ичинде кыргыз художниктеринин да тарткан көп сандаган сүрөттөрү, эл чыгармачылыгынын сейрек учурай турган буюмдары бар. Музейдин өсүшү, аны Советтик Кыргызстандын маданиятынын ири борборуна айландыруу профессионалдык сүрөт тартуу искусствосунун көп түрдүү жанрларын кыйшаюусуз өнүктүрүү менен кошо жүрүп жатат, ал эми сүрөт тартуу искусствосуна Улуу Октябрь революциясы жеңгенден кийин, кыргыз эли социализмдин жолуна түшкөн мезгилде негиз салынган.

Кыргызстанда революцияга чейин эле бетине өрнөк салынган килемдерди, түрдүү кийиздерди, булгаарыга түшүрүлгөн оймолорду, жыгачка жасалган оюуларды, металлдан жасалган кооз буюмдарды жана кол өнөрчүлүктүн башка чыгармаларын жасоо кеңири тараган. Кол өнөрчүлүктүн көп үлгүлөрү кыргыздын улуттук тиричилик искусствосунун көркөмдүк деңгелинин жогору болушуна күбө. Бирок, ал кезде кыргыз элинин живописи болгон эмес жана боло да албайт эле. Бул, биринчиден, элдин экономикалык жана маданий жактан артта калгандыгы менен, экинчиден — жандуу нерселердин сүрөтүн тартууга исламдын тыюу салган законодору менен шартталган. Курандын суннеттик туюндурууларынын биринде мындай деп айтылган: «Кудай мени үч түрдүү адамдарды: кекирейип бой көтөргөндөрдү, бир нече кудайга сыйынуучуларды жана живописчилерди жок кыл-

гын деп жиберген. Господиндердин же адамдын... сүрөтүн тартуудан сак болгула».

СССРдин эл художниги Гапар Айтиев бир жолу: мен он үч жашар кезимде көчөнүн топурагын цементке жууруп, ошондон жети баштуу жез кемпир жомогунун персонажынын фигураларын жасаган элем, дейт. Айылдын молдосу баланын ушул биринчи чыгармасын сындырып таштайт да, өзүн динсиз капыр деп айыптайт. Революцияга чейин бүткүл Пишпекте вывеска жаза турган Подхапов деген бир гана сүрөтчү болгон экен. СССРдин болочок эл художниги, он жаштагы Семен Афанасьевич Чуйков шакирт болуу үчүн ошол художникке барса, ал мындай деп айтыптыр: «Балам, сен сүрөтчү болом деп ойлобо, бул жерге искусствонун кереги жок жана аны эч ким эч качан түшүнбөйт». Революцияга чейинки заманда ушундай болгон эле.

Улуу Октябрь өлкөнүн бардык элдеринин чыгармачылык күчтөрүн жана таланттарын көрсөтүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүк ачып берди. Советтик түзүлүш, ленининдик улут саясаты элдердин мазмуну социалисттик, формасы улуттук маданиятын өнүктүрүүнүн эң башкы негизи болду. Сүрөт тартуу искусствосун өнүктүрүүдө кыргыз эли советтик элдердин бир туугандык досчулугуна, советтик турмушка бекем сиңген пролетардык интернационализмдин духуна таянат.

Кыргыздын сүрөт тартуу искусствосунун пайда болушу жана ийгиликтери азыркы кездеги советтик живопись менен, баарыдан мурда орустун живописи менен, анын көп кылымдардан берки традициялары жана революциялык идеалдары менен тыгыз байланышкан, орус живописи кыргыз искусствосунун башкы мектеби болду.

1920-жылы Пишпекке келген орус художниги В. В. Образцов Кыргызстандын профессионалдык живописинин негиздөөчүлөрүнүн бири болду. Келгенине эки жыл өтөрү менен эле ал Кыргызстанда биринчи жолу жаштар үчүн сүрөт тартуу студиясын уюштурат. Ырас, бул студия узак жашаган жок. Бирок, студиянын тажрыйбасынын негизинде художник Кыргыз педагогика техникумунда көркөмдүк шыгы бар студенттерден сүрөт тартуу искусствосунун кружогун уюштурат. Кийинчерээк белгилүү художниктерден болуп чыккан кээ бир жаштар да ушул кружокто окушкан. Образцовдун өзү көркөм чыгармаларды түзүү жагынан көп иштеген. Азыр Кыргызстандын сүрөт тартуу искусствосунун мамлекеттик музейинде анын он бештей картинасы, этюддары жана сүрөттөрү, ошону менен бирге ошол кезде газеталарга жана китептерге басылып чыккан көптөгөн гравюралары сакталып турат.

С. А. Чуйков кыргыздын сүрөт тартуу искусствосун өнүктүрүүгө өзүнүн эмгегин жана талантын көп сарп кылган адам. Ал Пишпекте туулган, жаш кезинен эле художник болууну каалаган, өзүнүн туулуп-өскөн крайы жөнүндө, кыргыз элинин турмушу жөнүндө сүрөт тарткысы келген. Өзүнүн ушул тилегин турмушка ашыруу үчүн С. А. Чуйков 20-жылдарда Москвага окууга барат. Ар жылы жайында ал өзүнүн туулуп-өскөн жерине келип, материал жыйнайт, карти-

наларды, этюддарды тартат. 1927-жылы «СССР элдеринин искусствосу» деген Бүткүл союздук көркөм көргөзмөгө катышуу үчүн ушул материалдар художникке мүмкүнчүлүк берет. Анын бүт чыгармачылык иш аракети Кыргызстан менен тыгыз байланышкан. Кыргыз элинин турмушу, анын прогресси жана гүлдөшү — художниктин чыгармачылыгынын борбордук темасы болуп калат. Художниктердин улуттук кадрларын даярдоо ишинде да А. С. Чуйковдун сиңирген эмгеги абдан зор. Гапар Айтиев менен Сабырбек Акылбеков сыяктуу кыргыздын чебер ири художниктерин Москвадагы 1905-жылдын эстелиги атындагы көркөм училищеге кирүүгө даярдаган да ушул Чуйков.

Орустун ушул эки художнигин кыргыздын профессионалдык сүрөт искусствосуна негиз салган адамдар деп апыртпай эле айтсак болот. Бирок, Чуйков менен Образцов жалгыз болушкан эмес. Кыргызстанда 20-жылдарда жана 30-жылдардын башында Касаткин, Микрелов, Солдатов жана башка орус художниктери иштешкен. 1920-жылы Фрунзеге көркөм Академияны ийгиликтүү бүтүрүп Г. А. Петров келген. Ал бир нече жыл театрда иштейт, бир катар спектаклдерди, ошонун ичинде ал жылдары жаңыдан гана чыга баштаган кыргыз драматургиясынын пьесаларын жасалгалайт, Кыргызстандын көрүнүктүү адамдарынын портреттерин тартат, анын пейзаждарын жазат, Образцов менен биргелешип кыргыз тилинде чыккан китептерди кооздойт, кыргыздын эл чыгармачылыгынын эң сонун эстелиги болгон «Манас» эпосун иллюстрациялоо үчүн материалдар жыйнайт, орнаменттердин сүрөтүн тартат, Кыргызстанда жашаган калктын маданияты менен турмушун иликтейт. Улуттук үрп-адаттарга, тиричилик өзгөчөлүктөрүнө, кийим-кечеге, орнаментке, элдик ремеслого, фольклорго кызыгуу художниктерди жыйноочулук иштерди тырышчаактык менен жүргүзүүгө шыктандырган.

1932-жылы 23-апрелде ВКП(б) Борбордук Комитети «Адабий-көркөм уюмдарды кайра куруу жөнүндө» токтом кабыл алат, бул токтом СССР элдеринин мазмуну социалисттик, формасы улуттук искусствосун өнүктүрүү үчүн күрөшүүдө, искусствонун ишмерлерин социалисттик курулуштун милдеттеринен алагды кылуу максатында буржуазиячыл-улутчулдардын жасаган аракеттерине каршы күрөшүүдө маанилүү роль ойногон. 1933-жылы 11-ноябрда Кыргызстандын художниктер Союзунун Уюштуруу комитетин түзүү жөнүндө токтом кабыл алынат, анын председатели болуп С. А. Чуйков бекитилет. Уюштуруу комитетинин алдына: республикада иштеген художниктердин иштерин бириктирүү жана координациялоо, элдик таланттарды табуу, улуттук көркөм кадрларды даярдоону уюштуруу, эмгекчилерди жана окуучу жаштарды эстетикалык жактан тарбиялоо ишин жүргүзүү милдеттери коюлган. Уюштуруу комитети өзүнүн алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн көп күч-аракет жумшады. Республиканын райондорунда бир нече көркөм кружоктор уюштурулуп, аларга таланттуу жаштар тартылган. Тубаса художниктердин чыгармачылыгы да ар тараптан колдоого алынып турган.

Улуттук көркөм кадрларды даярдоодо, жаштарды сүрөт тартуу искусствосунун өнөрүнө тартууда, аларды эстетикалык жактан тарбиялоодо ВКП(б) Кыргыз обкому, маданият жана агартуу органдары калкты көркөм чыгармалар менен тааныштыруу ишине абдан зор маани беришкен. Ушул максат менен партиянын Кыргыз обкому 1934-жылы 7-августта токтом кабыл алат, анда, атап айтканда, мындай деп жазылган: «Фрунзе шаарында көркөм галерея уюштурулсун... Сүрөт тартуу искусствосунун улуттук кадрларын даярдоо максатында галереянын алдында көркөм студия ачылсын».

Фрунзе шаарында картина галереясын ачууга РСФСРдин агартуу Эл Комиссариатынын Мамлекеттик Третьяковка галереясы менен музей фондусу чоң жардам көрсөтүшкөн. 1934-жылы алардан 72 картина — Д. Г. Левицкийдин, В. А. Тропининдин, И. И. Левитандын, В. Д. Поленовдун, И. Е. Репиндин, В. В. Верещагиндин жана башка орус художниктеринин картиналары алынып келинген. Кыргыздын жаңыдан гана көз ачкан профессионалдык искусствосунун художниктеринин республикалык 1-көркөм көргөзмөгө коюлган эмгектери да ушул галереяга сатып алынган.

Дубовый парктагы мурдагы чиркөөнүн үйүндө 1934-жылы 8-ноябрда картина галереясы ачылды. Орус искусствосунун классиктеринин сүрөттөрүнөн тышкары, советтик авторлордун да живописинин, графигинин жана скульптурасынын 200дөн ашык чыгармалары экспозицияга киргизилди. Алардын ичинде С. А. Чуйковдун, В. В. Образцовдун, А. И. Игнатьевдин, Л. Л. Касаткиндин, кыргыз художниктеринен: Г. Айтиевдин, С. Акылбековдун жана башкалардын эмгектери бар.

Картина галереясынын ачылышы Кыргызстандын маданий турмушундагы зор окуя болду. Анын экспонаттары менен Фрунзе шаарынын калкы гана таанышпастан, буга чейин эч качан болбогон сүрөт тартуу искусствосунун чыгармаларын көрүү үчүн атайы райондордон келген малчылар да, дыйкандар да таанышты. Бул — чыныгы элдик майрам болду. Кыргыздын сүрөт тартуу искусствосунун мамлекеттик музейи мына ушинтип уюштурулган.

Бир тууган элдердин өкүлдөрү кыргыздын сүрөт искусствосун өнүктүрүүгө кийинки жылдарда да зор жардам көрсөтүштү. Венгер искусствосунун ишмерлери Бела Уитц менен Ласло Мессароштун 1936-жылы Кыргызстанга келиши зор мааниге ээ болду. 1937—1938-жылдарда Бела Уитц жана анын жолдоштору Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун азыркы үйүнүн заседание залын фреска (суу боёк) менен кооздоп жазып чыгышкан. Кыргызстандын монументалдуу живописине ошолор негиз салышкан деп айтууга болот. Бул залда кыргыздын традициялуу элдик искусствосунун азыркы кездеги архитектуралык формалар менен абдан ийгиликтүү айкалышканы көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө тартат, мында кыргыздын орнаменти менен сюжеттик композиция архитектуралык деталдарга кошулуп бирдиктүү ритмди түзөт. Кийинчерээк Мамлекеттик академиялык опера

жана балет театрын коoздогон кезде алардын ушул жакшы тажрыйбасын кыргыз художниктери белгилүү даражада пайдаланышты.

Скульптор Ласло Мессарош республиканын өкмөт Үйүнүн алдындагы аянттын долбоорунун автору болгон, ал колхозчулардын, шахтёрлордун, студенттердин бир катар портреттерин тарткан, Орто Азияда биринчи жолу скульптуралык студия уюштурган. Бела Уицтин жана Ласло Мессароштун жемиштүү чыгармачылык иштери кыргыз искусствосун мындан ары өнүктүрүүгө жардам кылган.

30-жылдардын аягында живописчилерден жана скульпторлордон Кыргызстанга А. Михалев, Л. Ильина, О. Мануйлова, И. Гальченко, А. Сгибнев жана башкалар келишти.

Республиканын көркөм чеберлеринин коллективи Фрунзенин көркөм училищесин, Москванын, Ленинграддын, Ташкенттин жана башка шаарлардын көркөм вуздарын бүтүргөн жаштар менен толукталат. Алар: К. Керимбеков, А. Усубалиев, Ж. Кожакматов, А. Даиров, К. Аманкожоев, Т. Садыков, Д. Үметов жана башкалар.

Тарыхый кыска мөөнөт ичинде живописчилердин зор отряды өсүп чыкты. Кыргызстандын 1934-жылы түзүлгөн художниктер Союзунда сүрөт тартуу искусствосунун таланттуу 70 ишмери бар, алардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз элинин өкүлдөрү. Булардын арасынан СССРдин жана Кыргыз ССРинин эл художниктери жана искусствонун эмгек сиңирген ишмерлери деген жогорку наамдарга Г. А. Айтиев, С. А. Чуйков, О. М. Мануйлова, С. М. Акылбеков, А. В. Арефьев жана башкалар татыктуу болушкан. Жаңы, алдыңкы катардагы советтик сүрөт искусствосу — өзүнүн жанрынын түрлөрү боюнча, художниктеринин аткаруучулук техникасы менен чыгармачылык жекечелигинин мүнөзү боюнча өтө ар түрдүү жана бай.

Кыргызстандын художниктери республикалар ортосундагы, бүткүл союздук жана эл аралык көргөзмөлөргө активдүү катышышат. 60-жылдардын аягында алардын эмгектери Чехословакияда, Польшада, ГДРде, Камбоджада, Японияда жана башка өлкөлөрдө көргөзмөгө коюлган. Монреалдагы эл аралык «Экспо-67» көргөзмөсүнө Г. Айтиев, С. Акылбеков, С. Чуйков, К. Аманкожоев, С. Ишенов, Л. Ильина, А. Михалев, Д. Үметов, М. Өмүркулов, Т. Садыков жана Кыргызстандын башка искусство ишмерлери катышты.

Сүрөт тартуу искусствосу музейинин коллекциялары көбүнчө кыргыз художниктеринин чыгармалары менен улам толукталып турат. Социалисттик курулуштун жүрүшүндө мурда искусствонун профессионалдык формаларын билбеген элде тарыхый кыска мөөнөт ичинде өзүнүн чеберлеринин кантип чыкканын, СССР элдеринин искусствосун өнүктүрүүнүн жалпы биримдигинде улуттук мектептин кандайча түзүлгөнүн жана анын спецификалык өзгөчөлүктөрү кандай экенин ушул чыгармаларга карап билүүгө болот. Бул жагынан алганда кыргыз художниктеринин музейде топтолгон эмгектеринин коллекциясы көркөмдүк, илимий жана саясий жактан эң зор байлык болуп саналат. Эмгекчилерге, айрыкча өсүп келе жаткан жаш муундарга коммунисттик тарбия берүүдө бул коллекциянын мааниси абдан зор.

60-жылдарда сатып алынган картиналардын ичинен орус искусствосунун XIX кылымдагы — XX кылымдын башындагы чыгармалары абдан баалуу. Алардын арасында К. Брюлловдун, А. Ивановдун, В. Суриковдун, В. Серовдун, К. Юондун, К. Коровиндин, Б. Кустодиевдин, П. Кузнецовдун тарткан сүрөттөрү бар. Советтик доор бөлүмү бардык союздук республикалардын художниктеринин, ошонун ичинде П. Кончаловскийдин, С. Герасимовдун, В. Бакшеевдин, И. Грабардын, А. Рыловдун жана башкалардын живопистик жана графикалык чыгармалары менен толукталган. Музейде бир нече жылдын ичинде Кыргызстандын, Россия Федерациясынын, Өзбекстандын, Казакстандын, Түркмөнстандын, Эстониянын, Молдавиянын, Латвиянын жана башка бир тууган республикалардын художниктеринин чыгармаларынын 25 көргөзмөсү уюштурулган.

Кыргызстандын сүрөт искусствосунун мамлекеттик музейинин запас жайларында жана экспозицияларында живопистин, графиканын, скульптуранын жана прикладдык искусствонун 4 миңге жакын чыгармасы бар. Алардын ичинен 2100 дөн ашыгы кыргыз художниктеринин чыгармалары. 1965—1969-жылдардын ичинде музейге 200 миң адам келип-кеткен, бир нече жүздөгөн экскурсиялар менен лекциялар өткөрүлгөн, көчмө көргөзмөлөр уюштурулган. 1968—1969-жылдарда гана Кыргызстандын калк жашаган 24 пунктунда ушундай көргөзмөлөр уюштурулган. Искусствого кызыгуу абдан күчтүү болгондуктан, Ош областындагы Таширов атындагы, Талас районундагы «Красная заря» колхоздору да өздөрүнүн чакан музейлерин уюштурушкан. Сүрөт искусствосу шаардын гана эмес, ал жөнүндө мурда эч кандай түшүнүгү болбогон алыскы жерлердин да калкынын эң зарыл керектөөсү болуп калды.

### 6. ТЕАТРЛАР ЖАНА КИНОЛОР

Кыргыз эли өзүнүн оозеки поэзиялык чыгармасынын туу чокусу болгон «Манас» баатырдык эпосунун өтө бай жана ар түрдүү экендиги менен сыймыктанууга акылуу. Бул — чынында да кыргыздардын көп кылымдардан берки турмушунун, күрөшүнүн жана эмгегинин энциклопедиясы. Кыргыз элинин бардык катмарларынын рухий турмушунун ар түрдүү жактары ушул эпосто чагылдырылып көрсөтүлгөн. «Манас» — эл ырчыларынын көптөгөн муундарынын чыгарган жемиши. Ал ырчылардын кээ биреөлөрү эмгекчилердин рухий дүйнөсүн жактап ырдашса, экинчилери — хандардын үйүн мактап ырдашкан, бирок алардын экөө тең ушул алп жомокто өздөрүнүн изин калтырышкан.

Революцияга чейин Кыргызстанда театрлар, оркестрлер, хорлор, ансамблдер болгон эмес. Тубаса искусствонун бирден-бир өнөрпоздору — төкмө акындар, элдик эпосту айтуучулар болушкан. Бирок, эл чыгармачылыгында — мейли оюндарда же үрп-адаттарда болсун, мейли манасчынын айткандарында же акындын ырларында болсун—

бардык жерде театралдыктын элементтери ачык-айкын көрүнөт. Бирок, революцияга чейинки шарттарда бир кыйла өнүккөн формаларга өсүп чыгуу үчүн алардын мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Эзилген элдерге чыныгы эркиндикти алып келген Улуу Октябрь гана аларга театр искусствосунун эшигин кеңири ачкан.

Кыргыз театрын уюштуруу абдан зор кыйынчылыктар менен өткөн, Советтик Кыргызстанга өткөн замандан бир дагы уюшулган чыгармачылык коллектив мураска калган эмес, кыргыз тилинде бир дагы пьеса болгон эмес.

1926-жылы жазында Фрунзеде улут театрын ачуу жөнүндөгү маселе боюнча партиялык жана советтик коомчулуктун биринчи кеңешмелери болуп өткөн. Ошол эле жылы ВКП(б) Кыргыз обкому сахна ишмерлерин даярдоо үчүн улуттук студияны ачуу жөнүндө токтом кабыл алган, анан күзүндө студиянын окуусу башталган. 1926-жылдын 2-ноябры — Кыргызстанда профессионалдык театрдын ачылган күнү деп айтылып жүрөт, анткени, студия кадрларды даярдоо менен гана чектелбестен, улуттук көрүүчүгө спектаклдерди да коюп, социализмдин, жаңы турмуштун жана тиричиликтин идеяларын советтик түзүлүштүн негиздеринде пропагандалоого да тийиш эле.

«Молдо Насирдин» деген биринчи спектаклди студия 1927-жылы жазында койгон. Кыргыздын улуттук драматургиясы — ошол эле жылы күзүндө коюлган М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» пьесасынан башталат. Андан кийинки жылдарда К. Жантөшевдин кыргыз аялдарын азаттыкка чыгарууга арналган «Карачач» пьесасы да. «Кайгылуу Какей» сыяктуу эле, абдан зор ийгилик менен өткөн. Бул пьесалардын экөө тең революциядан мурдагы замандын күндөрүн сүрөттөп көрсөткөнүнө карабастан, аларды көрүүчүлөр азыркы кездеги турмуштун кичинекей бир үзүмү деп кабыл алышкан, анткени, ушул пьесалар каршы күрөш жүргүзүп жаткан тиричилик шарттары айылдарда али да бар болуучу.

1927-жылы Фрунзеде ачылган Орус драма театры кыргыздын улуттук сахна искусствосунун өнүгүшүнө зор таасир көрсөткөн.

Кыргыздын улуттук театрынын коллективи студия кезинде эле орустун классикалык жана советтик драматургиясынын пьесаларын коё баштаган. 1929—1930-жылдары Гогольдун «Текшерүүчүсү», Островскийдин «Жок жерден жолдуу болду», Фурмановдун «Козголоң» пьесалары коюлат.

Студиянын биринчи тарбиялануучуларынын ичинде Кыргыз ССРинин келечектеги эл артисттери А. Боталиев, А. Куттубаев, А. Куттубаева жана башка негизги ролду аткаруучулар болушкан.

Студиянын жетишкен бир кыйла чоң ийгиликтери 1930-жылы аны Кыргыз мамлекеттик драма театры кылып кайра түзүүгө мүмкүнчүлүк берген. Кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгында ырдын жана музыканын ачык-айкын традициялары болгондугуна негизденип, Кыргыз драма театры башынан эле музыкалык жанрга көбүрөөк ынак болгон. Театрдын сахнасында драма менен катар опералык спектаклдер да коюлган.



Мамлекеттик симфониялык оркестр.

1929-жылы Фрунзеде жаш көрүүчүлөрдүн театры ачылат, 1936-жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясы уюштурулат жана куурчак театры түзүлөт.

1936-жылы 17-январда ВКП(б) Кыргыз обкомунун бюросу «Кыргыз мамлекеттик театрынын 10 жылдык майрамын өткөрүү жөнүндө» токтом кабыл алат. Ушул юбилейге байланыштуу, Кыргыздын улуттук музыка театрын түзүүгө киришүү маселеси чечилет. Ушул максат менен, Москвадагы Ипполитов-Иванов атындагы музыкалык техникумдун алдында кыргыз жаштарынан балеттик, вокалдык жана музыкалык группалар жана Ленинграддагы техникумдун алдында балет группасы уюштурулат. Москвага барып окуу үчүн жаштардан дагы бир нече группа: Театр искусствосу институтунун режиссёр факультетине 5 адам, консерваториянын композитор бөлүмүнө 2 адам, бутафорлорду, чач тарачтарды, электр жарыгын берип туруучуларды, художниктерди, костюмерлерди, сахнанын машинисттерин жана ушул сыяктууларды даярдоо боюнча техникалык-көркөмдүк цехтердин окуучулары болуп Камералык театрга 10 адам жөнөтүлөт. Ошол эле токтом боюнча эл музыканттарын катыштыруу менен кыр-



Академиялык Кыргыз драма театры

гыздын мыкты комуз-кыяктарынан улуттук оркестрди уюштуруу каралган.

Репертуарды байытуу үчүн мыкты пьесаларды жазууга конкурс жарыялоо, ошону менен бирге Москвадан орус драматургдарын чакырууну практикалоо, республикада искусствонун өсүшүн көрсөткөн көргөзмөлөрдү уюштуруу Агартуу Эл Комиссариатына сунуш кылынган. Партиянын обкомунун токтомуна ылайык, драма театрын музыкалык театр кылып кайра куруу иши башталды. 1939-жылы ал кыргыздын Мамлекеттик музыкалык театры деп официалдуу наам алды.

Кыргыз искусствосунун 1939-жылы Москвада өткөн биринчи декадасы жаш театр үчүн чыгармачылык жетилгендиктин сыноосу болду. Бул декада улуттук театр искусствосунун эң сонун ийгиликтерин далилдеди, анда «Айчүрөк» операсы, «Ажал ордуна», «Алтын кыз» музыкалык драмалары коюлган жана концерттер берилген. Искусствону өнүктүрүүдө сиңирген эмгектери үчүн Кыргыз музыка театры эң жогорку өкмөттүк сыйлык — Ленин ордени менен, Кыргыз Мамлекеттик филармониясы —Эмгек Кызыл Туу ордени менен, адабияттын жана искусствонун 77 кызматкери — Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланышты.

Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарында Кыргызстандын театр искусствосунун кызматкерлери өздөрүнүн чыгармачы-



Кыргызстан Мамлекеттик опера жана балет театры.

лык эмгегин Родинаны коргоо ишине беришти. Кыргыз элинин өткөндөгү баатыр күндөрүнө арналган К. Жантөшевдин «Курманбек», К. Эшмамбетовдун «Сарынжы», А. Куттубаев менен К. Маликовдун «Жаңыл», О. Сарбагышевдин «Көкүл» деген пьесалары согуш жылдарынын репертуарынан бекем орун алды. А. Токомбаевдин «Ант», К. Жантөшевдин «Ким кантти», Р. Шүкүрбековдун «Өч» деген пьесаларын да ошол мезгилдин бир кыйла көрүнүктүү спектаклдеринин катарына кошуу керек, анткени, алар — советтик патриоттор жөнүндөгү, кыргыз элинин тылдагы жана фронттогу баатырдык иштери жөнүндөгү кишинин жүрөгүн толкундаткан спектаклдерден болуп саналат.

Кыргыздын профессионалдык театрын өнүктүрүүдөгү бул жаңы этап совет элинин башына түшкөн эң оор сыноолорго туш келди. Кыргыз драма театрын уюштуруу жөнүндөгү чечим Ата Мекендик согуш болор алдында — 1941-жылы 3-июнда кабыл алынган. Бирок, ошол жылдарда эле, фронт өлкөнүн көңүлүн өзүнө буруп, советтик адамдардын бардык күчү душманды талкалоого жумшалып жаткан кезде эле, партия менен өкмөт улуттук искусствону өнүктүрүү жөнүндө кам көрүүнү зарыл деп табышкан.

Кыргыз Мамлекеттик драма театрынын сахнасы трибунага ай-



Фрунзедеги орус драма театры.

ланып, андан коммунизмдин улуу идеялары көрүүчүлөрдүн аң-сезимине жеткирилип турган, ошону менен бирге бул сахна театр искусствосунун көп ишмерлери үчүн актёрдук чеберчиликтин да мектеби болду. Жаңыдан түзүлгөн Орус драма театрынын труппасы актёрдук чеберчиликти үйрөнүүдө өздөрүнүн кыргыз жолдошторуна көп жардам кылган. Москвадагы театр искусствосу институтун бүтүрүп, 1935-жылы эле Фрунзеге келишкен В. А. Орловдун окуучулары ушул труппанын уюткусу болду. Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвадагы декадасы ийгиликтүү өткөндөн кийин, жогорку көркөмдүк чеберчиликке жетишкендиги үчүн жана эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүү ишинде элге сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз драма театры 1958-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды.

Ал эми согуш жылдарында музыка театры Кыргыздын мамлекеттик Ленин ордендүү опера жана балет театры болуп уюштурулду. Анын себеби: «Айчүрөк» операсынан кийин, бул театр опералык жана балеттик спектаклдерди ийгиликтүү коё баштайт («Токтогул», «Евгений Онегин», «Анар», «Күнүлөштөр» жана башкалар) жана анын репертуардык пландары искусствонун ушул түрлөрүнүн мындан ары өнүгүшүн камсыз кылат.

Азыркы убакта республикада беш театр жана бир филармония иштейт. Улуттук чыныгы чыгармалар менен катар, дүйнөлүк мада-




«Россия» кинотеатры

нияттын: «Евгений Онегин», Князь Игорь», «Риголетто», «Кармен», «Фауст», «Ак куу көлү», «Ромео жана Джульетта», «Корсар», «Раймонда», «Отелло», «Король Лир», «Жүзүкаралык жана сүйүү», «Текшерүүчү», «Добул», «Егор Булычев жана башкалар», «Любовь Яровая», «Мылтыкчан киши» сыяктуу жана башка толуп жаткан эң мыкты чыгармалары да кыргыз көрүүчүлөрүнүн кенчи болуп калды.

Жаңы адамдын — биздин замандашыбыздын образы улуттук драматургиянын көңүлүнүн борборунда турат. Театрлардын репертуарынын идеялык-көркөмдүк жалпы деңгелин, ошону менен бирге кыргыз актерлорунун сахналык чеберчилигин жогорулатууда анын ролу чоң. Кийинки жылдарда коюлган бир кыйла көрүнүктүү спектаклдердин арасынан К. Маликовдун «Бийик жерде», К. Жантөшевдин «Каныбек», А. Токомбаевдин «Тергөө жүрүп жатат». Т. Абдымомуновдун «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт», Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» деген пьесаларын, Лениндик сыйлыктын лауреаты Чынгыз Айтматовдун — «Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Биринчи мугалим», «Кызыл жоолук жалжалым» деген сахналаштырылган чыгармаларын атап өтсөк жетишет. Булардын кээ бирлери кыргыз театрларынын сахнасында гана эмес, өлкөнүн көп шаарларындагы жана Советтер Союзунун борбор шаарындагы театрлардын да сахналарында абдан ийгиликтүү жүрүп жатат.

Социалисттик реализм кыргыз театрынын даңгыр жолу болуп калды, ошондуктан, социалисттик реализм өзүнүн биринчи кадам шилтегенинен тартып эле театрдын ишинин, анын изденүүлөрүнүн жемиштүү болуп чыгышын аныктады. Азыркы кездеги кыргыз спектаклинин улуттук болгон себеби: ал өз элинин үмүтүн, тилегин көрсөтөт, адамдын тиричилик чөйрөсүн жана анын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн билдирет, бирок ошол эле убактын өзүндө бул спектакль интернационалдык да болуп саналат, анткени, ал, адамдардын маданиятынын мурда болуп көрбөгөн түрдө өсүшүнө, башка элдердин турмуш тажрыйбасын алардын кеңири таанып-билишине далил болот, коммунисттик коомду курууда биргелешип күрөшүүнүн милдеттери менен максаттарынын жалпылыгын билдирет.

Совет бийлигинин жылдары ичинде кыргыз театры маданий-агартуучулук зор күчкө айланып, ал массаларга күн сайын прогрессивдүү идеяларды жана адамдын көңүлүн көтөрө турган асыл сезимдерди жеткирип турат. Мурда өзүнүн эч кандай традициялары болбогон кыргыз театры жарым кылымга жетпеген убакыттын ичинде ушунчалык өркүндөп-өсүп чыкты, натыйжада аны Москванын өтө таланттуу жана назик көрүүчүлөрү да куттуктай башташты. Кыргызстандын борбор шаарынын театрларында СССРдин 6 эл артисти, Кыргыз ССРинин 33 эл артисти жана эмгек сиңирген 52 артисти, эмгек сиңирген 17 ишмери жемиштүү иштеп жатышат.

Көрүүчүлөр Кыргызстандын театрларын абдан жакшы көрүшөт. Бул жөнүндө оюн көрүүгө келген адамдардын саны жөнүндөгү маалыматтар айтып берет: эгерде 1950-жылы республиканын театрларынан 599 миң адам оюн көргөн болсо, 1968-жылы 1 миллион 135 миң адам, ошонун ичинде Фрунзе шаарында 867 миң адам оюн көргөн.

Республиканын өкмөтү театр коллективдеринин ишинин идеялык-көркөм деңгелин жогору көтөрүү жөнүндө жана театрлардын материалдык базасын системалуу түрдө чыңдоо жөнүндө дайыма кам көрөт. Мисалы, опера жана балет театрынын 500 гө жакын адамдан турган (анын 250 адамы чыгармачылык кызматкерлер) труппасынын миң орунга жакын көрүүчүлөр залы бар эң сонун имараты курулган. Кыргыз мамлекеттик драма театрынын жаңы имаратынын курулушу бүттү. Н. К. Крупская атындагы Орус драма театрынын имаратын кайрадан жаңыртып куруу аяктады.

Биз маданият курулушунун кандай гана участогун албайлы, бардык жерден дүркүрөгөн өсүштү көрөбүз. Советтик Кыргызстандын борбор шаарынын экономикасы менен маданияты гармониялык түрдө өнүгүп жатат.

Улуу Ленин бардык искусствонун ичинен биз үчүн эң маанилүүсү кино, деп айткан. Совет бийлигинин жылдары ичинде Фрунзе шаарында кинотеатрлар көп курулду, алардын ичинде техниканын эң акыркы жетишкендиктери менен жабдылган «Октябрь», «Ысык-Көл», «Россия», «Манас» сыяктуу жана башка кинотеатрлар бар. 1969-жылы 10 миллионго жакын адам алардан кинофильмдерди көрүшкөн,



Шаардын түштүк-чыгыш жагындагы жаңы райондордун бириндеги турак үйлөр



**Совет көчөсү**

шаарда жашаган ар бир адам орто эсеп менен 25 жолу фильм көргөн. Бул көрсөткүч капиталисттик өлкөлөрдүн көп шаарларынан алда канча жогору.

Клуб мекемелеринин жана маданият дворецтеринин саны жыл сайын өсүп жатат. Аларда өздүк көркөм чыгармачылыктын ондогон ар түрдүү ийримдери иштеп, аларга миңдеген эмгекчилер катышат.

## 7. БАСМА СӨЗ

1924-жылдын 7-ноябры — кыргыз жазма адабиятынын төрөлгөн күнү болуп эсептелет. Бул күнү кыргыз тилинде «Эркин тоо» газетасынын биринчи саны чыккан. Анан эки жыл өткөндөн кийин, Фрунзеде кыргыз тилинде биринчи китеп чыккан.

Маданияттын тарыхында кырк-элүү жыл деген анчалык чоң мөөнөт эмес. Бирок, ушул убактын ичинде кыргыз элинин көп кылымдардан берки бүткүл мурдагы тарыхында болбогон жана боло да албаган көп нерселер иштелди.

Атактуу филолог, академик К. К. Юдахин: «Кыргыз тили 1923-жылдан бери гана адабий турмуш менен жашай баштады»,— дейт. Кыргыздар беш жыл чамасында, 1923-жылдан 1928-жылга чейин өзгөртүлгөн араб алфавитинен пайдаланып келишкен, анан латындаштырылган алфавитке өтүшкөн, ал эми бир канча убакыттан кийин латын алфавитин орус алфавити менен алмаштырышкан. Ушул реформалардын бардыгы жогортон таңууланбастан, турмуштун өзүнөн, социалисттик курулуштун практикасынан келип чыккан. Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдери сыяктуу эле, кыргыз эли да араб алфавитин анча кабыл кылбады, анткени, анын татаалдыгы кат таанууну кыйындатты. Араб алфавитинен пайдалана билген адамдар абдан аз болгон, ошондуктан араб алфавити башкы милдеттердин бирин — калктын сабатсыздыгын тез жоюуну чечүүгө көмөк көрсөтө албады.

Латын графигинин негизинде түзүлгөн жазуу да ылайыксыз болуп чыкты. Латын алфавити 12 жылдын ичинде начар өздөштүрүлүп, элге кеңири тарай алган жок.

Эмгекчилер оңой жана тез өздөштүрө турган, алардын маданий деңгелин жогорулатууга жардам бере турган жазууну түзүү керек болду. Советтик Чыгыштын башка элдери сыяктуу эле, кыргыз элине да бүткүл дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктери менен тезирээк аралашып, өлкөбүздүн бир тууган башка элдери менен экономикалык жана маданий карым-катыш жасоону чыңдоо зарыл эле. Ушул милдетти ийгиликтүү чечүүгө орус графигинин негизинде түзүлгөн жазуу абдан жакшы жардам кылмак эле. 1940—1941-жылдары советтик Чыгыштын башка республикалары сыяктуу эле, Кыргызстанда да латын алфавити орус алфавити менен алмаштырылды. Бул маселе кыргыз элинин арасында кеңири талкууланып, андан толук жана

кызуу колдоо алган. Бул — элдин өзү терең сезип билген тарыхый зарылдык болуп, анын эң сонун жемиштерди бергенин турмуш көрсөттү.

Ошентип, орус графигинин негизинде түзүлгөн кыргыз жазуусунун анча узакка созулбаган тарыхы бар. Бирок, ушул убакыттын ичинде ал эң зор ийгиликтерге жетишти. Кыргыз тили адабий тил болуп калды. Ушун үчүн ал, баарыдан мурда, кыргыз тилин өлчөөсүз байыткан жана мындан ары да байыта турган орус тилине милдеттүү. Орус тили аркылуу кыргыз тилине миңдеген жаңы сөздөр жана терминдер кирди.

Өндүрүштүн, техниканын жана илимдин ар түрдүү тармактарында колдонулуп жүргөн бардык терминдер өздөрүнүн теги боюнча негизинен интернационалдык,— деп белгилеген академик Б. Жунусалиев,— ал терминдерди кыргыздар орустардан жана алардын тилинен алышкан. Кыргыз элинин революциядан кийинки жылдарда орустардан алган жана алып жаткан, анын материалдык жана рухий турмушунун чөйрөсүндөгү өзгөрүштөрдү көрсөтүп жаткан сөздөрдүн бардыгы кыргыздын азыркы адабий тилинин сөздүк составынын активдүү запасына кирет. Бирок орус тилинин таасирин лексиканын кириши менен гана чектөө натуура болор эле. Орус тилинин таасири алда канча терең сиңип, элдин психологиясын, үй тиричилигин, искусство чеберлеринин манерасын да козгойт... Кыргыздын жазма тилин түзүүдө жана аны андан ары өнүктүрүүдө, анын фонетикалык составын аныктоодо, мындан ар түрдүү стилдердин келип чыгышында, анын грамматикасын мындан ары өркүндөтүүдө жана асыресе, анын синтаксисин өркүндөтүүдө, анын орфографиялык жана орфоэпиялык нормаларын иштеп чыгууда орус тили абдан зор роль ойноду жана ойномокчу. Жалпы белгилери адабий тилдин негизин түзгөн кыргыздын бардык диалекттерине таандык тыбыштар гана эмес, ошону менен бирге орус тилинен алынган тыбыштар да, сөздөрү менен кошо, кыргыздын жазма тилинин фонетикалык составына кирет. Экинчи эне тилибиз болуп калган жана улуу орус эли менен жакындашуунун маанилүү фактору болгон орус тилин бүткүл кыргыз элинин үйрөнүшү кыргыз тилине кирген жаңы тыбыштар менен жаңы лексиканы тез өздөштүрүүдө чоң роль ойноду.

Улуттар менен аралашуунун каражаты болгон дал ушул орус тили аркылуу кыргыздар биздин өлкөбүздүн бардык элдери менен туугандашып кетти. Бирок, орус тили — кыргыздар менен өзбектердин, украиндыктар менен литвалыктардын, молдавандар менен белорустардын жалпы тили болуу менен гана маселе, албетте, чектелбейт. Башка көп элдер сыяктуу эле, кыргыз элинин да бүткүл маданий өнүгүшүндө орус тили чынында эле революциялык роль ойногон жана мындан ары да ойномокчу, маселе — мына ушунда.

Чынында да кээ бир гана фактыларды эске түшүрсөк жетишет. Кыргыз эли орус тили аркылуу орус маданиятынын гана эмес, бүткүл дүйнөлүк цивилизациянын да эң зор жетишкендиктеринин даамын татты. Адам баласы түзгөн илимий, экономикалык, социалдык-саясий, анан калса көркөм адабияттын да эң мыкты чыгармалары кыргыз тилине орус тилинен которулган. Орусча окуп, өтө орчундуу чыгармаларды орусчадан кыргызчага которуп, биз өзүбүзгө билимдин эбегейсиз зор жана эң сонун дүйнөсүн ачтык. Дүйнөлүк маданияттын толуп жаткан улуу ысымдарын биз орус тили аркылуу билдик. Кыргыз эли Маркстин жана Лениндин улуу илимдерин орус

тилинен үйрөнгөн, Владимир Ильич Лениндин чыгармаларынын жана айрым эмгектеринин 150 тому кыргыз тилинде басылып чыкты, алардын жалпы тиражы 1 миллион 300 миң даана.

Кыргыздын көп томдуу советтик энциклопедиясын өз эне тилинде басып чыгарууга даярдык көрүү, улуттук адабияттын жаркырап-жайнап гүлдөшү сыяктуу фактылар да кыргыз тилинин дүркүрөп өнүккөндүгү жөнүндө далил болот. Кыргызстандын театр жанрынын сахналарында жергиликтүү драматургдардын чыгармалары менен катар, дүйнөлүк жана орус драматургиясынын классиктеринин орус тилинен кыргызчага которулган чыгармалары боюнча коюлган спектаклдер да жүрүп жатат.

Акырында, биздин республикабыз менен, биздин элибиз менен, анын көп кылымдардан берки тарыхы менен бүткүл дүйнө орус тили аркылуу гана тааныша алды. Баатырдык «Манас» эпосун—кыргыз элинин сыймыгын — биринчи жолу орус окумуштуулары жазып алышкан. Кыргыз адабиятынын эң мыкты чыгармалары бүткүл дүйнөгө орус тили аркылуу таанылды. Кыргыз жазуучуларынын жүздөгөн китептери 2 миллион даанадан ашык тираж менен орус тилинде чыкты.

Советтик адамдардын биримдигин начарлатуу үчүн жасаган өзүнүн аракеттеринде буржуазиялык пропаганда биздин өлкөбүздөгү тилдердин өз ара карым-катышы жөнүндө да ушак таратып жатат. Буржуазиялык фальсификаторлор,— Советтер Союзунун улут республикаларында орус тилин үйрөнүүгө калкты мажбурлашат, деп айтып жатышат.

1965-жылы мен СССР Жогорку Советинин парламенттик делегациясынын составында Түрк республикасына барып келген элем. Биз ар кыл кесипте иштеген жана ар кыл коомдук абалды ээлеген көп адамдар менен жолугуштук. Биз, ал адамдардын көбү биздин өлкөбүзгө жакшы караша турганын, Орто Азиянын элдеринин турмушуна абдан кызыга турганын көрдүк. Ошону менен бирге антикоммунизмдин идеологдору бул өлкөдө да биздин партиябыздын улут саясаты жөнүндө, СССР элдеринин улуттук тилин жана маданиятын өнүктүрүү жөнүндө кулак угуп, көз көрбөгөн калптарды таратып жатышканын биз өз көзүбүз менен көрүп ишендик. Ушулардын бардыгы, албетте, советтик Чыгыш республикаларындагы социалисттик курулуштун тажрыйбасын—колониализмден бошогон элдер үчүн эбегейсиз чоң мааниге ээ болгон тажрыйбаны жаман көрсөтүү үчүн иштелип жатат. Кээ бирөөлөрү бизге чыны менен эле, мисалы, мына мындай суроолорду: Орто Азиянын кыргыз, казак, өзбек, жана башка элдери орус тилин өз ыктыярлары менен үйрөнүп жатышабы? Алар латын алфавитинин негизинде түзүлгөн жазуудан катуу кысым астында баш тартыштыбы жана орус алфавитине кысым менен өтүштүбү? Бул элдердин улуттук тилдерин орус тили сүрүп чыгарган жери жокпу?— деген кеңкелес суроолорду беришет.

Биздин советтик реалдуу чындыгыбыз антикоммунизмдин идеологдорунун ушундай заардуу ушактарын жана калптарын чечкиндүү

түрдө төгүндөп, алардын таш-талканын чыгарды. Советтер Союзунда бардык тилдер тең укуктуу жана ошонун негизинде өнүгүп, бирин-бири байытып турат. Ушуну далилдөө үчүн жогоруда айтылгандарга кошумчалап, дагы кээ бир мисалдарды келтирели.

Эгерде улуттук тилдер кысымга алынып, аларды өнүктүрүү үчүн эч кандай кам көрүлбөгөн болсо, анда революцияга чейинки убакта али туташ сабатсыз болгон, ал турсун өзүнүн жазуусу да болбогон Кыргызстанда Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде жалпы тиражы 100 миллион даанадан көп 17 миңден ашык наамдагы китептер, ошонун ичинде 10525 наамдагы кыргыз китептери кайдан чыкты?

Республикада 700дөн ашык башталгыч, сегиз жылдык жана орто мектептер бар, аларда 350 миңден ашык бала окуйт жана сабак кыргыз тилинде өтөт. Бир жолку тиражы 400 миң даанадан ашкан райондук, областтык жана республикалык 46 газета жана жылдык жалпы тиражы 3 миллион даанадан ашкан 18 журнал кыргыз тилинде чыгат.

Кыргызча-орусча сөздүктөрдү чыгаруу сыяктуу маанилүү фактыга да көңүл бурбай өтүүгө болбойт. К. К. Юдахин түзгөн кыргызча-орусча биринчи сөздүктү 1940-жылы чет өлкөлүк жана улуттук сөздүктөрдүн мамлекеттик басмасы чыгарган. Анда 25 миң сөз бар. 1965-жылы «Советская энциклопедия» басмасы ошол эле профессор К. К. Юдахиндин 40 миң сөздөн турган кыргызча-орусча экинчи сөздүгүн басып чыгарган. Ал эми 1944-жылы Москвада басылып чыккан жана 1957-жылы кайра басылган орусча-кыргызча сөздүктө 51 миң сөз болгон. Мындан тышкары, Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде республикада илим-билимдердин ар түрдүү тармактары боюнча кыргыз тилинде терминологиялык 62 сөздүк басылып чыккан.

Республиканын эң биринчи илимий мекемелеринин бири—тил жана адабият илим-изилдөө институту — 1928-жылдан бери иштеп келе жатат. Бул институт азыркы кездеги ири илимий мекемеге айланып, мында 50дөн ашык илимий кызматкер иштеп жатат. Кыргыз филологиясы боюнча доктордук 10 жана кандидаттык 30 диссертация жакталган, кыргыз тилин жана адабиятын мындан ары өнүктүрүүнүн ар түрдүү проблемалары иштелип чыгууда. Республикада кыргыз тили жана адабияты боюнча адистер даярдалган жана даярдалып жатат. Азыркы убакта Кыргызстандын мектептеринде педагогикалык жогорку билими бар 1700дөн ашык мугалим иштешет, алар кыргыз тилинен жана адабиятынан сабак беришет.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын эң бай мурасын жазып алуу жана илимий жактан изилдөө Совет бийлигинин жылдарында гана колго алынган. Бул мураста, жогоруда айтылгандай, монументалдуу «Манас» эпосу өзгөчө зор орунду ээлейт, атактуу окумуштуу — чыгышты изилдөөчү Чокан Валихановдун айтканына караганда, бул эпос — «кыргыз элинин энциклопедиясы». Бүткүл дүйнөгө белгилүү эпикалык жомоктордун ичинен өзүнүн көлөмү жагынан «Манаска» тең келгени жок. Ал жарым миллион ыр саптарынан турат. «Шах-Наме» өзүнүн көлөмү жагынан «Илиададан» 8 эсе ашып түшөт, ал эми «Манастын» бир гана варианты «Шах-Намеден»

5 эсе көп, башкача айтканда, «Илиададан» 40 эсе көп! «Кыргыздын «Манас» эпопеясы,— деп жазган академик В. Жирмунский — көлөмүнүн чоңдугу жагынан буга чейин белгилүү болгон элдик эпикалык поэмалардын бардыгынан ашып түшөт».

Кыргыз ССР Илимдер Академиясында ушул монументалдык трилогиянын 40тан ашык варианты, ошонун ичинде анын биринчи бөлүгүнүн — «Манастын» 20 варианты, экинчи бөлүгүнүн — «Семетейдин» 16 варианты жана үчүнчү бөлүгүнүн — «Сейтектин» 7 варианты жазылып алынган. Эпосту жазып алуу бүгүнкү күнгө чейин улантылып келе жатат. Жазылып алынган варианттардын жалпы көлөмү 2880ге жакын басма табак келет же 2,5 миллион дээрлик ыр саптарын түзөт. Эпостун айрым жомокторун сериялап басып чыгаруу Улуу Ата Мекендик согуштан мурда эле башталган, 1960-жылы трилогиянын төрт томдуу варианты кыргыз тилинде басылып чыккан.

«Манас» эпосу бир тууган элдердин тилине улам көбүрөөк которула баштады. Анын айрым эпизоддору 1941, 1946 жана 1960-жылдары орус тилинде басылып чыккан, төрт томдуу кошмо варианты казак жана орус тилдеринде чыккан. Кыргыз жана орус тилдеринде Москвадан басып чыгаруу үчүн көлөмү 300 миң ыр сабынан турган текстти илимий жактан даярдоо жүрүп жатат. «Манас» эпосу бүткүл дүйнөлүк адабияттын тандама чыгармаларынын китепканасынан орун алат.

«Манас» эпосунан тышкары, окумуштуулар лирикалык ырларды, жомокторду жана кыргыз элинин фольклорунун башка үлгүлөрүн системалуу түрдө жыйнашат жана изилдешет. Жыйналган материал 1000 басма табакка жакын келет, ал эми Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана адабият Институтунун кол жазма фондуларында бардыгы болуп 4 миң басма табакка жакын фольклордук материал бар.

Мына ушул фактылардын бардыгы Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн улуттук тилдерди өнүктүрүү жөнүндө күн сайын кам көргөндүгүнө далил болбойбу?

Кыргыз элинин экономикасы менен маданияты канчалык мыкты өнүксө, анын тили да ошончолук тез байыйт.

Орус тили — СССР элдеринин кызматташтыгынын жана туугандаштыгынын тили болгондуктан, кыргыз элинин ал тилди үйрөнүүгө табигый умтулуусу жылдан-жылга арта берет. Ушундай умтулуу азыркы кездеги эң бай тилдердин бири орус тили болгондугу менен да түшүндүрүлөт. Орус тили—дүйнөлүк маданияттын жалпы казынасына, азыркы замандын илимине алып баруучу даңгыр жол сыяктуу. Орус тили, окумуштуулар айткандай, ушул тилде басылып чыгып жаткан адабияттын саны жагынан дүйнөдө биринчи орунду ээлейт. Бүткүл дүйнөдөгү илимий жана илимий-техникалык адабияттын жарымынан көбү орус тилинде басылып чыгат. Дүйнөдөгү элдердин эң мыкты чыгармалары орус тилине которулат.

Орус тили бүгүнкү күнү дүйнөгө таанылды, дүйнөдөгү эң белгилүү тилдердин бири, элдердин досчулугунун жана өз ара бирин-бири

түшүнүүнүн тили болуп калды. Статистикалык маалыматтарга караганда, ар түрдүү улуттардын жарым миллиардка жакын адамы белгилүү даражада орус тилин билишет. 58 өлкөдө бул тилди жогорку окуу жайларында жана 34 өлкөдө орто окуу жайларында үйрөнүшөт.

Маданий өнүгүүнүн эки бирдей процессинин болушу коммунизмди куруу мезгилинин эң маанилүү мүнөздөрүнүн бири болуп саналат: улуттук маданияттардын гүлдөшү аларды бирин-бирине жакындатууга жана өз ара бирин-бири байытууга алып келет, ал эми мунун тескерисинче—биздин өлкөбүздүн элдеринин маданиятын бирин-бирине жакындатуу жана өз ара бирин-бири байытуу ар бир улуттун маданиятын гүлдөтүүгө алып келет. Ушул эле закон ченемдүүлүк тилдердин да өз ара катышынан көрүнөт. Биздин өлкөбүздүн бардык элдери орус тилин өз ыктыяры менен, өздөрүнүн каалоосу боюнча үйрөнүп жатышат. Ошондуктан, бул тил улуттук тилдерди сүрүп чыгарбайт, жардылантпайт, кайра аларды байытат, советтик элдердин экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүгө баа жеткис эң жакшы таасир көрсөтөт, алардын орус эли менен болгон кызматташтыгын жана тууганда штыгын чыңдайт. Биздин социалисттик Родинабыздын бардык элдерин бири-бири менен катыштыруунун кубаттуу куралы болууга орус тилин турмуштун өзү көрсөттү.

БЕШИНЧИ ГЛАВА

# РЕСПУБЛИКАНЫН БОРБОРУ КООЗДОЛУП ЖАНА ЖАКШЫРЫП БАРАТАТ

Кыргызстандын революцияга чейинки калкынын шаар куруу жөнүндө, архитектура жөнүндө эч кандай түшүнүгү болгон эмес. Ошондуктан, көчмөндөр өлкөсүндө шаар куруу кайдан болсун?

Кыргыздарда: «Каерге от жаксаң—ошол жер сенин үйүң, каерге ат байласаң — ошол жер сенин жайлооң» — деген эски лакап бар. Өткөн кылымда бир орус саякатчысы мындай деп абдан таамай жана туура жазган:

*Табият куштарды өтө алыска учууга аргасыз кылгандай, аны (кыргыздарды) да көчүп жүрүүгө аргасыз кылган. Кыш түшкөндө куштар суукка чыдабай же түштүктүн жылуу өлкөлөрүнө учуп кетишет же өлүп жок болушат. Кыргыздар да так ошол сыяктуу: жайдын ысык аптабында, талаа-чөлдөрдүн ансыз эле жарыбаган чөптөрү куурай баштаганда — кыргыз тезирээк тоого көчүп кетүүгө ашыгат... Күз түшөр замат кыргыз кайта чөлгө көчүп келет, анткени, тоолордо ызгаардуу суук жана алай-дүлөй бурганак башталат да, кар калың жаайт, ошондуктан ал жерде жашоо мүмкүн болбой калат. Ар бир айылдын шамал өтпөй турган далдоо жерде өзүнүн кыштоосу болот, кыштоо — топурактан согулган жана үстү камыш менен жабылган жер тамдар. Кыргызга анча деле кооз үйдүн кереги жок, эптеп эле баш калкаласа болду. Кыргыздар кыштын узак түнүн ушундай тамдарда өткөрүшөт, жаздын келишин абдан чыдамсыздык менен күтүшөт...*

Мурда жалгыз аяк жол өткөн Совет өлкөсүнүн талааларында, чөлдөрүндө жана тоолорунда социализм курулуп жаткан жылдардын ичинде азыркы замандын эң көп жаңы шаарлары курулду, мурдагы белгисиз кыштактардын ордуна райондордун, областтардын, ал турсун республикалардын да өнөр жай жана маданий ири борборлору өсүп чыкты. Ушундай борборлордун бири — Фрунзе шаары. Ал Кыргыз республикасынын борбору болуп аталгандан кийин тез өсө баштады. 1925-жылы жазында шаардын түштүк-батыш жагында жумушчу шаарчасынын курулушу, 1926-жылы — чехословакиялык «Интергельпо» кооперативинин турак-жай поселогунун курулушу башталган. Курулуш жылдан-жылга шаардын ортосунда кеңейип отурган. 1927-жылы XXII партсъезд (ал кездеги Гражданская) көчөсүндө «Кирги-

зия» мейманканасы, Иваницын (мурдагы Аламүдүн) көчөсүнө Дыйкандар үйү курулган, магазиндер, коомдук тамактануу жана калкты тейлөө ишканалары ачылган. Үстү камыш менен жабылган, айланасы дувал, чийки кыштан салынган там үйлөрдүн үстүнөн азыркы кездеги турак жайлар жана мектептер, административдик, маданий-агартуу жана илимий мекемелердин, жогорку окуу жайлардын, ооруканалардын, поликлиникалардын заңгыраган имараттары көрүнө баштаган.

Эски Пишпекте таш төшөлгөн көчөлөр жана тротуарлар болгон эмес, алар совет заманында гана пайда болду. Шаарды жакшыртуу боюнча 30-жылдарда өзгөчө зор иштер жүргүзүлгөн. 1932-жылы көчөлөрдүн ат-араба жүрө турган, 16 миң чарчы метр келген бөлүгүнө таш тизилген борбордук магистралдардын тротуарларына бетон плиталары төшөлгөн. Ошол эле жылы водопроводдун биринчи кезектеги курулушу бүтөт. 11 ишканага, 18 мекемеге, коммуналдык ири турак жай үйлөрүнө суу киргизилет, көчөлөргө суу алуучу колонкалар орнотулат жана өрт өчүрүүчү кудуктар казылат.

Шаарды жашылдандырууга көп көңүл бурулат. 1930—1932-жылдары шаардын түндүк жагында мамлекеттик питомник уюштурулат, анда 70 миң даанадан ашык декоративдик бак-дарак алынып, көчөлөргө, парктарга жана скверлерге тигилет. Андан кийинки жылдарда жаңы парктар, скверлер, бактар, жашыл массивдер түзүлөт: 1938-жылы— жумушчу шаарчасында азыркы Юлиус Фучик атындагы парк жана Өкмөт үйүнүн алдындагы сквер, 1939-жылы — Молодая гвардия атындагы бульвар пайда болот. Шаарды көрктөндүрүүгө анын калкы активдүү катышат, атап айтканда, алар кошумча түрдө декоративдик өсүмдүктөрдүн жүз миңдеген көчөттөрүн тигишкен. 1939-жылы жазында Фрунзедеги эт комбинатынын комсомолецтери «Советская Киргизия» жана «Комсомолец Киргизии» газеталары аркылуу Фрунзе шаарынын калкына кат жазып кайрылышкан. Алар мындай деп жазышкан:

> Фрунзе — барган сайын чыныгы социалисттик шаарга — гүлдөгөн Кыргызстандын борборуна айланып жатат. Шаардын эң сонун табигый декорациясы болуп саналган Кыргыз Ала-Тоосунун чокуларында водопровод магистралына жана арыктарга агып түшүп жаткан түгөнгүс суу запастары бар. Бирок бул жетишсиз.
>
> Социалисттик шаарга зор суу мейкиндиги керек. Ошондуктан сууга түшүү жана спорт үчүн азыр көлмө куруунун милдети абдан катуу коюлуп отурат. Биз, эт комбинатынын комсомолецтери жана физкультурниктери, шаардын бардык комсомолецтеринин жана физкультура уюмдарынын, ошону менен бирге шаардын бардык коомчулугунун көңүлүн советтик адамдардын эмгектеги баатырдыгынын өрнөктөрүнө бурабыз, жаңы шоссе жолдорун, суу каналдарын куруп жаткан, ондогон жылдар бою эркисиз эмгек түзө албаган байлыктарды кыска мөөнөт ичинде түзүп жаткан чыныгы коммунисттик эмгекке бурабыз.
>
> Биз Ташкенттин өз демилгеси менен кыска мөөнөт ичинде жасалма көл казып алган комсомолецтеринин эң сонун өрнөгүнө өзүбүздүн көңүлүбүздү бурабыз. Ташкент шаарынын комсомолецтери бүткүл коомчулуктун активдүү катышуусу менен аянты 9 гектар келген көл казып алышкан. Бул көлдүн курулушунда 10 миңден ашык адам иштеген. Ишканалардын жана мекемелердин комсомолецтери менен бирге профессорлор жана студенттер, жумушчулар жа-



К. Маркс менен Ф. Энгельске борбордук скверде курулган эстелик. ↓



на кызматчылар иштешкен. Жакын жердеги колхоздордон жардам кылуу үчүн бир топ колхозчулар келишкен. Көлдү казуу иши чыныгы элдик чыгармачылыкка айланган. Биз, өзүбүздүн Кара жыгач багыбызда — шаардын эмгекчилеринин жакшы көрүп дем алган жеринде — коомчулуктун күчү менен так ушундай көл казууну сунуш кылабыз.

Шаардын комсомолецтери, физкультурниктери жана коомчулугу,— деп айтылган катта,— биздин сунушубузду кызуу колдошот деп ишенебиз. Шаардык комсомол жасалма көлдү куруунун уюштуруучусу, шефи болот. Табият адамга оңтойлук түзбөгөн жерлерде, ушундай оңтойлукту совет эли өз колу менен түзө турганын большевиктер миңдеген мисалдар менен көрсөтүшкөн. Алардын ушундай кылганынын себеби бар: совет эли партиялык жана партияда жок большевиктер: большевиктер алалбаган чеп жок! — деген ленининдик формуланы дайыма жетекчиликке алышат. Жакын арада Фрунзе шаарында эң сонун суу бассейни боло турганына биз абдан ишенебиз.

Бул чакырыкты вуздар менен техникумдардын студенттери, мектептердин окуучулары, шаардагы ишканалар менен мекемелердин эмгекчилери колдоп кетишти. Партиянын шаардык комитети ушул массалык кыймылды колго алды, коомдук ишке ондогон миң адам катышты. Натыйжада Кара жыгач багында 1940-жылы жасалма көл курулду.

Советтер Союзунун эски шаарларын реконструкциялоо жана жаңыларын куруу жөнүндө Коммунисттик партиянын Борбордук Комитетинин июнь (1931-жыл) Пленумунун чечимдери советтик шаар курулушун өнүктүрүүдө чоң роль ойногон, бул чечимдер — партиянын бардык уюмдарынын, Советтердин, профсоюздардын, чарбалык органдардын узак убакка арналган иштеринин практикалык программасы болуп калган.

Мамлекет Фрунзе шаарын жакшыртууга жыл сайын каражатты көп берип турду. 1935-жылы ушул максаттарга 10 миллион 783 миң сом (эски акча менен), 1940-жылы 32 миллион 325 миң сом берилген, мунун ичинен 27 миллион сому турак жай курулушуна бөлүнүп чыгарылган.

Совет бийлигинин биринчи жылдарында Кыргызстандын өзүнүн архитекторлору болгон эмес. Ушунун натыйжасында долборлоо жагынан кыйынчылыктар келип чыкты, бирок бул иште да, башка иштердегидей эле, бир тууган элдер колкабыш кылышты. 1936—1938-жылдары республикага Москванын жана Ленинграддын архитектура институттарын бүтүргөн жаш архитекторлордун биринчи тобу келишти. Алар келечектеги жергиликтүү архитектор кадрларын түзгөн уюткулардан болуп калышты. Алардын долборлору боюнча Фрунзеде жана башка шаарларда административдик, маданий-агартуу, дарылоо жана балдар мекемелеринин, окуу жайлардын имараттары курулду.

Шаарды жаңыртып кайра куруунун долбоорун түзүү 1938-жылы башталган. Анан тез эле согуш чыгып, бул иш токтоп калган, ошентип, 10 жыл өткөндөн кийин гана ал кайрадан башталган. Шаарды өнүктүрүүнүн генеральный планы 1958-жылы бекитилген. Бул планда шаардын жаңы чек аралары, өнөр жай жана турак үй массивдери айрым райондорду куруунун жана кайра куруунун кезектери, инженердик коммуникациялар жана башкалар белгиленген. Фрунзе шаа-



Кышкы пейзаж

рынын көчөлөрүн жана аянттарын куруу ушул генеральный планга ылайык жүргүзүлүп жатат.

Шаар шахмат түрүндө пландаштырылган. Анын бак-дарактар жыш отургузулган, түз жана кең көчөлөрүнүн кооз макетин көрүп суктанбай коё албайсың. Бул көчөлөрдүн арыктарынан шылдырап суу агып, алардын боюна теректер, кара жыгачтар жана башка дарактар тигилген. Каршы-терши кеткен көчөлөр түштүк жакта ак кардуу кыргыз Ала-Тоосунун залкар панорамасы менен түгөнөт.

Республиканын борборунун кантип өскөнүн көрсөткөн айрым мисалдарды келтирели. 50-жылдарда Крупская атындагы жана XXII партсъезд көчөлөрүнүн ортосундагы аянтты куруу башталган. Бул жерде шаардык Советтин аткаруу комитети, Айыл чарба министерст восу, политехникум, долбоорлоо институту бар. Ушул кооз үйлөрдүн бардыгы гармониялык ансамблди түзөт. Ушул аянттан түндүккө карай кеңдиги 40 метр келген Крупская атындагы сквер-көчө созулуп кетет. Андан ары, түндүк жакта Кыргызстан мамлекеттик университетинин эң зор окуу корпусу, анын студенттеринин жана профессордук-окутуучулук составынын жалпы жатаканалары жана турак үйлөрү турган аянт бар.

Мамлекеттик академиялык опера жана балет театрынын 1955-жылы курулган үйү шаардын эң сонун архитектуралык имараты болуп саналат. Даниянын атактуу жазуучусу Ханс Шерфиг мындай деп жазган: «Фрунзенин опера театры чоңдугу жагынан Копенгагендеги Королдук театрга барабар келет».

Кыргызстан Мамлекеттик драма театрынын 800 орундук көрүүчүлөр залы бар жаңы үйүнүн жалпы көлөмү 38 миң кубометрден ашык. Н. К. Крупская атындагы Орус драма театрынын 900 кишилик көрүүчүлөр залы бар жаңы үйү республиканын борбор шаарынын экинчи бир монументалдуу кооз имараты болуп саналат. «Россия» жана «Манас» кинотеатрлары, радио жана телевидение үйү жана башка көптөгөн имараттар өздөрүнүн архитектурасы менен кишинин көңүлүн өзүнө бурат.

Өткөн күндөрдүн улуу окуяларын, өз родинасын, өз элин даңазалаган көрүнүктүү адамдарды эске түшүргөн жана шаарды коооздогон скульптуралык эстеликтер Фрунзе шаарында жылдан-жылга көбөйүп баратат.

Бардык советтик адамдар Владимир Ильич Ленинди өзгөчө жакшы көрүшөт. Улуу революционер жана ойчул адамды, бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин жолбашчысын жана көсөмүн бүткүл элдин чексиз сүйгөндүгүн билдирип, 1948-жылы республиканын борбор шаарынын дал ортосунда Дзержинский проспектисине Владимир Ильичтин монументалдуу скульптурасы тургузулган. Бул скульптура ар тараптан, өзгөчө 2 километрдей келген Вокзал алдындагы аянттан жакшы көрүнөт. Бул жерде—майрамдарда жана жумуш күндөрүндө дайыма эл көп болот.

Кыргызстанда Совет бийлигинин жеңиши үчүн күрөшкөндөргө коюлган Дубовый парктагы эстелик 1960-жылы кайра курулду. Граждандык согуштун баатырларынын сөөгү коюлган жерге жалтырак кызыл граниттен бийиктиги 11 метр келген, учунда колодон жасалган гүлдестеси бар обелиск (мамы) орнотулган. Пьедесталдын бурчтарындагы замбирек коюлуучу станоктордо замбиректердин колодон куюлган стволдору жатат. Баатырлардын аттары гранит плиталарына оюлуп жазылган.

Панфилов көчөсүн Карл Маркс көчөсү кесип өткөн жерде Кыргыз республикасынын мурдагы аскер комиссары, данктуу 8-гвардия-



Шаардын түштүк-чыгыш жагындагы турак-жай курулушунун жаңы райондорунун бири

лык дивизиянын командири генерал И. В. Панфиловго эстелик тургузулган, 1941-жылы Москваны коргогон кезде ал өзүн өлбөс-өчпөс даңкка бөлөгөн. Дзержинский проспектисинин борбордук аллеясынын ортосунда акын Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелиги турат. XXII партсъезд көчөсүндө (Тарыхый музейдин түштүк жагында) Советтер Союзунун эки жолку Баатыры Т. Бегельдиновдун бюсту орнотулган. Молодая гвардия атындагы бульвардын ортодогу аллеясына рес-



Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелиги

публиканын Ленин комсомолунун урматына арналып скульптуралык композиция коюлган.

Кыргызстан Мамлекеттик академиялык опера жана балет театрынын алдындагы аянттан улуу акын Токтогул Сатылгановдун эстелиги тургузула турган жер бөлүнүп коюлган. Монументалдуу эки скульптура биздин өлкөбүздүн бардык бир тууган элдери салтанаттуу түрдө майрамдашкан тарыхый окуяларга арналат. Дзержинский проспектисинде мына мындай жазуусу бар гранит плитасы орнотулган: «Бул жерге Кыргызстандын өз ыктыяры менен Россиянын составына кошулгандыгынын жүз жылдыгына арналып обелиск тургузулат. 1963-ж.» Анан Совет аянтынын ортосунда ушундай эле плитага кыргыз жана орус тилдеринде төмөндөгүдөй сөздөр оюлуп жазылган: «Октябрдын 50 жылдыгын салтанаттоо максатында бул жерде революциянын күрөшчүлөрүнө, Родинанын кайраттуу коргоочуларына, социалисттик Кыргызстандын куруучуларына монумент тургузулат».



«Бермет» кафеси

КПСС Борбордук Комитети менен СССР Министрлер Советинин «СССРде турак жай курулушун өнүктүрүү жөнүндө» 1957-жылы 31-июлда кабыл алган токтому советтик шаар курулушунун жаңы этабына негиз салган. Ушул токтомго ылайык турак жай курулушу ири көлөмдөрдө күчөтүлдү.

Курулуштун жети жылдык планда белгиленген эң зор программасы шаардын архитектуралык жактан жасалгаланышын түп тамырынан кайра курду. Жаңы курулуш үчүн ар кыл максатка арналган имараттардын типтүү долбоорлору иштелип чыкты. Мисалы, «Кыргызгипрострой» долбоорлоо институту төрт-беш кабаттуу көп квартиралуу турак үйлөрдүн типтүү сериясын, мектептердин жана мектеп-интернаттардын, балдар бакчаларынын жана яслилеринин жана бүтүндөй бир балдар комбинаттарынын — бакчалардын-яслилердин типтүү долбоорлорун түзгөн. Шаар ири турак жай массивдери түрүндө курулуп жатат, бул — курулуштун индустриялык методдорун кеңири колдонууга, аны жыйналма темир бетон деталдарынан поток



Дзержинский бульвары



Шаардагы чайкана



Шаардык иплодромдо



Аэровокзал

методу менен жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, аэропорт чен-де биримдик долбоор боюнча төрт кабаттуу үйлөрдөн турган зор турак жай массиви — балдар мекемелери, мектептер, магазиндер, кино театрлар менен кошо курулуп жатат.

60-жылдардан тартып шаардын түштүк-батыш жагында, Аларча жана Аламүдүн сууларынын ортосунда 500 гектар аянтты ээлеген зор турак жай районунун курулушу башталган. Бул район жалпы турак жай аянты 400 миң чарчы метр келген ири 9 массивди ээлейт. Турак үйлөрдүн ортосунда коомдук борбор болот, анда универсалдык жана азык-түлүк магазиндери, кинотеатр, турмуштук-тиричилик жактан тейлөөчү комбинат, спорттук жана башка жайлар бар. Ар бир микрорайондун территориясында маданий-турмуштук тейлөө ишканалары ылайыктуу жана оңтойлуу кылынып жайгаштырылган, зор бак-дарак массивдери түзүлгөн. Бул жерде жашаган калкка оңтойлуу бардык шарттарды түзүү үчүн долбоорлоочулар абдан көп эмгектенишкен.

Республиканын борборунда жашаган адамдар өздөрүнүн бир тууган шаарынын жылдан-жылга жакшырып, улам көркүнө чыгып жатканына сыймыктанышат, ушул иштерге мамлекет жыл сайын каражаттарды улам көп берип жатат.

Цифралардын тили менен сүйлөө кишини зериктирип жиберет дешет, бул туура да чыгар, бирок цифралардын тили кээде абдан ишенерлик тил болот.

Эгерде 1950-жылы шаардын турак жай аянты 805 миң чарчы метрди гана түзгөн болсо, 1970-жылы 1-январда ал 4 миллион чарчы

метрге жеткен. Мында 479 миң чарчы метр келген негизги турак жай фондусу ал кезде жеке кишилердин колунда болучу, коомдук секторДУКУ болсо андан алда канча аз — 326 миң гана чарчы метр эле. 1970-жылы алардын салыштырма салмагы түп тамырынан өзгөрүлдү: коомдук фондунуку 2569 миң чарчы метр, ал эми граждандардын жеке менчиги 1531 миң чарчы метр болуп калды. 1953-жылы эле бир кабаттуу үйлөр басымдуулук кылган—аларда бардык турак жай аянтынын 73 проценти, ал эми үч кабаттуу жана андан бийик үйлөрдө бардык турак жай аянтынын 6 проценти гана болгон; анан 1970-жылдын башында бир кабаттуу үйлөрдүн салыштырма салмагы 16 процентке чейин төмөн түшкөн, ал эми үч кабаттуу жана андан бийик үйлөрдүкү 73 процентке жогору көтөрүлгөн.

Эски Пишпектин эң мыкты үйлөрү (алар абдан аз болучу) купецтердики болгон, азыр Фрунзедеги эң кооз, кенен-кесири, жарык үйлөр — Илимдер Академиясынын, музыкалык училищенин, театрлардын, шаардык Советтин аткаруу комитетинин, мектептердин, университеттин, медициналык, айыл чарба жана политехникалык институттардын, физкультура жана спорт институтунун, Тарыхый музейдин, Пионерлер дворецинин, Өкмөт үйүнүн, бир катар министерстволордун, ведомстволордун жана башка административдик жана коомдук мекемелердин имараттары болуп саналат.

Калкты маданий-турмуштук жактан тейлөө абдан жакшырды. Ондогон магазиндер, кафе, ашканалар, ресторандар ачылды. Турмуштук-тиричилик жактан тейлөө мекемелеринин тармагы бир кыйла кеңейди.

Өнөр жайдын дүркүрөп өсүшү шаардын территориясын кеңейтти. Эгерде революцияга чейин шаардын территориясы 4427 гектар болсо, ал эми 1970-жылы ал 13 миң гектардан ашып кетти. Көчөлөрдүн жалпы узундугу 1940-жылдагы 217 километрден 1970-жылы 600 километрге жетти.

Эски райондорду реконструкциялоонун жана жаңы райондорду куруунун жүрүшүндө аларды жашылдандырууга көп көңүл бурулган. Көчөлөрдүн бардыгынын эки жак бетине бак-дарактар отургузулган, жөө баскан адамдар кара жыгачтардын, дубдардын, теректердин, талдардын, ак акациялардын, каштандардын аллеялары менен жүрүшөт. Мисалы, Дзержинский проспектисинин жашыл дарактары кандай кооз, мындагы бак-дарактар кандай сонун кыналып турат! Бул— Фрунзенин эң кооз магистралдарынын бири, ага ар кандай шаар суктана алат. Бул проспекттин узундугу 2 километрден, кеңдиги 100 метрден ашык, Ленинграддагы Нева проспектисинин кеңдиги — 43 метр, Венадагы рингштрассенин кеңдиги — 60 метрге жакын, Нью-Йорктогу Бродвейдин кеңдиги — 47 метр келгенин салыштыруу үчүн эске түшүрүп отурабыз. Дзержинский проспектисинде көп кабаттуу кооз үйлөр курулуп жатат. Молодая гвардия көчөсү өзүнүн пландаштырылышы жагынан Дзержинский проспектисине абдан окшоп кетет. Анын кеңдиги—105 метр, узундугу 2 километр, мында да бак-дарактар көп, алардын ортосунда асфальтталган тротуарлар бар.



Шаардын театралдык аянты

Шаардын борбордук сквери жана анын жанындагы Дубовый паркы — Фрунзеликтердин эң жакшы көрүп дем алган жери. Жаздын жана жайдын ысык күндөрүндө сквердин ортосундагы фонтан бул жерди салкындатып, серүүндөтүп турат, аба сансыз көп гүлдөрдүн жытына аңкыйт. Ысык аптапта дем алуу үчүн бак-дарактардын көлөкөсүнөн, салкын жел соккон жерден артык жай болобу. Ушул скверден эки кварталдай батыш жакта бак-дарактардын алкагында 25 миң адам бата турган стадион бар. Бул жерге, ошондой эле Панфилов атындагы паркка жана Кара жыгач багына ишемби жана жекшемби күндөрү миңдеген шаардыктар дем алууга келишет. Шаардын көчөлөрүнө, скверлерине жана парктарына алар жыл сайын ондогон миң жаңы көчөттөрдү, декоративдик дарактарды жана мөмө бактарын отургузушат. Шаарда бардыгы болуп 20дан ашык чоң парк жана сквер бар, шаардын ар бир адамына 70 чарчы метрге жакын жашыл бак-дарак туура келет. Ушундай байлыкка дүйнөдөгү ар кандай шаар суктанар эле деп апыртпастан айтууга болот.

Шаардын коммуналдык чарбасы жыл сайын улам арбын өнүгүп жатат. Кээ бир орчундуу цифралар менен фактыларды келтирели. Шаардын бардык тротуарлары менен көчөлөрү асфальтталган. Узундугу бир нече километр келген троллейбустун биринчи линиясы 1950-жылы ачылган. 20 жылдан кийин троллейбус маршруттарынын жал-

пы узундугу 100 километрден ашкан, аларда 200гө жакын машина каттайт, троллейбус жылына 60—70 миллион жүргүнчүнү ташыйт. Шаарга 1932-жылы биринчи жолу суу өткөрүлгөн. 20 жылга жетпеген убакыттын ичинде анын жалпы узундугу 500 километр болгон. Шаардын тез жакшыртылгандыгы жөнүндө мына бул цифралар далил болот: 1960-жылы коомдук турак жай фондусу водопровод менен 28 процент гана, канализация жана борбордук жылытуу тармагы менен андан да аз — 13 процент гана жабдылган. 10 жылдан кийин иштин жайы таптакыр башкача болуп чыкты: коомдук турак жай фондусу водопровод менен 76 процент, канализация менен 74 процент, борбордук жылытуу тармагы менен 72 процент, газ менен 88 процент жабдылган. Шаардын турак жай фондусу бүт бойдон жакшыртылып, бардык үйгө газ киргизиле турган күн алыс эмес.

Байланыштын жана информациянын көп сандаган каражаттары — радио, телевидение, телефон, телеграф — абдан тез өнүктү. Шаардын калкынын 100 миңге жакын радиоприемниги, ошончо телевизору бар. Көп программалуу теле көрсөтүүчү аппаратура орнотулган.

Фрунзеде бар болгону 1500 номерлүү биринчи телефон станциясы 1938-жылы курулган. 1954-жылы аны 4000 номерлүү автоматтык станция алмаштырган. Шаарда он беш жылдын ичинде телефон аппараттарынын саны 22 миңден ашып кетти. Ошол эле 1954-жылы шаар аралык 40 телефон каналы болгон, 10 жылдан кийин ал каналдар 154кө жеткен, ошонун ичинде Москва, Алма-Ата, Ташкент, Ош менен жана республикага баш ийген башка бардык райондор менен сүйлөшө турган жарым автоматтык байланыштын 12 каналы иштеген.

Азыркы замандын байланыш каражаттары жөнүндө айта турган болсок, анда жакын арада эле өткөн бир мезгил эриксизден эске түшөт. Белгилүү советтик жазуучу, атактуу Чапаев дивизиясынын комиссары Дмитрий Фурманов өзүнүн «Козголоң» романынын «Жети-Суунун жолдорунда» деген главасында кызык бир окуяны жазат. Ал окуя 1920-жылы болгон.

> Биз Аксуудан Пишпекке келип, жергиликтүү жолдоштор менен сүйлөшүп калдык, көрсө, биз аксуулук дыйкандар менен талкуулаган маселенин көбүн алар күн мурун угушкан экен. Мен, чыны менен эле кабардын ушунчалык тез жеткенине таң калдым.
>
> — Кайдан уктуңар: зым аркылуубу? — деп сурадым пишпектик жолдоштордон.
>
> — Кээде зым менен, кээде жөн эле,— деп жооп беришти. Бизде мындай нерсе абдан жөнөкөй жасалат: атка минет да, чаап жөнөйт. Эмне болуп жатканын жакын жердеги айылга же кыштакка жеткирет,— андан ары башкалары кетет... Бир жерден экинчи жерге ушинтип кабарлашат... Кандайдыр бир маанилүү маселени бүт область телефондон тез билген учур да болот. Муну бул жердегилер «узун кулак» деп коюшат экен. Ушундай түнт жерде, тоо-таштын арасында — мындан артык байланыштын эмне кереги бар...

Жакын арада эле тоо өлкөсүнүн бирден-бир байланышы ушул «узун кулак» болгону чын. Азыр ал-абал таптакыр башкача. Бир нече минутанын ичинде республиканын каалаган районунун борбору,



колхозу, совхозу, ишканасы менен, Москва менен жана Советтер Союзунун башка шаарлары менен сүйлөшүүгө болот.

Дмитрий Фурманов Пишпек шаарынын калкы жана кызыл аскерлери көп чогулган жыйналышты өткөрөт да, анан ал жөнүндө минтип жазат:

«Самаранын, Уфанын кайсы бир жерлеринде жумушчулар эбак унутуп калган фактыларды бул жерде эң акыркы жаңылык деп эсептешип, аларга кызыгышканын байкоого болот. Тянь-Шань тоолорунун дал түбүнө барып кыпчылган ушул шаарларда, айылдарда, кыштактарда жашаган адамдар абдан артта калышкан».

Ушундай болгон. Азыр Тянь-Шань тоолорунун этегинде жашаган адамдар өздөрүнүн учу-кыйырына көз жеткис көп улуттуу социалисттик Родинасынын турмушун минут сайын билип турушат, бүткүл жер шарында болуп жаткан окуялар менен кабардар.

Аба транспорту катташуунун ишенимдүү каражаты болуп саналат. Кыргызстанда граждандык авиация 1932-жылы пайда болгон, бирок ал Улуу Ата Мекендик согуштан кийин гана дүркүрөп өнүккөн. 1945-жылы Кыргызстандын айрым авиаотряды өзүнчө подразделение болуп түзүлгөн. Анын тейлеген аба трассасынын узундугу 2 миң километр гана болгон. Бир жылдын ичинде ал 10 миңден бир азыраак жүргүнчүнү ташыган. Жыл сайын 700 миңден ашык жүргүнчү аба трассасы менен саякат жасайт. Кыргызстандын граждандык авиация башкармасынын учкучтары жана инженер-техник составы жаңы техниканы — ИЛ-18, ЯК-40 жана башка тез учуучу самолётторду ийгиликтүү өздөштүргөн. Алар Фрунзеден Москвага, Ленинградга, Киевге, Ташкентке, Бакуга, Новосибирскиге, Адлерге, Минеральные Водыга жана Советтер Союзунун башка шаарларына дайыма учуп турушат. Фрунзеден Москвага 5—6 саатта гана учуп барат.

Ошентип, Фрунзенин калкын, анан калса бүткүл Кыргызстандын да калкын мурдагы провинциалдарга, алыскы, түнт чет-жакалардын калкына эми теңей албайсың. Республикабыз бүткүл улуу Совет өлкөсү менен бирге иштеп, бирге жашайт. Фрунзенин башка ири шаарлардан, асыресе борбордук шаарлардан айырмасы эле анын тез өнүгүп жаткандыгы. Ушундай тез өсүш келечекте да боло берет.

Жакын арадагы келечектин генеральный планында Молодая гвардия көчөсүн, маселен, беш кабаттуу турак үйлөр менен куруу каралган. Бул үйлөрдүн өртосуна жашыл дарактарга бөлөнгөн балдар жана мектеп мекемелери, соода жана коомдук тамактануу ишканаларынын павильондору, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаттары курулат. Ленин атындагы проспекттин кеңдиги — 60 метр. Анын эки жак бетине көп кабаттуу турак үйлөр тургузулат. Октябрдын 40 жылдыгы көчөсүн куруунун планы да абдан кызык. Мында азыр көп кабаттуу турак үйлөр курула баштады.

Шаардын борбордук бөлүгү XXII партсъезд көчөсүнүн түндүгүрөөк жагынан башталат. Ал — төрт жагынан XXII партсъезд, Крупская, Фрунзе, Совет көчөлөрү менен чектелген. Мында жашыл магис-



Фрунзедеги жаңы мейманкана

тралдар менен бириктирилген бир нече аянттын түзүлө турганы белгиленген. Бул аянттардын ортосундагы ачык жерге жаңы үйлөр салынат. Мисалы, Театр аянтында, опера жана балет театры менен Чернышевский атындагы китепкананын жанында сүрөт искусствосунун республикалык музейинин жаңы үйү курулат. Опера жана балет театрынын жанына шаардагы эң бийик үй — тогуз кабаттуу 650 орундук мейманкана тургузулат. Тогузунчу кабаттын үстүнөн караганда бүт шаар көрүнөт. Шаардын ушул эле бөлүгүнө көп кабаттуу универсалдык магазин, университеттин имараттарынын комплекси курулат. «Кара жыгач багынын» маданият жана дем алуу паркын, анын көлүн жана арыктарын мындан ары жакшыртуу белгиленген.

Биз, Фрунзе шаарынын келечекте өсүшүнүн айрым деталдарына гана токтолдук. Шаарды реконструкциялоонун генеральный планында белгиленген иштердин көлөмү абдан зор.

Фрунзе—жаш жана кооз шаар, анын эң сонун жана даңазалуу адамдары көп. Биринчи класстагы станокторду, приборлорду жана машиналарды — республиканын бүткүл өнөр жай продукциясынын жарымын ушул адамдар чыгарышат, маданият дворецтери, мектептер, турак үйлөр ушул адамдардын чебер колдору менен курулат. Дүйнөлүк драматургиянын жана музыканын эң мыкты чыгармаларын театрларда жана концерттик залдарда аткарган адамдар ушулар. Совет элинин рухий байлыктарын арттырып, живопистик полотнолорду түзүп, искусствонун бардык тармактарында чыгармачылык эмгектерди берип жаткан адамдар ушулар.

Биз, кыргыздын борбор шаарынын экономикасын, маданиятын өнүктүрүүдө жана аны жакшыртууда жетишилген эбегейсиз зор ийгиликтер жөнүндө — бүткүл республика закондуу сыймыктанган ийгиликтер жөнүндө айтып берүүгө аракет жасадык. Бул ийгиликтер башка өлкөлөрдөн келген биздин меймандарыбызды да таң калтырып отурат. Кыргызстанга жана Фрунзе шаарына бардык континенттерден ар түрдүү убактарда ондогон делегациялар жана саякатчылар келип-кетишкен. Эмесе ошолордун кээ бирөөлөрүнө сөз берели.

### Юлиус Фучик, Чехословакиянын улуттук баатыры

1930-жылы 1-июнда Фрунзе шаарынын эмгекчилери Юлиус Фучик жетекчилик кылган чехословакиялык жумушчу делегациясы менен жолугушкан. Достуктун жана чыңдалып жаткан пролетардык байланыштын урматында салтанаттуу чогулушка катышкандар делегациянын мүчөлөрүн бир добуштан Фрунзе шаардык Советинин депутаттары кылып шайлашкан. Юлиус Фучик өзүнүн жооп кайтарган сөзүндө улуу урмат көрсөтүшкөндүгүнө алкыш айтып, мындай деп белгилеген: «депутат кылып шайлаганыңарды биз революциялык салгылашууга дагы активдүү катышуунун буйругу деп билебиз».

1930-жылы 25-июнда «Советская Киргизия» газетасына кат басылып, анда Чехословакиянын жумушчу делегациясынын атынан Ю. Фучик мындай деп жазган:

> *Биз бара жаткан өлкө жөнүндө буржуазиячыл ушакчылар экзотикалык жапайы өлкө катары сөз кылышчу эле. Бирок биз, курулушунун темпи капиталисттик Батыштын эң алдыңкы, эң цивилизациялуу өлкөлөрүнөн алда канча жогору турган өлкөгө келип отурабыз.*

Мурда эзилген, туташ сабатсыз болгон кыргыз элинин Совет бийлигинин тушунда жетишкен эбегейсиз зор ийгиликтерин Ю. Фучик өз көзү менен көргөн. Ал, өз родинасына кайткандан кийин, **«Биздин эртеңки күнүбүз кечеги күн болгон өлкөдө»** деген китеп жазган.

Фрунзе шаардык Советинин депутаты болгондуктан, Ю. Фучик республиканын борбор шаарын куруунун жана жакшыртуунун планы менен кызыгат, шаардын тарыхы менен, бүткүл республиканын турмушу менен таанышат. Ал адамдарга жакындашкысы келген, баарын көрүүгө кумар болгон. Ал Кочкорго, Нарынга жана Ат-Башыга,

Балыкчыга жана Пржевальскиге, Жети-Өгүзгө жана Кой-Сарыга, Ошко жана Жалал-Абадга барган. Юлиус Фучик бардык жерде советтик адам менен кызыгып сүйлөшкөн.

Боом капчыгайына жол салып жаткан куруучулар жөнүндө ал: адамдар тез жана шыктанып иштеп жатышат деп жазат.

Ал, жумушчулар жана кызматчылар менен, чабандар, кызылчачылар, пахтачылар менен жолугушкан, Советтик Кыргызстандын маданиятынын жана эл чарбасынын дүркүрөп гүлдөшүнүн булактарын, биздин Родинабыздын элдеринин ортосундагы достуктун булактарын кылдаттык менен үйрөнгөн жана текшерип чыккан. Чехословакиянын басма сөздөрүнө кыргыз элинин ийгиликтери жөнүндө кишини толкундатуучу макалаларды жана очерктерди жазуу үчүн ушулардын баары ага мүмкүнчүлүк берген.

### Ханс Шерфиг, даниялык жазуучу:

Биз, кыргыз досторубуз менен Фрунзеде — талаага салынган чоң шаарда жүрөбүз. Өткөн кылымда бул — Кокон хандыгынын чеби турган кичинекей шаар эле, байыркы заманда кербендер өткөн жолдун боюндагы бак-дарактуу тепкедей жер эле...

Бул чоң шаар калың бакка бөлонгөн. Дарактары үйлөрдү көрсөтпөй жаап турган эбегейсиз зор паркка окшойт. Кең көчөлөрдүн жана бульварлардын боюна катар-катар отургузулган дарактар асман тирейт, тротуарларга жакын жерлерде — мырза теректер, көчөлөргө жакын жерлерде — клёндор менен акациялар жана майда жалбырактуу дарактар бар. Чет жактагы жапыз бадалдардын учтары өтө чебер кыркылгандыктан топтомолок. Асфальтталган, машина жүргөн кээ бир көчөлөрдө бак-дарактар, гүлдөр отургузулган көлөкөлүү тилкелер бар.

Американын көп шаарлары сыяктуу, Фрунзе шаарынын да планировкасы чарчы формасында, анын окшош көчөлөрү бирин-бири каршы-терши кесип өтөт. Түштүккө созулган көчөлөрдөн тоолор көрүнөт, бул тоолор Монбландан бийик. Алардын кар баскан чокуларынан көгүлтүр асмандын фонунда таң азанда кызгылтым нур чачырайт. Бул тоолор көчөлөрдүн аркы эле учунда тургансыйт, көрсө, алар, кырк чакырым келет экен.

Фрунзе — дүйнөдөгү эң жашыл шаар. Көчөлөрүнүн боюндагы эң сонун өсүмдүктөрүнөн тышкары, мында толуп жаткан парктар менен бактар бар, алар шаардын аянтынын бештен бир бөлүгүн ээлейт... Ушул талаа шаарынын калкы жашыл бак-дарактарды өстүрүүгө абдан ынтызар экен. Алар жыл сайын 250 миң даана бак-дарак отургузушат... «Эгер көлөкө экпесең,— дешет алар,— салкында отуруп дем алам деп ойлобо...»

Биз бак-дарактардын ортосундагы көчөлөрдө басып баратабыз. Шаар абдан чоң, бирок бийик эмес. Мында өзүнүн мөмө бактары бар кичинекей үйлөр да көп. Орус жана украин кыштактарындагыдай кичинекей ак жана көк үйлөр бар. Автомобилдер, жүк ташуучу машиналар, троллейбустар, автобустар, велосипеддер тынбайт.

Фрунзе — бак-дарактардын арасынан заводдору көрүнбөгөн өнөр жайлуу шаар... Биз вино заводунун жанынан өттүк, анын чыгарган продукциясы грузиндердикине тең келет деп айтышат. Кыргыз шампаны Советтер Союзундагы эң жакшы винолордон болуп саналат.

Зор курулуш жүрүп жатат. Шаар улам кеңейип баратат. Бир кездерде боз үйдө жашаган адамдар балкондору жана ванналары бар квартираларга киришкен. Ушул паркка бөлөнгөн шаардын эң бийик үйлөрү — административдик имараттарды кошпогондо төрт кабаттуу. Анткени бул жерде жер титирейт. Курулуш азыркы замандын методдору менен — крандар, даяр панелдер менен

жүргүзүлөт. Жаңы турак жай кварталдары өзүнүн магазиндери, кафелери, кино-театрлары, балдар бакчалары жана оюн куруу аянттары менен кошо өсүп жатат. Жаңы стиль жөнөкөй келет экен жана скандинавиялыктардыкынан анча айырмасы жок...

Коомдук эски имараттар менен маданий мекемелер абдан коэздолуп салынган, алар: өкмөт үйү, Кыргыз Илимдер Академиясынын имараты, университет, ар түрдүү изилдөө институттары, опера жана драма театрлары.

Кыргыздардын борбор шаарында Даниянын борборуна караганда театрлар көп, дайыма иштеген театрлардан тышкары, шаардын ачык абадагы парктарында да театрлар бар. Бир нече концерттик зал, филармония, хореографиялык мектеп, балдар үчүн атайын музыкалык мектеп. Пионерлер дворецу, клубдар, китепканалар, орто мектептер, техникалык окуу жайлары, Художниктер союзу жана төрт музей бар...

Күн кайнап турат. Талаага көлөкө тараткан багбандарга чак түштө алкыш айткың келет.

Эстер Шилз (Америка Кошмо Штаттары) өзүнүн жол дептерчесинде мындай деп жазат:

Кыргызстан — Орто Азиянын байыркы маданиятын жана азыркы кездеги социализмди курууну эң сонун айкалыштырып турат. Атактуу баатырлар жөнүндөгү эпикалык «Манасты» айткан ак сакалчан акындарды укканыбызда байыркы маданият бизге кайра тирилгендей болуп сезилди. Биз, азыркы кездеги музыкалык чыгармаларды, ошондой эле комузда жана кыякта эл күүлөрүн черткен кыргыз жигиттерин да уктук. Анын үстүнө кыргыздардын музыкалык аспаптары кичинекей жана абдан жеңил болот экен, анткени кыргыздардын көп муундары өмүр бою көчүп жүрүшкөн. Алар мурда үй-бүлөлөрү менен жыл бою короо-короо койлорун, үйүр-үйүр жылкыларын күтүрөтүп айдап, тоо этектеринде жана бийик тоолуу жайыттарда жашашкан. Алардын балдары мектепти билишкен эмес. Жаштар жана карылар медициналык жардам алышкан эмес.

Кыргыз тили басма станогун биринчи жолу социализм кезинде гана кездештирген. Азыр ар бир бала сабакты өз эне тилинде окуйт. Кыргыздын боз үйүн азыр жайлоодон гана көрөсүң. Жылдын көп убагын кыргыздар тоо этектеринде өткөргөн, кыштактарга азыр жаңы үйлөр салынган жана салынып жатат. Чабандардын тоодогу үйлөрүнүн да өрөөндөгү жамаат менен радио байланышы бар.

Анри Бордаж, француз журналисти:

Кыргызстан социалисттик өлкө болуп жакында эле түзүлгөн. Ошондуктан, кандай зор кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө туура келгени, анан бул кыйынчылыктардын баары тең чылк материалдык мүнөздө болбогону ага түшүнүктүү. Кыргызстанды азыркы замандын өлкөсү кылуу үчүн ага Советтер Союзунун бардык элдери чексиз зор жардам көрсөтүшкөн. Кыска мөөнөттө көрсөтүлгөн ушундай жардамдын өзүнчө керемети, социалисттик керемети бар. Ар бир союздук республиканын өзгөчөлүктөрүнө Совет мамлекетинин урмат менен жасаган мамилесин бардык башка жерден көргөндөй, ушул жерден да көрүүгө болот. Мен,— «советтик колониализм» деп жоопкерсиздик менен батышта кылжиреп жүргөндөргө: «Кыргызстанды өзүңөр барып көргүлө» деп айткандан башка кеңеш бере албаймын.

Аднан Бахджаток, Сирия Араб Республикасынын Агартуу министерствосунун генеральный секретары:

Силердин эң сонун республикаңардын жетишкендиктери — экономика менен маданияттын бардык тармагынан биз көргөн жетишкендиктер — Сирия эли



Пионерлер дворецн

үчүн чоң өрнөк. Артта калган өлкөнү кайра өзгөрткөн социализмден эмнелер жарала турганына Советтик Кыргызстан бизди ишендирип отурат. Эмгекти жакшы көргөн адамга социалисттик коом гүлдөөнүн жана прогресстин чексиз зор мүмкүнчүлүктөрүн ачат. Биз силердин шыктандыруучу ийгилигиңерди элибизге айта барууну өзүбүздүн башкы милдетибиз деп эсептейбиз.

Карл Кокошко, «Фремд-Шпрахен» журналынын башкы редактору (Германия Демократиялык Республикасы):

Кыргызстан — эң зор жетишкендиктердин жана андан да зор мүмкүнчүлүктөрдүн республикасы. Биз Советтик Кыргызстандын ийгиликтерин көрүп абдан кубандык жана көңүлүбүз көтөрүлдү... Элдин бүткүл чыгармачылык күчүн көтөргөн коммунисттик партиянын жетекчилиги астында эмнелер жаратыла турганын бул абдан ачык-айкын далилдеди.

Жан Делануа, Франциянын педагогдор тобунун жетекчиси, «Франция — СССР» коомунун мүчөсү:

Кыргызстан жөнүндө биз абдан бүдөмүк түшүнүк менен келгенибизди моюнга алуу керек. Биз, бул жагынан, калыбы, бул өлкөнү бир кыйла картиналуу, өтө фольклордук кылып көрсөткөн стереотипке алдатып койсок керек. Ал эми биз ачып отурган Кыргызстандын өзүнүн улуттук белгилери жана тубаса салттары бар экен. Бул — азыркы замандагы өлкө. Бизге, французлдарга, өз системабыз жөнүндө ойлоп көрүү үчүн бул жерде материал көп экен. Кыр-



XXII партсъезд көчөсүндөгү турак үй

гызстандын экзотикалык картина болуу мезгилинен өтүп кеткенин жана ал жөнүндөгү натуура түшүнүктөрдү жоюу керек экенин мекендештерибизге айта барабыз. Кыргызстандын жаңы өлкө экени, өзүнүн экономикалык жана маданий өнүгүшү жагынан анын зор секирик жасаганы талашсыз. Ошондуктан, анын келечеги абдан кең, ал жөнүндө чет өлкөлүктөрдүн да көбү шек санашпайт. Биз кыргыз гүлдөрүн да, кыргыздын залкар тоолорун да, Кыргызстандын жакшы адамдарын да жана өзгөчө балдарынын жаркырап бактылуу күлгөн жүздөрүн да эч качан унутпайбыз.

Накано Киеси Усуда, Бүткүл япониялык дыйкандар союзунун Борбордук Комитетинин мүчөсү:

Биз көрүп отурган кыргыз эли ушул жакшы турмушка социалдык кайра түзүүлөрдүн, Советтер Союзуна баш кошуп бириккен бардык элдер менен өз ара тыгыз жардамдашуунун аркасында жетишкен. Мен өз родинама барганда кыргыздардын кандай жашаганын ак ниетим менен айтып беремин. Бул — япон дыйкандарына жакшы өрнөк болот.

Ушундай пикирлерди абдан көп келтире берүүгө болот.

Кыргыз элинин чарбалык жана маданий курулушта жетишкен эң зор ийгиликтеринин саясий жана идеологиялык жактан эл аралык зор мааниси бар. Бул ийгиликтер мына буга ишенерлик далил болот: улут маселесин чечүү, өз ара бири-бирине толук ишенүүгө, теңчилик-

ке жана өз ыктыяры менен пайдалуу кызматташууга негизденип, улуттардын ортосунда таптакыр жаңы мамилелерди түзүү жана бекемдөө социализмдин шарттарында гана болушу мүмкүн.

Биздин өлкөбүздө улут маселесинин чечилиши колониялык көз карандылыктан бошонгон элдерге экономикалык жана маданий жактан артта калышын жоюу үчүн советтик Азиянын, ошонун ичинде Кыргызстандын да тажрыйбасын өз өлкөлөрүнүн конкреттүү тарыхый шарттарына ылайыктап пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ачык-айкын көрсөтүп отурат. Ошондуктан, өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн кеңири эмгекчи массалары Орто Азия элдеринин социализмди куруудагы жетишкендиктерине кубанышып, алардын тажрыйбасын көбүрөөк үйрөнгүлөрү келет. Кийинки он жылдын ичинде Азиянын, Африканын жана Латин Америкасынын өлкөлөрүнүн көп сандаган делегацияларынын Кыргызстанга гана келгени бул жөнүндө далил болбойт бекен?

Советтик Азиянын улуттук өнүгүшүнүн ачык-айкын өрнөгү колониализмден бошонгон элдерге революциялык таасир тийгизип жатканынан абдан катуу чочулаган империалисттер жана алардын идеологиялык малайлары советтик республикалардын тарыхын бузуп бурмалоого аракет кылып жатышат. Биздин идеялык душмандарыбыз «советтик колониализм» жөнүндө, орто азиялык элдерди, ошонун ичинде кыргыз элин да «күчтөп орусташтыруу» жөнүндө, Советтер Союзундагы республикалардын тең укуктуу эмес имиш абалы жөнүндө заардуу жана калп ушактарды улам көп таратып жатышат.

Ушул шумдуктуудай калп ушактар жөнүндө эмне айтууга болот?

Биз өз тарабыбыздан империалисттердин жана алардын идеологдорунун ызырынып жасаган калп ушактарына каршы өзүбүздүн советтик чындыгыбызды — империалисттердин пропагандалык амалкөйлүктөрүн таш-талкан кылган чындыгыбызды коёбуз. Биздин бардык ийгиликтерибиздин негизи — Коммунисттик партиянын лениндик улут саясаты, Советтер Союзунун элдеринин бузулгус досчулугу жана өз ара ак ниеттүү жардамдашуусу. Бул — лениндик улуу идеялардын турмушка ашырылышы болот. Республиканын эмгекчилери бүткүл совет эли менен бирге Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын айланасына дагы тыгызыраак баш кошуп биригишет, көп улуттуу социалисттик Родинабыздын күч-кубатын мындан ары чыңдоо үчүн күрөшүүгө өздөрүнүн күч-аракетин аябай жумшашат.

Кыргыз эли советтик бир тууган башка элдер менен бирге, лениндик партиянын жетекчилиги астында бүткүл адамзаттын жаркыраган келечегине — коммунизмге жол салып жаткандыгы менен сыймыктанат. Кыргыз эли коммунизмдин толук салтанатынын залогу болгон элдердин бир туугандык ыйык достугун бардык чаралар менен чыңдоого абдан катуу бел байлап отурат.

## МАЗМУНУ


Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . 5

Биринчи глава. **Өткөн күндөрдүн барактары** . . 16

1. Пишпек — Кокон хандыгынын чеби болгон . . 16
2. Шаардын негизделиши . . . . . . . . 18
3. Революцияга чейинки Пишпектин экономикасы, маданияты жана аны көрктөндүрүү . . . . . 21
4. Багбан А. М. Фетисов . . . . . . . . 29
5. Пишпектеги падышалык администрация . . . 32

Экинчи глава. **Советтердин бийлиги үчүн күрөшүү. Партиялык уюмдун тарыхынан** . . . . . 36

1. Совет бийлигин орнотуу . . . . . . . 36
2. В. И. Ленин жана Кыргызстандагы коммунисттик кыймыл . . . . . . . . . . . . . 43
3. Пишпектин партиялык уюму . . . . . . . 48
4. Фрунзенин партиялык уюму—социализмдин жана коммунизмдин жеңиши үчүн күрөшүүнүн алдыңкы чегинде . . . . . . . . . . . . 70

Үчүнчү глава. **Республиканын борбор шаары — ири өнөр жай борбору** . . . . . . . . . 77

1. Республиканын борбор шаарын тандоо . . . 77
2. Согуштан мурдагы беш жылдыктар — шаардын индустриялык өнүгүшүндөгү этап . . . . 86
3. Шаардын өнөр жайы — Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында . . . . . . . . . . 93
4. Фрунзе шаары — өлкөнүн индустриялуу борбору . 96
5. Социалисттик мелдеш — шаардын өнөр жайлык өнүгүшүндөгү ийгиликтердин маанилүү фактору . 108
6. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдөгү жаңы ийгиликтер . . . . . . 115
7. Кээ бир перспективалар . . . . . . . . 125

Төртүнчү глава. **Маданияттын жана илимдин борбору** 128

1. Мектеп жашындагы балдардын бардыгы окушат 129
2. Атайын орто билим берүүчү жана жогорку окуу жайлары . . . . . . . . . . . . . 131
3. Илимий мекемелер . . . . . . . . . 147
4. Китепканалар . . . . . . . . . . . 156
5. Музейлер . . . . . . . . . . . . 158
6. Театрлар жана кинолор . . . . . . . . 169
7. Басма сөз . . . . . . . . . . . . 177

Бешинчи. глава. **Республиканын борбору кооздолуп жана жакшырып баратат.** . . . . . . . 183

**Турдакун Усубалиевич Усубалиев**

ФРУНЗЕ — СТОЛИЦА СОВЕТСКОГО КИРГИЗСТАНА

*(на киргизском языке)*

Басманын редакторлору:
К. Сулайманова,
Ж. Абаев

Көркөмдөгөн
А. С. Осташев

Худ. редактор
И. А. Ефимов

Техн. редактор
С. Чотиев

Корректор
Ж. Исакова

Терүүгө 28/V-1973-ж. берилди. Басууга 31/VIII 1973-ж. кол. коюлду. Кагазы мелованная 120 гр. форматы 70×90¹/₁₆. 13 физ. басма табак, 15,21 шарттуу басма табак, 15,97 учеттук табак.
Тиражы 10000. Заказ № 587. Баасы 1 с. 58 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательстве, полиграфии и книжной торговли.